КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

33-том

# СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Айгүл Качкынбай кызы*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 33-том. **Сооронбай Жусуев** / *Түз. А. Качкынбай кызы.* – Б.: «Турар», 2018. – 614 б.

ISBN

Китепке кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуевдин Ата-Мекен, сүйүү, согуш, табият, турмуш ж.б. тематикадагы ырлары жана поэмалары кирди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**УДК**
**ББК**

ISBN ______________________

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## ЖУСУЕВ СООРОНБАЙ

***(1925-2016)***

Кыргыз эл акыны, Токтогул сыйлыгынын лауреаты С.Жусуев 50-жылдардан баштап өмүрүнүн акырына чейин кыргыз адабиятында чыгармачылык изденүү менен талыкпай эмгектенип келди.

Алгачкы тажрыйбалык процессти баштан өткөрүүдө акын да көпчүлүк жаш акындар сыяктуу эле «алыкулдук агымдын» толкунунда болгон. Анын үйрөнчүк деңгээлде жүргөндүгүн тырмак алды «Эмнеликтен сүйөмүн» деген жыйнагы күбөлөп турат.

Бирок, С.Жусуевдин кийин поэзиядагы өз чыйырын табууда өтө талбай изденүүдө болгондугу «Чындык менен ыр» (1952), «Өмүр жазы» (1955), «Сүйүү жана ишенич» (1956) жыйнактарында көрүндү.

С.Жусуевдин Москвадан окуусу анын профессионалдык деңгээлге көтөрүлүүсүнүн алгачкы баскычы эле. Билими тереңдеп, руханий кругозору кеңейип, эстетикалык табити артып келди. Бул дароо эле «Үмүт» (1960) жыйнагында көзгө урунду. Акындын поэтикалык диапозону, масштабы, көркөмдүгү, стили, манерасы бийиктей, тереңдей түшкөнүн лирикалык көптөгөн саптары айгинелеп турат. Ошону менен бирге лирико-психологиялык мүнөздөгү «Үмүт», «Жаркын» поэмалары өзгөчөлөндү. С.Жусуев каармандардын жан дүйнөсүнө таандык көзгө илешпеген касиеттерди көркөм чагылдыра алган.

«Түрмөк булуттар» (1969), «Алтын чынар» (197Н), «Суктануу» (1977), «Бийик асман» (1979), «Миң кайрык» (2000) жыйнактарындагы поэтикалык образдар, граждандык позиция, гуманисттик ой жүгүртүүлөр, идеялык-эстетикалык жалпылоолор, көркөм чабыттык масштабдуулук, курч конфликтер, психологиялык бурулуштар акындын эволюциялык диалектикасын мүнөздөп берет.

С.Жусуев башка акындар сыяктуу эле өз заманынын инсаны болгондуктан, социализм мезгилиндеги ийгиликтерди, партиянын тапшырмасын абийирдүүлүк менен аткарып жатышкан советтик эмгекчилердин күжүрмөн эмгектерин даңазалап ырдаган. Бул лирикалык ырлар менеи поэмаларды акындын чыгармачылыгынан сызып салуу мүмкүн эмес. Мисалы, «Суктануу» поэмасы Токтогул ГЭСинин курулушу тууралуу баяндайт. Жаштар эмгекте бышат, тарбияланат, өсөт деген идея поэманын өзөгүн түзөт, ошону менен бирге көп улуттуу элдердин достугу сүрөттөлөт.

Сонет формасын кыргыз поэзиясында ийгиликтүү уланткан С.Жусуев болгон. Бардык акындар сыяктуу эле С.Жусуевдин акындык эргүүсүн козгогон темалар өтө ар түрдүү. С.Жусуев өмүр, өлүм, сүйүү сыяктуу темаларга кайрылып, Ала-Тоонун көркүн ырга кошот. Ошону менен бирге С.Жусуевдин ырларында согуш, тынчтык темасы өзгөчө орунду ээлейт, себеби бул тема акындын жеке өмүрлүк тажрыйбасы менен да шартталган. Буга «Бийик асман» китебиндеги «Таңдагы ойлор», «Адам менен табийгат» сонеттер алкагы жана майда сонеттери күбө боло алат. Мындан тышкары «Кубаныч», «Бейпил түндө», «Мамиле» деген сонеттер алкагын жараткан.

Ал эми «Адам менен табият» болсо, сонеттер алкагынын аты эле айтып тургандай, адам менен табияттын ортосундагы мамилени, жаратылыштын адамга тартуулаган өзүнүн түгөнгүс байлыгы жана адам аны кандай

пайдаланууда деген суроого жооп катары жазгандай. Азыркы учурда коомдун актуалдуу проблемаларынын бири – адам менен жаратылыштын карым-катышы. Адам менен табияттын биримдиги жашоону түзгөндүктөн, ал тартуулаган белекти ыгы менен пайдаланып, ага этият мамиле кылсак, табият алдында өз милдетибизди аткарган болобуз. Мына ушул маселе акынды түйшөлтүп, ошонун натыйжасында «Адам менен табият» аттуу сонеттер алкагын жазган. Мында табиятка өтө этият мамилелердин зарылдыгы ырааттуу салыштыруулар аркылуу тартуулайт.

Акын согуштун апаат күндөрүндө курал кармап, өзү катышып келген акындардын бири. Ошондон улам согуш темасы акындын калемине күч кубат берген, шыктандырган булакка айланды.

«Кубаныч» аттуу сонеттер алкагынан алынган, акын каардуу согуштун аяктап, эне баласын чоң кубаныч менен тосуп алганын, ал эненин образы аркылуу бүткүл элдин, бүткүл дүйнөдөгү энелердин образын берип отурат. Чындыгында эле дал ушул энедей аял заты сүйүнүчтүн, кубануунун, сагынуунун жашы менен өз уулдарын, сүйгөн жарын, кусалыктан атасын күткөн балдар тосуп алышкан эмес беле?!

С.Жусуев лирикалык ырлардан тартып ыр менен жазылган романга чейинки көркөм дүйнөнү жараткан, кыргыз поэзиясында өзүнүн жүзү, өзүнүн салмактуу орду бар акын.

## ТООЛОР

Тоолор адил, акылман карылардай,
Тулкусунда сезилет жаны бардай,
Заңкайышат сырдашып асман менен
Залкар максат, намысы, ары бардай.

Карылардай кадырман, барктуу тоолор,
Качан болсо ооматтуу, нарктуу тоолор.
Өзүнө окшош сабырдуу, салабаттуу,
Өзүнө окшош кең пейил калктуу тоолор.

Калкка алаамат жолотпой сактайт тоолор,
Калктын ыйык үмүтүн актайт тоолор.
Кыймылдабай турса да бир орунда,
Кылымдардын башынан аттайт тоолор.

## УУЛУМУН УЛУУ ТООНУН

Ыраазымын тагдырга
Мени нагыз тоолук кылып жараткан.
Бешигимди дайым тоолор курчашып,
Туш-тараптан ынтаа коюп карашкан.
Ким сураса: – Кайсы жактан болосуң?
Аларга айтар жообум:
– Уулумун улуу тоонун!

Ыраазымын тагдырга
Мени нагыз тоолук кылып жараткан.

Коңур күүсүн сезимиме сиңирип
Комуз черткен тоо дайрасы шар аккан.
Кан-жаныма бекем болгон данакер
Айрылбас бирге боорум,
Уулумун улуу тоонун.

Ыраазымын тагдырга
Мени нагыз тоолук кылып жараткан.
Бешигимди тоо шамалы терметкен
Кечте дагы, кезде дагы таң аткан.
Кыялымда тоолор жүргөн калкагар
Кыргында да кызыл-жаян кан аккан.
Сазайын берген жоонун
Уулумун улуу тоонун.

Ыраазымын тагдырга
Мени нагыз тоолук кылып жараткан.
Күндүр-түндүр ыр ысмы бар канатчан,
Күндүр-түндүр ыр ысмы бар жаракчан.
Ыр аркылуу эл таламын талашкан
Бириккен өмүр, доорум
Уулумун улуу тоонун.

## КӨК ТОКОЙ

Жаным эңсейт бейтааныш алыс жакты,
Жандыргым бар жана элек табышмакты.
Мен самаган көк жээкте көпкөк токой
Жакындасам, жеткирбей алыс качты.

Көк токойго жетемби алыстаган,
Көксөгөндөр алиге табышпаган?
Чыгар бекем кыялдын кыйырына
Талыкпаган, ааламды чабыттаган?

Көк токойдун көксөймүн мейкиндигин,
Көшүп турган жагымдуу эркиндигин,
Эштендирген көңүлдү булбул үнүн,
Эркелеткен көңүлдү бейпилдигин.

Өзүм жерде, асманга канат кагам,
Көрбөгөндү көрсөм деп талаптанам.
Көлөкөлүү, саялуу көк токойго
Качан жетип, качан мен канааттанам?

## АЛА-ТООНУ САКТАЙ КӨРГҮН, ЖАРАТКАН!

Кыштактарды каптап аккан ташкынды,
Каары күчтүү катуу бороон-чапкынды
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан.
Андан кыйын кырсыктан
Ала-Тоону, сактай көргүн, Жараткан!

Кызыл өрттү токойлорду жалмаган,
Жарылууну, бүлүнүүнү сандаган
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түркүн-түркүн тараптан.
Андай кыйын кырсыктан
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!

Үйлөр урап, жар титиреп өткөнүн,
Нечен өмүр шам чырактай өчкөнүн
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан.
Андай кыйын кырсыктан
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!

Кармаш болуп, бирин-бири атканын,
Канча энелер боздоп ыйлап жатканын
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан
Андай кыйын кырсыктан
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!

Эл менен эл, дин менен дин касташып,
Жаткандыгын мүдүрүлүп, аксашып
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан.
Андай кыйын кыргындан
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!

## БУЛАК БАГАТ, СУУ БАГАТ, ДАЙРА БАГАТ

Өмүрүмдө мен сансыз өрдү көргөм,
Кардуу, карсыз жайкалган төрдү көргөм.
Адегенде тамчылар тып-тып тамып,
Мөлтүр булак башталат мөңгүлөрдөн.

Булак табат акырын бир булакты,
Кошулган соң билишет шылдыраштты.
Күндүр-түндүр тынбаган миң кайрыктуу
Муңдуу, шаттуу, мукамдуу ыр кураштты.

Ташты, чөптү булактар жойлоп агат?
Жылан сындуу ийрилип сойлоп агат.
Дагы дос таап ырлары, сырлары бар,
Дагы күчкө толууну ойлоп агат.

Ала-Тоонун карасаң булактарын,
Улактардай секирген чунактарым,

Анталаңдап аптыгып, аңсап келип,
Агын сууга өмүрүн куят дайым.

Ар жылгадан көк кашка суулар агат,
Азоолонуп, ойкуштап, куунап агат,
Жаз келгенде күүлөнүп, албууттанып,
Жарды уратып үн салып, чуулап агат.

Кубаттанат аккан суу дайра болуп,
Күкүктөнүп, күпүлдөйт сайга толуп.
Асманга да арстандай атырылып,
Ай чапчымак калса эгер айла болуп.
Агып чыгып ар жылга, жыбырлардан,
Кылымдарга жетишкен кылымдардан,
Бакты берген кыргызга өмүр берген
Баш тартпаймын мен суугa сыйынгандан.

Суу – кыргыздын канаттуу бууданы да,
Суу – кыргыздын жан досу, тууганы да.
Ачык айтсам, кыргызды кыргыз кылган
Азада, аруу, туптунук суулары да.

Мөл суусу мол элибиз алга барат,
Суусуз калса, айткыла, кайда барат?
Келечекте кыргызды алтын бакпайт,
Булак багат, суу багат, дайра багат!

## СОҢ-КӨЛДӨ

Кырк жыл мурда алгач көргөм Соң-Көлдү,
Кыргызыма кымбат көлдү, чоң көлдү.
Кара чачым ак болгондо сагынып,
Кайра көрдүм сулуулугу мол көлдү.
Турдум карап тоюнтууга көңүлдү
Тунук суусу ойдон бүткөн ой көлдү.

Айттым ага: «Бир арзырың менмин деп,
Алыс жактан атайы аңсап келдим!» деп.
Тааный коюп мени кырк жыл мурдагы,
Тамылжыды, такыбады «Сен ким!» деп.
Күйөрманы экенимди көл сезип,
Күтүп алды күлүмсүрөп, мелмилдеп.

Билгендерин бирден чубап аярлап,
Бирде аптыгып, бирде токтоп аялдап,
Көптөн берки көңүлдөгү сырларын
Көл жүргөндөй мага камдап, даярдап,
Өркөчтөнгөн толкундарга үн бүтүп,
Өткөндөрдү айтып жатты баяндап.

Жайда көлгө көбү көчүп кетишкен,
Жадырашып бир-бирине кезиккен.
Чыгар замат аймагына Соң-Көлдүн,
Чын бейишке чыккан өңдүү сезишкен.
Айлуу түндө кызып ойноп ак чөлмөк,
Ашык болгон кыз-жигит сөз бекиткен.

Соң-Көл оолак турса дагы чоң жолдон
Атагы анын бийик болгон, чоң болгон.
Аш берилип адамдарга айтылуу,
Далай нике, далай бешик той болгон.
Ушул жерде элет эли жыйналып,
Эл тагдыры жөнүндө орчун ой болгон.

Көл башынан нелер гана өтпөдү,
Көп алмашты көк бетеге, көк чөбү.
Кайгы, шаттык улам улап бир-бирин,
Калкып сүзгөн булуттардай көктөгү.
Көл боюнда, ат чабылып байгеге,
Көл боюнда көп тартылган көкпөрү.

Бул жайлоодо ыр сонуну агылган,
Бул жайлоодо күү сонуну жаңырган.
Билип, барктап көлкүгөн көл кадырын,
Бир көрүүнү тоолук журту сагынган.
Анткен менен көралбаган көл көркүн
Арам ойлуу арсыз жандар табылган.

Бузукулар бузук ойду табышып,
Бузук ойго ач кенедей жабышып,
Сурданышып жанталашкан Соң-Көлдүн
Суусун такыр таштамакка агызып.
Каршы туруп, сонун көлүн сактады
Калайыктын кабыргасы кайышып.

Ажайып көл, акпай паска, ойдуңга,
Арсыздарды таш каптырып койдуң да.
Толуп тургун, толкуп тургун бийикте
Тоолуктардын топук, деми болгун да.
Мөңкүсөң да, көлкүсөң да өз эркиң,
Эркин көлсүң эркин тоонун койнунда.

Акылман көл, алыс жерге орнопсуң,
Көрмөк болгон көптүн жолун торгопсуң.
Ар кимдерге жээгиңди тепсетпей,
Аруу бойдон өзүңдү өзүң коргопсуң.
Антпегенде мөлтүрөбөй эмкидей,
Азада эмес, былгыган көл болмоксуң.

Көлкүдү көл орток улуу, кичүүгө,
Көз жиберсем анын сулуу жүзүнө,
Күүсүн кошту көңүлүмдүн күүсүнө,
Күчүн кошту өмүрүмдүн күчүнө.
Кылаасында уктап жатсам Соң-Көлдүн,
Кыялды арбап Соң-Көл кирди түшүмө:

Эрди менен эркелетип алкымын,
Эчен Болот эрип айткан: «Алтыным!»
Чабак урду Ак Мөөр көлдө туптунук
Чарчап койбой, алып койбой ал тыным.
Калтар чачы назик сылап баратты
Анын аруу, анын аппак балтырын.

## ТҮНКҮ ТООЛОР

Түндөгү тоолор чиренет,
Төбөсү көккө тирелет.
Бек туруп, асты төмөнгө
Бел бүгүп, башын ие элек,
Көңүлү өрдө, өмүрдө
Көшөкөр болуп биле элек.

Жылдыздар чоң-чоң мындагы,
Жарытат түндү нурлары.
Бажырайтат көздөрүн
Бар окшоп айтчу сырлары.
Укмуштай сыйкыр үн чыгып,
Угулгансыйт ыргагы.

Артынан тоонун Ай чыгат,
Акырын жылып жай чыгат.
Жадырап, көшүп, магдырап,
Жайлоонун көркү артылат.
Керилип төрлөр келберсип,
Керемет сүрөт тартылат.

Түндө мен тиктеп тоо башын,
Түндө да сезем шооратын.
Кыргызга тоолор – сыймыксың,
Кыргызга тоолор – коогасың.

Алыста жүрүп чочулап,
Акыры келди ооматың.
Бабалар тапкан тоолорум,
Башыңдан оомат ообасын!

## АЛА-ТОО БАРДА МЕН БАРМЫН

Көзүмдү тоодо ачкамын,
Көргөмүн тоонун асманын.
Аздектеп энем эмизген
Ак сүттүн даамын таткамын.

Өмүргө ал сүт дары эле,
Тоо даамы сүттө бар эле.
Ошол сүт даамы кетпестен,
Оозумда жүрөт дагы эле.

Жаз, жайда кымыз шимиргем,
Жамгырга тоодо кирингем.
Топуктуу, ардуу, сабырдуу
Тоо пейлин дилге сиңиргем.

Тоо жытын тоодо жыттадым,
Тоодо мен тоого ыктадым.
Туюмдуу, куттуу тоодон мен
Туурдан учуп чыккамын.

Көп келет тоого мен баргым,
Алгым бар тоодон демди арбын.
Тоо менен туташ киндигим,
Ала-Тоо барда мен бармын.

## КЫЯЛЫМ, ОЮМ ТОО ЖАКТА

Ооба, мен азыр түздөмүн,
Ооба, мен азыр ойдомун.
Бирок да, тоодо – ойлорум.
Оюмду тоодон үзбөдүм,
Оюмда тоодон түшпөдүм.

Тиреген көктү түркүктөй
Турушат тоолор бепбекем,
Аларга шамал кеп бекен!
Жандуунун баарын үркүтпөй,
Калкыймын тоодо бүркүттөй.

Калкыймын, көрөм болгонду:
Тоолорду миздүү кырлары,
Коктуну, жыбыт-жылганы,
Көрктүү төр, адыр, жондорду,
Тамырдай татаал жолдорду.

Адамдар тынбай катташат –
Үйлөрү турган ар жерде,
Кеңирээк жерде, тар жерде.
Адамдын наамын бакташат,
Адамдын наамын акташат.

Ар кимдин ар кыл өнөрү,
Аларда ызат, урмат бар,
Жактырып, сүйүп турмак бар,
Бар ыйман, утуу, төрөлүү,
Улануу, улам көбөйүү.
Мен үчүн тоосуз ыр жогун
Билем да, тоолук өссө дейм,
Атагы жетсин көккө дейм.

Тоолуктар менен бир жолум,
Тоолуктар – менин бир боорум.

«Тоо! Тоо!» деп эрин жooруттум,
Кыялым, оюм тоо жакта,
«Тоо!» деймин деним соо чакта.
«Тоо! Тоо!» деп жүрөк ооруттум,
Тоочулмун, дайым тоолукмун!

## АЙ НУРЛАРЫН СЕПКЕН КҮН

Жалбыз жыттуу жайлоо эле. Жай эле.
Жандын баары тынч уйкуда бая эле.
Чыбырдагы төбөсүнөн дөбөнүн
Чыга келген боз үйдөн чоң Ай эле.

Айланада жакын менен алысты
Ай нурданып, боёк сүртүп жарытты.
Акыйышкан ашык болгон экөөнө
Ай жадырап үмүт отун тамызды.

Алар жетип жымжырт айыл четине,
Олтурушту буруксуган секиде.
Бирге келген бакыт менен сүйүүнү
Бириктирип, бөлүшпөдү экиге.

Зарыгышкан көптөн бери бир жүрбөй,
Бирин-бири тамашалап күлдүрбөй,
Арнап жүргөн, камдап жүргөн сырларын
Аптыгышып айтып жатты үлгүрбөй.

Бул түн укмуш түнгө окшоду түштөгү,
Айтар сырды алар айтып бүтпөдү.
Аяктады нур чачуунун мөөнөтү,
Аттиң, аттиң, Ай аларды күтпөдү.

Эркин, элкин бара жатты Ай батып,
Эки ашыкты кыя албастан жай батып.
А эки ашык улам кайра өбүшүп,
Таңкы айылга жакындады жай басып.

## МЕН ТАПТЫМ ТООДОН БАКТЫМЫ

Тоо – асыл ырым ойдогу,
Тоо мени ырсыз койбоду.
Толгон түз көрүп, унуттум,
Тоо гана унут болбоду.
Көрсөм да тоону көп жылы,
Көңүлүм, көзүм тойбоду.

Токтобой өткөн ар жылга
Тоо болгон кооз санжырга.
Кыялды бийик көтөргөн
Кызматы анын арбын да.
Акыны кылган тоолордун
Айтамын алкыш тагдырга.

Алпейим мүнөз ырчымын,
Айтканым абзел чын-чынын.
Илгертен берки адатым –
Издебейм адам кынтыгын.
Кыйгым жок ажаан ажалга
Кыргыздын аксак чымчыгын.

Ырчымын, ырас, ырчымын,
Ыр издеп, келбейт тынчыгым.
Бүлүнсө кокус Ала-Тоо,
Бүтөгүм келет жыртыгын.
Тоо тургай, жатка бергим жок
Топурагынын чымчымын.

Жашымдан тоого таӊ калам,
Жанымды тоого арнагам.
Кээ бирөө тоону кемсинтсе,
Кейишке түшүп, арданам.
Башкага ыраа көргүм жок
Бакасын жазда чардаган.

Өр карай сүрөп заманым,
Өткөрдүм жылдын далайын.
Коӊур күү чертип келатам
Колумдан түшпөй каламым.
Чынардай өсүп, көктөдүм
Чымынга тийбей залалым.

Көӊүлгө сиӊип жакшы ыры,
Көп көрдүм тоодон жакшыны.
Аӊсатты ырды ал сунган
Ак кымыз толгон ак чыны.
Мен минип ырдан тактыны,
Мен таптым тоодон бактымы.

## КЫШКЫ АЛА-ТОО

Кыш келди нар кескенин жалаӊдатып,
Кыр менен, ой менен да саламдашып.
Кычырап боройлотуп кар ызгытып,
Кабагын тоолуктардын салаӊдатып.

Тоӊдурду тоодон ташты жылгыс кылып,
Чыйралтты жандын баарын чыйрыктырып.
Бактарды азадалап ак кийинтип,
Балдарга көк муз берди сыйлык кылып.

Ак кары кара жердин тышын жапты,
Абанын чаӊын жапты, ышын жапты.

Шамалы жортуп, муздак күү угузуп,
Ызгаары кулак, бетти тызылдатты.

Ак карды кыш аябай лапылдатты,
Ал ак кар жайга, күзгө катын жазды.
Алыстан элге арбын келе турган
Ак буудай алма, гүлгө атын жазды.

Кыш жатты жерди карга каптап коюп,
Адамга андан таалай тапмак болуп.
Ала-Тоо жатты элдин ыйманындай
Азада, аруу болуп, аппак болуп.

## ЖАЛГЫЗ АРЧА

Алай-Кууда жапжалгыз куу арча бар,
Аны карап таң калышкан канчалар.
Эч ким билбейт чыккан жашын, курагын,
Келет кээде аны өзүнөн сурагың.
Өзү жалгыз үнсүз турат көкөлөп,
Өткөргөндүр ал жылдарды өтө көп.
Адегенде ал барпайып өскөндүр,
Андан бери нечен кылым өткөндүр.
Кар чүмкөсө жүдөгөндүр ал чындап,
Катуу аязга чыдагандыр калчылдап.
Жайкы аптап кактагандыр табына,
Күчтүү бороон буй салгандыр жанына.
Дайым мүнөз күткөндүктөн көшөргөн,
Далай кордук көргөн чыгар нөшөрдөн.
Кабылып ал мындай шартка мактангыс,
Калды экен эмнеликтен жапжалгыз?
Тулку катып какжыраган куу арча,
Дале тирүү ойлойбу өзүн бул арча?
Балким, сезип ушул кыйын тагдырын,

Ал өткөрүп келет баштан бардыгын.
Эрдик кылып чыдап келет талыкпай
Табияттын кысымынан майышпай.
Арча өзгөрбөс, мезгил нечен өзгөрөр.
Аптап, аяз, кар, жамгырды көп көрөр.
Көп түн көрөр чагылгандуу, булуттуу,
Бекем сактар бул абалын туруктуу.
Борпоӊ да, морт тал, терекке теӊелбей,
Балким, турар нечен кылым кебелбей.

## МЕКЕНИБИЗ АЛА-ТОО

Ала-Тоо – атпай кыргыз тапкан мекен,
Ала-Тоо – хан Манаска жаккан мекен.
Алпештеп, мээрин төгүп баласындай
Ак пейил тоолуктарды баккан мекен.

Эркиндик чындап тийди элибизге,
Эч кимдин буйругу өтпөйт эми бизге.
Ээбиз биз жайлообузга, кыштообузга,
Эгинге, малыбызга, кенибизге.

Жер бизге эне болуп аркалады,
Жер берди байлык, бакыт, мартабаны.
Ачкычы асыл кенчтин жерибизде,
Жердештер, жердин астын аӊтаралы!

Максатка антсек анык жетерибиз,
Билинет ардуу кыргыз экенибиз.
Айланат барктуу өлкөгө, даӊктуу өлкөгө
Ала-Тоо – биздин асыл мекенибиз!

## ЖАЙЛООНУН ТӨРҮНДӨ

Ак жайдын жымжырт күнүндө,
Ак булут баштан сылаган
Ак кардуу тоонун түбүндө,
Аброю бийик аксакал
Адамдын аппак үйүндө
Аңгеме курдук меймандар
Акшамда – эрте күүгүмдө.

Азамат жигит экенде
Ак кызмат өтөп мекенге,
Ал жоокер болгон ак ниет,
Ак көңүл, дилгир, ак тилек.
Согуштан аман келгенин
Ал жүрөт анык бакты – деп.
Көнсө да катуу тартипке,
Көңүлү назик ак жибек.
Азыркы өскөн жаштарга
Айтканы жалаң жакшы кеп.

Асманга учса кыялы,
Аксакал кары тыябы?
Алыска жетти күү тартса
Абаздуу коңур кыягы.
Кайырды түркүн кайрыкты
Карынын ырчы ынагы.
Сызылды күүлөр кыяктан
Сырдаш го көптөн сыягы.
Түмөн күү тартып, апаппак
Мурутун кары сылады.

Капшытта саба бышылып,
Кымыздын турду жыты уруп.
Түн бою кыяк күүлөрү

Чыккансып жатты сызылып.
Атканда ак таң, байбиче
Арчадан кылды ысырык.
Ак жуумал келин очокто
Ашыгып куймак бышырып,
Кыпкызыл ысык куймакты
Кымызга кылдык ысылык.

Жарашып кооз боз үйгө
Жарк этип кирди жакшы кыз.
Салаалап төмөн төгүлгөн
Саамайын артка катты кыз.
Кыз тоскон аппак чыныга
Куюлуп мелт-калт ак кымыз.
Суйсала басып шырдакта
Сунганы бизге басты кыз.
Кылкылдата биз жуттук
Кымызда окшоп бактыбыз.

## КӨКТӨМДӨГҮ «АРАШАН»

Дагы келдим. Амансыңбы «Арашан»!
Баары жаңы, баары жапжаш карасам.
Быйыл чачым суйдаң тартып агарып,
Былтыркыдан кашаң басып баратам.

Дайраң жаңы ыргактарды тапкансыйт,
Мени менен саламдашып аккансыйт.
Жазда чыккан бариктери талдардын:
«Келиңиз!» «Келиңиз!» – деп айткансыйт.

Көпкөк түскө боёнуптур туш-туш жак,
Гүлдөн ууртап шүүдүрүмдү мупмуздак,
Кезек-кезек булбул назик үн безейт
Келгенимди жаткан өңдүү куттуктап.

«Шөкүлөнүн» желi ойгонуп эртелеп,
Жетип келип желп-желп этип энтелеп,
Кадимки эле кыздын назик колундай
Маңдайымдан сылап турду эркелеп.

Чычырканак, ит мурундар карашты,
Гүл өңдөнүп айланага жарашты.
Кең асманда кереметтей Ай чыгып,
Кеч киргенде кезигүүнү самашты.

Көрдү көзүм көрктүү күлгүн элести,
Көктү челген түптүз мырза теректи.
Бер жагымды, ар жагымды тыңшасам,
Берели дейт сизге илхам керекпи?

Аллея айтты: «Буттарыңыз азыр кап,
Жол баскандан калышыптыр жатыркап.
Калбаса экен, бирок сиздин башыңыз
Буттарыңыз сыяктанып ташыркап».

## ТҮН ЭЛЕ

Түн эле, жайдын түнү эле,
Түнт токой, тоонун түбү эле.
Бук болуп чыккан буулугуп,
Булбулдун асем үнү эле.

Ыр-күүгө толгон алкымы
Ышкылуу ырчы таңшыды.
Авазын анын уккандай,
Ай көктө секин калкыды.

Кубулуп улам ыргагы,
Куш ырчы тынбай ырдады.

Сергиди түнкү теребел,
Сезилип жашоо жыргалы.

Күч келип шыктуу кайра ага,
Күү төктү токой, дайрага.
Көргөнсүп түштү сыйкырдуу,
Көшүлүп жатты айлана.

Булбулдун үнү таберик,
Укту аны дыкат сан элик.
Керемет күүдөн ал түнкү,
Кеткендей болду жан эрип.

Күүдөн мен жыргал тапкамын,
Күүдөн мен жыргал таткамын.
Көшүлүп күүгө таң алды
Көзүмдү кайра ачкамын.

Токойго чачып таң жарык,
Токойго ырдан жан салып,
Миң кайрып күүсүн жалындуу,
Миң кайрып күүсүн жагымдуу.

Жатыптыр булбул уктабай
Жаагын жанып жаңшанып.
Суктандым сулуу таңда мен,
Сулуу үн угуп тамшанып.

Ажайып укмуш туюлуп,
Аймакка берип сулуулук,
Алай-Куулук ак таңдай
Акын куштун авазы
Ал түнү чыккан кубулуп.
Алыскы мага эш болуп
Азыр да турат угулуп.

## КЫЗГАЛДАК

Адырды көктөм жели аймалады,
Жоодурайт жомок сындуу туш-тарабым
Бүт бойдон каптап турган айлананы
Кыпкызыл кызгалдакка суктанамын.

Жалгыз да кызгалдакты үзбөгүлө,
Заматта жаны кетип солуп калат.
Үзгөн соң жагымдуу жыт күтпөгүлө,
Өлөт да, ал өлүк гүл болуп калат.

Аруу гүл адам көзүн кычыштырып,
Алоолоп айлананы көрктөп турсун.
Кыпкызыл түстү сүртүп кызыктырып,
Адырды жалындатып өрттөп турсун!

## ТОО ТҮНҮНДӨ КАРАҢГЫ

Жылдыз жок, жылга караңгы,
Көрбөйсүң ташты, бадалды.
Болжолдоп үндөн тааныйсың,
Боз үйдөн чыккан адамды.

Маңдайкы күңүрт адырдан
Бакырат муңдуу бабырган.
Жалбырак түстүү капкара,
Жарганат учат жанындан.

Түндү үкү абдан ардактайт,
Түндө учуп тынбай далбактайт.
Тапсам деп чүйгүн олжону,
Татсам деп шашып далбастайт.

Түйшүккө түшүп мал ууру
Түн ичи жасайт ал ууну.
Уурданып басат боз жигит
Ушундай түндө көрсөм деп
Убада кылган аруунун.

## КЕЧКИ ТООЛОР

Тунжурап сүкүт салып кечки тоолор,
Тургансыйт ойго чумуп эски тоолор.
Өнөкөт болгон сындуу күңгүрөнүп,
Өз ара салгансышат кепти тоолор.

Акырын кеп кылышат өткөндөрүн,
Асман да бир күндө ар кыл өзгөргөнүн.
Төгүлүп баштарына муздак нөшөр,
Аязды, бороондорду көп көргөнүн.

Тоолордон чагылгандар тартынбаган,
Эң мурун чакмак чагып жаркылдаган,
Андан соң көк дүңгүрөп, жер дүңгүрөп,
Ал аткан замбирегин тарсылдаган.

Табият бул тоолорду сынап келген,
Тажабай тоолор ага чыдап келген.
Тоолор да көп кылымда бир жашаган
Тагдырлаш кыргызына ынак келген.

Ар дайым тоолор көктү челип турат,
Аларды жел сергитип желип турат.
Эли анын курсант болсо, курсант болуп,
Кейисе, тоолор дагы кейип турат.

Илгери жоолор самсып каптап келген,
Жоолордон тоолор элди сактап келген.

Ниети тоолорунун кыргыз үчүн,
Азада, аруу кардай аппак келген.

Жашаган кыргызына койнундагы,
Тазасын арнап тоолор ойдун дагы,
Бейпилде аздектөөнү, бапестөөнү
Парыздай көрүп келди мойнундагы.

Сүйлөшүп тоолор мурда өткөндөрүн,
Караштры булуттардын өрттөнгөнүн.
Айтышты бүгүн бөөдө кырсыктан сырт
Кыргыздар да бир күнүн өткөргөнүн.

Буйдалбай кобурашып, жебирешип,
Бул күнгө ыраазыбыз эми дешип,
Кыргызга эртең да тынч күндү тилеп,
Уйкуга кетти тоолор мемирешип.

## ЖАЙЛООДОГУ ТОКОЙДО

Күн нур чачса жайлоого,
Күлмүңдөдү, балкыды.
Кур жайлоонун аймагы
Көлкүдү да, аңкыды.
Көпкөк көлдөй асманда
Көгүш булут калкыды.
Ал убакта ак таңдай
Акын булбул таңшыды.
Айланага күү төктү
Анын чебер алкымы.
Канча арбын чачылды
Кайрыктардын алтыны,
Толгон күүгө тойгондой
Тоо маңдайы жаркыды.

## ЖАЙЛООДОГУ ӨТКҮН

Жайдаңдап жаркын жайдары
Жайлоого келди жай дагы.
Ак таңдай апыз булбулдар
Арзууну самап сайрады.

Атайы Күндүн аптабы
Аянбай жерди актады.
Ылаалап бээлер убара
Ийкелип тынбай баштары.

Заматта асман өзгөрдү,
Жапырып шамал чөптөрдү.
Чагылган тынбай жаркылдап,
Булуттар жанып өрттөндү.

Аскалар турду жаңырып,
Кыпкызыл кыян агылып,
Кошулуп жатты дайрага
Коктудан ылдый чамынып.

Айкабы турган ашынып,
Ачуусу көктүн жазылып.
Бушайман болгон Күн күлдү
Булуттар таркап ашыгып.

Көз салса асман чаңкайган,
Суналып дени маңкайган
Суктантты аны күр жайлоо
Сулуудай көлгө чайканган.

## ЖАЙЛОО КЕЧИ

Күлгүн көк түстө мемиреп,
Күр жайлоо күңкүп керилет.
Кеч секин түшүп тоо жактан
Келатты улам берилеп.

Коо жакты каптап оболу,
Коюлду кечтин боёгу.
Кошулуп чыкты комузга
Койчунун коңур обону.

Элпек жел назик шыбырап,
Жыт ташып жерди кыдырат.
Ал кезде ар кыл жылдыздар
Асманга толду шыгырап.

Жылдыздар көккө жарашты,
Жымыңдап бизди карашты.
Жайлоонун кечи аз-аздан
Айланып түнгө баратты.

## ДАЙРАГА

Күрүлдөп күн-түн тынбаган,
Күү чертип, эргип ырдаган
Жез таңдай дайрам, ырыңа
Жээгиң муюп жыргаган.

Ак баштуу тоодон төрөлүп,
Алкынып агып жөнөлүп,
Өзүңдүн жеткен аймагың
Өңүнө чыгат көгөрүп.

Дайрасың жерге жарашкан,
Дайрасың өмүр жараткан.
Үзүрдү татат кыргыздар
Үнүңдү угуп шар аккан.

Күүлөнүп туйлап шарылда,
Күч-кубат ар бир шарыңда.
Өксүбөйт кыргыз бактыдан
Өзүңдөй дайрам барында.

## ТООДОГУ КӨЛДӨР

Кыргыздын тоодо көлү көп,
Көлдүн эң тунук, мөлү көп.
Канатын чайкап калкышып,
Каз, өрдөк, ак куу чөмүлөт.

Айласын тапсаң, энчилеп
Алгыңды анык келтирет.
Көзүңдү тартат көрктүү көл
Көйкөлүп, көшүп мелтиреп.

Көл күткөн кезде сагынтып,
Көрөсүң көөнүң алымсып:
Туш-тушта бийик тоолордун
Турпатын турат малынтып.

Жайгашкан бийик төрдөгү,
Жаш-кары шашкан көргөнү
Кыз сындуу арбайт кыялды
Кыргыздын аруу көлдөрү.

## КОҢУР КҮЗ

Ак тоодон ак таң дык салат,
Айлана коңур жыттанат.
Мектепке шашып жөнөдү
Саатын улам кыз карап.

Асманда калкыйт боз булут,
Айылга келип токчулук,
Күтүшүп тойду, сарайда
Күлүктөр турат кошкуруп.

Көк түтүн булайт көк жакка,
Тоо суусу агат көк кашка.
Каадалуу, нарктуу сүйлөшөт
Карылар чыккан көп жашка.

Боёлгон окшоп жапжаңы
Короолор азыр сапсары.
Мөлтүрөйт түркүн мөмөлөр
Ийилип бактын шактары.

Шаани да, шаттык мол болуп,
Койкондоп комуз ойнолуп.
Кыз тагып бетке үлбүрчөк,
Короодо жатты той болуп.

Жадырап турган күбүлбөй
Жайлоонун жаркын гүлүндөй
Кыздардын чыкты күлкүсү
Күмүштүн шыңгыр үнүндөй.

## КЫШКЫ КӨРҮНҮШ

Бүт бойдон аппак кийиз жамынгандай,
Жер кыштын өкүмүнө багынгандай,
Тынч жатты кар астында чымырканып
Да катуу аяздарга камынгандай.

Жел-шамал ойдо-тоодо даарып турду,
Бардыгын каары кайнап каарып турду.
Үшүгөн карагайлар ыргалышып,
Кычырап, күрсүнүшүп наалып турду.

Айылдын ар бир мору түтөп турду,
Адамдар жылуулукту күсөп турду.
Ансайын кеч киргенде чыкыроондоп,
Аяздын зомбулугу күчөп турду.

Айткандай көп нерсени сыр кылышып,
Алыстан адам көөнүн тындырышып.
Асманды көрктөсө да жымыңдашып,
Жылдыздар түгөл турду чыйрыгышып.

## АЙ

Адеми нурун себелеп
Ай турат көктө тегерек.
Ажайып нурун жиберсе
Аймакты каптайт керемет.

Баарынан өтө алыс ал,
Баарыга бирдей калыс ал.
Көгүлжүм түндө суйкайып
Көрүнөт алтын нагыз ал.

Сүзгөнсүп көктө калкылдайт,
Жер кезип жылып ал тынбайт.
Токой, тоо, түздүн, адырдын
Бардыгын бирдей алтындайт.

Ажайып нурдуу айлана,
Ажарын түздөп Ай мага,
Ар кимге кыйбас сырларын
Айткансыйт аста каймана.

Ал секин жылып арылап,
Алыскы жолго камынат.
Ай кеткен өңдүү сыйкырлап
Айлана жатты мамырап.

## КУТМАН МЕКЕН

Ак мөңгүлөр күмүштөй жаркыраган,
Ар жылгада кашка суу шаркыраган,
Карагайлар, арчалар суйкайышса,
Карап туруп суктанбас кайсыл адам? –
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен,
Мезгилден дайым мөрөй уткан мекен.

Аяз келип жайлоого ак кар жапкан,
Аптап келип жапжашыл макмал жапкан.
Аркар, кулжа оттосо бийиктерде,
Ар түлүк мал чубаган каптал жактан –
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен
Мезгилден дайым мөрөй уткан мекен.

Ак булуттар жай алган аскарынан,
Ак шумкары шаңшыган асманынан.
Аксакалдар сабырдуу, салабаттуу,

Акылдуулар көп чыккан жаштарынан –
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен,
Мезгилден дайым мөрөй уткан мекен.

Бактары көп мөмөлүү, салкын дагы,
Батман-батман табылган алтындары.
Тоосундагы алтындан баасы кымбат
Тоодой токтоо мүнөзү калкындагы –
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен
Мезгилден дайым мөрөй уткан мекен.

## ТОО

Тоодон чыгып, тоого батат күнүбүз,
Тоодо биздин күндүзүбүз, түнүбүз.
Тоо – жыйылган тарыхыбыз катмарлуу,
Тоо – байыртан биздин куттуу үйүбүз.

Ойлорубуз – шумкар тоодон айланган,
Байлыгыбыз тоо койнуна жайланган.
Таалайыбыз өсөт тоонун гүлүндөй,
Тагдырыбыз тоого бекем байланган.

Тоодо биздин өмүрүбүз, бактыбыз,
Биз тообузга кызматчыбыз, сакчыбыз.
Жан аябай жакшыртабыз тообузду,
Тообуз жакшы болсо, биз да жакшыбыз.

## МЕКЕН ТАҢЫ

Ак калпакчан ак тоолордон аркайган,
Ак таң атты жайлоолорго чалкайган.
Турду көктө ак пейилдүү Күн күлүп,
Тууган жердин асманында чаңкайган.

Көк асманда ак булуттар калкыды,
Көпкөк гүлдөр, аппак гүлдөр аңкыды
Көрүп туруп ата журттун сөөлөтүн,
Көз тайгылып, көңүл эргип чалкыды.

Аткан таңдан Ала-Тоонун аймагы
Арууланды, ажарланды, жайнады.
Адамдар бүт болгон сымак көрүндү
Асыл ойлуу, аксанатай, жайдары.

Тоолор жүзүн көл-күзгүдөн каранган,
Тоодон жанып мээрим нуру таралган,
Кымбат, кутман ушул ыйык, кооз жер
Кыргызымдын бактысына жаралган.

## КЫШКЫ ТҮН ДА, КЫШКЫ КҮН

Анык билип жүргөндүгүн алданып,
Алоолонуп жаны күйдү арданып.
Аңкоолуктун туткунунда кармалып,
Азыр көзү ачылганга таң калып.

Көп өкүнүп, бир да кирпик какпады,
Көшүбөдү, уйку даамын татпады.
Кышкы түндө өзүн-өзү жек көрүп,
Кышкы түндө өзүнө-өзү жакпады.

Ашып-ташып ыза толуп ичине,
Арстан эле, арстай болду кичине.
Аткан октой кетип жатты каргышы
Арбап, алдап аны саткан кишиге.

Көкүрөгүн каптап кара ыш бүгүн,
Көөдөй кара түн сүрүлүп, чыкты Күн.
Кыр артынан ыйламсырап кылайды
Кызыл нурдуу, кызыл көздүү кышкы күн.

## КОШ КАНАТТУУ АЛА-ТОО

Ала-Тоодо түндүк, түштүк тарап бар,
Абалтадан келе жатат ал аттар.
Ал эки атты салыштырсак канатка:
Ата журтта эгиз эки канат бар.

Эки канат бир күүлөнүп сермелет,
Эки канат ата журтка тең керек.
Эгемендик, эркиндиктин кезинде
Экөө бирдей Ала-Тоого дем берет.

Эки канат мекенге жан үрөшөт,
Экөө бирдей мекен үчүн күрөшөт.
Атак-даңкын бийиктетип ансайын
Ала-Тоону бирдей алга сүрөшөт.

Эки канат жергебизге жарашат,
Экөөндө бар чексиз кубат, шарапат.
Асыл, бийик бир максатка Ала-Тоо
Кош канатын бирдей кагып баратат.

## БУЛУТТАР ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Тоо эмес бир орунда туруп турар,
Селсаяк, жолбун, көчмөн булутсуңар.
Кээ бирде ак буладай кургаксыңар,
Кээ бирде нымдуусуңар, суюксуңар.
Асмандан ай талаада ак буудайдын
Аңкаган, чаңкаганын туюп турар.
Көктөмдө көгөртөм деп көктөн жерге
Көнөктөп көгүш сууну куюп турар.

Сурсуңар, кээде көөдөй карасыңар,
Айкашка дароо себеп табасыңар.
Буркулдап бууралардай жулунушкан
Башталса оңой бүтпөйт талашыңар.
Ак албарс кылыч шилтеп жаркылдатып
Асманды бөлө чаап жарасыңар.
Атылып замбиректей көктү жарып,
От болуп, жалын болуп жанасыңар.

Булуттар, маласыңар, сарысыңар,
Дыйкандын данысыңар, нанысыңар.
Адамдар дайым карыз өзүңөргө,
Адамга жок силердин карызыңар.
Азада, аруу, айкөл пейилиңер,
Асманда калкып жүргөн дарысыңар.
Айныбас досу силер адамдардын,
Абалтан табияттын жанысыңар.

## ТОО КОЙНУНДА КЫШТАКТА

Топ-топ үйлүү, ток үйлүү
Тоонун чакан кыштагы –
Малчылардын борбору,
Малчылардын штабы.

Кезек-кезек малчылар
Келет мында айланып,
Кээси ышкын жүктөнүп,
Кээси кымыз байланып.

Алар кирип почтага,
Гезит, журнал катты алат.
Окуп жүргөн балдарга
Акча салат, кат салат.

– Маскөөдө окуйт уулум! – деп,
Бир жылкычы мактанат.
Экинчиси: – Меники
Кат жазбайт, – деп даттанат.

Чачтарачка киришип,
Сакал-мурут алдырат,
Ысыгынан мончонун
Ырандары албырат.

Эстеп сүйлөйт жарларын
Экөө кирип дүкөнгө:
– Мен эмне алсам Жамалга?
– Мен эмне алсам Бүкөнгө?

Көйнөк, жоолук бүктөтүп,
Экөө мактайт жубайын:
– Көрүп эле жүрөбүз
Байкуштардын убайын.

Алар алат балдарга
Ар кыл кызык оюнчук.
Конфет алат, таттууга
Бир коюуга тоюнтуп.

Аттарына минишип
Күтүп турган байлоодо,
Бетегелүү жол менен
Бет алышат жайлоого.

Алыс жолду кыскартып
Аттар басса кылтылдап,
Үн чыгарат куржундан
Шампан шише шыңкылдап.

Алар ойлоп балдарын,
Алар ойлоп жарларын,
Ашыгышып баратты
Алар ойлоп мал камын.

## КОШ КӨЛ

Өркөчү нардын өңдөнгөн
Өткөн соң бийик дөңдөрдөн
Алайдын көркүн ашырган
Ажайып эки көл көргөм.

Ар бири: «Кимден кеммин?» деп
Ар бири: «Сулуу – менмин!» деп
Эзелтен бери атаандаш
Эки көл жатты мелмилдеп.

Алайдын ушул кош көлү,
Аймакташ, тектеш дос көлү
Акындын уйкаш сөзүндөй,
Адамдын эки көзүндөй.

Көлкүсө көлдөр кыялдай,
Көңүлдүн сугун тыялбай,
Коймолжун тартып тиктеген
Кош көлдү турдук кыялбай.

Жел жүрсө гүлдөр сөйкөнүп,
Жээгине толкун өйкөлүп,
Көңүлдө жүрөт дагы эле
Көгүлтүр кош көл көйкөлүп.

## МӨЛМӨЛ КӨЛ

Болукшуп тийген Күн, Айдан
Боюна көрктү жыя алган,
Жайдары, сулуу Сары-Челек
Жаралса керек кыялдан,

Ал көлүн жасап эл тилеп,
Аздектеп келет энчилеп.
Бейпил көл жатат берметтүү
Перизат сымал мелтиреп.

Жерине тектеш куттуу көл,
Элине тектеш шыктуу көл,
Жээги бакка оронгон
Жемиштүү, гүлдүү, жыттуу көл,

Бул көлгө барсаң ажайып,
Бугуң да, муңуң азайып,
Кайрат-дем денге кошулуп,
Кайтасың дилиң тазарып.

Көк асман түсү жуккансып,
Көрк жактан мөрөй уткансып,
Аман бол, аруу, мөлмөл көл,
Адамдын баарын суктантып!

## ЖАШЫЛ ДҮЙНӨ

Жай келип булбул гүлдү мактап турар,
Күн көктө жерди кечке кактап турар.
А менин тиктегеним аппак кагаз,
А менин төрт тарабым аппак дубал.

Бул кезде жашыл дүйнө көңүлүмдө –
Көңүлүм жашыл бадал арасында,
Көңүлүм жашыл кырдын өңүрүндө.

Көңүлүм учуп жашыл канаты бар,
Көрүндү жашыл шилби, жашыл четин,
Көрүндү жапжаш жашыл балатылар.

Көз канбай аз карадым – арга канча –
Жасанып тобурчактан сөйкө тагып
Жайкалса жашыл арча, тармал арча.

Көңүлүм зыпылдады ылаачындай,
Даң салып жашыл төрдө кишинесе
Үн чыкты жаш кулундан жылаажындай.

Мөл булак бир тынбаган, шылдыраган
Жапжашыл колот ылдый оюн салып,
Күү чертет күмүш сымал шыңгыраган.

Көңүлүм жакын кылып алыс жакты,
Отуруп жашыл дөңдө кымыз жутуп,
Суусунум канып жатты, канып жатты.

Жапжашыл конуштагы үйгө келем,
Ал үйдөн комуз тыңшап куунап турдум
Жапжашыл жакшынакай дүйнөдө мен...

Жай келип булбул гүлдү мактап турар,
Күн көктө жерди кечке кактап турар.
А менин тиктегеним аппак кагаз,
А менин төрт тарабым аппак дубал.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Кыргыз жери – бийик жер,
Кырда ойногон кийиктер.
Ар чокусун карасаң –
Ак калпактуу жигиттер.

Керек кезде чеп болгон,
Кереметтей бек болгон.
Ач көз душман алалбай,
Алы кетип нес болгон.

Капсаландан, ачкадан
Калкын аман сактаган.
Калк көңүлүн тоюнтуп,
Калк мүдөөсүн актаган.

Жайнап жаңы заманда,
Жагалданган адамга
Берди пакта, ак буудай,
Берди жүзүм, ак алма.

Катып жаткан сан кылым
Калкка ачып сандыгын,
Берди кенчин түгөнбөс,
Берди сансыз байлыгын.

Сулууланып шаңданат,
Сууларынан шам жанат.
Көрктүү кыргыз жергесин
Көргөн адам таң калат.

## УКМУШТАЙ КӨРКТҮҮ ЖЕР БИЗДЕ

Көз жоосун алган далайдын
Көргөнмүн тоосун Алайдын,
Мөңгүсүн Бабаш-Атанын
Түсүнө окшош калайдын.
Алай-Куу Кара-Туумасын
Ар дайым тойбой караймын.

Чычканды нечен өрдөдүм,
Таластын көрдүм төрлөрүн.
Айтылуу Сары-Челектин
Көргөнмүн ак куу, өрдөгүн.
Жатканмын Соң-Көл боюнда
Ичинде аппак өргөнүн.

Барскоондо эргип басканмын,
Баткенде өрүк тatканмын.
Кыялды көккө көтөргөн
Кызарттын белин ашканмын.
Манаттай кооз Чүй менен
Мактангым келет, мактангым!

Калтырган миңдеп эл изин
Кадырлайм кыргыз деңизин.
Суктанып нечен карагам
Суусамырдын тегизин.
Тамшанып Куршап, Папандын
Татканмын ширин жемишин.

Кыргызда канча сулуу тоо,
Суналган канча талаа бар!
Безенет бүткүл Ала-Тоо
Бейишке көркү барабар.

Таппадым бир да куник жер,
Силер да издеп караңар –
Жан жок дейм аны таба алар.
Ушундай жерди тандаган,
Ээ кылып бизге арнаган
Дагы миң алкыш силерге –
Даанышман, даана бабалар!..

## СУУ БОЮНДА

Тоонун суусу кайрып мукам ыргакты,
Толукшутуп дилибизди жыргатты.
Көлөкөлөп тал түбүндө олтурдук
Көк шиберге кенен жайып шырдакты.

Ак калпактуу, ак сакалдуу карыя
Ак чыныдан кымыз жутуп дагы да,
Көп жыл мурда көзү көргөн, унуткус
Көңүл сырын бизге кылды жарыя:

– Аскер ишин биз Берлинде бүткөрүп,
Аалам корккон жоонун белин бүктөдүк.
Келатабыз күндүз көрүп Күн нурун,
Түн ичинде кызыл өрттүү түш көрүп.

Кыйратышып фашисттердин ордосун,
Кыйын күндө бирге жүрдү жолдошум,
Жарым кадам калган кезде жеңишке
Жаш өмүрүн кыйды кызыл коргошун...

Гранатты салып чөнтөк, коюнга,
Айткан мага: – Чоң үмүт бар оюмда –
Көп узабай бирге кымыз жутабыз
Көк шибердүү тоо суусунун боюнда...

Ал досумдун согуш кескен ырысын
Айткан сөзүн азыр эстеп тымызын,
Каңырыгым түтөп кетти... – деди да,
Карт акырын жерге койду чынысын.

Калган окшоп баарыбыздан дым чыкпай,
Кабак бүркөп тынчый түштүк унчукпай.
Ушул кезде булбул талдан таңшыды
Сырткы кейпи кадимки боз чымчыктай.

Бейкуттукка бөлөп койгон эл-жерди,
Ал алкады жоону жеңген эрлерди.
Булбул үнү айлананы көрктөнтүп,
Булбул үнү баарыбызга дем берип.

## ЖАЙЛОО ТҮНҮ

Жайлоонун тынч түнүндө кезип жүрдүм,
Жайкалган жаш туланды кечип жүрдүм.
Жагымдуу жомок сындуу дүйнөгө мен
Жаңыдан келген өңдүү сезип жүрдүм.

Абадан кымыз жытын туюп жүрдүм,
Айылдан комуз күүсүн угуп жүрдүм.
Суктандым, сыймыктандым сөөлөтүнө
Сыйкырдуу сырлары көп тунук түндүн.

Ак, көгүш, саргыч жылдыз жыбырашып,
Асманга батпай турат шыгырашып.
Жогортон жерди карап, өз тилинде
Жобурап сүйлөшкөнсүйт шыбырашып.

Акырын жайлоо жели аймалады.
Ай чыгып, нурга бөлөп айлананы,

Алтын түс боёк менен аскаларды,
Арчалуу чокуларды саймалады.

Асманда ак булуттар көчүп барат,
Аккуудай канат кагып өтүп барат.
Мээнеткеч малчылардын боз үйлөрү
Мемиреп бейпил түндө көшүп барат.

Жыпары аңкып турган жайды көрүп,
Жыргалга тулку-боюм калды чөмүп.
Түйшүктү тартып жетип бул жайлоого,
Түшүмдө жаттым жылдыз, Айды көрүп.

## АЙЫЛ КӨРКҮН САГЫНДЫМ

Сагындым мен суйсалган талдын жытын,
Саргыч түстүү мөлтүрөк балдын жытын,
Кызыл көйнөк келиндер от жагышып,
Кызыл чокко кызыган тандыр жытын,
Татынакай кыздардын ажарындай
Тамылжыган нур жүздүү нандын жытын,
Жандууларды шаңданткан Күндүн жытын,
Жалбыракты жанданткан жамгыр жытын,
Күңкүп турган айланам түндүн жытын,
Күлүмсүрөп жайнаган таңдын жытын.
Тууган жердин сөөлөтүн сагынгамын:
Тукабадай туланды жамынганын,
Ак булуттай кой дөңгө жайылганын,
Ак гүлкайыр тагынган адырларын,
Койчулардын токпейил айылдарын,
Коңур күүнү комузчу кайырганын,
Күчү ташып от бүрккөн чагылганын,
Күңгүрөнүп аскалар жаңырганын,
Оргуп нечен шок булак агылганын –
Ойго салып олтурам анын баарын.

## ТАБИЯТ

Табият – бийик байрагым,
Табият – ыйык ардагым.
Жүзүмө сыйкыр нур берген
Көңүлүм канбас майрамым.
Ал мага чалкар, залкар дос
Аябас менден жардамын.

Дарактын түркүн түрлөрү,
Дайранын мукам үндөрү,
Таалайдай мага сезилет
Талаанын, тоонун гүлдөрү.
Бугумду ичтен арылтат
Булактын шыңгыр күлгөнү.
Жыргатат жанды жылдыздар
Жымыңдап жанган түндөгү.

Табият – кенчим, акылым,
Тагдырга бүткөн асылым.
Көксөтүп, күндө суктантып,
Көңүлгө себет атырын.
Сыйласам, сыйлап, ал мага
Сырларын ачат акырын.

Жалбырак турган чайканып –
Жайлоосу жамгыр, өткүндүү,
Жыпарга толуп куңкүгөн
Жылгасы кызыл, көк гүлдүү,
Күркүрөп тунук дайрасы
Күү черткен дилге көп түрлүү,
Көркко бай, бейкут жеримде
Көрсө экен көзүм көп күндү...

## ЖИЙДЕ ЖЫТЫ

Аңкыган бакты аралап,
Арыктын суусу жай агат.
Самсаалап жийде кулпунуп
Саамайын желге таранат.

Оттуу көз, шок көз бир келин
Оюмду толук бийлědиң.
Алкымдан жыттап сени өпкөм,
Алдында ошол жийденин.

Жандуунун баары жайнаган
Жаз келди мына кайрадан.
Өзүң жок, бакта өкүнүп,
Өткөндү эстеп жай барам.

Караанын бактан издедим,
Калбаптыр сенин издериң.
Баягы жийде гүлдөптүр,
Бардым да жытын искедим.

Алгандай болуп жан тыным,
Ал жытка жыргап балкыдым,
Көшүлүп турдум магдырап,
Көңүлгө түшүп алкымың.

Жалжал көз, шок көз бир келин,
Жабырды тартсам билбедиң,
Жытыңды мага таштапсың
Шагына сүртүп жийденин.

## АДАМ МЕНЕН ТАБИЯТ

**1**

Алыс калган тээ алгачкы замандан
Адамды алып жер келатат айланып.
Адам келет эң алгачкы кадамдан
Өз тагдыры табиятка байланып.

Алыс жолдо адам болуп жан шерик
Жаратылыш келди азыркы калыпка.
Канча куруп, канча оруп, канча эгип,
Адам келди из калтырып тарыхка.

Ар нерсени ылайыктап, ырастап,
Бир-бирине кыйыштырып, кынаптап
Жаратылыш көп кылымды жөнөттү.

Кыйшык жерин көрсө түзөп кол сунуп,
Келе жатат бөксөлөрүн толтуруп
Адам болуп табиятка жөлөкчү.

**2**

Адам болуп табиятка жөлөкчү,
Табият да жөлөп келет адамды.
Адам тигип, жерде дарак көп өстү,
Адам эгип, жер дүйүм гүл каданды.

А жер болсо милдет алып мойнуна
Дайым камдап адамынын азыгын,
Адамга деп катып жүргөн койнуна
Ачып жатат кендеринин асылын.
Жайда адамга килем кылат жер өзүн,

Күздө адамга сунуп ширин мөмөсүн,
Кышта таза кар бастырат агарган.

Ар дайым жер адамга деп көрк бөлөт,
Ажарданат, кайра толуп кörктөнөт
Асыл ойлуу, ак пейилдүү адамдан.

**3**

Асыл ойлуу, ак пейилдүү адамдан
Акыл алып жер келатат өзгөрүп.
Адам ою, колу менен жаралган
Жаңылыкка адат тапты көз көнүп.

Ак дилинен табиятка арналса
Адамдардын акыл, сезим, кыялы,
Ардактаса, сыймыктанса, таңданса,
Табиятка такыр тийбейт зыяны.

Адам билип табияттын кадырын,
Бакка айлантып жердин чөлүн, адырын
Барктаганча мезгил өтө көп өттү.

Жалдыраса, адамдардан жанданып,
Шалдыраса, адамдардан шаңданып,
Алып келет жаратылыш көмөктү.

**4**

Алып келет жаратылыш көмөктү,
Өзү төрөп, өзү өстүргөн уулунан.
Качан болсо камдап берип көмөчтү,
Калкалаган күндүн ысык-суугунан.
Кантип жерди адам эне дебесин,
Кантип уулу эне баркын билбесин.

Миң көпсө да, өзүн тууган энесин
Кайсыл уул бетке чаап, тилдесин?!

Адам антпей, чөлгө куруп өстөндү,
Капчыгайга мелт-калт тосуп көк көлдү,
Ак дилинен: «Жерим көркко келсе!» дейт,

Ак тилекти эшиткендей байкалып,
Жетиналбай чөбү желге жайкалып,
Жер адамга: «Уулум өсө берсе!» дейт.

**5**

Жер адамга: «Уулум өсө берсе!» – дейт,
Жер адамга: «Таба элегин тапса!» дейт.
Адам кантип жер тынчтыгын эңсебейт,
Адам жерди дайым бейкут жатса дейт.

Согуш болуп, эки буттуу айбандар
Бузган кезде табияттын келбетин,
Гитлер желдет өзүн сезип пайгамбар,
Ээликкенде ээлеймин деп жер бетин.

Мен майданда көзүм менен көргөмүн
Нечен дарак окко тосуп сөңгөгүн,
Сактап калган солдаттардын жанын бек.

Майданда жер көп оюлуп, казылган,
Окоп болуп октон көптү жашырган
Мээрин төгүп эне болуп камын жеп.

**6**

Мээрин төгүп эне болуп камын жеп
Жер адамды бапестеди көп кылым.

Жүрсөк дагы сыры бизге дайын деп,
Билелекпиз жердин али көп сырын.

Жер көп сырын азыр ача баштады
Караганда адам көккө алыстап.
Көп табышмак жандырмагын тапканы
Космосто учуп жүрбөйбүзбү чабыттап.

Жаратылыш: «Өзүн кенчке карк кылып,
Жанын үрөп оюн, күчүн сарп кылып
Адам улам жеңе элегин жеңсе» дейт.

Күндө көрүп табияттын сөөлөтүн,
Күндө көрүп табияттын дөөлөтүн,
Адам – уулу Жер – энеге эркелейт.

**7**

Адам – уулу Жер Энеге эркелейт
Кучагында улам өсүп жетилип.
Жерди казып, жерди айдап, жер ченейт
Үйгө, мүлккө, бак-таалайга жетинип.

Жерден баарын алса дагы ар адам,
Жерден албай, жерге баарын бергенсип,
Күнөө эмеспи кесирлене караган
Жерди өзүнөн төмөн сезип эрдемсип.
Эгин берсе, жемиш берсе жер бизге,
Жел, жамгыры көөнүбүздү сергитсе,
Айтса бизге: «Эс ал – белен багым!» деп,

Эмне болот жерге аз берип пайданы,
Издей берсек жерден алар айланы,
Тузун татып, суусун ичип, нанын жеп?..

**8**

Тузун татып, суусун ичип, нанын жеп,
Адам жерден көрүп келет жакшылык.
Адам жерди ыйык турак-жайым деп,
Жер жакшырса, келет кошо жакшырып.

Бөлүү кыйын жер, адамдын арасын,
Космосто да жери сыйлайт адамын:
Адам жутат жер жиберген абасын,
Адам татат жер жиберген тамагын.

Өзүбүзгө өмүр даамын сездирген,
Өргө сүрөп көп тилекке жеткирген
Кесир болор жерге ыраазы болбосок.

Өзүбүздө болгон кемтик жоголуп,
Өзүбүз да калат элек оңолуп
Табияттын кемтиктерин оңдосок.

**9**

Табияттын кемтиктерин оңдосок,
Чырайына чыга түшөт ал кайра.
Биз бурган суу жансыз чөлдү ойготот,
Чырак болуп жарк деп жанат маңдайда.
Алабыз деп табияттын чылпагын,
Чоркоктуктан көзүн оюп албайлы.
Буза берсе адам тыйбай ынсабын
Жаратылыш майып болуп калбайбы.

Этияттап колу чебер зергердей,
Же дасыккан хирург жардам бергендей
Табиятты эмдегенди ойлосок.

Таалайыбыз арта бермек ансайын
Саат сайын, апта сайын, ай сайын
Тажабастан табиятты коргосок.

**10**

Тажабастан табиятты коргосок,
Талааны өрттөп, жаныбарын кырбасак,
Шаарларды кыян-селден торгосок,
Тыйпыл кылып токойлорду кыйбасак.

Атпай сактап улар, өрдөк, кууларды,
Көктү көрктөп эркин учса каркыра,
Булгабасак көк көл, мөлтүр сууларды,
Жетер элек жерибиздин баркына.

Такыр тынбай ойду-кырды жойлосок,
Тоого – кийик, суугa – балык койбосок,
Опкок болуп оңолбойбуз, оңбойбуз.

Чаңдын, күлдүн, түтүндөрдүн залалы
Тийбегендей таза тутсак абаны,
Биз адамдар өзүбүздү коргойбуз.

**11**

Биз адамдар өзүбүздү коргойбуз
Жатыркабай табиятты жандасак.
Тоңбой, күйбөй, такыр ачка болбойбуз,
Табияттын каарына калбасак.

Табияттан тапкан сонун заттарды,
Үйрөнсөкчү жумшап жалаң пайдага,
Билбей эмне жакпаганды, жакканды
Кээде зыян келтирбейли кайра ага.

Зыяндууну кырабыз деп уу чачып,
Пайдалууну кошо кырып жуушатып,
Кандай болот чын митени жойбосок?

Кандай болот көп кылымдар жасашкан
Табияттын имараты аз-аздан
Талкаланса, биз боор ооруп койбосок?..

**12**

Талкаланса, биз боор ооруп койбосок
Табияттын жадыраган калаасы,
Ал калааны кайра кимдер орнотот,
Ага кимдин, кантип жетет чамасы?..

Бура коюп табияттын тизгинин,
Жемишин жеп, бапырандап тойлодук.
Табияттан жыргал көрүп биз бүгүн,
Эртеңкисин койдук бекен ойлонуп?

Жакшы дечи дайым болуп ушундай
Жаратылыш бир калыптан бузулбай,
Бүгүн ысып, эртең муздап-тоңбосок.
Эртең кайра башыбызга муш болот,
Тагдырыбыз татаал жолго туш болот
Талап, тоноп табиятты кордосок.

**13**

Талап, тоноп табиятты кордосок,
Аны сезчү табияттын жаны бар.
Кайрат жумшап табиятты колдосок,
Бизди колдоор анын кубат-алы бар.

Тийгизгенде адам оор зыянын,
Кайгы тартат – табияттын эси бар.

Эрте-кечпи таап туруп кыябын
Кайра адамдан өч алучу кези бар.

Бергенден да укмушу көп берелек,
Сырлары көп, кызыгы көп керемет,
Жаратылыш жаныбыз деп ойлойбуз.

Табияттын ыйык кенчин коротсок,
Көз суктанар сыйкыр көркүн жоготсок,
Биз адамдар өзүбүздү кордойбуз.

**14**

Биз адамдар өзүбүздү кордойбуз,
Табиятты албай койсок таназар.
Жашартабыз, өзгөртөбүз, оңдойбуз,
Жайрап калса, болбос үчүн ага зар.

Мурасыбыз муундарга калтырар:
Бейкут турмуш, бейпил тынчтык туруктуу,
Жашыл токой жандууларга баркы бар,
Коюу тулаң, тунук аба, тунук суу.

Бизди сынайт кийин өскөн муундар –
Бир тагдырлаш кыздар менен уулдар –
Биз калтырган токой, бактан, бадалдан.

Адам күчүн табиятка көп берип,
Жаратылыш келет ага көрк берип
Алыс, алыс, те алгачкы замандан.

**15**

Алыс, алыс, те алгачкы замандан
Адам болуп табиятка жөлөкчү,

Асыл ойлуу, ак пейилдүү адамдан
Алып келет жаратылыш көмөктү.

Жер адамды: «Уулум өсө берсе!» дейт
Мээрин төгүп эне болуп камын жеп.
Адам – уулу Жер – энеге эркелейт
Тузун татып, суусун ичип, нанын жеп.

Табияттын кемтиктерин оңдосок,
Тажабастан табиятты коргосок? –
Биз адамдар өзүбүздү коргойбуз.

Талкаланса, биз боор ооруп койбосок,
Талап, тоноп табиятты кордосок –
Биз адамдар өзүбүздү кордойбуз.

## КЫШТАКТАГЫ КЫШ ЖАКШЫ

Кышты айтат ар ким ар башка,
Кыш дагы сонун, бурадар,
Аскарда, түздө, жар жакта
Апакай мамык кар жатса.

Кыш сонун камкор тоолуктар
Ой, күчүн кышка арнашса,
Оокатын жакшы камдашса,
Магдырап, кепшеп, жай гана
Малкана толо мал жатса.

Телени баары карашып,
Эң кызык мультик көргөнү
Экранды балдар талашып,
Акыры чоңдор кезекти
Аларга берет жаны ачып.

Уламдан улам себелейт
Упадай кардын тозоңу.
Муруттуу жигит шыпкады
Чоң чыны толгон бозону.
Эми ага такыр сезилбейт
Дүйнөнүн бардык тозогу.
Жигерди кошчу комузга
Жигиттин колу бошоду.
Ынтызар келин жылмайып:
– Ырдап кой деди «Ошону!»

– «Ошо бир, Ошо, ошону,
Ошого Кудай кошобу?
Ошо бир, Ошо деп жүрүп,
Омуртка сөөгүм бошоду!» –
Безенип жигит ырдады –
Береги селки Ошобу?
Белгисиз неге кызарды
Белендеп сүртө койгонсуп
Бетине бирөө жошону?..

Кыштакта кышта ыр жакшы,
Кызык ыр көбүн жыргатты.
Ойгонду ойдон жаш селки
Отурган карап шырдакты.
Кылмыя карап тымызын,
Кыз-жигит көзүн ымдашты...

Эңсетти алар тыш жакты,
Экөөнө аппак кыш жакты,
Эзилип экөө ыкташты.
Жаркыган мөлтүр жылдыздар
Жарытты тоолуу кыштакты.
Кычырап турган аязы
Кыштакта таза кыш жакшы.

Аязды анча элебес,
Аязды анча кенебес
Жыпжылуу ойлуу,
Жыпжылуу бойлуу,
Жыпжылуу тондуу кыз жакшы!

## АРЧА ЖАНА ЫР

Ал өсүп бийик жактарда,
Ал чыдайт аяз, ак карга.
Киринет тунук өткүнгө,
Көнөктөп куюп жатканда.

Турпаттуу, бекем тамырлуу,
Туруктуу, токтоо, сабырдуу.
Башынан арча бир мүнөз,
Баарыга барктуу, кадырлуу.

Ийилбей, сынбай шамалдан,
Күбүнүп, сергип таранган.
Көк-жашыл түсүн өзгөртпөй,
Көрктөөгө тоону жаралган.

Ыр десем келбей чарчагым,
Ыймандуу ырды аңсадым.
Өмүрүн тилейм ырыма
Өрдө өскөн асыл арчанын.

## БАР БОЛГУЛА, БААТЫРЛАР!

Саламатпы, жоокерлер, саламатпы,
Көргөн силер көз менен алааматты!
Катташа албай калдык го, кайран достор,
Канча жолу кылсак да далалатты.

Ал кезде биз кызга да кат жаза элек,
Ак кагаздай азада, таптаза элек.
Көңүлүбүз булутсуз көк асмандай,
Көзүбүз курч, кара чач, жапжаш элек.

Кызыл кечти, кыпкызыл таңды көрдүк,
Кызыл чөптү, кыпкызыл карды көрдүк.
Кыйындыкта жасалган эрдик көрдүк,
Кылычтай курч намысты, арды көрдүк.

Жүрөгүбүз от эле, жалындуу, эле,
«Сталин!» деген жалгыз сөз жагымдуу эле.
Титиреткен дүйнөнү каардуу жоо
Тизе бүгүп бизге бүт багынды эле.

Алып бүткөн жоксуңар энчиңерди,
Ыйык көрүп, ызаттайм мен силерди.
Жоону жеңип, сексендин белин ашкан
Баатырлар деп чын айтат эл силерди.

Бар болгула, бир-бирин сатпас достор,
Бир жоголсо, бир-бирин таппас достор.
Ак аткарган адамдык вазифасын
Арстан жүрөк ак сакал, ак чач достор!

## БИЗДИН МАЙРАМ

### (Жеңиштин 60 жылдыгына)

Ар кыл, ар кыл майрамдар толуп жатат,
Алар болгон, азыр да болуп жатат.
Майрам күнү акжолтой сөөлөт кушу
Адамдардын ийнине конуп жатат.

Биз алардын кошулуп жандарына,
Курсант болуп барабыз майрамына.
Тиешебиз жок биздин көп майрамдын
Майрам болуп баштатан калганына.

Бир майрам бар, ал – биздин майрамыбыз,
Ал келгенде биз абдан жайдарыбыз.
Анда биздин көп азап, эрдигибиз,
Анда биздин кубаныч, арманыбыз.

Майрам үчүн кас менен кармашканбыз,
Бирде утулуп, бирде утуп таймашканбыз.
Кагылышта төгүлүп кандарыбыз,
Ажал менен айбыкпай арбашканбыз.

Жоюлганда жоо калып каарыбызга,
Кошумча атак кошулган наамыбызга:
Жогорку наам – «жоо жеңген» деген наам
Жеңиш күнү берилген баарыбызга.

Көп миң өлүп, согуштан тажаган биз,
Улуу Жеңиш майрамын жасаган биз.
Ала-Тоонун эл-журту бүт жаңырып,
Алтымыш жыл тынчтыкта жашаган биз.

Бул майрамда – кубаныч, күйүтүбүз,
Бул майрамда – бар биздин үлүшүбүз.
Ала-Тоого алаамат келбесе деп
Абдан күчтүү, абдан чоң үмүтүбүз.

Өтө берсин ылайым ар кыл майрам,
Так улантсын өзүнүн салтын майрам,
Көнгөн салтын канткенде тансын майрам.
Түгөнсө да майрамды жасагандар –

Өмүр бою жоокерче жашагандар,
Арип менен жазылып алтындалган,
Түбөлүккө тарыхта калсын майрам –
Жеңиш деген аты бар жаркын майрам!

## СУР БУЛУТКА ЖАЛБАРУУ

Күндү эңседик, Күн да чыкты түндү айдап,
Күңкүсө да күлүмсүрөп гүл жайнап,
Эчен күнү бир булут жок, жер какшып,
Эгин куурап, чөп кыярды күн кайнап.

А биз болсо, чаңкап, кургап, катканбыз,
Жалбырт этип күйүп кете жазганбыз.
Көк асмандын ортосунда кокустан
Сургулт булут пайда болду жапжалгыз.

Булут! Булут! Айланайын сур булут!
Бушаймандуу бизге көңүл бур, булут!
Мүңкүрөдүк! Нөшөр бол да, заматта
Мөлтүр сууңду төбөбүзгө куй, булут!
Көлөкөңдү көксөп, өксөп турабыз
Көктө көпкө такыр жылбай тур, булут!

Үндү уктубу булут сүзүп бараткан,
Жамгыр болуп жаады асман тараптан.
Эсибизди жыйып, көрдүк көз менен
Эл тилегин бир бергенин Жараткан.

## ЖЕҢИШ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Согуштук чоң кезинде мекенибиз,
Кыргыздар жоокер калктан экенибиз

Көрүнүп, Европанын ар жеринде
Окко учуп, жатып калды нечениbиз.

Ар күндүн узактыгы доор болду,
Ар бир күн кандуу болду, оор болду.
Жоолаштык кычыратып азуубузду
Жоо менен бөрү көздүү, жоон колдуу.

Согуштук түн ичинде, таң атарда,
Согуштук кыш чилдеде саратанда.
Жергеге жетсек дедик кут сыяктуу
Жеңишти салып ыйык алаканга.

Согуштун жазын көрдүк, күзүн көрдүк,
Кыйраткыч, талкалагыч күчүн көрдүк.
Жексур жоо мерт болгондо бели сынып,
Жеңиштин ырайымдуу жүзүн көрдүк.

Сазайын мыкачынын анык бердик,
Жергеге жайнап келдик, жанып келдик.
Бардык эл эңсеп күткөн Жеңиш аттуу
Баа жеткис улуу белек алып келдик.

Азайдык, азыр калдык бир азыбыз,
Жок тура азайбоого ылаажыбыз.
Таймашып элдин жоосун жеңип келген
Тагдырга сыймыктуубуз, ыраазыбыз.

Кармашта төгүлгөн кан акталса экен,
Кайратман майдангерлер баркталса экен.
Жалгыз да эр жеңишкер калбаганда,
Жасаган жеңишибиз сакталса экен.
Созулуп анын улуу даңазасы,
Согушсуз сан кылымдар башталса экен.

## КЕЛГЕНДЕ ЖЕҢИШ КИМ ЭЛЕМ?

Улуу Жеңиш келгенде мен ким элем?
Элге Жеңиш, элге бакты тилеген
Өзүм көргөн, көзүм көргөн Жеңишти
Сталиндин жоокеринин бири элем.

Жоокер элем катаал шартка багынган,
Элди, жерди, энекемди сагынган.
Эң алгачкы өмүрүмдө сыйлыгым –
«Эрдик үчүн» деген медаль тагынган.

Ой чубуруп турчу анда кыялдан,
Жер кепеде алгач жазган чыгармам
Үч ыр эле майдан, дары жыттанган,
Акын Жоомарт журналына чыгарган.

Атактуу да, азаптуу да жагы бар,
Жоокер элем мен акжолтой, багы бар.
Кокусунан өлбөй калган денемде
Немец аткан эки огунун тагы бар.

Миңдер менен улуу кызмат аткарып,
Жеңиш карай Сталин турган башкарып
Көп жоокердин бири экенге мактанып,
Көп-көп жылдар жүзүм жүрөт жапжарык.

## ЖООКЕРДИН ЫРЫ

Эр жигит кезде курагым,
Элимдин алып куралын,
Мээрими Күндүн нурундай
Мекенди коргоп турамын.

Адамдар сыйлап, алкашкан
Ар тообуз аппак калпакчан.
Коргоймун элди байыркы
Койнунан тоонун жай тапкан.

Каалап көп өмүр сүрүшүн,
Карынын коргойм үмүтүн.
Кастарлап сактайм жаштардын
Жалындуу, таттуу сүйүүсүн.

Балдар көп дарак бүрүндөй,
Балдар көп көктөм гүлүндөй.
Күлкүсүн коргойм балдардын
Күмүштүн шыңгыр үнүндөй.

Коргосом бүгүн эл чегин,
Коргоймун элдин эртеңин.
Ууздай аппак тилеги
Уулуңмун, элим, мен сенин.

## КӨРГӨНДӨ ЖАЗДАЙ ЖАРКЫНДЫ

Жаркыган жаздай жайдары
Жароокер элең кайдагы?
Татына жүзүң мени арбап,
Табалбай калдым айламы.

Көргөндө сендей жаркынды
Көңүлүм куштай талпынды.
«Кантесиң, – деди акыл-эс, –
Карагын алды-артыңды!»

Жүрөгүм: «Али жашсың дейт,
Жүрбөстөн бекер шашкын!» дейт.

Акылым анда: «Жүрөгүң
Ээликпей эстүү каксын!» дейт.

Өйдөлөп менин курагым,
Өзүндө өрдүн турамын.
Ажайып сүйүү айлынан
Алыстап кетип куурадым.

Жароокер сезим кызытты,
Жан, жүрөк сезди кызыкты.
Көргөндө сулуу перини
Көңүлүм, көзүм кычышты.

Эс, жүрөк болбой ынтымак,
Эрдимди турам кымтылап.
Жалжал көз койсо көрүнбөй,
Жашамак элем тынчыраак.

## КЫЗДЫН КЫЯЛЫ

Жигиттер кызды сүйөрүн
Шар айтып, чабат жүрөгүн.
Мен кызмын, катып сырымды,
Ичимден сызып жүрөмүн.

Жигитке гана теңчилик
Жеткендей жүрөт эрсинип.
Керектүү ойду айталбай
Кезибиз жүргөн кемсинип.

Кыз – биздин назик затыбыз,
Бизге адат сырды жашырыш.
Көп кезде бизди өкүнтөт
Көнүмүш болгон назыбыз.

Жүрөккө толсо ашыктык,
Жүдөтөт кызды жашыктык.
Кызга да келсе не болмок
Жигитте жүргөн ачыктык?

## ТАТЫНАСЫҢ!

Сен неге жолукпадың жаш чагымда,
Серелүү кырктын кырын ашканымда?
Уйкаштай бир-бирине эп келишкен
Учмакпыз махабаттын асманында.

Сүйүүнүн түнүндө, же ак таңында
Мен сени кокус көрүп, тапканымда,
Өзгөрүп эргимекмин, балкымакмын
Өзүңдөн лаззат даамын татканымда.

Сербаасың, сезимдерге казынасың,
Сен аны азыр кимден жашырасың?
Ашкере айттым сырды үшкүрүнүп,
Айла жок – татынасың, татынасың!..

## АШЫКТАН – АШЫККА

Таптаттуу асел, сүмөлөк
Таңдайда эрип түгөнөт.
Алардан өзүң таттуусуң,
Көңүлгө бүткөн ак куусуң,
Көлүмдө сүзгөн ак куусуң.

Жылмайып аткан таңымсың,
Жылыткан жаркын жалынсың.
Көргөндө көңүл эргиген,

Көрөсөн жансың мен билем,
Өзүңдөй кайдан табылсын.

Жаныма жаккан күүмсүң,
Жакшына аваз, үнүмсүң.
Кайрылып мага азыраак,
Карачы мени жадырап,
Камыккан жүрөк сүйүнсүн.

Көз көргөн менен Ай алыс,
Кол жетпейт, жетет санаабыз.
Сен – жерде, жакын Айдайсың,
Сезимге сээп нуруңду,
Сергитип жанды, жайнайсың.

## САГА КЕЛЕМ

**(Жигиттин ыры)**

Көңүлүмө ой толсо сага деген,
Көрүшкөнү ашыгып сага келем.
Жакшынакай жүзүңдөн күлмүңдөгөн,
Жаз гүлүндөй коoздук таба берем.

Жансың өзүң жапжакын сырдаш мага,
Жагымдуусуң, бардыгың кымбат мага.
Тулку боюм, жүрөгүм сезет дайым
Тургансыйсың, сүйлөбөй ырдап мага.

Сөздөрүңдөн ыракат ала берем,
Көздөрүңдөн ыракат ала берем.
Татынакай тунук сөз, тунук ойду
Табар замат, асылым, сага берем!

## АШЫК ЖИГИТТИН ЫРЫ

Алтын Күн сээп шооласын,
Алыстан өбөт тоо башын.
Арuусуң таңдай азада,
Арбыткан жүрөк коогасын.
Сүйүнүп барктаар учуруң,
Сүйүүнүн келген ооматын.

Назиксиң көктөм гүлүндөй,
Нарктуусуң булбул үнүндөй.
Сүйкүмдүү карап турсаң да,
Сүр жоктур сенин сүрүндөй.
Өңгөнү назар кылбастан,
Өзүңдөн жүрөм түңүлбөй.

Мен болуп сени таяган,
Мээримге бөлөп аяган
Аяздан кышта калкалап,
Аптапта болуп саябан,
Аздегим болсоң деп эңсейм,
Ачыгын айтсаң, жай алам.
Анда Күн мага күлүңдөп,
Ажарлуу карайт ай-аалам.

## ЖАЙДАРЫМ

Жадырап жүзүң, маңдайың,
Жайында толгон Айдайым.
Жашоонун баркын сездирген
Жайнаган жансың жайдарым.

Жаралган кезде жаныпсың,
Жаныпсың, көпкө жагыпсың.

Ажарың нурдуу, жылдыздуу
Ажайып сулуу жарыксың.

Жарыксың, оттой тазасың,
Жарыгың оттой чачасың.
Өзгөгө арнап нуруңду,
Өзүмдөн неге катасың?

Сезимге учкун жандырбай
Сен жүрсөң, кантем кайгырбай.
Өмүрүм сенин нуруңдан
Өтсө деп тилейм айрылбай.

## ӨМҮРҮМДҮН ТАБЕРИГИ

Эркем-ай, билбейм сыйкыр немесиңби –
Эстесем, эстебеймин жан эритпей.
Көз канбас сенин ыйык элесиңди
Көңүлдө сактап жүрөм табериктей.

Күнүм жок өзүң калган унут болуп,
Түбөлүк кирсең керек тагдырыма.
Аптапта сергитесиң булут болуп
Айланып жайдын жыттуу жамгырына.

Кээ бирде дилден шаттык качкан кезде
Келесиң шаттыгымды сен кайра алып.
Жүрөктө сагынычым ташкан кезде
Жүзүмдү аймалайсың желге айланып.

Өзүм мен өксүйт элем, зилдейт элем
Өмүргө дем болбосоң, бел болбосоң.
Өзүм мен өз баркымды билбейт элем
Өмүрдүн табериги сен болбосоң.

## О, АНДА КӨКТӨМ ЭЛЕ

О, анда көктөм эле, көктөм эле,
Жаңы эле жамгыр төгүп өткөн эле.
Капкара карагаттай көзүң менен
Карадың кирпик какпай көпкө неге?

Сейилдеп бакта жүрсөк, Ай тамагым,
Сен ошол көз карашың кайталадың.
Мээримиң төгүп турсаң көз нуруңдан,
Мен неге байкабадым, байкабадым?

Болгондур байкабастык тагдырымдан,
Тагдырдын тайыздык же тардыгынан.
Сезимге от тутантып да карасаң,
Сен үчүн кечээр элем бардыгынан.

Мен кайра ошол кезди эстей берем,
Эстейм да, андай жазга жетпей келем.
Алиге сеникиндей көз караштты
Аттиң-ай, мен эч кимден сезбей келем.

## КЫЯЛДЫ КАНТИП ТЫЯМЫН?

Бейкапар жүргөн кезимде
Бейпайды салдың сезимге.
Акжуумал жүзүң албырып
Ар дайым акыл, эсимде.

Аттиң-ай, мынча кечигип,
Акыры азыр кезигип,
Өңүмдөн, сенин өңүңдөн
Өкүнүч турду сезилип…

Өмүргө – адам бир белек,
Өмүргө адам бир келет.
Өмүрдүн таттуу күндөрүн
Өткөрсөк эмне биргелеп.

Тапкандай асыл ынагын,
Талпынып эргип кыялым
Кыргыйдай тынбай сага учат,
Кыялды кантип тыямын?..

## ЭСИҢДЕБИ?

Алмалар ак гүл ачып, аңкып турган,
Асманда ак булуттар калкып турган,
Албырып жаз сага окшоп, сен жазга окшоп,
Айлана асемденип балкып турган
Өзүңдүн татынакай кезиңдеги
Экөөбүз табышкан жаз эсиңдеби?

Күндүз – Күн, түндө нурлуу Айым болуп,
Күлүңдөп сен нени айтсаң кайыл болуп,
Жанымды мен бүт арнап жалгыз сага,
Жалбырттап жаш жүрөгүм жалын болуп,
Көңүлүм эргип, эрип, эзилгени
Көөнөрбөй азыр сенин эсиңдеби?

Алыста, те алыста калып калган,
Асманда жылдыз сындуу жанып калган,
Өтсө да нечен мезгил, жүрөктөрдө
Өчпөстөн жалын калган, жарык калган
Ажайып нурлуу күндөр сезимдеги
Алиге эсиңдеби, эсиңдеби?..

## МЕН ГАНА БИЛЕМ БАРКЫҢДЫ

Агарып аткан таңымсың,
Ажайып кооз багымсың.
Жүрбөсөң күндө суктантып
Жүрөгүм кантип сагынсын.

Көз тойбой сени караймын,
Көп карай берчү бар айбым.
Байкаган сонун көркүңдү
Башкадан коргоп, аяймын.

Аяймын суук көздөрдөн,
Аяймын суук сөздөрдөн.
Чыныгы сулуу өзүңсүң
Чырайың жайнап өзгөргөн.

Көрбөгөм сендей жаркынды,
Көбөйтпөй көңүл дартымды,
Мээримиң чачсаң, мага чач –
Мен гана билем баркыңды!

## ӨМҮРДҮН МУКАМ ЫРЫСЫҢ

Аккан суу өңдүү кайрылбай,
Ашыккан жайкы жамгырдай
Өтсө да күндөр, сен калдың
Өзүмө бүткөн тагдырдай.

Жүрөсүң дайым эсимде,
Жүрөсүң дайым сезимде.
Жүрөгүм сыздап тызылдайт
Жүзүңдү көргөн кезимде.

Өмүрдүн мукам ырысың,
Өмүрдүн учкул шыгысың.
Сүйүнтчү дилди үмүткөр
Сүзүлө карап тымызын.

Түн кетип, жерди Күн өпсүн,
Түмөндөп мейли күн өтсүн.
Төбөдө жанган жылдыздай
Төрүндө сенсиң жүрөктүн.

## КЫМБАТЫМ

Суу жаңыртып Ала-Тоонун жылгасын,
Талаа тыңшап торгойлордун ырдашын,
Жаз жадырап, мен турамын сумсайып,
Жазда неге келбей койдуң кымбатым?

Жаркын гүлдөр жасалгалап кыр башын,
Жай чыгарып табияттын сымбатын,
Жер жапжашыл, менин өңүм керсары,
Жайда неге келбей койдуң кымбатым?

Дарак тагып түркүм мөмө-сыргасын,
Суктандырды адамдардын кыйласын.
Күтүп жүрсөм жүзүм камдап өзүңө
Күздө неге келбей койдуң кымбатым?

Эки жүрөк бирин-бири тыңдасын,
Эзилишип, элжирешип жыргасын –
Керемет бар сенде кышты жай кылар,
Келчи, келчи кыш чилдеде кымбатым.

## ЖАКШЫ АДАМГА ЖОЛУККУМ КЕЛЕТ МЕНИН

Жакшы адамга жолуккум келет менин,
Ал магниттей өзүнө тартып турат,
Ал жолукса гүл жайнап аңкып турат,
Ал жолукса маңдайым жаркып турат,
Жакшы адамга жолуккум келет менин.

Жакшы адамга жолуккум келет менин,
Ал жолукса күчтөнөм чарчап турсам,
Дароо канат суусунум чаңкап турсам,
Каалаганга жетемин аңсап турсам,
Жакшы адамга жолуккум келет менин.

Жакшы адамга жолуккум келет менин,
Ал жолукса жоголот кейиштерим,
Үзөм ойдун мөлтүрөк жемиштерин,
Келбейт чыккан өрүмдөн эңиштегим,
Жакшы адамга жолуккум келет менин.

Жакшы адамга жолуккум келет менин,
Куттуу үйүмө ал адам кирсе деймин.
Адал, аруу оюмду билсе деймин,
Шарапаты бизге анын тийсе деймин,
Жакшы адамга жолуккум келет менин.

Жакшы адамга жолуккум келет менин,
Ал жолукса жазылат көңүл черим,
Узаргансыйт ченемсиз өмүр чегим,
Унутkансыйм кооптуу өлүм чегин,
Жакшы адамга жолуккум келет менин.

## КАЙДАН АЛАМ ЫРЛАРДЫ?

Чын эле мен ырларды кайдан алам?
Дайрасы күркүрөгөн сайдан алам.
Ажайып күмүш кирпик жылдыздардан,
Ааламдын көрөр көзү Айдан алам.

Чын эле ырларымды кайдан алам?
Канаттуу кыялымды пайдаланам.
Кырларды, кыяларды кыдырамын,
Кыйналам, мүдүрүлөм, тайгаланам.

Ыр таппай калганымда айланаман,
Ыраакы ыр жыттанган жайга барам.
Ыр-түлкү буйтаса эгер ыкыс берип,
Ым түлөк бүркүт болуп кайра барам.

Ыр табам жер куйлардан, туюктардан,
Тумандан коктуларга уюп калган.
Ыр табам нөшөрлөрдөн көнөктөгөн,
Сурданган, жадыраган булуттардан.

Ыр издейм сан жалбырак, тамырлардан,
Ыр издейм кызгалдактуу адырлардан.
Ыр табам күлүңдөгөн Күн нурунан,
Ыр табам чартылдаган чагылгандан.

Ыр табам жашоо үчүн күрөштөрдөн,
Бирине бири окшобос мүнөздөрдөн.
Бирине – бири салкын мүнөздөрдөн,
Бири – курч, бири – назик жүрөктөрдөн.

Ыр табам ырк келишпес кагылыштан,
Ыр табам кызганычтан, таарынычтан.

Ыракат даамын татып көрүшкөндө
Ынактар жалындаган сагынычтан.

Адамдан өмүр жолун жаза баскан,
Адамдан өмүр жолун таза баскан,
Ыр табам оттой күйүп сүйгөн жандан
Ысымын ашыгынын атабастан.

Ыр табам жакшылардын акылынан,
Ыймандуу карылардын асылынан.
Ыр табам төкмөлөрдүн айтышында
Жоргодой жан терметкен басыгынан.

Ыр таппай калсам, жүдөп, бөксөрүлөм,
Ыр табам жаздын майин көк чөбүнөн.
Суктанып караганда ыр табамын
Сулуунун мөлтүр, нурлуу көздөрүнөн.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ПОРТРЕТИНЕ КОШУМЧАЛАР

### 1

Москвада жолукпайсың кимдерге,
Чолом тийип чоң театрга киргенде,
Мен кокустан калдым кокус олтуруп
Мексикалык мейман менен бир жерде.

Көшөгөнүн ачылуучу убагы
Жете электе коңшум менден сурады:
– Жериң кайсы? Элиң чакан, чоң элби?
Азбы, көппү – адам саны мол элби?..

– Ала-Тоолук чакан калктан элебиз,
Айтматовдун атын уккан белеңиз?

– О, түшүндүм, кайдан десем сени мен,
Турбайсыңбы Айтматовдун элинен.
Турбайсыңбы оюу, жолу оң элден,
Турбайсыңбы чакан эмес, чоң элден.

**2**

Бакуга мен барып калган кезимде,
Көк Каспийдин кылаасында, кечинде
Назик шактуу мажүрүм тал түбүндө
Япон акын сүйлөшкөнү эсимде.

– Акын сырын жашырбастыр акындан –
Айтматовду көргөндүрсүз жакындан?

– Көрүп жүрөм, мурда дагы көп көргөм,
Коңшу жашап, бир топ убак өткөргөм.
Азыр дайым дилди бийлеп кубаныч,
Амандашып, саламдашып турабыз.
– Анын бардык жазгандарын билебиз,
Талантына башыбызды ийебиз.
Акын сырын жашырбаса акындан,
Айтматовду сиз билсеңиз жакындан,
Кантип жетти даражага мынчалык,
Кантип болду чоң сүрөткер, акылман?

– Ал абаны бирге жутат биз менен,
Ал токоч жейт кадимки эле биз жеген.
Башкалардын башына окшош башы бар,
Бирок, укмуш ойду табат издеген.
Биздей басат, бирок, узун арышы,
Заман жүгүн так көтөрүп далысы
Бара жатат. Мүмкүн, кокус өз калкы
Тоңсо тоңуп, жанса бирге жанышы.

Ал – калкынын сыймыгы да, ардагы,
Ал – калкынын ар-намысы, байрагы.
Калк шаттыгы – анын жаркын таалайы,
Калк ызасы – анын күчтүү арманы.

Бейпил кечте аңгемеге тойбодук,
Бирге басып тынч Каспийди бойлодук.
Бул учурда өз үйүндө Айтматов
Калем кармап олтургандыр ойлонуп...

**3**

Мен айылга келдим багы көгөргөн,
Мен жогумда нечен бөбөк төрөлгөн,
Асел аттуу, Жамийла аттуу кыз толуп
Чыңгыз аттуу эркек балдар көбөйгөн.
Чыңгыз аттуу небересин жанына
Ала келип салабаттуу карыя,
Дидарлашып эсендешип бүткөн соң,
Дилиндеги оюн айтты жарыя:

– Калктын уулу, калк деп соккон жүрөгү
Кагылайын Чыңгыз аман жүрөбү?
Ага жардам берет эле эл деген –
Муктаждыгы бар болду экен эмнеден?

– Аны жакшы билесиңер баарыңар:
Атак-даңкы, ар кыл бийик наамы бар.
Аздектеген балдары бар, жары бар,
Айлыгы бар, байлыгы бар, баары бар.
Ата мекен, Ала-Тоолук калкы бар –
Адам эмес тагдырына таарынар.

– Антсе дагы өзү кандай ойдо экен –
Ага деги эмне жетпейт болду экен?

– Дагы бийик дабандарды ашуу үчүн,
Дагы сонун китептерди жазуу үчүн,
Асыл ой, сөз издөөгө,
Тынч олтуруп иштөөгө
Убакыт жетпейт бир гана...

**4**

Жайнаган кез Алматыда Көк-Дөбө,
Жай олтурдук көз жиберип бөксөгө.
Казак досум маектешип олуттуу,
Кымыз менен сөзгө мени тоюнтту.

– Силерде көп мөңкүп аккан дайраңар,
Силерде көп күңкүп бышчу алмаңар.
Жашыл бактуу шаарыңар көп жакшына,
Жайлооңор көп көргөн адам таң калар.
Анын баарын айтсаң сөз көп, кыскасы,
Ала-Тоодой асыл аймак кайда бар?

Чын дилимден мен жогору баалаган,
Мен суктанган жети укмуш бар кыргызда:
Ал – Ысык-Көл,
Кең Суусамыр,
Арстанбап,
Алай тоосу башы жеткен жылдызга.
Бешинчиси – улуу Нарын дайрасы,
Алтынчысы – улуу «Манас» эпосу,
Жетинчиси – Чыңгыз да!..

## АЙТМАТОВДУН АТАГЫ

Ала-Тоонун аскарында тапталган,
Атпай кыргыз сыймыктанып мактанган.
Ак шумкарды жакынкы же алыскы
Ар кыл өлкө көрдү бийик асмандан.

Көргөн жандын көзү тойбой таң калган
Көпкөк мухит, ак тоолорду айланган.
Ал ак шумкар – Айтматовдун атагы
Асыл, учкул канатынан шам жанган.

Дагы кезип материктер арасын,
Да карматып таң калтырчу адатын,
Айтматовдун ак шумкары чабыттап,
Ай-ааламга кага берсин канатын!

## ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВГО

Шаттык шамы сенсиз турат күйө албай,
Сени күтүп олтурабыз күлө албай.
Келип, биздин жандандырчы,
Дилибизди шаңдандырчы, Түмөнбай!

Сен майданда отту кечкен эрденсиң,
Күлкүң менен көп тозокту жеңгенсиң.
Өмүр бою куйкум сөздүн артынан
Өнүп жүргөн, аңдып жүргөн мергенсиң.

Сен жыргайсың адамдарды шат кылып,
Көңүлдөрүн гүл аңкыган бак кылып.
Ыраа көрбөй карылыкка өзүңдү
Ырың, күлкүң жүргөн кези жаш кылып.

Шайырдыктын нуру жанат көзүңдөн,
Үмүт кылат чоктуу, оттуу сөздөрдү
Сырдаштарың, курдаштарың өзүңдөн.
Көңүлдөрдө күлкү жансын жалбырттап,
Жанды эритер, карды эритер сөзүңдөн!

Сен Түмөнбай, акындардын шайыры,
Сенсиз көрксүз акындардын айылы.
Нечен көңүл ырың менен жадырап,
Нечен көңүл күлкүң менен байыды.

Күлкү чачкын жүргөндөргө күлө албай,
Миңдеп өтсүн өз башыңдан күн андай.
Улам уга берели
Даамы куйкум мурч сөзүңдү,
Дартка даба курч сөзүңдү, Түмөнбай!

## ЖУНАЙ МАВЛЯНОВГО

Жарым кылым тууган болдуң, дос болдуң,
Бир кайгырып, бирге күлүп оштондуң.
Өмүрүңдүн сексен кырын ашкан соң,
Сен капыстан бул дүйнөдөн жок болдуң.

Дагы жаңы бир топ кырды ашар деп,
Дагы далай жашоо даамын татар деп
Ишенчүмүн. Бирок, ойдо жок болчу
Сени жоктоп азалуу ыр жазам деп.

Кырчыныңдан кечтиң кызыл жалынды,
Кыйындыктан каткан жоксуң жанынды.
Жанган өрткө чалдыккан соң канатың,
Көрдүң күткөн ата-энеңди, жарыңды.

Адистиктин эң асылын тандадың,
Албан жашты келечекке камдадың.
Тарбияңды, таалимиңди, нускаңды
Татынакай бөбөктөргө арнадың.

Көп да болуп, төп да болуп жазганың,
Жараттың сен согуш, тынчтык дастанын.
Калам менен жасап адал, ак кызмат,
Калк алдында парызыңды актадың.

Арасында апыртма жок күкүмдөй
Ар чыгармаң чындык болчу бүтүндөй.
Канча сонун ойлор жазып, кажыбай,
Каламыңды колдон келдиң түшүрбөй.

Калыс элең жашка дагы, карыга,
Кадырдуу элең, жагымдуу элең баарыга.
Тегиз элең каламдашың Чыңгызга,
Темиркулга, Түгөлбайга, Аалыга.

Адам – асыл, сактоо керек дээр элең,
Адам – кымбат, барктоо керек дээр элең.
Бир да жандын оорутпаган көңүлүн
Жазуучунун дипломаты сен элең.

Элибиздин чыгааны да, кыйыны
Бир өзүңдөн канча жүрөк жылыды.
Ала-Тоолук эл унутпайт эч качан
Ала-Тоонун сендей уулун чыныгы.

**АДАМ ЖОЛУ**

Ар адамда ар башкача жол болот:
Бирөөнүкү кыйшык болсо, тар болсо,
Бирөөнүкү – даңгыр болот, чоң болот.

Бирөөнүкү – өңгүл-дөңгүл, азаптуу,
Бирөөнүкү – шыдыр, тегиз, оң болот.

Ар бир адам ар башкача жол басат:
Бирөө – билбей торойт, тосот өз жолун,
Бирөө – алат өзүнө өзү жол жасап.
Бирөө – түздө ташбакадай кыбырайт,
Бирөө – бийик дабан ашат, тоону ашат.

Өрдөн коркпойт өжөр, өктөм, азамат,
Адамдыкты, адалдыкты туу кылып,
Ак жол басса, ажарданат, жашарат.
Арсыз баскан жол уламдан төмөндөп,
Акырында туңгуюкка такалат.

Алмуздактан келген мыйзам ал мындай:
Адамдарга адам каалап жакшылык,
Ардактаса ыйманынан тайгылбай,
Өмүрүнүн сапарында жолукчу
Өрткө күйбөй, муздан өтөт тайгылбай.

## СУКТАНАМЫН

Ар кандай кыйындыкка карабастан,
Суктанам энелерге мээрим төгүп,
Көп төрөп, өмүр бою бала баккан.
Жаштарга айтып асыл нускаларын,
Сактаган каада-салтты мыйзам сындуу
Сабырдуу аталарга суктанамын.

Күн-түнү алсак деген, жулсак деген,
Ойлогон мээси калып, курсак менен
Суктанбайм сук кекиртек бакылдарга.
«Эл – дайым бак-таалайым менин» деген,
Эл деген ойдон такыр чегинбеген,
Суктанам элден чыккан акылманга.

Кур бекер кетип анын убадасы,
Калп чыкса көпкө берген убадасы,
Мен сезгем сезимимдин муздаганын.
Ал сындуу жел сөздүүгө теңелбеген,
Асмандан таш жааса да кебелбеген
Чынчылга чын ыкластан суктанамын.

Үстүнөн бирөөлөрдүн арыз жазган,
Жанына ыр сыяктуу жагып жазган
Суктанбай сургулт өңдүү арызчыга,
Так көрүп байыркыны анык жазган,
Жүрөгү жанып жазган, тарых жазган
Суктанам окумуштуу тарыхчыга.

Дени сак, күчтүү, эстүү, парасаттуу,
Көзү курч, кара чачтуу, кара каштуу
Жаштарга толгон мезгил туш тарабым.
Күн-түнү билим менен алпурушкан,
Күймөлбөй эртеңдерге талпынышкан
Күрдөөлдүү жаштарга мен суктанамын.

Жакшы ырды уксам, жаным канат кагат,
Көөнүмө көргөн укмуш сүрөт жагат.
Ызаттайм ыр, сүрөттүн усталарын.
Ырчыга сулуу үндөн сүрөт тарткан,
Боёктон күүлөр толгон жүрөк тапкан
Болумдуу сүрөтчүгө суктанамын.

Сулууну көрсөм дилде учкун жанат,
Көңүлүм ага айласыз туткундалат.
Жүрөктү андан кантип куткарамын?
Табылып кайдан-жайдан таттуу сезим,
Талпынып кыялымдан ак куу сезим,
Татына сулуугa мен суктанамын.

## КАНААТТАНБАЙТ

Канааттанбайт адам баласы,
Канаттанбоо – анын адаты.
Каалаганга жетсе, камыгат
Калган окшоп да бир чаласы.
Даамын татса далай жеңиштин,
Да жеңсем деп тынбайт санаасы.

Дөңгө чыгып, тоого чыксам дейт,
Учса көктө, учсам ыкчам дейт.
Билим алса, илим алсам дейт,
Бирди жыкса, минди жыксам дейт.
Ааламдагы ар бир адамды
Ардактасам, төшкө кыссам дейт.

Алыстарга сапар чексем дейт,
Анда жыргап, шапар тепсем дейт.
Октон да тез учуп жүз эсе,
Жетпегенге зуулап жетсем дейт.
Ойго байып ар кыл кеңдикте,
Ой үрөнүн тегиз сепсем дейт.

Планеттерге болуп ашына,
Тапсам дейт түгөнбөс казына.
Канааттанбайт адам көбүнө,
Канааттанбайт адам азына.
Батырсам дейт чексиз ааламды
Топтоголок топтой башына.

## КЫРГЫЗ МЕНЕН КОМУЗ

Комуз – аспап кооз үндүү, үч кылдуу,
Күүлөрү бар жүз кайрыктуу, жүз сырдуу,

Жанды эргиткен, жанды эриткен кубулуп,
Жарк-журк эткен чагылгандуу, учкундуу.

Комуз – аспап катар үч кыл тагылган,
Көөдөнүнөн күү дайрасы агылган.
Көңүлдөрдү көлкүлдөтүп, көйкөлтүп,
Көз көрбөгөн алыс жакка чамынган.

Кыргызына мындай аспап табылбай,
Кыргызына кызмат кылып жаңылбай
Комуз келет мээрим чачып мезгилге
Кыргызынын каны менен жаныңдай.

Кыргыз, комуз баштан бирге болучу,
Түк түгөнбөйт экөө баскан жол учу.
Кыргыз канча кылымдарды карытса,
Кыргыз менен кошо жашайт комузу.

## СӨӨЛӨТ МЕНЕН ДӨӨЛӨТ

Мактанабыз Ала-Тообуз кооз деп,
Мардаябыз кыргыз баштан жоош деп.
Маашыркандык, манчыркадык мактанып,
Мактангандан анча пайда таппадык.

Мактанабыз, бирок, барган кедейбиз,
Кедей болсок, кедей дебей, не дейбиз.
Анык сөөлөт жерибизге жарашмак,
Дөөлөт ташып, бай болгондо эгер биз.

Жерибиз кооз, бирок, абдан жардыбыз,
Көздүн жоосун алган менен кооздук,
Көптөн бери тойбой жүрөт кардыбыз.
Керек буга катуу кейип, кайгырыш,
Керек катуу намыс кылыш, ар кылыш.

Байыйбыз деп, жарыйбыз деп бакырдык,
Марыйбыз деп сөз саманын сапырдык.
Сапырдык да, сөз кадырын качырдык,
Үшкүрүндүк үмүтүбүз үзүлүп,
Үстүбүздөн катуу басса жакырдык.

Жайкашчулар дале тынбай жайкашат,
Жайкагандан алар качан чарчашат?
Жагалданган жалмап-жуткуч шылуундар
Жакыр журттун алын качан байкашат?
Ала-Тоодой сонун жерде керемет
Сөөлөт менен дөөлөт качан айкашат?

## АДАМДА БАРДЫГЫ БАР

Адамда атырылуу, айбыгуу бар,
Түз жолдо жаза басып тайгылуу бар.
Кубаруу, кумсаруу бар, албыруу бар,
Көз менен көңүл отун жандыруу бар.

Адамда куса болуп саргаюу бар,
Аксымдан ыза болуп арданууу бар.
Жалдырап жалынуу бар, жалбаруу бар,
Адал деп, арам сөзгө арбалуу бар.

Адамда тандашуу бар, жандашуу бар,
Ажайып жадырашуу, жайнашуу бар.
Адамдын шумкары бар, каргасы бар,
Кайрашуу, таймашуу бар, кармашуу бар.

Адамда чырмашуу бар, чырдашуу бар,
Жараны тырмашуу бар, ырбатуу бар.
Кыйгачтап кырдашуу бар, чырдашуу бар,
Ылгашуу, сырдашуу бар, жыргашуу бар.

Адамда ишенүү бар, шектенүү бар,
Аптыгуу, ашып-ташуу, чектелүү бар.
Сүрдөө бар, апкаруу бар, сестенүү бар,
Аздектеп жандай көрүү, жек көрүү бар.

## АТАСЫНЫН БАЛАСЫНА НАСААТЫ

Кылыр көздүүдөн сактан,
Кыңыр сөздүүдөн сактан.
Котур ташын койнуна каткандан сактан,
Кожосунуп, жолдошун саткандан сактан.
Эмгектен азгырган уйкудан сактан,
Эпилдеп сыйлаган куйтудан сактан.
Сөзгө көнбөгөн чырчыдан сактан,
Сөз аңдыган тыңчыдан сактан.
Аракты суу сындуу шыңгыткандан сактан,
Аймакты тымызын былгыткандан сактан.
Беш өрдөгүн күн сайын учургандан сактан,
Бир-бирине билгизбей тукургандан сактан.
Бузук сөз айтып, эринин кымтыгандан сактан,
Бутунан эмес, башынан сылтыгандан сактан.
Маңызы жок көп сүйлөп наалыгандан сактан,
Мадырайып, мардайып даарыгандан сактан.
Опсуз, жөнсүз дооматтан сактан,
Оңой келген ооматтан сактан.
Үлпүлдөк, мүлтүлдөк жандан сактан,
Курсагы жоон, ичи тардан сактан.
Жылма басып, жылма сөз айткандан сактан,
Жылма карап, ичке кек каткандан сактан.

## ЖОРГО, ЖОРГО ЖАРЫШЫ

Зымырылып, зымырап жорго барат,
Жоргосунан бир жазбай, жолдо барат.

Жетемин деп жорток ат арт жагынан,
Желип-жортуп, дөңкүлдөп зорго барат.

Ээсин жорго акырын чайкап барат,
Эркелетип, термелтип жайкап барат.
Жорток болсо ээсинин кыжырданып,
Кыйноо тарткан учурун байкап барат.

Жорго, жорток жарышы аяктады,
Көп киши экен чоң жорго тараптагы.
Кээ бирөөлөр жортокту аша мактап,
Зыпылдаган жоргону жаратпады.

Кээде көптү азчылык жеңет тура,
Бирөөлөргө жорток да керек тура.
Тие турган жорггого баш байгени
Жорггого эмес, жортокко берет тура.

Кээ бир чоңго мындай иш адат тура,
Көптү зордоо көөнүнө жагат тура.
Чымырабай койгондо кайыш бети,
Чындык байкуш чыркырап калат тура...

## КОМУЗ КОШТОП АЛПАРАТ

«Укмуш жок го кыргыздын комузундай!
Укмуш жок го комуздун добушундай!
Комузчунун карачы чебердигин –
Кантип чертет ойноткон колу сынбай?!»

Ушуну айтты чет элдик комуз уккан,
Кыргыз күүсүн кунт коюп толук уккан.
Коңур комуз үнүнө дили арбалып,
Комузчуга ыраазы болуп уккан.

Назик кылга сөөмөйлөр илинбесе,
Сыйкыр сырлар билинип, билинбесе,
Бабалардын туңгуюк зарын айтып,
Комуз кылы муңканып дирилдесе.

А биз ага кайдыгер, күжүлдөйбүз,
Беш бармак жеп, бакылдап, күпүлдөйбүз.
Кумар болуп мураска калган күүгө,
Кулак төшөп укпайбыз, түшүнбөйбүз.

Комуздугу комуздун ырас дешкен,
Мазакташып: «Таяк» же, «Жыгач» дешкен.
«Өлөрүнө калды эми бир аз» дешкен,
«Көп узабай ал болот жылас» дешкен.

Андай эмес, көбөйүп эл эсеби,
Кеңий бермек кыргыздын келечеги.
Кыргыз өссө баркы өсүп комузунун,
Барган сайын бааланат керемети.

Биз бул күндө билбеген сырлары көп,
Биз укпаган кайрыгы, ыргагы көп
Ыйык комуз кыргызды дайым коштоп,
Замандарга алпарат жыргалы көп.

## КАРКЫРАЛАР

Аймакты каптап көк чөп өскөн эле,
Айлана көл түстөнүп көпкөк эле.
Асмандан каркыралар адамдарга
Астейдил салам берип өткөн эле.

Көңүлгө сыйкырдуу дем бергенсиген
Аларды көрөр замат эрдемсигем.

Качанкы өтүп кеткен өмүр жазын
Кайтара өзүмө алып келгенсиген.

Күз келди сур булуттар калдайышып,
Күбүлдү жалбырактар саргайышып.
Сагынган каркыралар жылуу жакты
Күч жыйды узак жолго камданышып.

Бир күнү көккө чыкты каркыралар,
Караштты кыйбоочудай артын алар.
Кагышты канаттарын батыш карай
Каалгып көктө желе тартып алар.

Асмандан: «Кайыр кош!» деп айтып алар,
Артына келбечүдөй кайтып алар,
Аттиң ай, менин кырчын жаштыгымдай
Алыстап бара жатты каркыралар...

## БИШКЕК ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ЫР

### I. КЕТПЕСЕ ЭКЕН КӨЗ ТИЙИП

Көрүнгөн көрктүү, жапжаңы
Көп жылдар жазган жаш-кары
Кылымдар окуп кызыгар
Кыргыздын Бишкек дастаны.

Бишкектин түрдүү калкы бар.
Бир боордой, достой салты бар.
Бир жашап ырктуу, ынтымак,
Бирине бири тартылар.

Бактуу да, гүлдүү аймагы,
Балбылдайт Бишкек жайдары.

Күлүндөп аны бапестейт
Күндүз – Күн, түндө – Ай дагы.

Агарып аткан таң сайын,
Агылган апта, ай сайын
Суктантып, алып көз жоосун,
Суйкаят Бишкек ансайын.

Атагы чыккан көп бийик,
Алтын нур турган көп тийип,
Керемет сулуу Бишкекке
Кетпесе экен көз тийип.

## 2. АЖАЙЫП КООЗ БИШКЕГИМ

Таң эртең менен кечтеги
Таңдантат желдин эскени.
Ажайып кооз Бишкектин
Ажары ар кыл кездеги.

Шаарда барат бак толуп,
Шаарым барат бак болуп.
Эреркеп турган мезгили
Элине ырыс-бак конуп.

Шаарда бейпил, жайчылык,
Шаарды көрктөйт Ай чыгып.
Илгери чамдап жаштары
Илимге жапырт талпынып.

Алыстан тоолор чалкаят,
Асманы таза чаңкаят.
Көңүлдү көккө көтөрүп,
Көз жоосун алат чар тарап.

Бишкектен жыпар искедим,
Бишкектен таалай издедим.
Алдыма тартты таалайды
Асемдүү шаарым Бишкегим.

Бишкектин жүрөм төрүндө,
Бишкегим дайым көңүлдө.
Билсеңер, жаным ыраазы
Бишкекте өткөн өмүргө.

## КАРЫЯ КОМУЗЧУ

Жылкыны карап кары кыр жактагы,
Колуна комузду алды шырдактагы.
Кыялын учургансып тэ алыска,
Кылдардан күү чыгарды тырмактары.
Төгүлдү айланага купуялуу
Комуздун коңур, муңдуу ыргактары.

Кыл терип колдун картаң шадылары,
Ыргактын келип жатты жаңылары.
Узактан шерик болгон комузунун
Сезилип турду азыр карыганы.
Мекчейип, бели эңкейип калган менен,
Негедир жүрөгү анын карыбады.

Ал кезде капасы анын аз болучу,
Өзү да, комузу да жаш болучу.
Айылдын көп саамайлуу кызын аңсап,
Ашыклык алгач келген чак болучу.
Кашына кыз оюнга ал келгенде
Капыстан комузчуга бак конуучу.

Комузга ойдолоктоп колу ойночу,
Бул кезде кызды тиктеп ою ойночу.

Оюн-зоок кече болсо, ал кыз менен
Жолдору жолугуунун оңойлочу.
Жигитке кыз шыбырап: «Кантебиз?» деп,
Сарсанаа болуп, сансыз собол койчу.

Уламдан карап жигит кыз жамалын,
Унутпайт кыздын ага ыктаганын.
Жалжылдап, колун кысып, жүрөгү эргип,
Жанынан оңой менен чыкпаганын.
Кармалап седептерин чыптаманын,
Комузчу кыз саамайын жыттаганын.

Унутпайт оюна оюн кынаганын,
Унутпайт кыз комузун сылаганын.
Ал экөө алмак болгон тең бөлүшүп
Бардыгын тагдыр берген шыбаганын.
Унутпайт башка айла жок, алыс карай
Бел байлап кыз качууга ынаганын.

Ал экөө кубат алып ашыктыктан,
Айылынан караңгыда качып чыккан.
Түн бою ат өталгыс, ат басалгыс
Эң тажаал жолду тынбай басып чыккан.
Комузчу кыздын назик колун кармап,
Комузун колтугуна катып чыккан.

Эртеси жайдын жаркын күнүндө алар
Өргүдү табияттын үйүндө алар.
Бажырап ээн-эркин сыр чечишти
Барпайган байтеректин түбүндө алар.
Түпөйүл болду арсар көңүлдөрү
Түбөлүк чечмейинче түйүндү алар.

Безенди жаш да комуз, жакшы комуз,
Экөөнүн эңсегенин тапты комуз.

Бул жерде үнү ачык, таттуу чыгып,
Бул жерде бак-таалайды татты комуз.
Капыстан таап укмуш кайрыктарды
Эркинче миң кубулжуп жатты комуз.
Комузчу чертип жаткан кезде чамдап,
Чыгарган жаңы күүсүн кызына арнап,
Кол-бутун карыштырып таңышты да,
Жөнөштү куугунчулар экөөн кармап,
Эркиндик, сүйүү бүтүп, токмок жешип,
Эки ашык мүргүп басты боздоп, зарлап.

Ал экөө түн киргенде эптеп эле
Бул жерден из жашырып безмек эле.
Көз көрбөс, кулак укпас алыстагы
Бир жакка жер которуп кетмек эле.
Жүрөктүн түпкүрүндө катып жүргөн
Эң ыйык тилегине жетмек эле.

Жазмыштын суугунан, ысыгынан,
Жазмыштын жайыгынан, кысыгынан
Комузчу өтүп келди ушул кезге
Өзүнүн укмуштуудай бышыгынан.
Күү чертсе тунук жашы мөлтүрөдү
Жүлжүйгөн жүздөрүнүн кычыгынан.

Ушул көз небир кооз гүлдү көргөн,
Ушул көз ар кыл көрктүү түрдү көргөн.
Чагылган жарк эткен көп түндү көргөн,
Жайдары түмөн нурдуу күндү көргөн.
Карынын комузунан чыгып жатты
Картаң күү каргылданган, күңгүрөнгөн.

## АДИЛЕТТИК

Бала чактан арасынан тоолуктун,
«Адилеттик» деген сөздү көп уктум.
Андан бери кара чачым агарды
Аны көргүм, ага келип жолуккум.

Чындык менен учкул кыял тогошкон
Бул сөздү уккам уламыштан, жомоктон.
Адилеттик, атың бар да, затың жок,
Сени кимдер жер жүзүнөн жоготкон?

Себебиң не элден сенин корунган?
Азап тарттык арабызда жогуңдан.
Адаштырып жүрүшөбү шумпайлар
Адамдарга келе турган жолуңдан?

Өмүр бою адилдикти таппаган
Бир дербиштин сөзүн уккам какшаган:
«Адилеттик – асманда, ага чыгуучу
Шатысынын бардыгы бүт акчадан...»

Ушул чынбы: ордуң көктө, Айдабы?
Аңсап күткөн кыял болбой кайдагы,
Атың эмес, ажарыңды көрсөтүп,
Адамдарга тийгизсеңчи пайдаңы...

## ЭРТЕҢГИБИЗ БЕЛГИСИЗ

Түшүнбөдүм мен азыркы заманды,
Маң кылды ал, дал кылды да адамды.
Эндиредик бүгүн анык, так билбей
Эртең кайда биз шилтээрди кадамды.

Токтободу олкулук да, солкулук,
Күчөгөн кез көшөкөрлүк, жойпулук.
Күчөп барат оңой сатуу бир-бирин,
Күчөп барат кыргызга жат сойкулук.

Сүйлөгөн көп «эл» гана эмес, «элим» деп,
«Элим» дешип, алар жатат элин жеп.
Жакырдыкка белден батып ал эли
Жатканынан кабары жок желим жеп.

Жатабыз дейт алар элдин камын жеп,
Жалманышат алар элдин нанын жеп.
Жал, жаяны сугунуп ооз майлантып,
Жакырдыкты жоёбуз дейт жанын жеп.

Сөөлөт күтүп, койбой намыс, ар кылып,
Сөз сүйлөшөт дароо жокту бар кылып.
Өңчөй жегич кыя өтпөсө кызылдан,
Өзүн өзү жоймок беле жардылык.

Заман бүгүн оомалуу да, төкмөлүү,
Мыйзамсыздык тартып жатат көкпөрү.
Ата журттун демократия аралы
Араң турат суу түбүнө чөккөнү.

Эртеңибиз окшойт бүгүн туңгуюк,
«Эртең эмне болот?» десек, дулдуюп,
Олуямын дегендер да унчукпайт
Оозуна алган окшоп кум куюп.

## АРАЛАШ ОЙЛОР

Акмак кетсе, дүйнөдө асыл калат,
Жоомарт кетсе, дүйнөдө бакыл калат.

Жармач ойлор желге учса, акыл калат,
Ар жыл сайын ажалың жакын калат.

Сансыз санаа адамга дүрбөп келет,
Бирин-бири чакырып, үндөп келет.
Ар санааны максатка айлантууга
Кудуреттүү, угуттуу дүрмөт керек.

Күн күлүңдөп, дүйнөгө таңда чыгат,
Күүгүм кирсе ажайып Ай да чыгат.
Жаз, жай, күз, кыш жүздөрүн өзгөртүшөт,
Шаттык, кайгы күн-түндөй алмашылат.

Кээде арсыздар эстүүдөй байкалышат,
Кээде эстүүлөр арсыздан жалтанышат.
Акылдууга анык баа берилбесе,
Жөө чечендер эстүүдөй кайкайышат.

Өткүн өтсө, табият ажарданат,
Жаш сулуудай жадырап, жагалданат.
Жер титиреп, чайпалса сур деңиздер,
Жексен болбой анда да Адам калат,
Жемирилбей, кебелбей аман калат.

## КАЙРАН ТУРНА

Жылуу кезге салкын кез аралашкан,
Эрте жазда келишкен каркыралар
Эми кайра түштүккө бара жатты.

Көккө чыгып учушту салтанаттуу,
Камкор башчы ырааттуу катар тизип,
Каркыранын бардыгын алпаратты.

Турналарга адамдар жарданышты,
Асмандагы ажайып коздукка
Акыйышып, тамшанып таң калышты.

Жалгыз турна бөлүнүп катарынан,
Канаттары шалдайып, жерге сулап,
Кала берди бараткан сапарынан...

Шериктери үстүнөн айланышты,
Көп айланып, айланын жоктугунан,
Кайра узак сапарга камданышты.

Катуу ооруп, жүрөгү жарылгандыр,
Байкуш турна мүрт өлүп капысынан,
Көктө келген ажалга багынгандыр.

Турна болчу турнага дем болор ал,
Эми түнкү куурайды шимшилеген
Шиш тумшуктуу түлкүгө жем болор ал?..

Алып келди көңүлгө арман турна.
Тирүүсүндө суктансак, ал заматта
Кайран турна аталды, кайран турна!..

## АЯЛДАРГА ДАҢАЗА

Аялдар көп тунук, таза акылы,
Эрлеринин кеңешчиси, жакыны.
Аялдар көп аксанатай, ак тилек,
Аялдар – чын адамдардын асылы.

Акыйкатты айтуу абзел оболу,
Аялдарсыз бакыт толук болобу?
Аялдар да жашоо даамын таттырган,
Бул замандын мукам күүсү, обону.

Аялдарсыз сургулт тартып жер жүзү,
Түн сыяктуу түнт көрүнмөк күндүзү.
Аял – көркү, коордугу дүйнөнүн,
Бүт ааламдын салтанаты, күлкүсү.

Аял турат өчкөн отту тамызып,
Аял турат адам жүзүн жарытып.
Адамдарга берип ыйык кудурет,
Жүрөктөрдү сүйүү менен марытып.

Ченем жетпей түп маанисин ченесек,
Болот аны Күн нуруна теңесек.
Аалам, дүйнө аял менен кунарлуу,
Адамзатта аялсыз жок келечек!

## КҮЛГҮН КУРАК

Бирге болдук биз сонун мезгилдерде,
Эртең менен, түш ченде, кеч киргенде.
Көйкөлдүк да, жайкалдык көөнүбүзчө,
Көз каранды болбостон эч кимдерге –
Күлгүн курак.

Арасында мен жүрүп салтанаттын,
Саясында мен жүрүп Ай тамактын,
Катар басып баратып капысынан,
Калып калган өзүңдү байкабапмын –
Күлгүн курак.

Сени таштап, мен өзүм алкындымбы?
Мени таштап, сен өзүң тартындыңбы?
Көз кыйыгын салалбай көзөмөлдөп,
Көңүлүңдү таарынтып калтырдымбы? –
Күлгүн курак.

О, кымбаттуум, өзүңдү табалбадым,
Же сен келип, мен сага баралбадым.
Төбөсү ачык, курчалган төгөрөгү,
Көпүрөсүз көлдөгү аралдамын –
Күлгүн курак.

Аралыма кокус сен келесиңби?
Алдырадым жыя албай мен эсимди.
Бермет жашым мөлт этет кирпигимден,
Көз алдыма келтирсем элесиңди –
Күлгүн курак.

## ӨМҮР КЫЗЫК

Алайкуунун айдыңында туулгам,
Алайкуунун жамгырына жуунгам.
Канат кагып учуп чыккам үмүттүү
Касиеттүү Алайкуу аттуу туурдан.

Ар кыл, ар кыл адыр аштым, кырды аштым,
Ак мөңгүлүү тоолор менен сырдаштым.
Асмандагы жылдыздардан ой терип,
Аскалардын беттерине ыр жаздым.

Капкараңгы үңкүргө да түнөдүм,
Кайратымды кайрак ташка бүлөдүм.
Кээ биреөдөн жыргап, балкып ысыды,
Кээ биреөдөн тоңду байкуш жүрөгүм.

Жоргону эңсеп, дуушар болдум чобурга,
Жамгырды эңсеп, дуушар болдум добулга.
Бактым качып, кирип кетсе коңулга,
Байлык келди сары чакам жогунда.

Кээде кокус капилеттен ой таптым,
Кээде жалгыз Айсыз түндө жол таптым.
Кээде тегиз, кенен жерде мүргүдүм,
Тар кыяда кээде олжону мол таптым.

Асманымдан тийип нурдуу ак жарык,
Айланам бүт болуп турса жапжарык,
Ал жарыкты ичи тарлар өчүрсө,
Алдастагам айлам кетип апкаарып.

Кээде менин ишим чыгып оңунан,
Ойго келбес жакшылыкка жолугам.
Оң колума келип конду ылаачын
Күйкө качып кетсе сол жак колуман.

Бирде мелт-калт толуп, кээде төгүлгөн,
Бирде супсак, бирде таттуу көрүнгөн.
Дүр-дүйнөлүү, кээде жакыр, кур жалак –
Дүйнөдө жок кымбат нерсе өмүрдөн.

## КАРЫЯНЫН АЙТКАНЫ

Кай бирлер калпка айланды,
Калп айтуу салтка айланды.
Акыйкат калптан тайманды,
Табалбай жүрөм айламды.

Ардактар дайым жаңжалды,
Арсызга дилим таң калды:
Чымырап бети койбостон,
Чындыктай айтса жалганды.

Билимдүү, ойчул карыбыз,
Биздин бар намыс, арыбыз.

Айтылар замат сезебиз
Апыртма сөздү баарыбыз.

Карт деген шылдың сөз беле?
Карыда күнөө көп беле?
Эси жок деген туурабы
Ээгинде сакал өссө эле?

Баа бербей ойлоп: «бакалбы?»
Баалайт бил ыйык сакалды.
Сакалды барктап, сыйласаң,
Барктайсың анда атаңды.

Алдаба картты калп айтып,
Ал укпай эрдин шалпайтып,
Өзгөнү оңой алдайм деп,
Өзүңдү алба картайтып.

Жел сөздү ташта баарыңар,
Жел сөздү сүйбөйт карылар.
Калп менен сыйлайм десеңер,
Карынын баары таарынар.

Чубалган узун учуктай
Качалы калпка тушукпай.
Көнгүлө көрбөй жалганды
Беш бармак менен чучуктай.

## БУЛ ЧЫНДЫК

Шок бала элең чыт курсак чедирейген,
Шор тартчусуң мурдуңду теңирейген.

Ата-энеңе башынан карамдуу элең,
Ар бир ишке жашыңан жарамдуу элең.

Карапайым малчынын тукуму элең,
Атаң сындуу сен дагы жупуну элең.

Өстүң камкор адамдын бүлөсүндө,
Боорукерлик бар болчу мүнөзүңдө.

Идиректүү, ийкемдүү жигит дешти,
Баарын турат баамдап билип дешти.

Жалгыз гана жарыңдын сен көзүнө
Көрүнбөстөн, көрүндүң эл көзүнө.

Жактырбадың кырс мүнөз чортойгонду,
Жактырбадың кой сойгон, чоң тойгонду.

Жактырбадың менсинип, чиренгенди,
Жактырбадың сен атка минерлерди.

«Чоңдорду» бүт «жегич» деп мазактадың,
Эсте аларды жек көрүп, ашатканың.

Эл ишенди өзүңө «Азамат!» деп,
Сен чоңойсоң, эл ичи тазарат деп.

Сени баары ак жүрөк, адил дешти,
Буга айткан сөздөрү далил дешти.

Анан сени колтойгон «чоң» кылышты,
Айлыгыңды олчойгон сом кылышты.

«Чоң» болгон чоң, чоң стол кучактадың,
Чоң сүйлөдүң, көгөрдүң, бутактадың.

Калбай белги мурдагы келбетиңден,
Казы байлап, семирдиң сен бетиңден.

Дуулашынча аябай дуулады҆ң сен,
Куунашынча аябай куунадың сен.

Баркы кетип айтылган сөздөрүңдүн,
Баягыдан бат эле өзгөрүлдүң.

Дагы бир сөз атыңа эгиз болду,
Ал кошулган жаңы сөз «жегич» болду.

Желмогуздай оп тартып жулунасың,
Жейсиң, жутуп, жалмайсың, сугунасың.

Эл-жериңди таптакыр унуттуң сен,
Эт тыгылган, тырсыйган тулупсуң сен.

Хан сарайда жатканың мамык болду,
Май басканы мээңди анык болду.

Мээ так сезсе, бүт баарын аңдайт тура,
Мээ семирсе, ойго орун калбайт тура.

## ЧОҢ АТАНЫН НЕБЕРЕГЕ БАТАСЫ

Мажестей болбой, күчтүү бол,
Мажирөө болбой, түптүү бол!
Эл алдында эштенген
Эки эмес, жалгыз жүздүү бол!

Мөрөйдү дайым утчу бол,
Мөл болгун дагы, куттуу бол.
Жубардай таза аруу бол,
Жугумдуу бол да, жуктуу бол.

Мөңгү суудай тунук бол,
Мөмөлүү бол, угут бол.
Төргө тийген Ай, Күн бол,
Чөлгө жамгыр, булут бол.

Азада, ак бол, адал бол,
Ажайып адил адам бол!
Даражаң улам бийиктеп,
Дайым бар бол, аман бол!

## КӨНБӨЙ КЕЛЕМ

Качан кетти жаштыгым, билбей келем,
Карылыкты мойнума илбей келем.
Карылыктан чочулап, тийбей келем,
Карылыктын чобурун минбей келем.
Энөөлөнүп айлына сиңбей келем,
Эшигин кең ачса да, кирбей келем.

Келип калдым куракттын сексенине,
Кире элекмин карылык мектебине.
Кире элекмин мен анын эч кебине,
Жугузбадым белгисин эч жериме.
Камалбадым курчаган чектерине,
Кызыкпадым алтынбап чепкенине.

Өмүр жолун мен түзөп, жөндөй берем,
Өрүм бүтпөй, өйдөгө өрдөй берем.
Жаштыгымды мен чоочун көрбөй келем.
Жатыркатпай, жанымдан бөлбөй келем.
«Аксакал» да «карыя» деген сөзгө
Алигиче чочуркап көнбөй келем.

## БАРАТАБЫЗ

Бул ырды окуп, айтар бирөө: «Пессимист!»
Айткыбыз бар, бирок, калыс кепти биз,
Кантип келсин бул дүйнөдөн кеткибиз.
Аздан-аздан өлүмгө ооп таразабыз,
Качмак элек кай жакка, акырындап
Кайтпас жакка жакындап баратабыз.

Бул ырды окуп, айтар бирөө: «Пессимист!»
Мезгилдебиз жогото элек эсти биз,
Кантип келбейт, келет жүзгө жеткибиз!
Ажалды ойлоп жүрөктү канатабыз,
Моюнубуз жар бербей, тигил жакка
Келбесе да баргыбыз, баратабыз.

Бул ырды окуп, айтар бирөө: «Пессимист!»
Бул дүйнөдө калмак белек текши биз,
Бузалбайбыз Кудай койгон чекти биз,
Барган сайын азайып тамашабыз,
Артыбызга кайта албай, айла жоктон,
Айдоосунда ажалдын баратабыз.

## БҮГҮНКҮ ТАҢ

Мажрүм талдын саамайлары суйсалып,
Магдыраган кезде мүлгүп сумсайып,
Табылгыстай тамылжыган таң атты
Татынакай сулуу кыздай суйкайып.

Көрдүм жердин көктөмдөгү гүлүн көп,
Гүлдүн ар кыл кооз түрү бүгүн көп.
Жадырады жайдары таң жакшына
Жан досумдай, чын досумдай күлүңдөп.

Сулуу таңдан качан кумар таркады,
Суктанып дил, кайра таңды аңсады.
Табуу кыйын: мындай таңдан дагы да
Тагдыр мага буюрду экен канчаны?..

## ТАҢ

Таң атты жаш эненин ак сүтүндөй,
Таң атты аруу кыздын ак жүзүндөй.

Гүлдөргө шүүдүрүмдөр коомай конду,
Күн чыкса ал орундан оомай болду.

Булбулдун күүсү дароо жаңыланды –
Тумшугун шүүдүрүмгө малып алды.

Акын да ыр көлүнө калкып алды,
Каймагын сөздүн иргеп, калпып алды.

Жел жүрсө жалбырактар тыбырашты,
Даракка жан киргизип шыбырашты.

Ажары булуттардын аппак болуп,
Табият турду таңда жапжаш болуп.

Жер таза, калаа таза, талаа таза,
Жел таза, аба таза, сая таза.

Таң таза наристенин ыманындай,
Татына жапжаш кыздын кыялындай.

## ЫР КҮТҮҮ

Эрте ойгонуп сан ойго баткан чагым,
Эргүү самап, ыр самап жаткан чагым.

Ышкы деген  жыргалды таткан чагым,
Ыр бер мага жоодурап аткан таңым.

Ырды күтүп ээлигем санаа тынбай,
Ырды берчи ылаачын канатындай,
Ак күмүштүн шыңгырак авазындай,
Алай-Куунун пакиза абасындай.

Ырды берчи булактай ийип турган,
Байтеректей барпайып бийик турган,
Асыл күүдөй көңүлгө сиңип турган,
Ай нурундай асмандан тийип турган.

Жакшы ыр эңсеп көңүлүм так катканын,
Сен да сездиң – сан ойго баткан чагым.
Жалоорутпай жаңы аткан жапжаш таңым,
Жакшы ыр берчи ак таңым, аппак таңым!

## БИЗГЕ КЕРЕК АР-НАМЫС

Кээде такыр кетип турса аргабыз,
Керек болот кайра бизге жанданыш.
Бейкаруулук кылып, өксүп, өкүнбөй
Белди бек бууп, абдан зарыл арданыш.
Алмустактан болуп келет айгине
Арданыштан жаралары ар-намыс.

Бардыгыбыз адамбыз да, пендебиз,
Келатабыз жашап сонун жерде биз.
Шалдырасак, жалдырасак чыйралбай,
Адам болмок анда биздин эмнебиз.
Акыйкатта ар-намыс деп аталат
Өзүңө өзүң акыл бериш, дем бериш.

Кечеги өткөн мезгилде эле береги
Ушул сөздүн жок сыяктуу кереги
Улпак сындуу ыргытылып ташталган
Унутулуп маанисинин тереңи.
Ар-намысты алуу керек ардактап
Алга умтулуп баратканда эл эми.

Ушул сөздү унутпастан калкыбыз,
Улантылсын намыскөйлүк салтыбыз.
Ушул сөздү дил эргитчү ураандай,
Урматтасак көтөрүлөт баркыбыз.
Алга бассак жетпегенге жетебиз
Ар-намысты туу көтөрсөк жалпыбыз.

## БОЗ ҮЙ

Кыргыздын ыйык үйү көчүп келет,
Кылымдан кылымдарга өтүп келет.

Боз үйдө кыргызымдын кол өнөрү,
Тамшанткан, таң калтырган чоң өнөрү.

Боз үйдү чебер кыргыз саймалаган,
Суктанып аны түндө Ай караган.

Жаралган ушул боз үй асыл баштан,
Боз үйдө кыргыз ыйман, акыл баккан.

Боз үйгө аалам баткан, дүйнө баткан,
Акылды толук кыргыз үйдө баккан.

Боз үйдө намыс жыттуу, кымыз жыттуу,
Төрөлгөн далай балдар ырыс жыттуу.

Алдырбай тоонун калпак, элечегин,
Боз үйдүн сактайт алар келечегин.

Боз үйдө мукам комуз таңшый берсин,
Күүсү анын бүт дүйнөнү камтый берсин.

Боз үйдүн шөкөттөлүп саймалары,
Кебелбей бекемделсин чамгарагы!

## ЭРЕЖЕ ЖӨНҮНДӨ

Адамдын баарын карагын,
Эреже менен иш кылып
Алдыга шилтейт кадамын.

Эреже керек ар жерде,
Жарыгын элге Күн чачып,
Жаралуу, өсүү бар жерде.

Байкадым мурда, кийин мен
Эреже – олку-солкусуз
Жашоо экен чыкпай чийимден.

Эреже – жобо табылбас,
Бирок да кээ бир жагдай бар
Эрежеге багынбас.

Ишендим ойлоп күнүгө
Эреже болбойт таптакыр
Ыр жазуу менен сүйүүдө.

## «СЫНГАН БУГУ»

Молдокемдин черткен «Сынган бугусу»
Баасы бийик далай күүнүн улуусу.

Кенчтей кымбат ушул күүнү ар кыргыз
Керек деймин дым чыгарбай угуусу.

Бул күүнү уксам жаңыланам, өзгөрөм,
Алчы конот азыр сакам өкчөгөн.
Оштономун, эштенемин, дегдеймин
Жетүү үчүн максатыма көздөгөн.

Татаал, терең күүнүн ар бир кайрыгы,
Ичтен айдайт санаа, букту, кайгыны.
«Сынган бугу» – кыргыз симфониясы,
«Сынган бугу» – элдин дөөлөт, байлыгы.

Көңүлүңө сыйкыр нурду себелеп
Турган күүгө айтчы, кай күү теңелет?
Сындап уккун, чындап уккун, баары бир
«Сынган бугу» – күү эмес, бир керемет!

## ЧАКЫРЫК

Кыргыз тили – биздин таалай-багыбыз,
Жүрөгүбүз, жүрүп турган каныбыз.
Коргой албай аны коргор мезгилде,
Кайда кеткен биздин намыс-арыбыз.

Кыргыз тили – биздин ыйык кенчибиз,
Тагдыр таамай бөлүп берген энчибиз.
Өстүрүүгө өзүбүздүн тилди азыр
Жетпей жатат өзүбүздүн эркибиз.

Тил өнүксө, элдин жолу оңолот,
Эл ооматы көккө чыгат оболоп.
Тил жоголсо, талкаланып таалайы,
Тилдин ээси өзү кошо жоголот.

Тилибизди оор оору тооруду,
Тил – деп какшап жүрөгүбүз ооруду.
Кыйла жылы бир айтканын миң айтып,
Кыргызымдын кызыл тили жооруду.

Жетти мезгил жете турган кезине,
Эл үчүн тил эмне экенин сезүүгө,
Дилди оорутпай, тил жоорутпай эң кымбат
Тил жөнүндө маселени чечүүгө.

Төмөнкү ойдо бул ырымдын өзөгү:
Сары журттан көк тулаңга көчөлү,
Тил – деп жашап жаагыбыз карышты,
Кана эмесе, сөздөн ишке өтөлү!

## УЛУТТУК АР-НАМЫС

Аз жерден кетпей тукум курут болуп,
Аз жерден калбай такыр унут болуп.
Кырылбай кырчылдашкан кыргындарда
Кыргыздар түптөлгөнбүз улут болуп.

Кыргызым эл экенбиз бактысы бар,
Бактынын ар-намыстай ачкычы бар.
Ачкычтан ажыратып кастар бизди,
Чарпылтып чар-тарапка чачкысы бар.

Көралбай биздин бекем биригишти,
Уруштуп бирибизге бирибизди,
Акырын тымызындан жойгусу бар
Канга да, жанга сиңген тилибизди.

Эңсөө күч кутман мезгил курсак деген,
Улуттун кудуретин туйсак деген.

Баш менен ойлонууга мезгил жетти
Ойлонуп көнбөй кара курсак менен.

Улутту ыйык көрүп оболу биз,
Улуттун кыр аркасы бололу биз.
Улуттук ар-намысты улуу көрүп,
Туу кылып көтөрөлү жогору биз!

## АТА ЖУРТТУН БИРИМДИГИН ЧЫҢДАЙЛЫ

Болбогондон чын ынтымак, биримдик,
Нечен кыйрап, нечен канга кириндик.
Нечен кирип кастар менен кармашка
Нечен өлүп, нечен кайра тирилдик.

Азыр чындап жандануунун мезгили,
Акыл калчап, ардануунун мезгили.
Биз өзүбүз жасабасак эртеңди,
Жасап бербейт башкалардын эч кими.

Аңдып жүрөт калп жылмайып күлгөндөр,
Көкүрөккө тымызын кек түйгөндөр.
Оомат бизге келгендигин көралбай
Ортобузга от жакканы жүргөндөр.

Алар жүрөт элдин кетпей тузу уруп
Эки жакты бир-бирине тукуруп.
Өзү конгон дөөлөт кушун мүрүгө
Баркын билбей качырбайлы учуруп!

Ырааттуулук жерибизде жайкалсын,
Ырк-ынтымак элибизде байкалсын.
Түртүшүүгө, тартышууга себеп жок,
Түндүк, түштүк түбөлүккө айкалсын!

«Бийик тур!» – деп Ала-Тоону тирер биз.
Бирибизге бирибиз күч, жигербиз.
Бирөөлөргө азгырылбас, алданбас
Бир максаттуу бир улутпуз, бир элбиз.

Куру дымак, куйсупурлук, кескилик,
Кунарсыздык жүрөт өзүн сездирип.
Утурумдук сезим эмес, кыргызды
Сактап келген сабырдуулук, эстүүлүк.

Ушул кезде кайдыгерлик кылбайлы,
Улут үчүн жанды үрөп,тынбайлы.
Ала-Тоонун адамдары намыскөй,
Ата Журттун биримдигин чыңдайлы!

## ДҮЙНӨДӨН БАРПЫ ӨТКӨНДӨ

Жакын жерден Байзаковду көп көрдүм,
Жанаш жүрүп бир топ жылды өткөрдүм.
Саяпкердей сөз таптаган, сөз баккан
Ал чыныгы сөзмөрү эле сөзмөрдүн.

Ак калпактуу кыргыз үчүн бир келген,
Ак таңдайлар арасынан иргелген.
Акындыктан асмандаган атагы,
Ал Барпы экөө чыккан эле бир жерден.

Айлар, жылдар өткөн кезде арадан,
Ал Барпыга атасындай караган.
Азиз акын мажбур болгон мезгилде
Асыл сөзүн жыйнап ишке жараган.

Аны Барпы атачу экен: «Досум» – деп,
Айтканымды дыкат угуп отур – деп,

Абайласам сөзгө, ырга шыктуусуң,
Алаксыбай акындарга кошул! – деп.

Ага сиңип алп Барпынын акылы,
Кымбат көрүп, кыйышпаган жакыны.
Болочокто канат жайып Байзаков
Болуп чыкты кыргыздын чоң акыны.

Барпы болчу анын сыйлап, аяры,
Алп акындын өмүрүнүн аягы
Кантип бүткөн – деп сурасам мен андан,
Мындай болгон Түмөнбайдын баяны:

– Оң төшүндө дал бармактын башындай
Без бар эле ооруп жүргөн басылбай.
Ошол безди хирург алып салган соң,
Көпкө жүрдү каш-кабагы ачылбай.

Ошол безде бир касиет бар өңдүү,
Барпы жүрдү жөнөкөй бир жан өңдүү.
Ырдабады шык качкансып дилинен,
Эргүү, илхам, төкмөлүккө зар өңдүү.

Көтөрүлүп Барпынын кан басымы,
Оорлошуп ооруп калды акыры.
Жеткирилди борбор шаарга тезинен
Кыйноо тарткан кыргыздын алп акыны.

Дароо келип дартканага жайгашты,
Дарттуулардын арасында жай жатты.
Дарыгерлер даба издешип дарылап
Бир топ апта бирин-бири алмашты.

Ага күндө келип турдум ал сурап,
Артка карай өттү, кетти канча убак.

Оорусунан айыгуудан, жашоодон
Түк болбоду ал түңүлүп калчу убак.

Удаа өтүп күздүн коңур айлары,
Келип калды Октябрдын майрамы.
Бул майрамда эл алдында ыр төгүп
Барпы канча эргип, таңшып сайрады.

Не кыларды билбей башым айланды,
Ойго батып, таппай башым айланды.
Таарынбастан жата тур – деп Барпыны,
Мен өткөрүп келмек болдум майрамды.

Майрам өттү каада-салттуу адатта,
Шаңдуу майрам кары-жашка жагат да.
Даам алып дасторкондон майрамдык,
Мен ашыктым оорукана тарапка.

Барпы жатчу керебети бош турат,
Ал жамынчу төшөнчүсү жок турат...
Эмне болуп кетти деген ой менен
Эт жүрөгүм элеп-желеп сокту бат.

Оорулуунун баары мени карады,
Ойлорунда боор ooруп аяды.
Ана турат керебетке жөлөнүп
Аза күтүп алп акындын таягы.

Бул учурда зарыл сөздү табышып,
Кээ биринин кабыргасы кайышып,
Акын менен палатада жаткандар
Айтып жатты шум кабарды жарышып:

Үнсүз-сөзсүз жаткан акын баштагы
Тымып турган тынч абалын таштады.

Кейип-кепчип тагдырына таарынбай
Кече күнү тынбай ырдай баштады.

Алып кетер ажалдан да жазганбай,
Ал ырдады атырылган арстандай.
Ыйык, терең ойлорду айтып олуттуу
Ырдады ал баары жокко жаккандай.

Анык ырчы экен ашкан ак таңдай,
Ал ырдады кемшиңдебей, даттанбай.
Алдырбаган ар-намысын айтышта
Ал ырдады сөз кылычын чапкандай.

Оозунан оргуп улам бөлүнүп,
Ойлор жатты учкундалып төгүлүп.
Ынтаа коюп палатада биз жаттык
Ырларынын нурларына чөмүлүп.

Ал жашоону даңазалап жар салып,
Жадабады жаагын жанып жаңшанып.
Улам жаңы ой айтылган ырларын
Угуп жаттык, муюп жаттык тамшанып.

Калктын ашкан кайратманы, ардагы
Чарчабады, чаалыкпады, талбады.
Аалам жүзүн бүт кыдырып чыккандай
Ал айтпаган асыл ойлор калбады.

Ашкан кезде алтымыш беш кыраңды,
А дүйнөгө кетерине ынанды.
Көлкүп, балкып көл толкуган сыяктуу
Көңүлүнүн бүткүл бугун чыгарды.

Оорудум – деп озондобой, боздобой,
Ооругу деген сөздү такыр козгобой,

Таңдайы анын түнү менен такылдап,
Таң атканча таңшып чыкты токтобой.

Шамдарын шаар койгон кезде өчүрүп,
Акынды ажал алган өңдүү өчүгүп,
Анын жаны асманга учуп кеткенсип
Ал тынч алды түбөлүктүү көшүлүп.

Биз менен бир көпкө жаткан жанаша,
Адамдарды кылган ырдап даңаза
Анын үнү басылганда таң эртең
Тымтырс болуп тынчый түштү палата.

Азиз эле, жүрөгү анын жаш эле,
Ата  Журтта андай ырчы аз эле.
Анын сөөгүн өлүкканага
Ашыгышып апкетишти бат эле...

Таягын да өзү сындуу ызаттап,
Кыйла турдум мен боорума кучактап.
Ыза толуп, кайгы толуп ичиме
Ыйлап турдум сооронo албай бышактап.

Аттиң, аттиң, мен майрамдан качсамчы,
Аны менен палатада жатсамчы.
Аалам менен, адам менен коштошкон
Акыркы ырын диктофонго жазсамчы...

Арман кылбай, айтпай-нетпей көйгөйүн,
Ал көрсөтүп башкаларга өрнөгүн,
Ынтаа коюп баатырдыгын көрбөдүм
Ыйлабастан, ырдап жатып өлгөнүн!

Айла таппай бүт деңдароо болгонбуз,
Азанын биз аязына тоңгонбуз.

Алп акындын, Барпы акындын сөөгүн
«Аларча» аттуу көрүстөнгө койгонбуз.

Акын өлдү ак чолпонго окшогон,
Арман кылып аны калкы жоктогон.
Аза күтүп анык төкмө Осмонкул
Айткан оюн көкүрөккө топтогон:

«Барпы аке,
Жарыкты сүйгөн ырчы эле,
Жан өткөндүн курчу эле.
Жараткан көзүн алса да,
Жүрөгү көрүп турчу эле.

Барпы аке,
Адамдан чыккан төкмө эле,
Акындык үнү көктө эле.
Эми,
Ак кепинде жатпайбы
Алоосу өчүп өрт дене.

Барпы аке,
Күн канатын сермеген,
Күлүктү чапчу термеден.
Эми коштошо албай жатпайбы
Кадырын билген эл менен.

Барпы аке,
Жарышка түшсө жел менен,
Жаактуу пенде жеңбеген.
Жаш алып көзгө турабыз
Жашырып жүзүн жер менен».

Айтып бүтүп Түкөм ушул баянын,
Аягансып сылтып көнгөн аягын,

Арабызда сыпаа баскан биз менен
Аста шилтеп табылгыдан таягын.

Алп акынга шакирт болуп кубанган,
Андан эрте айрылганга муңайган.
Түмөнбайдын түмөн асыл сөздөрү
Түгөнбөстөн дагы узак уланган.

## БӨКСӨРБӨСҮН КӨРӨҢГӨҢ

**(80 жаштагы Чыңгыз Айтматовго)**

Эр жеткенде эмгегиңди баштадың,
Элге жакты сенин бардык жазганың.
Бир тепкичтен бир тепкичке өйдөлөп,
Бүт ээледиң адабият асманын.

Сенде дайым сабырдуулук, токтоолук,
Жеңишиңе жетиналбайм оштонуп.
Сыймыктанам болуп сага каламдаш,
Жүргөнүмө үзөңгүлөш дос болуп.

Замандаштар улуулугуң байкашып,
Суктанышып, урматташат алкашып.
Кыргыз – Чыңгыз, Чыңгыз – Кыргыз – эки сөз
Бекер эмес үндөшкөнү айкашып.

Акылмансың ажайып ой жараткан,
Салмактуулук, сымбаттуулук жарашкан.
Ашык асыл, ашык айкөл мүнөздү
Алганың чын баатыр бабаң Манастан.

Арасына жакын менен алыстын
Ажарданган шыгың менен жагыпсың.

Жарактанып жүрөктү ээлер сөз менен,
Жаангердей дүйнө жүзүн багынттың.

Дайым берип илхам, эргүү, ышкыны
Калк кадырлайт сендей залкар, мыктыны.
Ала-Тоодон сендей болуп башканын
Атак алып, ааламга аты чыктыбы?
Эрсиң элдин намысына төрөлгөн,
Кылымдарга жетет ыйык жөрөлгөң.
Мокобосун бөрү тилдүү каламың,
Бөксөрбөсүн жүрөгүңдө көрөңгөң.

## ЫНТЫМАК

Байыртан ынтымак дем болуп,
Багынбай башкага жем болуп,
Өсүүнү кылганбыз өнөкөт
Өзгөдөн кем болбой, тең болуп.
Кебелбей кезиккен тоскоолго
Келебиз биримдүү эл болуп.

Тынч, бейпил болгондо эл ичи,
Өр карай өйдөлөйт эл иши.
Ынтымак – мезгилдин олжосу,
Ынтымак – замандын жеңиши.
Ынтымак – жашоонун кан-жаны,
Ынтымак – турмуштун негизи.

Ынтымак ыраатуу, туруктуу
Ыкыбал, бирдикке уютку.
Кут сындуу тартуулайт бүт журтка
Кубаттуу, кудурет, рухту.
Бекемдеп, шыктантып, белсентип,
Эштентип, эргитет улутту.

О, кандай омоктуу тынч убак,
Ооматтуу эртеңге жылчу убак!
Ынтымак бар жерде ыймандуу
Күн күлүп, ыргактуу ыр чыгат.
Ырыска карк кылат кыргызды
Ынтымак! Ынтымак! Ынтымак!

## КЫЗЫК КЫЯЛ

Абдан алыс, абдан алыс карачы
Арабдардын, кыргыздардын арасы.
Аскарларды турак кылса кыргыздар,
Арабдардын сары кумдан талаасы.

Араб куму жатат күнгө кактанып,
Кум астында нефт жатат сакталып.
Кара майдан деңизи бар жеринде
Араб жашайт бүт дүйнөгө мактанып.

Бирок таза, тунук сууга зар алар,
Мөңкүп аккан суу көрбөгөн жан алар.
Мөңгүлөрдүн мөлтүрөгөн суулары
Арабдарга алтын менен барабар.

Ар жылгадан аккан суунун шаркырап
Көмүскөдө сыйкырчысы бар сымак
Алыстарга улам тарап шоораты
Ар жыл сайын өсүп барат баркы бат.

Биз келебиз болуп кара майга зар,
Акылдуулар зарыл жолду тандашар.
Келечекте ык табылып, а балким,
Кез да келер сууга нефт алмашар.

**БАЛАЛЫК**

Балжууран бала чакта кандай элек?
Ойкуштап оюн салган тайдай элек.

Жайкалып жаркын нуру жайнай элек,
Жаңы эле аткан таза таңдай элек.

Тентек да, чыйрак элек, намыстуу элек,
Теминип тайга минип жарышчу элек.

Жылгадан биз карагат терип жүрдүк,
Үйлөргө көк эриндүү келип жүрдүк.

Эч кимден оңой менен ийменбеген
Ийменди сур жыландан ийреңдеген.

Муз тептик кыш чилдеде тайгаланып,
Суу бойлоп уулап жүрдүк жайда балык.

Узун тал кайырмактуу солк дей түшчү,
Умсунуп жүрөгүбүз болк дей түшчү.

Сакалар жылкы үйүрүндөй топтолчу эле,
Эңкебиз айгыр сымал оштончу эле.

Сакалар түрдүү түскө боёлчу эле,
Сак-сактап кайтарсак да жоголчу эле.

Биз араң он-он бирдей жашка чыгып,
Кыздарга жигиттерден кат ташыдык.

Торолуп, кийин бир топ жашка чыктык,
Балдардан биз да кызга кат ташыттык.

Тескейден ышкын терип кайтуучубуз,
Кыздардын саамайынан тартуучубуз.

Эр жетип, биз сүйүүнүн тилин билдик,
Кыз чачын сылаганды кийин билдик.

Балалык бардыгынан таттуу тура,
Капырай кап дедирип, дат дедирип,
Кайрылбай учуп кеткен ак куу тура.

## ЖҮР, СҮЙҮНБАЙ, ЖАРООКЕР «АРАШАНГА»!

Ыр жөнүндө түш көрдүм таң атарда,
Жүр, Сүйүнбай, жароокер «Арашанга»!
Анда өткөргөн жагымдуу күндөрдү эстеп,
«Арашанды» сагынып баратам да!

Оолактабай гүлдөрдүн арасынан,
Оолактабай отуруп балатыдан,
Аңсаттырган азада «Арашандын»
Бир жуталы азада абасынан.

Суу боюнда кыялга чөмүлөлү,
Кыял менен кыйла жаш көрүнөлү.
Тартуу кылып «Арашан» илхам берсе,
Таңдан тосуп алууга көнүгөлү.

Аллеяда акырын бир басалы,
Акындарча астейдил сырдашалы.
Сересине сексендин чыксак дагы
Секин шилтеп калемди ыр жазалы.

Кан төгүлгөн согушту эстейличи,
Канкор жоону дале биз кектейличи.
Кайра дале кайратман жоокер болуп,
Карылыктын каарын сезбейличи.

Денебизге жоо огу тийгени чын,
Кара жерге каныбыз сиңгени чын.
Биз аткарган жоокердик парзыбызды
Бийик баалап элибиз билгени чын.

Өлүп, кайра тирилген жандан элек,
Өчүп кайра жарк этип жанган элек.
Тагдыр буйруп тоодо өскөн элибизди
Даңазалап ырдоого калган элек.

Даңазалай алдыкпы калкыбызды,
Так көрүнөт карасак артыбызды.
Жол улайлы жасоого элге кызмат
Жоокер сындуу билбестен тартынычты.

Жаз жайнады, да көп бар саратанга,
Сонун убак жаңы ыр жаратарга.
Жүздөшөлү көксөгөн илхам менен
Жүр, Сүйүнбай, жароокер «Арашанга»!

## ТАБЕРИК

Бул дүйнөдө болуп түркүн өзгөрүү
Турса дагы толуп, кайра бөксөрүү,
Балдарына дайым болгон таберик
Ата-эненин айткан насаат сөздөрү.

Же айылда, же борбордо ордолуу
Билим алып табам деген олжону

Окуучуга болгон анык таберик
Мугалимдин айткан асыл ойлору.

Адам ооруп өнө бою шалдырап,
Айла таппай алсыраса жалдырап.
Ага анык болуп нагыз таберик
Врач сөзү үмүт шамын жандырат.

Көктөм келип, көк чыккансып, кар эрип,
Көлкүп-балкып кеткен сымал жаны эрип.
Бийик сезим эки ашыкта жалбырттайт
Бир-бирине алар болсо таберик.

**БУТТАРЫМ**

Көктөм кез. Кызгалдактуу чокудамын,
Көңүлүм эргип, куунап отурамын.
Бактымдын сезип турам бийиктигин
Басканга тууган жердин топурагын.

Тагдырым жаш кезимде жайдаңдабай,
Башыма сарсанааны салган далай.
Буттарым энем тиккен чокой кийип,
Жөнөгөм Алай-Куудан майдан карай.

Бек ороп балтырыма тасманы мен,
Ойлобой жоо жеңгенден башканы мен,
Кар малтап калч-калч этип кыш чилдеде,
Жайында сормо сазга баткан элем.

Ок тийсе, өңдөн тайып бозорбодум,
Келсе да бошоңдогум, озондогум.
Буттарым басып өттү орустардын,
Латыштын чытырман, чер токойлорун.

Жоо жеңип, аман калып кор болбодум,
Айтамын тагдыр жолу оң болгонун.
Буттарым басып, көзүм баарын көрдү
Союздаш өлкөлөрдүн борборлорун.

Кумарым көп көрсө да тарабаган,
Кыргыздын кыйырын бүткүл аралагам.
Буттарым чыдамкай да, өжөр буттар
Чаалыгып, чарчаганга карабаган.

Боз торгой тилин безеп көктө сайрайт,
Бир тынбай көңүлү эрип көпкө сайрайт.
Аябай аруу күүсүн, сулуу күүсүн,
Адамга, кызгылдакка, чөпкө сайрайт.

Көктөмдө кызгалдактуу чокудамын,
Көңүлүм эргип, куунап отурамын.
Алкаймын буттарымды күбө болгон
Баарына көзүм көргөн окуянын.

## ТҮШҮМДӨ

Түшүмдө бүтөйт жолду кар бороону,
Касаба каптап жатат ар короону.
Дүрбөлөң. Чакчелекей. Белгисиздей
Дүйнөнүн жок болору, бар болору.

Чоң өрттө этегимди жалын жалмайт,
Танк келет, бут шилтөөгө алым калбайт.
Качырайт калың токой, кайың токой,
Танк тепсеп өтсө, бир да кайың калбайт.

Танкты атсам, крести бар чоюн сынат,
Өрттөнгөн танкист чыгып, моюн сунат.

Касым да капысынан келе калып,
Кучактап беттен өөп, колун сунат.

Боз үйдүн түндүгүн Күн нурдап турат,
Куунак кыз чызылдатып куймак куят.
Капыстан мен ашыгып сыртка чыксам,
Казыкта кер аргымак туйлап турат.

Дөбөгө чаап барсам кужулдөтүп,
Саякбай «Манас» айтат күпүлдөтүп,
Оозунан бороон чыгат, жалын чыгат
Уккандын жүрөктөрүн дүкүлдөтүп.

«Манасын» алп Саякбай аяктады,
Өрттөнгөн танкист келип каяктагы,
Жунайга, Олжобайга, Түмөнбайга
Жолукту колунда бар таяктары.

«Кыскарткан сенсиң биздин учубузду,
Качырган сенсиң биздин кутубузду.
Сыздатып жүлүндөрдү, жүрөктөрдү,
Сылтыткан үчөөбүздүн бутубузду!» –

Танкистти турса бекем кармап алар,
Айласын таппады ал кайда барар.
Жалдырап жалынса да жан соогалап,
Ыргытты бийик зоодон дайрага алар.

Айкырды танкист кулап бара жатып,
Аны үчөө зоодон турду табалашып.
Баатырлар таягы бар колдорунда,
Басышты тирүүлөргө аралашып.

## ТАТААЛ ТАГДЫР

Багынбай жоо кармашса курчап алып,
Өрт жалмап канаттары куйкаланып.
Тайманбай эрдик кылып чымырканып,
Тагдыры талкаланып, уйпаланып,

Кол-бутсуз топтомолок майып келди,
Үйгө аны так көтөрүп алып келди.
Башы эсен, көзү көрүп, кулагы угуп,
Жүрөгү дүк-дүк согуп жанып келди.

Ал келген ата-энесин көрөйүн – деп,
Көз жашын тууган жерге төгөйүн – деп.
Жаңы эле башын кошуп, ысык сүйгөн,
Жаш жарын бир эле өөп өлөйүн – деп.

Бул үйгө аз шаттык, көп кайгы келген,
Көрүүгө аны бүткүл айлы келген.
Түгөйлөр сырдашсын деп жоомарт тагдыр
Түнт түндү, үрүл-бүрүл таңды берген.

Ал кетти, ач ажалга чара барбы,
Сүйүүсү түгөйлөрдүн чала калды.
Ың-жыңсыз кетти жоокер, бирок андан
Ымыркай колдуу-буттуу бала калды.

Эси ооп, кайра эсине келди берен,
Карады кыйбагандай жерди кенен.
Баарынан кымбат көрүп, ыйык көрүп,
Баласын өптү муздак эрди менен.

Эрдикти кылып жоого каарын жумшап,
Эл үчүн кайратынын баарын жумшап.
Батышта анын буту, колу калды,
Жүрөгү Ала-Тоодон орун алды.

## УШУНДАЙ КЫЗЫК ПЕНДЕБИЗ

Жан-жакта жакын жарылып,
Снаряд жерди казганда
Коркунуч түшүп жаш жанга,
Таш-топо учса асманга,
Жер жыттап дымып жатканбыз,
Чөнтөктө кызыл партбилет
Жүрсө да  аны унутуп,
Ой келип, дилге жапжалгыз:
«Кудай!» – деп катуу айтканбыз.

Зарылсак көңүл бурар – деп,
Зар какшап айтсак угар – деп,
Оорусак азап, убай жеп
Шылкыйып, кетип алыбыз,
Чыкканы турса жаныбыз,
Онтодук: «Кудай!», «Кудай!» – деп.

Куландан соодо эсирип,
Куунайбызката кетирип.
Кудайды эстеп кечигип,
Жашыбыз көздөн буурчактап,
Кудайдын бутун кучактап,
Киргибиз келбейт жерге биз.
Ушундай кызык адамбыз,
Ушундай кызык пендебиз...

## КАРДУУ ДА, КААРДУУ ДА МОСКВАДА

### 1

Кырк биринчи катаал жыл, кан аккан жыл,
Көп миңдеген адамдын жанын сууруп,
Көп миңдеген жүрөктү канаткан жыл.

Октябрда Москванын кары сургулт,
Асман сургулт, там сургулт, дарак сургулт,
Адам сургулт, жол сургулт, баары сургулт.

Кандуу уруш, салгылаш жүрүп жатат,
Жер жарылып, жер онтоп, жер озондоп,
Кар жыттанган муздак кар күйүп жатат.

Карды боёп кочкул кан аккан убак,
Кар үстүнө боо түшүп суласа да,
Кас борборго жутунуп жаткан убак.

Кандай сүрдүү карасаң кай тарапка,
Ар адамдын башында түркүн түйшүк,
Абал кыйын, абал оор ар тарапта.

Душман айтат: «Кубат мол, тайманбайбыз,
Кирип барып жакында биз марш менен
Москвада жеңишти майрамдайбыз!»

Жоонун сөзү сөөктөн өтүп кетти,
Иштөө үчүн коопсуз Куйбышевге,
Өкмөттүн жарымы көчүп кетти.

Жер астында бекемдеп кенен курган,
Сталин үчүн жашырын кызмат орду,

Эчак күтүп ээн да, белен турган.
Ой жүгүртүп өлкөнүн абалына,
Жалаң эле Москвага кар жаабастан,
Кар жаап турду көсөмдүн кабагына.

**2**

Кыйналбаган мынчалык өмүрүндө,
Уйку көрбөй Сталин капсаланда,
Согуш турду күн-түнү көңүлүндө.

Жетип турду согуштун дүңгүрөгү,
Өз ордунда отурса күндүз эле
Көзү илинип бир азга үргүлөдү.

Учкул жоктур көсөмдүн кыялындай,
Чырым этип куш уйку сала койсо,
Ал түш көрдү чак түштө мына мындай:

Башында анын түркүн ой түмөн эле,
Оор күндө ушундай Куйбышевге
Жөнөбөсү, жөнөөрү күмөн эле.

Куйбышевге заматта жете турган
Поезд турду Москванын чет жагында
Сталинди шарт алып кете турган.

Күзөтчүлөр перрондо үшүп турат,
Баркы бийик дүйнөгө «Сталин» аттуу
Бир адамды бардыгы күтүп турат.

Мына! Мына! Сталин келип түштү!
Анын жүзүн баамдап, байкап көрсөң,
Лимузинден санааркап, кейип түштү.
Лимузин турду ордунан козголбостон,

Сталин кирбей бепбелен салонуна,
Жалгыз басты перрондо токтолбостон.

Бир нерседен калардай кур калышып,
Сталин менен бир кетчү жардамчылар
Ыйбаа кылып тиктешти уурданышып.

## 3

Ээн перрон унчукпай жата берди,
Бир учунан перрондун бир учуна
Баса берди Сталин, баса берди.

Улам артка бурулуп бара берди,
Өзү ултарган өтүктүн сансыз изи
Жаңы жааган жаш карда кала берди.

Албан-албан артында иш калтырчу,
Адам ушул перрондун кары тургай,
Тарыхында дүйнөнүн из калтырчу.

Турчу адам көзүнөн учкун жанып,
Азыр анын кези эле аргасыздан
Оор ойго камалып, туткундалып.

Чоң бийликке ал келген кезден эле
Кыйын-кыйын чаташкан, чырмалышкан
Нечен татаал түйүндү чечкен эле.

Сансыз суроо башына толуп турду,
Олку-солку ойлордун ортосунда
Көңүлү анын эки анжы болуп турду.
Даяр поезд көңүлүн бөлүп турду.
Бул учурда: «Кетсемби? Кетпесемби?»
Деген суроо жүрөгүн өйүп турду.

Баса берди эки анжы абалында,
Кыйын ойго тушуккан кемeнгердин
Кырт-кырт этет кымкар кар таманында.

«Түшсөм поезд жеткирет закым болуп,
Кремлден канчалык алыстасам,
Калуу мүмкүн жеңилүү жакын болуп?..

Эртең эле кеткеним дайын болор,
Жердин асты – мен иштер жайым болор.
«Суу жүрөктүк кылды» – деп айың болор...

Атым калар артымда «качак» деген,
Жол башчы да, кол башчы болуп туруп,
Кантип жашайм мен ошол атак менен?!

Кетсем дароо душмандар жанданышар,
Уруштук деп узакка арданышар,
Москвага кирүүгө камданышар.

Алар дүрбөп эрдемсип күчтөнүшөр,
Жүткүнүшөр өлгөндөн калгандары
Эртең, балким, Москвада түштөнүшөр...

«Армиямдын кубатын ашырдым – деп,
Мүңкүрөтүп, мүргүтүп Сталинди,
Гитлер айтар Москвадан качырдым» – деп.

Оор ойлор көсөмгө келе берди,
Жебелери саатынын тегеренди,
Көктөн назик ак кымкар себеленди.

Машинечи буйрукту күтүп турду,
А Сталин перрондо баса берди.
Жаш сакчылар унчукпай үшүп турду.

Ойдон-ойду Сталин тандаганын,
Поезддеги күтүшкөн кызматкерлер
Карап турду шилтелген ар кадамын.

Адамзаттын акылман адамына,
Булар тургай бүт дүйнө назар салчу,
Анын ар бир сөзүнө, кадамына.

Анын ою ааламды кезип турчу.
Өзүн баалап, өзүнүн кылган ишин,
Өзүнүн ким экенин сезип турчу.

Түшсө дагы башка ойлор арачага,
«Кетүү», «Калуу» – эки ойду, теңдеш ойду,
Акырында ал салды таразага.

Таразадан олуттуу жооп күттү,
Өйдө-төмөн кылтылдап элпек жебе,
«Калуу» деген ой жакка ооп түштү.

**4**

Акырында чечимге келди көсөм,
Лимузинге түшкөнгө шоферуна
Кылды секин ишарат-белги көсөм.

Тааныш шофер акырын: – Кайда? – деди.
Анда Сталин мурутун сылап коюп:
– Кайда болсун, Кремлге айда! – деди.

Кремлге барууга кайта айланып,
Узак турган лимузин жылды ордунан
Дөңгөлөгү заматта чарк айланып.

Поезддеги күткөндөр таң калышты,
Кеткенине көсөмдүн курсант болуп
Терезеден тикчийип жарданышты.

Күлүк поезд ордунан жылбай турду.
Сур булуттан кымкар кар бир калыпта
Секин гана себелеп тынбай турду.

Көсөм дале пенде да, карагыла,
Ойгонду да, ойлонуп айран калды
Түштө көргөн дендароо абалына.

Бир заматта чыйралды тыңып кайра,
Арам ойлуу душманга каршы арнады
Акыл, күчүн Сталин жыйып кайра.

Москвада калаарын, калбастыгын,
Шакирттери көсөмдүн билбейт эле
Куйбышевге бараарын, барбастыгын.

Алар күндө көсөмгө кез келишти,
Ачык, тике берүүдөн бул суроону
Андан чочуп, сүрдөшүп сестеништи.

Билүү ыгын биригип табышты алар,
Жакшы сакчы Игнатошвили аттуу
Генералды ортого салышты алар.

Бир суроону айтышты арнап көр – деп,
Куйбышевге жөнөйбү, жөнөбөйбү? –
Сталиндин тамырын кармап көр, – деп.

Сөзгө кошуп жумшады ал акылын:
– Куйбышевге буюмдун кайсыларын
Алабыз? – деп сурады ал акырын.

Акырайып Сталин, каарын чачты:
– Атуу керек сен өңдүү коркокторду! –
Генералды кекетип, заарын чачты.

Ал учурда ок жебей ай далыга,
Тобо кылды генерал Сталиндин
Ачуусунан эсен-соо калганына.

Эрки такыр эч качан сынбастыгын,
Баары билди келсе да кыйын кезең,
Кремлден Сталин жылбастыгын.

**5**

Кремлдин үстүндө шамал улуп
Турган кезде кабатыр болду Сталин
Кан агылган майдандан кабар угуп.

Кабагы анын бүркөлүп, ачууланды,
Канжасынан бурк этип түтүн булап,
Каарып сүйлөп, пейили катууланды.

Буйрук жазды башкадан айырмалуу,
Басташсын – деп Москвага жоо киргизбей,
Башчы кылып Жуковду дайындады.

Ал буюрду калп имиш басылсын – деп,
Жоону жактап, дүрбөлөң салган жандар
Кармалса эле сураксыз атылсын – деп.
Баарын сезип, бардыгын көрүп турган
Көсөм оор ойлонуп, суроо берди
Күндөп-түндөп жүрөгүн өйүп турган:

Жолдош Жуков, сураймын, чынын айтчы:
– Москваны алдырбай, кармап калар
Айла барбы, бар болсо, ыгын айтчы.

Көсөм берди Жуковго оор суроо,
Ойлонбостон айталбас ошол замат,
Оор суроо болучу оор сыноо.

Аттиң, муну неге эрте эшитпеди?
Абдан туура жоопту айтуу үчүн
Акыл-эси Жуковдун тез иштеди:

– Москваны алдырбай коргойбуз биз,
Дагы эки армия, эки жүз танк,
Сиз берсеңиз элге уят болбойбуз биз.

– Түшүнүктүү убакыт тар экени,
Жакшы, Жуков, Москваны алдырбоого,
Оюңда бек ишеним бар экени.

Жок нерсени берем деп неге алдаймын,
Берем сага жакында эки армия,
Эки жүз танк азыр жок – beралбаймын!

**6**

Кастар эргип: «Эң жакын жеңиш!» – дешти.
Жылып кандуу убакыт, Октябрдын
Жыйырма төрт жылдыгы келип жетти.

Эл жүрөгү эзилип, канап турду,
Жылда болчу бул кезде салтанаттуу
Чогулушту Чоң театр самап турду.
Душман жылып Москвага жакындады.
Өттү жыйын метронун бекетинде
Маяковский акындын атындагы.

Чоң жыйында Сталин доклад кылып,
Кебелбестен сүйлөдү кекээр менен
Келекелеп Гитлерди акмак кылып.

Мукактануу үнүнөн эч билинбей,
Кайрат, акыл сезилди ар сөзүнөн
Кадимки эле мурдагы мезгилиндей.

А эртеси кымкар кар түшүп турду.
Кызыл Аянт бул күнү адатындай
Кызыл аскер парадын күтүп турду.

Гитлер айткан бакырып көпкөлөң кеп:
– Москвада, жетинчи ноябрда
Улуу жеңиш парадын өткөрөм! – деп.

Ушул сөздөн душмандар күчөп турган,
Өтүктөрү алардын мык тамандуу,
Москвада басканды күсөп турган.

Кас күтпөгөн таң эртең парад болду,
Сталин сөз сүйлөдү мавзолейде,
Куралданган аскерге Аянт толду.

Сталиндин парадды өткөргөнү
Дүйнөгө дүңк дей түшүп, дайын болду
Максаты кас душмандын өрттөнгөнү.

Көз карашы көргөндү теше жаздап,
Гитлер дароо айкырды: «Бомбала!» – деп,
Кекиртеги айрылып кете жаздап.

Асманына Москванын келип кирер
Самолеттун бардыгын кыйратышты
Кыраакы да, кыл мерген зенитчилер.

Жоокерлерге бул парад кайрат болду,
Элдин күчүн курчутуп кайрап койду,
Жоонун шайын кетирген айбат болду.

Душман турса жыйырма чакырымда,
Парад кылган тайманбай Сталиндин
Дүйнө сезди эрдигин, акылын да.

Армияны бүткүл эл сүрөп турду,
Чындап коргоп Москваны калкан болуп,
Чымырканган кубаттуу жүрөк турду.

Бир ай өттү армия күчүн топтоп,
Даяр болду алдында Москванын
Жоонун эсин оодаруу үчүн топтоп.

Баатыр Жуков чоң жумуш аткарды анда,
Ойрон кылып душманды кыш чилдеде,
Эрдик менен чабуулду башкарды анда.

Кас душманды соккондун эбин билди,
Москвадан эки жүз чакырымдай
Күн батышка ал сүрүп чегиндирди.

Жеңиш жолун Сталин ачмак болду,
Боло турган Берлинде чоң Жеңишти
Москванын алдында баштап койду.

Бир башына бардыгын үйдү көсөм,
Баарын билип, бардыгын бүт башкарып,
Кремлде олтурду сүрдүү көсөм.

## ЫР БАШТААРДА

Жазуу үчүн ырдын жаңысын
Дайранын карайм агышын,
Булуттар көктө көчкөнүн,
Куштардын канат кагышын,

Күн нурдап турган жадырап,
Гүлдөрдүн кызыл, сарысын.
Айкашкан комуз күүсүнө
Мезгилдин угам дабышын.

Жазайын деймин эртеңки
Жашоонун түркүн маңызын.
Жазуу үчүн ырдын жаңысын,
Отурган жерден алыстап,
Ой менен көптү чабыттап,
Канатты сермейм, сөздөрдүн
Табылар жерин багыттап.
Талбаймын, талдап иргеймин,
Сан ойдон бирди аныктап.
Кандай ыр түшөт кагазга –
Өзүмө али табышмак...

## ӨМҮР ЖОЛУ – ЫР ЖОЛУ

Чырмаган кыйма-чийме ар кыл торлор,
Тордомо коонго окшойт жердин шары
Туш жагын чырмап турса ар кыл жолдор.

Жолдордун түптүзү бар, ийриси бар.
Кандуусу, кардуусу бар, чаңдуусу бар.
Катаалы, татаалы бар, ийгиси бар.

Адатта кайыл болуп бардыгына,
Ар адам жолду басат алдындагы
Жараткан жазып койгон тагдырына.

Жашымдан көрүп өрттүү согуш жолун,
Европа, Азияны көп аралап,
Жолдордун бастым нечен тогуз тоомун.

Башталган Алай-Куудан изим менин
Өмүрдө болду асыл поэзия
Аздектээр ышкым менин, ишим менин.

Аз калды жолдор али мен баспаган,
Акжолтой болсо экен деп тилеп келем
Ыр жолу Алай-Куудан мен баштаган.

## ЖАШ АКЫНГА КААЛОО

Акындар басып өттү алыс жолду,
Ар иште акыл калчап калыс болду.
Ырдашты, шерденишти, эрдик кылды,
Өмүрү күрөш болду, намыс болду.

Жаш акын, улгайды акын аталарың,
Тур өйдө, тулпарыңды такалагын.
Парызың – сабын бекем, бийик кармоо
«Поэзия» аты ыйык асабанын.

Жаш акын, улгайды акын аталарың,
Сен билген олжо, жеңиш, каталарын.
Алардан ашуу, озуу ниетинде
Аттангын алып адал баталарын.

Лаззат ал поэзия кумарынан,
Жаңыны тап талыкпай улам-улам.
Омоктуу, түз отургун ээрге сен,
От учсун тулпарыңдын туягынан!

## СЫНАК

Тагдыр сынайт ар бир, ар бир адамын,
Өмүрүндө баскан ар бир кадамын.
Таразага салган өңдүү так өлчөйт
Ал апкелген пайдасын да, залалын.

Бул дүйнөдө сынактардын түрү көп,
Ар сынактын өзүнөн да сүрү көп.
Сыналганда кысылгансып жүрөгүң,
Кан денеңде кайнагансып жүгүрөт.

Сынактардын көрдүм ар кыл кыйынын,
Мен сынактан өткөн сайын тыңыдым.
Көзүм көрүп, өзүм накта сезгенмин
Сынактардын согуш аттуу ыйыгын.

Бул дүйнөдө мейли сынак жашасын,
Чынымды айтсам болбой-нетпей маш акын,
Ар бир жаңы ыр жазарда сүрдөймүн
Мен өзүмдү сезип кайра жаш акын.

Сынак менден түк сезилбейт ыраактай,
Жашай албайм башкаларга сынатпай.
Ма көрүнөт жаралышкан дилимден
Ар бир ырым, ар китебим сынактай.

Тагдыр мени сынаганын ынаткам,
Анык сындан өткөн сайын кыр ашкам.
Өжөрлөнүп кошо сынап өзүмдү,
Өмүр бою өтүп келем сынактан.

## АР КҮНҮ

Суктанамын ар күнү күндү көрүп,
Жолду көрүп машина зыпылдаган,
Канааттанам даракты, үйдү көрүп.

Аба жутам абанын баасын сезип,
Эртең менен көңүлүм курсант болот
Эмне экенин тирүүлүк таасын сезип.

Көздү азгырган өзүнө гүлдү көрөм,
Колдон жасап койгондой кооз, назик
Таажылары татына үлбүрөгөн.

Көпөлөктү апакай канаты бар
Көрөм элпек ойдолоп эркин учуп
Эркелеген тариздүү адаты бар.

Азыр ырчы булбулду мен көрбөймүн,
Кадимки эле боз чымчык бакка конуп
Чыйп-чыйп этсе, булбулдан кем көрбөймүн.

Кашаң, ылдам шилтеген кадамдарды
Каниет таап, көргөндө көөнүм тоёт
Ар кыл, ар кыл жаш-кары адамдарды.

Сездирбейин карылык кыйнаганда,
Карылыкты сеземин, бирок көбү
Ыйбаа кылып, ызааттап сыйлаганда.

Байкатпастан бардыгы кеткен кезде
Турат экен өмүрүң аз көрүнүп
Тупатуура чыксаң да сексен бешке.

Көрктүү, нурдуу карасам туш-тарабым,
Аруу, жарык дүйнөгө көзүм тойбой
Ар күнүнө жашоомдун суктанамын.

## АДАМ, ОТ, СУУ ЖӨНҮНДӨ

От менен суу болбой ынак, шериктеш,
Оңой менен муназасы келишпес.
Экөөнүн тең кайраты мол, терс кыял,
Бир-бирине, бирок көмөк беришпес.

Бул экөө тең өтө катуу мүнөздүү,
Жактырышат күчтүү, сүрдүү күрөштү.
Айбаттуу өрт үй, токойду жалмаса,
Сел алкынса титиретет жүрөктү.

Адам сезип бул экөөнүн кайратын,
Күчөтпөстөн ортодогу таймашын,
Акыл менен таап, ыгын, айласын,
Көрүп келет оттун, суунун пайдасын.

От менен суу турбаса да жанашып,
Адам алды суудан отту жаратып.
Айдай жарык суудан бүткөн ал оттор
Айыл, шаарга турган кези жарашып.

Отту, сууну ажырымдуу жашатып,
Кыйын, кылдат дипломаттай апачык,
Адам келет өрттү өчүрүп суу менен,
Бир-бирине кымбат кызмат жасатып.

Анткен менен бир-бирине жагышпай,
Алмустактан араздашып талыкпай,
Оттун, суунун тилин тапкан адамдар
Келет неге өздөрү тил табышпай?

## ЖҮРӨК БИРӨӨ, СЫРЫ МИҢ

Жүрөк бирөө, бирөөндө түмөн сыр бар,
Айкындалган ачык сыр, күмөн сыр бар.
Ар бир сырдын атайын оруну бар,
Ар бир сырда ар түркүн ар кыл кыр бар.

Үстүрөөктө жакында тапкан сыр бар,
Андан ары ээсине жаккан сыр бар.

А тереңде ажайып абдан ыйык,
Ар кимдерге айтылбас каткан сыр бар.

Бул жагынан көз, жүрөк байланышкан,
Сыр сактоого экөө бир камданышкан.
Өтө кымбат сырларды баа жетпеген,
Чыкпас кылып бекемдеп жайгарышкан.

Тайызы бар сырлардын, тереңи бар,
Аны катып жүрүүнүн себеби бар.
Ар бир жанга өз сыры асыл байлык,
Өмүр бою өзүнө кереги бар.

Кызмат кылып эркине, намысына,
Көнбөй жердин сыртында калышына,
Кереметтей сырлар бар көз жумганда
Ээси менен бир жатар табытына.

## ТОЛГОНУУ

Үркүндө таш боёлуп кочкул канга,
Сөөгүң сөпөт болуп сайда калган.
Жылгада, дөңдө, чуңкур жайда калган,
Кезинде кузгун чокуп, бөрү мүлжүп,
А кийин куурап, сынып майдаланган.
Элебей мунун баарын токсон жылы,
Элим-ай, эс, намысың, кайда калган?

«Не пайда, өткөн өттү, кеткен кетти» –
Деп айтып, арак жутуп ырсыябыз.
Чындыктын чыркыраган оозун жаап,
Чыгарбай үнүбүздү шылкыябыз.
Ашкере болсо дагы кызыл кыргын,
Айталбай айыптуудай тымпыябыз.

Эркиндик алдык, бирок кайда эркибиз,
Эмгиче неге эринди кымтынабыз?

Өткөндөн алалбастан ачуу сабак,
Кулчулук доорунда биз калгандайбыз.
Көз артса бактыбызга бузукулар,
Болууга түптүү улут камданбайбыз.
Эртеңин ойлоп койбой Ата Журттун,
Эби жок эрдемсийбиз, дардаңдайбыз.
Биримдүү бир максаттын жоктугуна
Биз неге акыл калчап арданбайбыз?

## ЖАКШЫНЫН ШАРАПАТЫ

Олдоксон ойлуу оройго
Жумшаса жумшак какшыгын,
Какшыктын күчү оңойбу,
Оройго тийип оңолду
Шарапаты жакшынын.

Нак алтындан баасы артык,
Насаатын айтып акырын,
Акыры коноор тууруна
Атасы тентек уулуна
Жугузду асыя акылын.

Серттигинен өңүнүн
Кыз билди эч ким сүйбөсүн.
Дилдеги сырын билдирип,
Сүйдү аны эстүү бир жигит
Сулуу деп ички дүйнөсүн.

Сурданган булут тараса,
Суйкайган сулуу Ай чыкты.

Тикенге гүлдөй жүз берип,
Көлчүккө күмүш түс берип,
Нурлантты көрксүз балчыкты.

## КЫЯЛ

Өзүм баймын бай болгон соң кыялым,
Кыял менен кыл чокуга чыгамын.
Кыял менен чертем кыргыз комузун,
Кыял менен тартам кыргыз кыягын.

Кыял менен учам көктө чарыктайм,
Кыдырамын ааламды бүт чабыттайм.
Көрөм, билем, көп нерсени аныктайм,
Көңүл тойбой каныкпайм да, талыкпайм.

Булут болом тоо үстүндө калкыган,
Көгүш, тунук көл боломун чалкыган.
Шамал болуп тазалаймын жер үстүн,
Дайра болуп тоодон төмөн алкынам.

Умтуламын, асманга, Айга кол сунам,
Уч-кыйырсыз деңиз болом толкуган.
Алаксысам телефонум «чыр» этип,
Ак кагазга ыр жазганы олтурам...

## ЭНЕ. БАЛА. ӨЛҮМ.

Чакан залга эл шыкалып топтолуп,
Киши өлтүргөн жигит жатты соттолуп.
Кантсин эне кайра-кайра кемшиңдеп,
Жүрөгү анын күйүп жатты от болуп.

Жакын эле эне, бала арасы,
Жалдырайт да, жерди тиктейт баласы.
Аныкталып анын канжар малганы,
Аны атуугa өкүм чыкты карачы.

Баласынын узун өмүр сүрүшүн,
Эне тилеп, баккан эле күнү-түн.
Азыр дагы акталар деп атылбай,
Эне турду түк үзбөстөн үмүтүн.

Жаалданып колго салып кишенди,
Жаш жигитти да жаш жигит итерди.
Байкуш эне баратса да ажалга,
Баласынын өлбөсүнө ишенди.

## ӨТТҮ КҮНДӨР, ӨТТҮ НЕЧЕН АПТАЛАР

Өттү күндөр, өттү нечен апталар,
Өзгөрүүсүз турат кырлар, аскалар.
Тигил секи, тигил адыр, чокулар
Кебелбестен дагы көпкө сакталар.
Ушул жерде көздөр жайнап нурданып,
Ушул жерде көздөн мөлтүр жаш тамар.

Өттү күндөр, өттү нечен апталар,
Тактала элек дагы көп иш акталар.
Бул аймакты бүгүн бирөө башкарса,
Буйрук берип эртең бирөө башкарар.
Каткырышса бүгүн мында тигилер,
Эртең мында каткырышар башкалар.

Өтөт күндөр, өтөт сансыз апталар,
Табият да өз мыйзамын аткарар.
Койкоюшкан баштар ээлеп жер астын,

Коонго окшоп сайда сансыз таш калар.
Жер астына баштар түшүп, а таштар
Жер үстүндө биз калдык деп мактанар...

## АЛАР

Алкынат, алчыланат абдан байлар,
Асманга колун созот Ай кармаардай.
Адамды көрсө көрөт кумурскадай,
Ар кими өзүн санайт пайгамбардай.

Кайышып араң өсүп-өнгөн алар,
Каржалып далай кордук көргөн алар.
Издешип элди алдоонун ыкмаларын,
Илени тапкан эптеп өргө барар.

Чыгышып кысылган тар чектеринен,
Узашып жарды-жакыр кездеринен.
Теминип байлык эңсеп, өткөндөрүн
Тез эле чыгарышкан эстеринен.

Курушуп асмандаган ак сарайды,
Куунашкан жандар өзүн ак санайбы?
Өздөрү байкуш болгон кечеги эле
Өзгөрүп байкуш көрдү башкаларды.

Акчага толуп-ташып капчыктары,
Ал тургай толду семиз баштыктары.
Ыңгырайт азыр байлар, чөнтөктөрдө
Шыңгырайт болот сейфтин ачкычтары.

Жалганды кадырлоого адаттанып,
Жашашат алар жыргап канааттанып.
Кадимки уят-сыйыт, чындыкты бүт
Караңгы сейфтерине камап салып.

## КҮЛҮМСҮРӨП КҮЛҮП ТУРУП АЛДАЙСЫҢ

Жаңы адамга жагалдана каласың,
Ар адамга жагуу ыгын табасың.
Ичке кирген, ишенбеген ишенет,
Ишенген жан сенден нени аясын?

Жаш-карылар келет сенден алданып,
Алдоо менен келатасың жан багып.
Сен сүйлөйсүң сөзүң менен жалынып,
Сен карайсың көзүң менен жалбарып.

Сен маш болдуң калп айтканга ай, жылдап,
Жалган айтсаң тоёт окшойт кардың бат.
Жаныңды жеп жалган айтып жатканда,
Жалооруйсуң чын айткандай жалжылдап.

Алдана элек адамдарды алдайсың,
Акырындап шек билдирбей арбайсың.
Күлкүң күчтүү, күлкүң сыйкыр, күлкүң калп,
Күлүмсүрөп күлүп туруп алдайсың.

## НЕ КӨРБӨЙТ?

Арада бар сымбаттуу кыз адеми,
Атлас кийген, мүнөзү да жибектей,
Көпкө жаккан илбериңки адеби.

Аткан таңдай кыздын таза ыйманы,
Сылыктыгы, сыпаалыгы өзгөчө
Илбериңки, ийменчээк кыз ыйбалуу.

Эстүү карайт мөлтүр көзү сурмалуу,
Элпек сүйлөйт үнү комуз үнүндөй,
Элик сымал анын басып-турганы.

Жаратканга аруу кызды жубардай
Көңүлүмдөн алкыш айтып Кудайга,
Көзүм тайды көпкө карап туралбай.

Мындай жаркын оңой менен төрөлбөйт,
Болуп-толуп турган кызды мен көргөн
Боз уландар эмгичекти не көрбөйт?

## ТАГДЫР ТУУРАЛУУ

Кабарчы суроо берет: – Курагыңыз
Өйдөлөп, өргө жеткен убагыңыз.
Өжөрдүк, намысты бек кармап жашап
Өмүргө канган чыгар кумарыңыз?

– Өмүргө адам кантип канмак эле,
Өмүрдү адам кантип чанмак эле.
Таарынам кысып келген карылыкка
Тузагын туш-тушумдан камдап эле.

– Жараткан сизге жаңы өмүр берсе,
Таптакыр жаңы мүнөз, көңүл берсе,
Сизге анда кандай тагдыр жагар эле
Өмүрдүн мындан узак, көбүн берсе?

Суроону мындай жооп айта аламын:
– Келет бул өмүрүмдү кайталагым.
Тагдырдын буйругуна кайра көнүп,
Татаал да, оор жүктү аркалагым.

Өтүүгө тар жолдордон көнөр элем,
Жайдаңдап жаш кезимдей көбөр элем.
Жүрөктү жалындатып жандырып мен
Жүзүнөн сулуулардын өбөр элем.

Майданга эл жиберсе барар элем,
Жоокердик ишке сөзсүз жарар элем.
Калемди ал десе алып, керек десе,
Дилине жагар сөздү табар элем.

Элиме сөздөн белек камдаар элем.
Азем да, аруу мээрим арнаар элем.
Бирок да досторумду кайра карап,
Көз эмес, жүрөк менен тандаар элем.

Жазда мен эл ичинде жаралганмын,
Жашымдан элге бекем таянганмын.
Билинип туш келгеним кут жылдызга,
Биримин бактысы чоң адамдардын.

Көп жылдар арт жагымда калды мына,
Чыдадым ысык-суук бардыгына.
Не керек башка тагдыр, ыраазымын
Өзүмдүн жашап өткөн тагдырыма.

## АР КЫЛ ОЙЛОР

Бул дүйнөдө көп нерсе бар таң калар,
Буудан болбойт дээринде жок чобурлар,
Алгыр болбойт, бүркүт болбойт каргалар.

Кастын, достун кээде жолу тайгалак,
Бирде касың тез өзгөрүп дос болсо,
Бирде досуң дароо каска айланат.

Кары кайра бала болуп шоктонбойт,
Кыз акырын кемпир болот акыры,
Аттиң, кемпир кызга айланып оштонбойт.

Сайраса да булбул болбойт короолу,
Маңги маңкурт асти болбойт акылман,
Умсунса да короз учпайт жогору.

Айырмалуу марттык менен сараңдык,
Айырмалуу адамдык да, арамдык,
Айырмалуу кайратмандык, чабалдык.

Асман-жердей эрдик менен коркоктук,
Асман-жердей серттик менен сулуулук,
Асман-жердей чебердик да, чоркоктук.

Жакын коңшу сылыктык да, кополдук,
Жанды эритип, жан кейитип турмушта
Жакын жүрөт кең пейилдик, осолдук.

Болот тура бөздүн дагы кызылы,
Болот тура өрдүн дагы ылдыйы,
Болот тура сууктун да ысыгы.

Түндүн дагы жаркып атчу таңы бар,
Карап көрсөң араң жетер баамың
Кантсе дагы турмуштун өз заңы бар.

## КАРЫЯЛАРГА КАЙРЫЛУУ

Ассалоому алейкум, карыялар!
Анча кызык оюм жок жарыялар.
Жолдош кылып алууну өтүнөмүн
Жолуңарга мындан да ары барар.

Келип турам силердин айлыңарга,
Орток болуп кубаныч, кайгыңарга,
Кантсек дагы биз элден бөлөк болбой,
Жөлөк болуп жашоого бардыр арга.

Кааласаңар силерге кошулайын,
Маектешип жайма-жай отурайын.
Үшүсөңөр бирге үшүп силер менен,
Тотуксаңар мен бирге тотугайын.

Башыңардан көп ишти өткөрдүңөр,
Жакшы-жаман күндөрдү көп көрдүңөр.
Согуштуңар, андан соң эмгек кылып,
Кезегинде толдуңар, бөксөрдүңөр.

Көптү төрөп акжолтой жубайыңар,
Байтеректей барпайган убагыңар.
Болуп силер небере, чөбүрөлүү
Кыргызымдын тукумун уладыңар.

Алар үчүн ысып да, тоңгонсуңар,
Сактап турган аларды коргонсуңар.
Ардакталып алардан убай көрүп,
Аксакалдык туурга конгонсуңар.

Уланталы унутпай салтыбызды,
Сабыр кылып сактайлы наркыбызды.
Аксакал деп калкыбыз урматтаса,
Урматтайлы биз дагы калкыбызды.

Жаш муунга кайдыгер карабайлы,
Жакшы насаат айтуудан жадабайлы,
Бакыт алып келишсин элибизге,
Батабызды алардан аябайлы.

Үлгү болуп жаштардан бөлүнбөйлү,
Терс иш жасап жаштарга көрүнбөйлү.
Жаштар көрсө биз кылсак көшөкөрлүк,
Абийирибиз анда эле төгүлбөйбү.

Ариетти бек кармап жеңилбейли,
Артыбызга эч качан чегинбейли.
Атыбызды ак сактап, таза сактап,
«Ак сакалдуу көшөкөр» дедирбейли.

Күн өткөрүп намыссыз жан бакпайлы,
«Аксакал» наамыбызды ардактайлы.
Өзүбүзгө жаштарды өчөштүрүп,
«Өмгөктөп кал!» дедиртип каргатпайлы.

## ДАГЫ ЫЙМАН ЖӨНҮНДӨ

Ыймандуулук бардык жанда барбы ыя?
Ыймандуулук – балдарына жашынан
Ата-энеси берген асыл тарбия.

Бул сапатты мектеп качан окутту?
Болуп чыкты жакшы ата-эне балдары
Сабырдуу да, уяттуу да, топуктуу.

Согушта эл азып-тозуп кыйналды,
Ыйлап-сыктап кор болсо да ачкадан,
Ыйык көрүп таза тутту ыйманды.

Согуш бүтүп, бейпил кезде жашадык,
Биз күткөндүн баары чыгып тескери,
Ыймандуунун саны кетти азайып.

Ата-энесин балдары укпай калышты,
Көңүлдөрүн, ынтааларын бүт буруп,
Көз, кулакты батыш жакка салышты.

Кинофильмдер адамдарды жадаткан,
Бирин бири кыйнап мууздап өлтүрүү,
Көрүнүштөр кан шырылдап, кан аккан.

Фильмдерди кантип көрөт энелер:
Айкалышып тил сорушуп өбүшүү,
Абийирсиз жыпжылаңач денелер.

Ата-энеси алкыш айтпас көрсө түк,
Жылмаңдаган кыздар жүрөт Бишкекте
Жылаңачтап киндиктерин көрсөтүп.
Суроо берем, кана жооп айтыңыз:
Кайда кеткен учурашса улуулар
Урмат кылып салам берчү салтыбыз?

Унуттукпу уят менен ыйбааны?
Кайра толук келер бекен эң кымбат
Калкыбыздын качып кеткен ыйманы?

## ЫЙМАН МЕКТЕБИ

Ыйман жанып тамылжып беттеринен,
Ыйман чыкпай күн-түнү эстеринен,
Омок болчу элине кыргыз балдар
Окуп жатат мусулман мектебинен.

Динге бекем тагдыры чырмалышып,
Дитин коюп көп окуп кыйналышып,
Бузулбастан пейили тунук бойдон
Булар адам болушат ыйманы ысык.

Бара-бара сыналып биргелешип,
Бара жатат бой керип, ирденишип.
Ызат-урмат көрсөтүп улууларга,
Ыйба кылып, астейдил ийменишип.

Ата-энеге өз жүгүн артпайт булар,
Ата Журтка өмүрүн сарптайт булар.
Алсыз жетим-жесирге боор оорушуп,
Ар адамды ардактап, барктайт булар.

Булар шарап даамын татпоочулар,
Каяша айтып, карыны какпоочулар.
Адам деген ысымды актоочулар,
Акыйкатты курандай сактоочулар.

Ыйман – ыйык өмүрдүн ачкычы да,
Ыйман – ар бир адамдын бактысы да,
Ыймандуулук – илимдин жакшысы да,
Ыймандуулук – илимдин башкысы да.

**БАРАКЕЛДЕ**

Адамдардын баары күлдү залдагы,
Арсар болуп күлбөгөндөр калбады.
Ал күйдүргү сөздүн ээси мүрзөдө
Жаткандыгын эч ким эске албады.

Бирде күүсү жүрөктөрдү эритсе,
Бирде күүсү бизди умтултуп жеңишке,
Тирүүлөрдү тамшандырган комузчу
Унчукпастан уктап жатты бейитте.

Аял окуп терметкенде баласын,
Чабан окуп кезген тоонун арасын,
Кыз-жигиттер ырын дилде сактаса,
Мүрзө ичинде жымжырт жатты ал акын.

Өзү өтсө да, айткан сөзү өтпөгөн,
Өзү өчсө да, айткан сөзү өчпөгөн.
Баракелде адамдарга өнөрлүү
Жетип өлгөн тилектерге көксөгөн!

## КАРЫЛЫК ПАРЫЗЫ

Башынан мен тагдырга жакын болдум,
Баарына айтканынын макул болдум.
Жоокер бол деп айтканда, жоокер болуп,
Акын бол деп айтканда, акын болдум.

Ал айтса көнүп бери, нары болдум,
Ал каалап турганынын баары болдум.
Каяша айталбадым тагдырыма,
Кары бол деп айтканда, кары болдум.

Кантмекмин, карылыкка кайыл болдум,
Кантмекмин, карыларга айыл кондум.
Кежигем кер тартса да кетенчиктеп,
Келсе да кырчын болгум, шайыр болгум.

Баарыга тагдыр бакыт сеппейт тура,
Өмүрүн көптүн ченеп, чектейт тура.
Багынып анын катуу өкүмүнө,
Баары эле карылыкка жетпейт тура.

Карылык азаптуу экен, ардактуу экен,
Ийниңден баскан жүгү салмактуу экен.
Сарсанаа, убайымы көп болсо да,
Сабырдуу, сарамжалдуу, санжаптуу экен.

Каарына карылыктын чыдап жатам,
Кадырлап, моюн сунуп, ынап жатам.
Аткарып карылыктын мыйзамдарын,
Анда да өзүмдү өзүм сынап жатам.

Бассам да карыларча баскан кезим,
Сүйлөсөм, карыча сөз айткан кезим.
Бөлөнүп кыргызымдын урматына
Карылык наамымды актап жаткан кезим.

## КҮРӨШ

Ак менен ылдай каранын,
Караңгы менен жарыктын,
Жакындык менен алыстын,
Аяз менен аптаптын,
Акылман менен акмактын,
Ыплас менен тазанын,
Акыйкат менен жазанын,
Жыргал менен азаптын,
Эрксиздик менен азаттын
Өтмөк үчүн умтулуп
Бирөөсүнөн бирөөсү,
Ортосунда токтолбой
Уланып келет күрөшүү.

## АЙ МЕНЕН ЧОЛПОН

Таңга маал сыртка чыксам Ай турат,
Чолпон ага жакындаптыр бетме-бет
Келген өңдүү атайы андан жай сурап.

Ашыктардай бирин бири жоготкон,
Анан кайра аймагында асмандын
Азыр экөө кези тура тогошкон.

Ал экөөнүн жакын, жанаш турганын
Көзүмдү албай көпкө чейин карасам,
Бир-бирине септи сулуу нурларын.

Баамдасам бир-бирине назданды,
Ээлигишип экөө эркин асманда
Элжирешип өбүшүүгө аз калды.

Аттиң, бирок бир-бирине жеталбай
Токтолушту баш ийишип тагдырга
Томсорушту, тоорулушту кеталбай...

## АСАН, ЭСЕН ЖАНА АТ

Дос эле экөө издешпестен табышкан,
Кол кармашып, коюн-колтук алышкан.
Сур булуттан чыккан Күндөй жайнашчу
Бирин-бири көргөн кезде алыстан.

Бирин-бири жөлөп-таяп кууланбай,
Бир сөз айтпай көңүлдөрү суугандай,
Жүрөктөрү тең соккондой дүкүлдөп,
Жүрүштү экөө бир жатындаш туугандай.

Асан эле, Эсен эле аттары,
Ал экөөнүн тең болучу жаштары.
Олтурса да, турса дагы эки дос
Ойлошчу эмес бир-биринен башканы.

Үлпөт куруп, бирин-бири сыйлашчу,
Үндөрү кооз аяштары ырдашчу.
Ушул төртөө тагдыр берген өмүрдөн
Убай көрүп, үзүр көрүп жыргашчу.

Ээ-жаа бербей мезгил алга шашты эми,
Эсен мурун кырктын кырын ашты эми.
Үй астында Асан тартты Эсенге
Үртүктөлгөн «Закым» деген атты эми.

«Закым» ээсин жандан артык көргөн ат,
Эсенге да көптөн бери көнгөн ат.
Ал төртөөнүн түшүнгөндөй сөздөрүн
Адам сындуу дыкат көңүл бөлгөн ат.

Ал төртөөнүн ырыс каптап жүздөрүн,
Ыр, кымызга чыгарышты күчтөрүн.
Баамдады Эсен кокус Асандын
Аялынын көзү өзүнө түшкөнүн.

Эсен аны кантип карап тура алат,
Аяш көзү көз турбайбы сугалак.
Эсен көзүн андан ала качса да,
Аяш көзү чарчабады кубалап.

Качкан менен кеталбады кутулуп,
Калды эки көз бир-бирине тушугуп.
Кетенчиктеп Эсен турду сенектей
Кетпесе деп чын досунун тузу уруп.

Аяш көзү, Эсен көзү арбашты,
Аяш ою, Эсен ою кармашты.
Адаштырып ак жолдон да, түз жолдон,
Ал экөөнө чындап шайтан жармашты.

Асан жок түн, айылдыктар укташты,
Ай чыкканда Эсен карап туш жакты,
Ак өргөгө жеткен кезде тымызын
Аяш чыгып, атка секин учкашты.

Көрүнбөстөн, жолукпастан эч кимге,
Алар түштү көк шибердүү тектирге.
Атты байлап, айткансыды жан досу:
«Асанга сен ушул сырды жеткирбе!»

Карап турду сумсайган Ай көктөгү,
Сезилди атка желдин желпип өткөнү.
Анан ага даана угулду тынч түндө
Аяшты аяш чопулдатып өпкөнү.
Ушул дабыш жакпай турду кулакка,

Экөө жуунуп түнкү мелүүн булакка,
Айыл карай жол тартышты учкашып,
Ай кырандан аша турган убакта.

Ат үстүндө өбүшкөнүн койбостон,
Өбүштү экөө өбүшүүгө тойбостон.
Атты кордоп, Эсен – аттын жаңы ээси
Камчы чапты соорусуна олдоксон.

Ал камчыдан ат соорусу ысыды,
Ал камчыдан аттын каны кызыды.
Ат кишенеп, ат мөңкүдү чычаңдап,
Ал экөөнө катуу келип кыжыры.

Жыгылды экөө өмүр жолу тосулуп,
Эки баштын шүйшүн каны жошулуп,
Ай батканда таштак жолду нымдантып
Агып жатты секин жылжып кошулуп.

Адамдан да акылы мол мал экен,
Асанына анын дили ак экен.
Ак өргөгө жетип, башын шылкыйтып
Анык асыл ээсин күткөн чагы экен.

## ЖАШТЫГЫМДЫ ЭСТЕЙМИН

Алыстадым жаштыктын айылынан,
Ал болбоду өзүмдүн айыбымдан.
Кетпесем дейм оолактап андан ары
Кереметтүү өмүрдүн жайыгынан.

Күлүң көздүү жаштыктан четтей берем,
Күйүп-жансам айла жок, жетпей келем.
Жадыраган жаштарды көргөн сайын
Жаштыгымды кайрадан эстей берем.

Түшүнгүлө, жаштарым, өтүнөмүн:
Алоо бардай дале ысыйт көкүрөгүм.
Аны кантип антпе деп жемелейин,
Анын чогун кантип мен өчүрөмүн?
Өргө чаап жүрөгүм өрөпкүсө,
Өзүм кантип жай алып көшүлөмүн?

Айтам сырды ой менен билээр деген,
Жигит элем жупуну, чиренбеген.
Бар болучу жетээрлик парасатым,
Бар болучу тулкумда жигер деген.
Маашыр болуп масайраш жашаганмын
Мага берген Жараткан ирең менен.

Ал кез кетти. Ой кетпейт, бирок, менден
Шарапаты жаштыктын тиер деген.
Жаным жыргайт ыктасам, жакындасам
Жаркын жаздай жаштарым, силерге мен.

## МЫКТЫЛАРДЫН ЭСИНЕ

Ким пайдалуу, ким пайдасыз – талдайт ал,
Пайдалууну табар менен жандайт ал.
Тапкөй сындуу тузак жайып тымызын,
Таттуу тамак, таттуу сөзүн камдайт ал.

Тойгон кезде андан көрүп пайданы,
Аз калганда андан оомат тайганы,
Аны таштап, таап да бир мыктыны,
Ага арналат сөздөрүнүн каймагы.

Бүткөн кезде анын көрүп пайдасын,
Издеп жөнөйт: «Да берешен кайдасың?»
Андан тойсо, да бир мартка туш болот
Анын дагы дароо табат айласын.

Аны ар күнү эртели-кеч шынаарлайт,
Ал аткарар пайдалуу ишин зынарлайт.
«Жок!» деп айтса, бек жабышып чайырдай,
«Жолдошпуз го, доспуз го!» деп тырандайт.

Ушул ырды дыкат окуп чыктыңар,
Ушул шумпай көп адамды мыш кылар,
Силерге эртең секин барып шыйпаңдайт –
Эсиңерге туткулачы, мыктылар...

## КӨШӨГӨ

*Баллада*

Асыл эне ак тилегин арнады
Үйлөнтүүгө жандай көргөн тун уулун.
Алмак болуп келиндикке тандады
Айылдагы бирин кырчын сулуунун.

Нике тойго эне тынбай камынып,
Күнү-түнү үмүт менен жашады.
Турсун үчүн ак өргөдө тагылып
Укмуш кооз чоң көшөгө жасады.

Кандайлыгын алдын ала көргөнү
Тартып көрсө көшөгөсү көйкөлүп,
Жадыратып көрккө бөлөп өргөнү,
Жасалыптыр ашык-кемсиз өлчөлүп.

Сезилди эне көңүлүнүн тойгону
Көшөгөсү турса сонун жарашып.
Ушул жерде укташарын ойлоду
Уулу менен келини экөө жанашып.

Тойдон башка нерсе келбей оюна,
Турган кезде эне жүзү нурданып,
Баткен жакка курал алып колуна
Басып кирди согушкерлер уурданып.

Апакеси камдап бүткөн той калып,
Ата журтка тийсин үчүн көмөгү,
Азырынча үйлөнбөстөн бой калып,
Анын уулу Баткен карай жөнөдү.

Карап, карап уулу жатар өргөнү,
Калды эненин эт жүрөгү ачышып.
Уулу түндө такыр уйку көрбөдү
Удаа-удаа душман менен атышып.

Эне түндө жүрөгү ооруп куруду,
Жаман түштөн чочуп турду камыгып.
Түнкү атышта күтүп жүргөн кулуну
Курман болду жоонун огу жаңылып.

Байкуш эне маңбаш жинди өңдөнүп,
Каптады аны көктөн кара түн түшүп.
Айылдаштар анын муңун тең бөлүп,
Кайгырышты көз жаштарын сүртүшүп.

Эми сөөгүн өлгөн эрдин согушуп
Айыл эли ардактоону түшүндү:
Аны өргөнүн капшытына коюшуп,
Көшөгөнүн четин жерге түшүрдү.

«Эмне таптың, тагдыр, мага өчүгүп?» –
Деп буркурап эстен танды энеси.
Тойго арнаган көшөгөдө көшүлүп
Жатты жалгыз тун уулунун денеси...

## САЯПКЕРДИН АТЫ ЖАНА БАЛАСЫ

Бир саяпкер жалгыз атын таптады,
Жалын тарап, жем-чөп берип баптады.
Бардык жерде баш байге алып күлүгү,
Саяпкердин баккан акын актады.

Айтып ээси: «Атым – учкул канатым!»
Адамдан да артык көрдү ал атын.
Аты сындуу бапестебей, сыйлабай,
Алакчылап жүрдү жалгыз баласын.

А баласы такыр чыгып ташадан,
Адам болду өөдүк-сөөдүк жашаган.
Алсырады, калтырады кыйналып
Арылалбай арак менен нашадан.

А саяпкер атын гана баптаптыр,
А баласын аттай сонун бакпаптыр.
Акыл жумшап, тилин таап айбандын,
Атаганат, бала тилин таппаптыр.

## ЖАШТАРГА

Жашсыңар жайнап турган ирециңер,
Денеде кайнап турган жигериңер.
Оюңар азоолордой оолуккан кез
Олуттуу үмүтүңөр, тилегиңер.

Таң сындуу тазасыңар, жаңысыңар,
Мезгилдин демисиңер, жанысыңар.
Бек болмок Ала-Тоонун келечеги
Бек болсо өзүңөрдүн намысыңар.

Жакпаган көккө карай учканыңар,
Жакпаган көп мөрөйдү утканыңар
Басташып, алпурушуп келе жаткан
Бар азыр арак, наша душманыңар.

Бул экөө артыңарга илээшкендер,
Силерге азап, ажал тилешкендер.
Каардуу балбандардай өчөгүшүп,
Кажашып, кармашкандар, тирешкендер.

Бул экөө акыл-эсти тайыз кылат,
Кажытып кабырганы кабыштырат.
Каруулуу болсоңор да так көтөрүп,
Как жерге тарс эттирип чалып жыгат.

Аларга каршы күрөш баштаар силер,
Ата-журт ар-намысын актаар силер.
Антпесе кыргыз болот тукум курут,
Кыргыздын келечегин сактаар силер.

Таза күч болсун дайым боюңарда,
Таза акыл болсун дайым оюңарда.
Тарыхты таң калтырар калкыбыздын
Тагдыры өзүңөрдүн колуңарда.

Каректей ыйык улут, жергебиз бар,
Канчалык анда байлык, жер-жемиш бар.
Айткыла, силер эмес, ким калкалайт –
Ата журт, элден башка эмнебиз бар?

## АР КЫЛ ТИЛЕК

Кайсыл адам каалабайт бай болгонду?
Жылгадай чоң болгонду жыбыт тилейт,
Жылдыздардын баары эңсейт Ай болгонду.

Дөбө умтулат бийикке кыр болсом деп,
Тоо болсом дейт бийикке кыр умтулуп,
Аңсайт ар бир кара сөз ыр болсом деп.

Көп машина «Мерседес» болгусу бар,
Көп кайыктар калдайган кеме болуп,
Самолёттор Айга түз конгусу бар.

Өссөмчү дейт караган чынар болуп,
Марал болуп чыксам дейт улак тоого,
Учкусу бар таранчы тынар болуп.

Ар жетекчи Раззаков болгусу бар,
Ар жазуучу ааламга аты чыккан
Айтматовдой атакка конгусу бар.

Карамолдо болсок дейт комузчулар,
Ар обончу Ырыспай болсок дешет
Жүрөгүнөн укмуш күү, добуш чыгар.

Болсок дешет Курманжан ар ургаачы,
Бүбүсайра болсом деп тилек тилейт
Бийге шыгы, ышкысы бар ургаачы.

Тилек баркын калкыбыз билет жакшы,
Тирүүлүккө көрк берип шамдай жанган
Тилек жакшы, адамдар, тилек жакшы,

## ТАГДЫР ЖӨНҮНДӨ МАЕК

Биринчи карыя:

– Тагдыр чын татаал келет, тажаал келет,
Унчукпайт, бирок, ашкан ажаан келет.
Таймашып, алпурушуп тайманбастан
Тагдырды адам эмес, ажал жеңет.

Балдарды кубалашкан бакчадагы,
Чалдарды жай аттаган астананы,
Купуя сырдуу тагдыр куп ойнотот
Куурчак артисттердей сахнадагы.

Өкүмдөр тагдыр баарын башкарганын,
Өкүмүн ар бир пенде аткарганын,
«Мен чийген жолдон такыр ал чыкпайт» деп,
Билебиз биз тагдырдын мактанганын.

Кээ бирин тагдыр колдоп дөө кылганын,
Кээ бирин кызыл көздүү чөө кылганын
Билебиз кежеңдеген кээ кежирди
Жетелеп буйлалаган төө кылганын.

Жаш кезде көптү көрдүк чамынганын,
Тагдырды жылоолого камынганын.
Алкынып, албууттанып, азоолонуп,
Акыры ал тагдырга багынганын.

Укканбыз тагдыр көптү азгырганын,
Какшатып кабыргасын капшырганын.
Канчаны каалаганча тамтаңдатып,
Капталын бүлкүлдөтүп каткырганын.

Өткөрөт көптү тагдыр сынагынан,
Тикчийип карайт тыяк, быягынан.
Адам көөп бат мардайса, бат дардайса,
Айырат Ай чапчыган дымагынан.

Ар жанга жыргаганга келсе кезек,
Аздектеп тагдыр жайкап эркелетет.
А кокус ал булгаса адам наамын,
Аброюн төкчү күндү эртелетет.

Андайды үмүтүнөн үздүрөт ал,
Адамдан амалдуурак, күчтүүрөк ал.
Көздөрү көрүп туруп, көрбөс жанга
Көтөр деп ар кыл оор жүктү үйөт ал.

Тагдырга адам тажап, тан берерин
Ага эми жымжырт, бейкут жай керегин.
Абайлап байкап жүрөм атаандашпай
Айласыз таслим болуп жан берерин...

Экинчи карыя:
– Сенин жакын коңшуңмун да, досуңмун,
Сөздөрүңө кулак төшөп отурдум.
Айткан кээ бир ойлоруңда чындык бар,
Келип турат мен аларга кошулгум.

Анткен менен менин башка оюм бар:
Маалим мага тагдыр салган оюндар.
Мага тийген тагдыр чачкан бак-таалай,
Мага тийген тагдыр чапкан союлдар.

Өмүрүмдө көп кар бастым, чаң бастым,
Өктөммүн да, өжөрмүн да, тайбасмын.
Тайгак кечүү, тар жолдо да тартынбай
Тагдыр менен такандаштым, таймаштым.

Тагдыр болсо алчыланган аргымак,
Мен да аргымак болуп жүрдүм кайрыят,
Айткан оюн каяшасыз укпадым,
Анын көзүн карабадым жалдырап.

Чабуулга өтсө, чабуулга өтсөм, чегинди,
Басмак болуп, басалбады демимди.
Мени тагдыр уталбады утам деп,
Мен тагдырга жедирбедим жемимди.

Мен тагдырга кээде оозумду каңдаттым,
Мертинтпеген мээримдүү деп алдаттым.
Кекирейген, кербезденген тагдырга
Келгени жок мен кул болуп жан баккым.

Айды, Күндү тагдыр көрүп, мен көрүп
Аптапты да, аязды да тең көрүп,
Тең тайлашып, тең атадай укукта
Келатабыз шыбаганы тең бөлүп.

Жумшаса да айла-амалдын бардыгын,
Өткөрө албай өкүм менен жарлыгын,
Тагдыр мени окшотсом деп өзүнө,
Кайра мага окшоп калды тагдырым.

## АК КУУ МЕНЕН КАРА КУУ

Ак куу менен кара куу куйрук улай
Каалгышат, канатын жай кагышат.
Алар – күн, түн Кудайдын буйругундай
Алмак-салмак ааламды айланышат.

Эки түстүү эки куш бирин-бири
Ээрчип учат жанашпай, жакын болбой.
Арасында жок өңдүү биримдиги,
Иши бардай жүрүшкөн макул болбой.

Аксанатай алтын Күн алтын түстү
Ай ааламга атайы таап келет.
А түн болсо Күн берген жаркын түстү
Көөдөй кара түс менен жаап келет.

Нурун чачып Күн дайым жайып келет
Жылоолоп бүт жылуулук, айкындыкты.

Өзү менен түн дайым алып келет
Күмөн ойду, күңүрттүк, салкындыкты.

Күч арттырган жыргалга жанаштырып
Күн нуруна адамдын канса баары,
Түн апкелет аларды алаксытып
Түркүн түйшүк, шек саноо, сарсанааны.

Күндүз дүйнө Ай сындуу толуп турат,
Түндө чети кетилип, кемип турат.
Күн олжосун түн кайра жоюп турат,
Түндү кайра жарык Күн жеңип турат.

Түн да келет ааламга жайнабастан,
Мурун бири жеңет да, кийин бири
Жеңе берет, уланат кайра баштан
Күрөш күчөп кубалайт бирин-бири.

Ак куу менен кара куу алмашылып,
Көрдүк далай агын да, карасын да,
Өзгөрүлүп көп мезгил алга жылып,
Келатабыз экөөнүн арасында.

## ЫЙМАНДАЙ СЫРЫМ

Окурман, бул ырыма таң калбагын,
Ыр – менин ыйык дүйнөм, кармонганым.
Кыпкызыл отту аралап, окту аралап,
Кыйналган кан майданда кайран жаным.
Эмгегим текке кетпей, эл алдында
Эштендим, эркедим, жайдаңдадым.
Мансапкор куу чиренге дилди сатып,
Малайдай жагынбадым, жалданбадым.
Көмөгүм башкаларга аз тийсе да,

Көп көрдүм башкалардын жардамдарын.
Төө миндим төбөм менин көккө жетип,
Жөө жүрдүм, жөө жүрдүм деп арданбадым.
Өткөндөй өз башымдан өксөп уктум
Башканын баштан өткөн армандарын.
Басканмын, өчүргөнмүн арачалап,
Басташкан башкалардын жаңжалдарын.
Калбадым бирөөлөрдүн каргышына,
Калп айтып, касам ичип карганбадым.
Башканы алдабадым кара санап,
Башкага ырас менин алданганым.
Бурулган кезде шайтан көңүлдөрү
Бузбадым башкалардын жалжалдарын.
Болгондур чанган жандар мени дагы,
Менин да болгону чын чангандарым.
Кээ селки мага жетпей калганы чын,
Мен да ага жетпей калып армандамын.
Аларды азыр ачык айткан үчүн
Айыптай койбос мени алган жарым...

## АК КАГАЗ

Кардай таза,
таңдай таза ак кагаз!
Асыл, таза ой жазылса бетине,
Ак кагазды ким жактабас,
мактабас.

Ак кагаздын тагдыры өз ээсинде,
Ал ээсинин мүнөзүндө, дилинде,
Акылында, эси менен мээсинде.

Бардык ишке пайдалуу же пайдасыз
Багыттаса ээси (эстүү же дөдөй)
Байкуш кагаз бат багынат айласыз.

Анын ээси жакшы болсо – ал жакшы.
Анын ээси кайсар болсо, кагаз да
Аргасыздан кайсар болуп калмакчы.

Ээси жалтак болсо, кагаз – жазганчак,
Мактанчактын каламына багынып
Болору чын кагаз дагы мактанчак.

Кыз-жигиттер ак кагазга нур жазат,
Ар бир тамга жүрөктөрүн эргитип,
Кат аркылуу бирин-бири жыргатат.

А ушакчы сөз жазбастан, уу жазат,
Ак кагаздын абийирин кетирип,
Адамдын ак пейилине уу чачат.

Кай бир митаам кагаз толо чыр жазат,
Каарын, заарын төгүп кагаз бетине
Адам дартын ого бетер ырбатат.
Ак кагазга күлкү батат, ый батат,
Ар кыл, ар кыл адамдарды ак кагаз
Ачуулантат, сүйүнтөт же жыргатат.

Аппак кагаз аппак кардай, ак таңдай,
Атаганат өтөсөңчү ак кызмат
Адамдардын бардыгына жаккандай...

## БҮЛӨӨЛҮҮ

Көп уккан Бүлөөлүүнү азыр көрдүм,
Көк асман, көк сеңирдин башын көрдүм.
Көңүлдү күүлөнтүүчү суусун көрдүм,
Көңүлдү курчутуучу ташын көрдүм.

Бүлөөлүү биз келгенде жайнап турду,
Булбулу тилин безеп сайрап турду.
Шарынан көбүк ыргып көк шиберге,
Шарактап дайра ташып кайнап турду.

Ар түркүн гүлдүн жыты аңкып турду,
Ал жыттан дилим жыргап балкып турду.
Көңүлгө канат бүтүп көтөрүлүп,
Көгүндө Бүлөөлүүнүн калкып турду.

Тал, терек, кайыңдары термелишип,
Талпынып бариктери сермелишип,
Жүгүнүп жаш бадалдар, дары чөптөр,
Жүрөктү өргө эргитти дем беришип.

Көргөндөр көрктөн башка сезбесе деп,
Көркүнө башка жерлер жетпесе деп,
Бапестейт Бүлөөлүүсүн айылдыктар
Башканын көзү тийип кетпесе деп.

Бүлөөлүү адам көөнүн сүйөй турган,
Укмуш жер акынды алга сүрөй турган,
Ыр тилеп, ышкы тилеп сыйынууга
Ыраактан акын келип түнөй турган.
Кутман жер акын сөзүн, сезимин да
Курч кылып, өткүр кылып бүлөй турган.
Атайы өткөргөнсүп ыр майрамын,
Асманга биз көтөрдүк ыр байрагын.
Ырдадык, кошо ырдаттык Бүлөөлүүнүн
Ыргалган кырчын кайың, ыргайларын.

Ажардуу жүзүн көрүп Бүлөөлүүнүн,
Ажайып түсүн көрүп Бүлөөлүүнүн,
Ал жердин кереметин дили сезип
Акындар ыр жазбаса күнөө бүгүн.

Ыр жазсам ышкым эргип, күчкө кирип,
Бүлөөлүү жалаң жашыл түскө кирип,
Күндүзү көркү кетпей көз алдымдан,
Түндөсү чыкчу болду түшкө кирип…

## ӨМҮР ЖӨНҮНДӨ ОЙ ТОЛГОО

Байкап көрчү, ойлоп көрчү, ашына,
Жылдар жылып, жаш кошулду жашыңа.
Улам кемип, улам барат бөксөрүп
Өмүр аттуу өтө кымбат казына.

Бул турмуштан туура сабак алдыкпы,
Туура тоңуп, жансак туура жандыкпы?
Көңүлүбүз эмнелерден иренжип,
Көңүлүбүз эмнелерден айбыкты?

Кетти бизден жоош күндөр, шок күндөр,
Кетти бизден ачка күндөр, ток күндөр,
Кетти күндөр түшүмдүү да, үзүрлүү,
Кетти бизден ичи көңдөй, бош күндөр.

Ал күндөргө күбө болдук өзүбүз,
Ал күндөрдү дилден болбойт өчүрүш.
Ашып-ташса бул өмүрдө кубаныч,
Ага удаалаш жүрөт тура өкүнүч.

Билек түрүп бар кезинде күчүбүз,
Биздин парыз – толгон ишти бүтүрүш.
Жакшы жашап, ушул жарык дүйнөдөн
Жарык бойдон кетсе болду жүзүбүз.

## ОЙЛОР

Ар адамга күндүр-түндүр ой келет,
Аны болбос келбе демек, кой демек.
Адам – асыл, ага келсе асыл ой,
Адам – күчтүү сүрөп турса ой демеп.

Кээде тайыз, кээде келет терең ой,
Кээде – сергек, кээде келет кереӊ ой.
Келет кээде кас душманы жалтанган
Кеӊ көкүрөк эр жигиттей берен ой.

Кээде ой келет шек билдирбей уурданып,
Кектүү адамдай каны качып сурданып.
Кээде ой калет жайдаӊдаган жайдары
Жаш сулуудай ак жүзүнөн нур жанып.

Ой эмеспи адам дилин жарыткан,
Анын жолун кеңейткен же тарыткан,
Канат берип күүлөнткөн же мөгдөткөн,
Каруу кошуп жашарткан же карыткан.

Ойлор окшош ар адамдын өзүнө,
Ойлор окшош ар адамдын сөзүнө.
Кайырдашат ээси менен ойлору
Карап туруп бек жумулган көзүнө.

## КЫЯЛДАНГАН КЕЗИМДЕ

Айылдан окчун байкалат
Апакай аска, ак аска.
Ай тийсе окшоп маӊкаят
Аккула минген Манаска.

Арыраак аппак аскадан
Алкынып дайра аккансыйт –
Кадырман айкөл баштаган
Калың кол келе жаткансыйт.

Туяктар тийип миңдегөн
Турду жер туюк дүңгүрөп.
Жай жатып көөнү зилдеген
Жаңырды жайлоо күңгүрөп.

Өргө учуп кыял, шаттанып,
Өткөнгө дароо жанаштым.
Кошула жаздым аттанып
Кошунун көрүп Манастын.

Ай тийсе дилди бура бер
Апакай аска, ак аска,
Аркайып окшоп тура бер
Аккула минген Манаска!

## КАЛКЫМ

Те байырда, калкым, сенин тарыгың,
Те тереңде тарыхтагы тамырың.
Арып-азып, араң таптың акыры
Азаттыктын, акыйкаттын жарыгын.

Жыкты сени, бирок, калдың жыгылбай,
Кырды сени, бирок, калдың кырылбай.
Өзгөрүлүп, өнүп-өрчүп келесиң
Өлбөс болуп күүң менен ырыңдай.

Кыйналсаң да, сенде болгон саясат,
Ыргалсаң да, сенде болгон парасат.

Сен экенсиң көчмөн туруп көсөм калк,
Өткөнүңө сереп салып карасак.

Көсөмдүгүң көп нерседен билинди,
Келечекке арнап бүткүл дилиңди,
Сактап келдиң канга сиңген «Манасты» –
Сактап келдиң жандай ыйык тилиңди.

Айкөл калкым, келген кези ооматың,
Ал ооматың кебелбесин, ообасын.
Күү угулуп комузуңдан миң сырдуу,
Күн күлүңдөп нурдап турсун тоо башың.

## КӨКТӨМДӨГҮ ТИЛЕК

Ала-Тоо башы кашкайып,
Адырдан гүлдөр баш багып,
Буруксуп жыты жаш чөптүн,
Булактар күлүп шаттанып,
Жасанган кыздай келбеттүү
Жаз келди назик назданып.

Желп этпей желге жалбырак,
Жер жатат таттуу магдырап.
Тандырга Айдай нанын жаап,
Тамылжып келин албырат.
Уулу анын жумшак бешикте
Уйкуда көшүйт балбырап.

Көңүлүм бурган жанатан
Көк талдын шагын карасам,
Канаттуу салган жаңы уя
Кадимки чуңкур алакан.
Чыдабай күтүп энесин
Чыйпылдайт сары ооз балапан.

Көңүл бар менде адаттуу
Көктөмдө балкып-көлкүмө.
Көз салып, ойлоп, тилеймин:
Көрк кошуп улам көркүнө,
Күн нурдуу жерим согуштун
Күйбөсө экен өртүнө.

## ӨТКҮН

Жарк эткен кезде чагылган,
Тарс эткен кезде чагылган,
Асманда булут күйгөнсүп,
Аскалар туташ жаңырган.

Түрмөктүү булут түнөрүп,
Түн түшкөн өңдүү түбөлүк,
Караңгы каптайт жайлоону
Калгансып жарык түгөнүп.

Көнөктөп жамгыр куюлат,
Көңүлгө деми туюлат.
Суу кылып жашыл аймакты
Сур булут кайра суюлат.

Ал кезде жамгыр басылган
Асманды көрчү ачылган –
Тамылжыйт сулуу жүзүндөй
Таарынып, кайра жазылган.

## МЕЗГИЛ

Мезгил – мухит, чексиз алыс кылаасы,
Мезгил – көсөм, мезгил – кыраан, кыраакы.
Ар кыл адам ар кыл карап мезгилге,
Болгондор көп, болбогон көп ыраазы.

Мезгил – тулпар, узак жолдо арыбайт,
Кылымдарды карытат да, карыбайт.
Мезгил – табып, таап укмуш дабаны,
Ар кыл оору жүрөктөрдү дарылайт.

Мезгил – сынчы, элек сындуу элейт ал,
Таразалап баарын тактап ченейт ал.
Качан болсо данды бөлүп чар-пырдан,
Караны – ак, акты – кара дебейт ал.

Көпкөндөрдү чөгөрөт да, басынтат,
Жинин кагып, өкүнтөт да, акыйтат.
Чөккөндөргө оомат, маанай, бак берет,
Мезгил – адил, мезгил – улуу акыйкат!

## ТОКТОГУЛ ЖАНА АК КУУЛАР

Өмүрү өтүп иңирде,
Токтогул жүрүп Сибирде,
Көргөн ал ак куу учканын
Көңүлсүз күндүн биринде.

Апакай, элпек канатчан
Ак крууну көктө бараткан
Жабыркап жүргөн туткундар
Жарданып чогуу карашкан.

Асманды көркко бөлөгөн
Ак куулар учуп жөнөгөн
Өкүндү болжоп Токтогул
Өтөр деп Кетмен-Төбөдөн.

Балталап сомдоп чабылган,
Кыл эмес, үч зым тагылган

Комузду колго алганда
Коңур күү ойдон табылган:

«Ак куулар, асыл ак куулар,
Ар дайым таалай-бактуулар!
Апама барып кайткыла,
Аман деп уулуң айткыла!..

Айланып учуп баарыңар,
Айлыма менин барыңар.
Багымды карай өткүлө,
Баламды беттен өпкүлө.

Сагынсам элди мен эстеп,
Жүргөндүр мени эл эстеп.
Айткыла кыргыз калкыма:
«Акының кайра келет!» деп.

Каржалган туткун пенде мен,
Канат жок, минтип сенделем.
Канатым болсо силердей
Бирге учпайт белем элге мен...»

Алыстап көктө калкыган
Кууларды карап артынан,
Көңүлү чөгүп Токтогул
Көзүнүн жашын арчыган...

## ТОКТОГУЛ ГЭСИ

Сөөккө өтүп эски заман суугу,
Далайлардын калчылдаган мууну.
Караңгыда комуз чертип ыйлаган
Кыргызымдын Токтогулдай уулу.

Нечен түнү таң аткыча чыгыштан
Током өзү шам болууга тырышкан.
Сөзү менен элдин жүзүн жарытып,
Күүсү менен эл жүрөгүн жылыткан.

Далай жакыр кылым бою өксөгөн
Токомду угуп жакшы күндү көксөгөн.
Үмүт кылган какыраган аскада
От жанса деп оңой менен өчпөгөн.

Ооба, ооба оттор жанды какырда,
Калкы курган эстеликтей акынга
Айнек менен таштан бүткөн бийик ГЭС
Жарык чачты алыс менен жакынга.

Бул ГЭС жайнап, акын жогу сезилбей,
Күлүмсүрөп Током күлгөн кезиндей
Калкка берди жылуулукту, жарыкты
Анын нурдуу күүсү менен сөзүндөй.

## АКЫН ЖООМАРТ

Кең болчу сенин пейлиң Арымыңдай,
Шар элең Узун-Акмат агымындай.
Өз элиң сени барктап, сени өстүрүп,
Түптүү элең байтеректин тамырындай.
Эл десе, мекен десе жан аябай
Жанчу элең өчпөс оттун жалынындай.
Ошондуктан өзүңдүн атың Жоомарт,
Ошондуктан өлбөдүң акын Жоомарт.

Жарышта көптөн озуп, көптү жеңген
Сен элең курч жигиттен, өткүр эрден.
Күрөшчүл адам, акын болуу үчүн

Алгансың көптү элиңден, көптү жерден.
Сен элең карыз болбой намыстанып,
Кайтарып элге, жерге көптү берген.
Ошондуктан өзүңдүн атың Жоомарт,
Ошондуктан өлбөдүң акын Жоомарт.

Ырларың уздун кооз саймасындай,
Жыттуу эле тоонун назик алмасындай,
Жайлоодо өскөн гүлдөй назик эле,
Күчтүү эле тоонун өктөм дайрасындай.
Жүрөгүң элди барктап, жерди барктап
Жарылды денге сыйбай, жанга сыйбай.
Ошондуктан өзүңдүн атың Жоомарт,
Ошондуктан өлбөдүң акын Жоомарт.

Асманга канатыңды күүлөрүңдө,
Айланып бийик учуп жүрөрүңдө
Мерт болдуң. Көп асылдар кошо кетти
Тынчы жок көңүлүңдө, күдөрүңдө.
Эл өлбөйт, сенин Жоомарт, элиң Жоомарт,
Жашайсың жоомарт элдин жүрөгүңдө.
Ошондуктан өзүңдүн атың Жоомарт,
Ошондуктан өлбөдүң акын Жоомарт.

## ТААЛАЙ

Улуу дагы, сулуу да таалай деген,
Уругу бир, теги бир маанай менен.
Ажарынан нур төгүп дидарлашса,
Аны «сен» деп айтууга даабай келем.

Дидарлашып турбасам таалай менен,
Дилим жыргап ызаттап, баалай белем.

Канча көрсөм калбастан канааттанып,
Кайра көксөп таалайды каалай берем.

Жаркын таалай сулуунун көзүнө окшош,
Жакшынакай, сыпайы сөзүнө окшош.
Ар таалайдын өзүнчө мүнөзү бар,
Ар адамдын таалайы өзүнө окшош.

Таалай деген сыйкыр да, ыйык келет,
Тагдыр сындуу таарынчак, кыйык келет.
Өйдөсүнүп таалайга кекейгендер
Өз ырысын өздөрү кыйып келет.

Таалай дайым сыймыкка, намыска бай,
Таң сыяктуу нурга бай, жарыкка бай.
Өз таалайын ар адам аздектесе,
Өмүр бою бир жүрмөк алыстабай.

## ЭЭРЧИП КЕЛЕМ

Жыңайлакпыз. Жумшак чөптүү төрдөбүз.
Тергенибиз кызыл бермет – жөргөмүш,
Калкалады бизди жааган жамгырдан
Жалбырактан жасап алган «өргөбүз».

Сыртка чыксак көз азгырып элеси
Тиги өйүздө турат көктүн желеси.
Кармайбыз деп сууну кече чуркадык
Жакын окшоп ошол төрдүн белеси.

Колго тийбей из жашырган эпчилдей
Көк желеси көп балдарга сездирбей!
Арт жагынан акактатып ээрчитип
Алдап-соолоп кете берген жеткирбей.

Көктүн ошол желесиндей жаркыган
Көз азгырган тилегимдин артынан.
Бала чактан калбай ээрчип келатам,
Жетем го деп талпынам да, талпынам…

## БҮРКҮТҮМ

Ак булут жүрсө калкыган,
Анда да бийик кайкыган,
Айланып эркин асманда
Абадан жуткан аңкыган,
Жактырам сени, бүркүтүм,
Жаңыртып тоону шаңшыган.

Өргө учса көзү көп көргөн,
Өлөрдөй жоосун жек көргөн,
Карыштырып чеңгелин
Карышкырды бөктөргөн,
Ардактайм сени, бүркүтүм
Асманда өмүр өткөргөн.

Сагынбас сени мен белем,
Сагынып сага мен келем.
Көңүлгө канат жаралып
Көргөндө сени шерденем.
Жүрөгүм көктө чабыттайт
Жүрсөм да басып жерде мен.

Тоолордун өзүң жанысың,
Тоолордун өзүң шаңысың.
Жанымды күүлөп жүрөсүң
Жаратып ырдын жаңысын.
Өзүңсүң менин сыймыгым,
Өзүңсүң менин намысым.

## САЙРАЧЫ, БУЛБУЛ, САДАГА!

Тамылжып асман жайнады,
Таң менен булбул сайрады.
Керемет үндүү бул куштун
Келгенсип турду майрамы.

Дарактар карап жалдырап,
Дабышсыз муюп жалбырак,
Ажайып күүгө мас болуп
Айлана турду магдырап.

Чечен куш булбул үнүнүн
Чечкиңер келсе түйүнүн:
Ышкысы ташып таңшыган
Ыры эле ыйык сүйүүнүн.

Дем берсин ырың сага да,
Сагынган,
Сабылган көңүл жыргасын,
Сайрачы, булбул, садага!..

## КЕКИЛИК

Көктөм күнү асманда жайнай берди,
Көңүлү эргип кекилик сайрай берди.
Уккандарды суктанткан кекиликке
Укмуш мукам ушул күү кайдан келди?

Ал кубанган таң сулуу атканына,
Көлдөй көпкөк көктөмдүн асманына,
Бардыгы окшош, бардыгы татынакай
Уя толо жумуртка тапканына.

Аз калганда аларды басарына,
Боору менен жылытып жатарына,
Шиш тумшуктуу куу түлкү жалмап кетти
Эч нерсе албай ал жүрсө капарына.

Чыйпылдатып балдарын ээрчитпеди,
Таштан-ташка секиртип телчитпеди.
Көктү карап эштенип сайрачу эле,
Көөнү чөгүп, шылкыйып жер тиктеди.

Таң атканда кекилик жыргап сайрап,
Таңдайынан күү чыкчу ырдап сайрап.
Тагдырына таарынып бүгүн байкуш
Таш үстүнө жаш төктү ыйлап сайрап...

## МАКСАТ ТУУРАЛУУ

Тандайт да ар ким жаш чакта
Талпынат ыйык максатка:
Абройго, сыйга, жакшы атка,
Адамдын наамын акташка.

Кай бири араң жан бакса,
Кай бири түшөт кармашка.
Ар кимдин ар кыл тагдыры,
Ар кимде максат ар башка.

Күрөшөт адам, күрөшөт,
Күрөшүү менен күн өтөт.
Жетем деп түпкү максатка
Жигерин, күчүн түгөтөт.

Адамдар эптүү, эби жок,
Адамдар демдүү, деми жок

Максатка тынбай умтулат,
А бирок,
Максаттын такыр чеги жок…

## АДАМДАР

Адамдар, ар кыл, ар кыл, ар кылсыңар:
Ачуулуу, ак санатай, жаркынсыңар,
Күүгүмдөй күңүртсүңөр, таңдай нурлуу,
Ырайлуу, ысыксыңар, салкынсыңар.
Желсиңер, шамалсыңар, бороонсуңар,
Жезсиңер, күмүшсүңөр, алтынсыңар.

Арада карыңар бар, жашыңар бар,
Ноочаңар, орто бойлуу, пасыңар бар.
Ак пейил досуңар бар, касыңар бар,
Токпейил тогуңар бар, ачыңар бар,
Таптакыр сооңор бар, масыңар бар,
Антсе да адам деген атыңар бар.

Жол сымал ачыксыңар, туюксуңар,
Суу сымал киргилсиңер, тунуксуңар.
Бозоруп тоодо жылган тумансыңар,
Көктөгү апапакай булутсуңар.
Ар кандай болсоңор да бул дүйнөдө,
Адамдар, силер анык улуксуңар.

Корс эткен кополсуңар, сылыксыңар.
Айнектей бүтүнсүңөр, сыныксыңар.
Кең пейил жоомартсыңар, бакылсыңар,
Тил алгыч элпексиңер, кыйыксыңар.
Ааламга туткасыңар, ырыссыңар,
Адамдар, бул дүйнөдө ыйыксыңар.

## АДАМДЫН ПЕЙЛИ ТАБЫШМАК

Туулса ар кыл пенделер,
Турмушта болбойт эмнелер:
Бирөөгө бирөө тең келер,
Бирөөдөн бирөө кем келер,
Бирөөнүн пейли тар болсо,
Бирөөнүн пейли кең келер.

Кунарсыз бирөө кынжыйса,
Кут конгон бирөө март болор.
Дүйнөсүз бирөө каржалса,
Дүйнөгө бирөө карк болор.
Бирөөдөн бакты, барк кетсе,
Бирөөгө бакты, барк конор.

Бирөөгө жагат адалдык,
Бирөөгө жагат арамдык.
Көрсөтсө кээси айбандык,
Көрсөтөт көбү адамдык.
Көрсөтсө көбү жакшылык,
Көрсөтөт кээси жамандык.

Тайманбас, курчпуз, болотпуз,
Табылгыс дастан, жомокпуз.
Дүр-дүйүм насип жайнаган
Дүйнөгө келген конокпуз.
Кээде биз тарбыз, тайкыбыз,
Кежирбиз, орой, онокпуз...

Багытын көбү аныктап,
Баратса алга арыштап,
Манчыркап кээси чалыштап,
Максаттан барат алыстап.
Адамдын пейли адамга
Абалтан бери табышмак.

## ХАН МАНАС ТУКУМДАРЫ, КАЙДАСЫҢАР?

Акыры адилеттик жеңди мына –
Азаттык Ала-Тоого келди мына!
Өзүң жаз, өзүң сүйлө өз тилинде
Өзүң каз өзүң тапкан кенди мына!

Көз салып Кудай сенин көз жашыңа,
Ээ болдуң эми кыргыз өз башыңа.
Илгери иш алпарар ишенимдүү
Идерлүү уулуңду кой көч башына.

Уланып улам өнүп тукумубуз,
Замандан убай көрөр учурубуз.
Тилектин бүт бардыгы орундалар
Тийген кез колубузга укугубуз.

Өспөсөк ал укуктан пайдаланып,
Өксүйбүз, быркыранып, майдаланып.
Түз жолдон түртүп ийсе бөлүп-жаруу,
Түшөбүз туңгуюкка тайгаланып.

Кууратып турган кезде каатчылык,
Кутурган иттей үрдү жаатчылык.
Арсайтып азууларын, арабызга
Аны ким коё берди таап чыгып?

Ким тигил бөлүнөм деп сыраңдаган,
Урууга бөлүп-жарып тыраңдаган?
Өрт коюп, эки араны өчөштүрүп,
Өзүнүн элин өзү кыралбаган?
Кан жутуп кыргыз мөгдөп басынганда,
Катыгын берип Манас катылганга,

Бүтөгөн кыргыз кыйрап бүлүнгөндө,
Жыйнаган кыргыз тарап, чачылганда.

Ким азыр кайра элимди бөлгүсү бар,
Кызыл кан төгүлгөнүн көргүсү бар?
Ким азыр хан Манастын арбагы уруп,
Калкымдын каргышынан өлгүсү бар?

Ким каалайт быт-чыт чыгып былчырашты?
Ким каалайт дагы кандуу ыңкылапты?
Туралы арабызды данакерлеп
Туу кылып биримдикти, ынтымакты!

Ар дайым ата журтка пайдасы бар,
Акылы, намысы бар, кайраты бар
Ойлогон кыргыз арын, кыргыз камын
Хан Манас тукумдары, кайдасыңар?!.

## ТАГДЫРЫ БИР ЭКИ КАЛК

Бир жолдо өзбек, кыргыз бара жатып,
Жөлөшкөн бир-бирине каралашып.
Ак калпак, ала топу боордоштор
Абалтан бир жашаган аралашып.

Ынтымак-ырашкерлүү эл арасы
Болгон соң бөлүнбөгөн жер арасы.
Эки элди чоочуркатпай, чоочундатпай
Эзелтен болгон эмес чек арасы.

Кыргызга өзбек барса коюн союп,
Астейдил дилин коюп, оюн коюп,
Өзбекке кыргыз барса ызаттаган
Ардактап палоо демдеп, коон союп.

Эки калк бирин-бири колдоп келген,
Кастардан бирин-бири коргоп келген.
Кылымдар оолактабай, кыналышып,
Кыз алып, кыз беришип, тойлоп келген.

Абалтан замандашпыз, доордошпуз.
Коңшубуз, жаны жакын боордошпуз.
Достуктан кубат алган деңиз сындуу
Кемибес, бөксөрүлбөс, соолбоспуз.

Бир биздин шамалыбыз, жамгырыбыз,
Көздөйбүз бир максатты бардыгыбыз.
Бир жолдон тайгылбайбыз, айрылбайбыз
Бириккен түбөлүккө тагдырыбыз.

## ЫЙМАН

Кыйындык улам күн сайын арбып, жыйналып,
Кысымдык көрүп кыргызым жатат кыйналып.
«Аттиң-ай, ыйман кетти!» деп жоктоп өкүндүк
Бирөөгө такыр бергенсип аны ыйгарып.

Жакшылык келчү эртеңки күнгө ыныанып,
Согушта ачка, жоктукка чогуу чыдадык, –
Деп айтат бирөө, – азыркы каатчылыктан
Ал кездей дале кетебиз элди чыгарып!

Ооба, анда согуш көрсөткөн элге кыйланы,
Ажырап алдан жаш-кары бирдей ыйлады.
Ачтыкты жеңген, азапты жеңген акыры,
Анткени элдин бар эле ыйык ыйманы.

Азайып азыр бир-бирин жөлөп, колдомой,
Азайып азыр бир-бирин аяп, коргомой,

Көбөйүп барат бир-бирин алдап, жыргамай,
Көбөйүп барат бир-бирин тилдеп, кордомой.

Жоголду ыйман! Кантип биз аны танабыз?
Жоголду ыйман! Кантип биз аны табабыз?
Кайрууга аны аз болор балким бир кылым,
Кайрууга аны жетеби деги чамабыз?..

## ЖАКШЫ АДАМ

Ал санабайт өзүн өйдө өзгөдөн,
Ал жалтанбайт: максатынан көздөгөн.
Адамдарды ардактаган аздектеп
Ак дилинде махабат бар өчпөгөн.

Озомун деп омуроолоп жутунбайт,
Опсуз сүйлөп, опурулуп, кутурбайт.
Аксымданып, куйтуланып, кууланып,
Адамдарды бир-бирине тукурбайт.

Ал таап жейт маңдай терден адал нан,
Абийир аттуу ордени бар каданган.
Жакшылыкты адамдарга көрсөтүп,
Жакшылыкты көрүп келет адамдан.

Ал мээнеткеч окшоп ишкер аарыга,
Ал бал ташыйт Абийир аттуу шаарына.
Көктө турган Күндөн таалим алгандай
Көңүл нурун тегиз чачат баарыга.

## АЯЛЗАТТЫН АСЫЛЫ

Акылмандык, улуулук да, ирилик,
Асылзаттык – баары өзүндө биригип,

Кереметтүү Курманжандай кеменгер
Келди кайра кыргызына тирилип.

Арабызда бүгүн биздин даткабыз,
Ал биз жакта, биз да датка жактабыз.
Өз кызы үчүн жүрөгүнө кыргыздын
Сыйбаган кез сыймык менен мактаныч.

Сызды жылдар аны такыр барк албай,
Сызды жылдар ал элине байкалбай.
Курманжандын атын сактап көңүлгө,
Бирок жүрдүк үн чыгарып айталбай.

Оолак кетип желдет жылдар сурданган
Оомат келип жадыраган, нурданган.
Азыр ар бир адам тургай тили бар,
Аскадан да үн угулду: «Курманжан!»

Курманжандын аты ыйык, кутман ат,
Кунарлуу ат, кымбат мөрөй уткан ат.
Кыздан кыраан шумкар таптап өстүргөн
Кыргыздарга бүт Күн чыгыш суктанат.

Мезгил кетип чындык күсөп зарыккан,
Мезгил жетип булуң-бурчту жарыткан,
Шаттан кыргыз, асыл кызың даанышман
Акырында алды өз ордун тарыхтан!

## КЕРЕМЕТ

Укмуштарды кулак угуп, көз көрүп,
Убак өтсө улам адам өзгөрүп,
Келечекке үмүт менен ашыгат
Кереметти турсамчы деп көп көрүп.

Табияттын түркүн сырын ал ачат,
Оңдойт, түзөйт, андан тизгин талашат.
Адам өзү кереметти сыйкырдуу
Ою менен, колу менен жаратат.

Кереметти жаратат да, шаңданат.
Өз ишине өзү кайра таңданат.
Көндүм болуп керемети кечеги,
Да керемет жаратууга камданат.

Акыл-ою ааламга нур себелеп,
Алга умтулган адамга ким теңелет?
Асман-жерде миң керемет жараткан
Адам өзү – чексиз бийик керемет.

## ОЙЛОР

Ой деген ой, күндүр-түндүр ой келет,
Ойду болбос келбе демек, кой демек.
Адам – асыл, ага келсе асыл ой,
Адам – күчтүү сүрөп турса ой демеп.

Келе берет, келе берет сансыз ой;
Кээде демдүү, кээде келет алсыз ой,
Кээде белдүү, кээде келет жансыз ой,
Кээде келип, кайра качат арсыз ой.

Кээде тайыз, кээде келет терең ой.
Кээде – сергек, кээде келет кереӊ ой.
Келет кээде кас душманы жалтанган
Кең көкүрөк эр жигиттей берен ой.

Кээде ой келет шек билдирбей уурданып
Кектүү адамдай каны качып сурданып.

Кээде ой келет жайдандаган жайдары
Жаш сулуудай ак жүзүнөн нур жанып.

Көңүлдөгү ойду кайра ой сынайт,
Көмөк берип ойду кайра ой чыңайт.
Омуроолоп кармашып да, таймашып
Опурулган ойго гана ой чыдайт.

Ой эмеспи адам дилин жарыткан,
Анын жолун кеңейткен же тарыткан,
Канат берип күүлөнткөн же мөгдөткөн,
Каруу кошуп жашарткан же карыткан.

Ойлор окшоп ар адамдын өзүнө,
Ойлор окшош ар адамдын сөзүнө.
Кайырдашат ээси менен ойлору
Карап туруп бек жумулган көзүнө.

## ГҮЛ – БООРУКЕР ДОСУБУЗ

Гүл – боорукер, гүл табылбас асыл да,
Жакшылыкта мүнөзү бар шашылма.
Жетип барып туруп калат жадырап
Төрөт үйдө энелердин кашында.
Төгүп турат жытын дагы, нурун да,
Ымыркайдын бешигинин башында.

Үмүт кошуп, учкун кошуп оюна,
Ышкы кошуп, медер кошуп боюна,
Жигит сунган кереметтүү гүл өтөт
Кыздын ысык, кыздын назик колуна.
Эң урматтуу мейман болуп гүл барат
Элден мурда эки жаштын тоюна.

Майрамдарда кантип чыдап тим турат, –
Гүл үйлөргө, гүл адамга умтулат.
Адам менен кубанычта тең балкып
Адам күлсө, гүл да жайнап кулпунат.
Адамдардын жүрөктөрүн жумшартып,
Дасторкондун ортосунда гүл турат.

Кокус адам өмүр күнү түгөнүп,
Жарык менен кош айтышса түбөлүк,
Гүл адамдын кыйышпаган досундай
Аза күтүп сырттан кирет түнөрүп.
Кошо жатып адам менен табытка
Боёгу оңуп, солуп тынат гүл өлүп...

## ЭЛГЕ, ЖЕРГЕ БОЛГОН КУСАЛЫК

Мен баштан тоолуктарга сырдаш адам,
Аларды ырга салып тынбас адам.
Сагындым ак эмгектен ыр жасаган,
Аларды тың сүйлөгөн, тың жашаган.

Сагындым жайлоодогу таңдын жытын,
Кымыздын үйдү ээлеген арбын жытын.
Үзүктүн үстүн чертип дыбыратып,
Үздүксүз күү чыгарган жамгыр жытын.

Үстүнөн бүркүт өткөн, булут өткөн,
Сагындым чамгаракты булут өпкөн.
Чартылдап жарк-журк эткен чагылганды,
Нөшөрдү көнөктөтүп куюп өткөн.

Булактын каткырганын кыткылыктап,
Бөдөнө тынбаганын бытпылыктап.
Азыр да угуп турсам, көрүп турсам,
Аларды жаз дейт мени ышкы кыстап.

Күн көрөм калкагарды нурдап чыккан,
Өрдөктү көрөм суудан кургак чыккан.
Көрөмүн күмүш боор балыктарды
Тартканда кайырмакты туйлап чыккан.
Көрөмүн мен казанды май кайнаган,
Кыпкызыл буруксуган куймак бышкан.

Али мен көп нерсени унутпадым:
Аркайган салабаттуу тоосу тургай
Азада Алай-Куунун булуттарын.
Апакай өзүнө окшош жумуртканын:
Айылдан середеги куруттарын,
Азыр да айрып тааныйм кумурсканын
Ал кезде биз таң калган уюктарын.

Элеси тууган жердин келе берет,
Эңсетет, көңүлгө муң себе берет.
Балким мен жашык болуп баратамбы –
Бардасам, көздөн жашым тегеренет...

## ЖАДЫМДА КАЛГАН

Кыштакта кыйын ысыдык,
Ысыктан жүрдүк кысылып.
Дем чыкты оор, жыпжылуу,
Тер чыкты бизден сызылып.

От болуп кыштак аймагы,
Ойлор да келип кайдагы,
Тарылып улам айлана,
Табалбай турдук айланы.

Көлөкө тапсак жашынып,
Аптаптан качып, басынып.

Жөнөдүк минип тың атты
Жайлоону көздөй ашыгып.

Оңолбой аттын абалы,
Туш жактан көгөн талады.
Кыр жолдо тынбай бышкырып
Куйругун булгап жадады.

Биз коңшу болуп аскарга,
Биз коңшу болуп ак карга,
Кулдамбес аттуу жайлоодо
Жакындай түштүк асманга.

Атайы чарчап биз барган
Боз үйдө кымыз жыттанган.
Биз жуттук нагыз кымызды
Чаначтан жаңы ышталган.

Табышты дароо арганы,
Алпарган Оштон алманы
Талашып жешти кызыл бет
Малчынын чыйрак балдары.

Кулдамбес көпкөк эң эле,
Ак курут жайнайт середе.
Кыз-келин кызыл көйнөкчөн
Жүрүштү бээ саап желеде.

Сергидик мында салкындап,
Булуттар көктө калкылдап
Өткөндө тигил алыста
Чагылган койду жаркылдап.

Биз берген бүгүн туруштук,
Ысыкты ылдам унуттук.

Жагымдуу сезим жаратты
Жайлоонун жыты буруксуп.

Көк шибер малтап бастык биз,
Көк чөптү жыттап жаттык биз.
Жылмайган жымжырт жайлоодо
Жыргалдын даамын таттык биз.

Бүркөлдү асман капыстан,
Тез жетти нөшөр ашыккан.
Шамалдан үйдү сакташты
Малчылар мурда машыккан.

Иш болду ылдам ойдо жок,
Ээктен суусу шорголоп,
Кетик тиш балдар сырттагы
Киришти үйгө корголоп.

Үй ээси түнгө камынып,
Арча оту улуу жагылып,
Мамырап отту тиктедик
Малчынын тонун жамынып.

Уй мөөрөп, койлор маарады,
Кирүүгө үйгө даабады.
Ташпишке түшүп заматта
Табы ысык күндү каалады.

Жүдөбөс азыр жан барбы,
От гана жалгыз шаңданды.
Каратып бизди кыш түшүп,
Ак жаан карга айланды.

Үй ээси жүрдү кар күрөп,
Кысылып согуп ар жүрөк,

Оронуп калың жуурканды,
Ойлошту: «Качан таң сүрөт?»

Биз келсек кечээ акактап,
Кар каптап жерди жатат кап.
Кечеги көпкөк Кулдамбес
Мемирейт болуп апаппак.

Үн салды кырдан сыбызгы,
Шок балдар сыртка чыгышты.
Кыпкызыл ысык куймак жеп,
Жай ичтик жыттуу кымызды.

Жаныбыз сезди салкынды,
Жадырап жайнап жан тынды.
Тамылжып жүздөр күлкүдөн
Тамаша узак айтылды.

Чыгарып коңур добушун,
Үй ээси чертти комузун.
Өзүбүз ага тиледик
Өмүрү узун болушун.

Турдук да, сыртка жөнөдүк,
Жайдары нурга бөлөнүп,
Кабар жок жааган ак кардан
Кулдамбес жатты көгөрүп.

Өтсө да мезгил канчалык,
Өзгөчө көркү байкалып,
Жароокер жайлоо Кулдамбес
Жадымда турат жайкалып.

## ТАҢДАГЫ ОЙЛОР

### 1

Таң агарды жердин жүзүн жуугандай
Каптап жаткан караңгыдан тазартып.
Табиятты кайра өзгөртүп туугандай
Тамылжытып, ажардантып, жасантып.

Асмандагы көп жылдызды азайтып,
Таң агарды адам жүзүн нурлантып.
Жашты өстүрүп, картты кайра жашартып,
Сөөлөт берип, дөөлөт берип тургансып.

Таңда безеп булбулдардан үн чыгат,
Таңдын жели эркин эсет гүл сылап,
Таң – мезгилдин таза учуру башкача.

Таңда туйлайт чуркасам деп жаш күлүк,
Таңда ойгонот жадыраган жакшы үмүт,
Таңды тоскун нээтиң менен таптаза.

### 2

Таңды тоскун нээтиң менен таптаза,
Таң – ар күндүн жаркын мүнөз байрагы.
Касиеттүү таңдын нуру жакпаса,
Кантип адам жүрсүн жашап жайдары.

Таңдын нурун сактай алсак көңүлгө,
Түндө дагы жаркып турмак дилибиз.
Өмүрдөгү мезгилдердин көбүндө
Нурлантмакпыз бирибизди-бирибиз.
Жакшы адамдын мамилеси, сөздөрү

Көңүлүңө дароо кийрип өзгөрүү,
Жарпың жазат жан аябай туугандай.

Кыялыңа шоола чачып таң сымак,
Кыйла жылдар кетпес элес калтырат
Жакшы досуң таңдай нурлуу туу кармай.

**3**

Жакшы досуң таңдай нурлуу туу кармай,
Ал атайы сенден кынтык издебейт.
Ачык сүйлөп кыйдыланбай, кууланбай,
Бөтөнсүнтүп бөлүп-жарып жиктебейт.

Сен жеңгенде сезип өзү жеңгендей,
Жетиналбай балкып турат кубанып.
Аттиң, ага мен калдым деп тең келбей,
Ичи күйбөйт кызыл өңү кубарып.

Көзүң барда калп таптабай далыңдан,
Өрттө калсаң, сууруп чыгып жалындан,
Досуң дайым дос парызын актаса...

Көзүң жокто сыйлап сүйлөп атыңды,
Даанышмандай дайым берип акылды,
Дайым таңдай тазалыгын сактаса.

**4**

Дайым таңдай тазалыгын сактаса,
Андай адам – адамдардын асылы,
Кай бирлер бар андан такыр башкача,
Такыр башка мүнөз, ою, акылы.
Ал сыртынан күлө сүйлөп кишиге,
Көнүп бүткөн жайкаганды эп көрүп.

Шек чыгарбай сырын катып ичине,
Бир билдирбейт тургандыгын жек көрүп.

Ак шекерди татымы ачуу туз дебей,
Жөн коройзду алгыр, учкул куш дебей,
Ар нерсенин нак сапатын дил айтса...

Буруш болсо, аны айтпастан «дурус» деп,
Дурус болсо, аны айтпастан «буруш» деп,
Дил айтканды бурмалабай тил айтса...

**5**

Дил айтканды бурмалабай тил айтса.
Бардыгыбыз ачыктыкка көнмөкпүз.
Ар ким сырын астейдилден бир айтса,
Анын анык кандайлыгын көрмөкпүз.

Адам дили татаал экен чеги жок;
Досуң менен дайым бирге жүрөсүң,
Бирок, сөзүң сөз болот го эби жок –
Билем десең анын толук мүнөзүн.

Жакшы көрүп, жармы болгон жаныңдын,
Жарым кылым жандап жүргөн жарыңдын
Бардык сырын билалбайсың эч тактап.

Сен адамдын пейлин талдап-иргейсиң,
Бирок, анын бардык сырын билбейсиң
Ыйык көрүп катып жүргөн бек сактап.

**6**

Ыйык көрүп катып жүргөн бек сактап
Чын сырыңды айт кыйышпас досуңа.

Анык достон көңүлүңө шек сактап
Ал сырыңды таратат деп чочуба.

Досуң ысык-суугуңа чыдасын?
Сен да анын бар-жогуна чыдагын.
Досуң сени кыйын күндө сынасын,
Кыйын күндө сен да аны сынагын.

Өзүң өсүп, мартабалуу болгондо,
Сыймык кушу оң ийниңе конгондо.
Досуң эмес «Мен досмун!» деп миң айтса.

Колуң жетип сен дөөлөткө тунганда?
Кокус сен көөп, менменсинип турганда
Досуң ошол – кемтигиңди ким айтса.

**7**

Досуң ошол – кемтигиңди ким айтса,
«Мен өзүңдөн оздум!» деген дос эмес.
Мейли атайы, мейли кокус тим айтса –
«Эсиңе эс коштум!» деген дос эмес.

Сен досуңду жүрбөгөндө теӊ көрүп,
Достукту бек сактай алмак эмессиң.
Кубанычты, кайгыны да тең бөлүп,
Кадырлашып карыганга не жетсин.

Досуң – мурат, досуң – кубат өмүргө,
Түйсөң болот бул айтканды көңүлгө,
Сен дилиңе көнсөң кымбат кеп сактап.
Каска айлантпай анык достой асылды,
Колдон келсе дос кыла бил касыңды –
Алгын муну көкүрөккө бек жаттап.

**8**

Алгын муну көкүрөккө бек жаттап
– Боорукер бол – болсо эле эгер ылаажы.
Баркка жетип ошол адам эс тапмак
Бардык досу болсо өзүнөн ыраазы.

Көрүнгөнгө көп чыгарба каарыңды
Каардуу адам кантип жыргап-куунамак.
Көкүрөккө топтой берсең заарыңды,
Ал заарыңдан тулку-боюң ууланат.

Ууланат да, ойго батып сумсайып,
Кызыл өңүң каны качып кумсарып,
Куурап турат купкуу болуп айланаң.

Кыям десең сен бирөөнүн ырысын,
Кыйма-чийме бетке толот бырышың,
Бар күчүңдү эмгек үчүн пайдалан.

**9**

Бар күчүңдү эмгек үчүн пайдалан,
Талбай кылып өмүр үчүн эмгекти.
Сен эмгектен баар тапсаң жайнаган,
Жүрөгүңө асыл максат келмекчи.

Өзгөгө сен beралбайсың үлгүңдү
Өзүң өсүп, ойлоп, иштеп, изденбей.
Эмгек кылбай сен өткөрсөң бир күндү,
Болоруң чын тузсуз тамак ичкендей.

Сен мелдешсең иш менен чык мелдешке,
Канча күчүң сарп болсо да эмгекке,
Кайра кайрат пайда болот жайнаган.

Анык адам ар-намыска төрөлгөн,
Ардуу болсоң эч бөксөрбөйт көрөңгөң,
Эр белгиси – ар-намыстан тайбаган.

**10**

Эр белгиси – ар-намыстан тайбаган,
Эл кайраттуу чын намыскөй эр барда.
Эрки күчтүү эч мөрөйгө канбаган
Эр кайраттуу кең пейилдүү эл барда.

Кылык-жорук кулк-мүнөзүң эл сынап,
Кыйшыгыңды элиң турат түзөтүп.
Барыңа да, жогуңа да эл чыдап,
Алдан тайсаң, элиң турат күчөтүп.

Элден улуу эч нерсе жок дүйнөдө
Элиңди алдап, элге жалган сүйлөбө,
Эң ыйык иш – элдин ишин аксатпа.

Элге акаарат келтиргенден сак болуп,
Эң башкысы эл алдында ак болуп.
Эргип жеткин алдагы асыл максатка.

**11**

Эргип жеткин алдагы асыл максатка,
Максаты жок супсак өтөр күндөрүң.
Кийин сенден өчүн алат, жаш чакта,
Үлпөт куруп дуулап доорон сүргөнүң.

Жагалданып арта бермек жигериң,
Жакшылыктан үмүт күтүп үйрөнсөң.
Малтамаксың жалаң өмүр шиберин
Максат менен, үмүт менен күн көрсөң.

Сага дайым шерик болсо күнү-түн
Сенин асыл, сенин ыйык үмүтүң
Максатыңа түз жеткирмек төтөлөп,

Эмгек гана адамды улуу сездирет,
Эмгек гана муратыңа жеткирет,
Эмгек гана адам баркын көтөрөт.

**12**

Эмгек гана адам баркын көтөрөт,
Эмгек гана элге угузат атыңды.
Жакындарың болсо дагы өтө көп,
Таба албайсың сен эмгектен жакынды.

Иштей берсек ак эмгекке күчтү үрөп,
Илинебиз көз кырына биз элдин.
Досуңа ишен, бирок, андан күчтүүрөөк
Сен өзүңдүн эмгегиңе ишенгин.

Элге жаккан эмгек кылсаң асыл баа,
Ал эмгекти кара мүртөз касың да
Кантип таныып, кантип көрбөй көшөрөт?
Өмүр бою элдин сактап намысын,
Өмүр бою элдин актап парызын,
Эр милдети – элге кызмат өтөмөк.

**13**

Эр милдети – элге кызмат өтөмөк
Эмгек менен, ышкы менен, сөз менен.
Адам чөкчү адам уччу көкөлөп
Кереметтин керемети сөз деген.

Айтып турат бар экенин бактыңын
Көп иш кылып, аз сүйлөшүң мактанбай.

Көп белгиден бир белгиси жакшынын
– Сөз сүйлөшү башкаларга жаккандай.

Сөз тоңдурат, сөздөн жалын-от чыгат,
Жаман сөзүң жакшы ишиңди жок кылат –
Жаман сүйлөп маанайыңды бастатпа.

Ишке, сөзгө ыкласыңды тең бөлүп,
Ак иш кылып, ак сүйлөөгө сен көнүп,
Ашыгып жет адам деген жакшы атка!

**14**

Ашыгып жет адам деген жакшы атка!
Адамдардын асыл ою жымыңдап,
Аалам көркүн, жердин көркүн сакташка
Жылдыздардай көктө жансын кылымдап.

Дүйнөдө жок укмуш нерсе адамдай,
Дүйнөдө жок бийик нерсе адамдан.
Адам деген кыйратууга жаралбай,
Адам деген жаратууга жаралган.

Адам анык болмок эле азамат
Жерден согуш коркунучун тазалап
Сүрсө түндү таңдын нуру куугандай.

Тамылжытып ташты, жарды, үйлөрдү,
Тамылжытып жалбыз, дарак гүлдөрдү
Таң агарды жердин жүзүн жуугандай.

**15**

Таң агарды жердин жүзүн жуугандай.
Таңды тоскун нээтиң менен таптаза.

Жакшы досуң таңдай нурлуу туу кармай
Дайым таңдай тазалыгын сактаса...

Дил айтканды бурмалабай тил айтса,
Ыйык көрүп катып жүргөн бек сактап.
Досуң ошол – кемтигиңди ким айтса,
Алгын муну көкүрөккө бек жаттап.

Бар күчүңдү эмгек үчүн пайдалан,
Эр белгиси – ар-намыстан тайбаган,
Эргип жеткин алдагы асыл максатка.

Эмгек гана адам баркын көтөрөт,
Эр милдети – элге кызмат өтөмөк,
Ашыгып жет адам деген жакшы атка!

## КУБАНЫЧ

### 1

Күндөр, күндөр, күлүндөп өткөн күндөр
Таскак салган ай туяк күлүк болуп.
Жаш көчөттөй жыш кыял өскөн күндөр
Эртеңдерге ээлентип үмүт болуп.

Жайкы түндө жанашып сагынышып,
Жалындашып кыз дагы, улан дагы,
Кетпейт эстен сүйүүгө кабылышып,
Ал экөөнүн алгачкы кубанышы.

Ууз шаттык шам сындуу жанат тура,
Унутулбай көңүлдө калат тура –
Ууз сүйүү жаш кырчын кезиндеги.

Андай күндөр көрк берип жаштыгыңа,
Махабаттын бөлгөн шаттыгына –
Ыйык күндөр адамдын эсиндеги.

**2**

Ыйык күндөр адамдын эсиндеги
Эки түгөй перзенттүү болгон кези.
Нуру жайнап экөөнүн бетиндеги,
Көкүрөккө кубаныч толгон кези.

Ыйлап, күлүп, жыгылып, туруп кайра,
Ай артынан ай өтүп бала басат.
Балдар менен урушуп, урушпай да,
Адам болуп, адамга аралашат.
Бойго жетип кыз бала жигит тандайт,
Кыз жакшысын боз бала билип тандайт,
Экөөн көрсөң – жанашып өскөн гүлдөр.

Экөөн сүрөп гүлү көп кыр ашат да,
Экөөн барктап, тең бөлөйт ыракатка
Кубанычтан кулпунган көктөм күндөр.

**3**

Кубанычтан кулпунган көктөм күндөр
Билем келет көксөгөн жаш акынга.
Жүргөнсүтөт ага нур төккөн күндөр
Бак-таалайдын көлүнүн жакасында.

Тун китебин чогулткан жаштык ырын,
Сезим толкуп ташкындап ачып жатат.
Кыздай өөп, астына жаздыгынын
Аны алпечтеп, аздектеп катып жатат.

Жылдар жылып, дайралар ага берет,
Бул окуя дилинде кала берет
Болуп өткөн таңда же кечиндеги.

Тун махабат сыяктуу алгач китеп,
Акын менен тагдырлаш, кандаш китеп
Кут сыяктуу сакталган сезимдеги.

**4**

Кут сыяктуу сакталган сезимдеги
Кубанычты унутпай солдат келет.
Жоону жеңип шайманын кетиргени
Азыр да ага дем берип жандап келет.
Ал кар кечкен, суу кечкен, жалын кечкен,
Араан ачкан ажалдан тартынбаган.
Биздин элдин агызып канын кечкен
Канкор жоону Берлинде алкымдаган.

Пилоткасын ыргытып асмандаткан,
Салют кылып соңку огун асманга аткан,
Бажырайып маанайлуу, бактуу болуп.
Майрам кылып, барабан күпүлдөтүп,
Туу жайнатып, жүрөктү дүкүлдөтүп
Шаттык келет укмуштай таттуу болуп.

**5**

Шаттык келет укмуштай таттуу болуп,
Аны көрдүк биз жоону жеңген жылы,
Кан майдандан денеси тактуу болуп,
Үйлөрүнө жоокерлер келген жылы.

Токтоно албай өз уулун тосуп чыгып,
Кубанычтын көз жашын төккөн эне,

Карбаластап алдыга озуп чыгып,
Кучагына бек кысып өпкөн эне.

Карайт эне баласын сыймыктанып,
Кайтып келген майдандан сыйлыкты алып
Кирип нечен жоо менен чарпышууга.

Ушул сындуу укмуштай жеңиш керек,
Же эмгектен жаралган жемиш керек
Адамдардын жүрөгүн балкытууга.

**6**

Адамдардын жүрөгүн балкытууга
Астейдилден иш кылат жакшы адамдар,
Көралбастан бир-бирин тартышууга
Көнбөсө экен кыялкеч жаш кадамдар.

Күлүк кокус мүргүсө жаза басып,
Баары өкүнүп кабагын түйүп турат.
Ичи тарлар ичинен ха-халашып,
Аргымакты табалап күлүп турат.

Алар дайым астыртан күңкүлдөшөт,
Анткорлонуп бөйрөгүн бүлкүлдөтөт,
Ачык күлбөй адамдай шаттуу болуп.

Мүргүп кеткен жолду артка алыс таштап,
Күлүк кайра алкынат арыш таштап,
Учуп келет кубаныч ак куу болуп.

**7**

Учуп келет кубаныч ак куу болуп
Окуп, иштеп тилегин аткарганга.

Акылына ийкеми баптуу болуп,
Алгач жолу самолет башкарганга.

Көрчү, көрчү, көк асман кенен кандай!
Ак булуттар төмөндө калкып барат.
«Ким бактылуу менчелик!» деген жандай
Жаш учкучтун жүрөгү балкып барат.

Штурвалды жаш учкуч бурду мына,
Жараганга кубанды Күн нуруна
Аппак күмүш канатты жаркытууга.
Асманды да ой жеңет, жаштык жеңет,
Асманда да адамга шаттык келет
Канат берип кыялды кайкытууга.

**8**

Канат берип кыялды кайкытууга
Утуш, мөрөй даярдайт өбөлгөнү.
Түрткү берет көңүлдү чалкытууга
Байгеге аттар чабылып жөнөлгөнү.

Чыга жаздап көздөрү чанагынан,
Туйлап согуп жүрөгү үмүткөрдүн,
Жакын калды марага жанагыдан
Жер жаңыртып дүбүртү күлүктөрдүн.

Мөрөй алды саяпкер таптаган ат,
Аты менен ал элге мактана алат,
Болбойт ага кубанбай тура алышка.

Саяпкерлер байгеге атын кошкон
Чыкса, көргөн аны артык жакын достон –
Көңүл бөлсөк жомокко, уламышка.

## 9

Көңүл бөлсөк жомокко, уламышка,
Жайчы жаан жаадырып жан жыргаган.
Ал өнөргө ар кимдер кубанышса,
Бирок, эч ким суудан от жандырбаган.

Бетон тосмо чоюндан бек курулуп,
Дайра жолу тосулуп байланганда,
Маңдай жарыйт жадырап, ГЭС курулуп,
Шам жарк этип, турбина айланганда.
Кереметти биз кантип байкабайлы,
ГЭСчилерди биз кантип алкабайлы
От таратып ой-тоого, суу агызса.

Илим менен миң түйүн чечсе болот,
Өнөр менен, иш менен жетсе болот
Бардык адам умтулган кубанычка.

## 10

Бардык адам умтулган кубанычка
Кеме менен жетүүгө суучул сүзөт.
Күндөр жаңы күндөргө уланышса,
Дегдейт жаңы деңизин, суусун күсөп.

Кеме кайтып үй жакка келет, келет,
Суучул сезет жаш-жары саргайганын.
Көрчү портто көңүлү элеп-желеп,
Тоскон элдин топтолуп жарданганын.

Секунд – жылдай. Тургансыйт жебе жылбай,
Чыдай албай чыйылдайт уулу тынбай,
Жары тигил – жоолугун булактаткан.

Алар портто аптыгып жүгүрүшүп,
Анан үчөө өбүшүп сүйүнүшүп,
Кубанычтан бардыгы кубат тапкан.

**11**

Кубанычтан бардыгы кубат тапкан
Ынтымакка, достукка көнөбүз деп,
Эки коңшу бир жерден турак тапкан
Кубанычты тепетең бөлөбүз деп.
Бирок, кетти мамиле татаалдашып,
Бири күлсө, бирөөсү күйүп жүрдү.
Бир-бирине тиш кайрап, атаандашып,
Бири ыйласа, бирөөсү күлүп жүрдү.

Кубанышып бир жүрбөй катар басып,
Калды жанаш мүрзөдө катар жатып,
Тирүүсүндө бөлүнгөн ажырашып.

Өмүр өзү – кубаныч. Аны баалап,
Өтсө боло адамдын баары каалап,
Күлүмсүрөп, баркташып, бажырашып.

**12**

Күлүмсүрөп, баркташып, бажырашып
Күн өткөргөн адамдар – бактылуулар.
Түшөрүндө күрөшкө каны качып,
Балбанда да сүрдөө бар, аптыгуу бар.

Чымырканып, шыманып түрөт билек,
Таштан катуу түйүлүп булчуңдары.
«Көтөр! Чап!» деп туш-туштан сүрөп кирет,
Кантип карап унчукпай турсун баары.

Тарамышы чыңалып таймашат ал,
Тажабай да, талыкпай кармашат ал
Кабыргасын өнөктүн качыратып.

Балбан жыкса, куттуктап дүрүлдөшөт –
Балбан куунайт. Көптөрү күлүңдөшөт
Күндүн нуру тийгендей жадырашып.

## 13

Күндүн нуру тийгендей жадырашып
Ракета түз учуп, ыкчам кетсе,
Илимпоздор жыргашат бабырашып
Космонавттар космоско чыккан кезде...

Канча татаал болсо да космос жолу
Космонавттар өз парзын аткарышып,
Эңгезердей эрдигин космостогу
Эрдемсинбейт эч кимге мактанышып.

Ойлоруна иштерин тирек кылып,
Алар учат космосто тилек кылып
Шаарларды көрбөөгө урап жаткан.

Жерди көксөп космостон кайтып келип,
Жүрөктөрү элжиреп балкып келип,
Кубангандар мүрөктөн булак тапкан.

## 14

Кубангандар мүрөктөн булак тапкан,
Ал мүрөктөн бөлүшүп бир-бирине,
Жөлөп, күүлөп, сүрөшүп кубатташкан.
Мүрөк болгон күлазык тирдигине.

Кубанычты адамдар талашпастан,
Бир-бирине белектей беришсечи.
Бир-биринин жүрөгүн канатпастан,
Бир-биринин жүрөгүн эритсечи.

Жердин жүзү куралдан тазарса экен,
Жерди каптап кубаныч, азайса экен...
Адамдардын көңүлү чөккөн күндөр.
Адамзаттын, ааламдын кубанычы –
Бейпил, тынчтык мезгилдин уланышы,
Күндөр, күндөр, күлүндөп өткөн күндөр.

## 15

Күндөр, күндөр, күлүндөп өткөн күндөр,
Ыйык күндөр адамдын эсиндеги.
Кубанычтан кулпунган көктөм күндөр
Кут сыяктуу сакталган сезимдеги.

Шаттык келет укмуштай таттуу болуп,
Адамдардын көңүлүн балкытууга.
Учуп келет кубаныч ак куу болуп
Канат берип кыялды кайкытууга.

Көңүл бөлсөк жомокко, уламышка,
Бардык адам умтулган кубанычка,
Кубанычтан бардыгы кубат тапкан.

Күлүмсүрөп, баркташып, бажырашып,
Күндүн нуру тийгендей жадырашып
Кубангандар мүрөктөн булак тапкан.

## МАМИЛЕ

### 1

Адам деген адам менен адам да,
Акыл, иши бир-бирине айкалат.
Адам пейли да бир башка адамга
Ал жагынан мамиледен байкалат.

А мамиле – өнөрлөрдүн татаалы,
Ар бир адам алалбаган үйрөнүп,
Мамиленин болот пайда, азабы,
Шартка карай турат улам түрдөнүп.

Аргымактай алкынса да намысы,
Максатынан мүмкүн өксүп калышы
Мамиленин маңыз, баркын билбеген

Кээ бирөөлөр окчун ою, санаасы
Кала берет алыс бойдон арасы
Дидарлашып, сүйлөшсө да тил менен.

### 2

Дидарлашып, сүйлөшсө да тил менен,
Эки адамдын сыры толук айтылбайт.
Адам менен пейлин талдап-иргеген
Адам гана сырдашуудан тартынбайт.

Мейлиң күндө он жолугуп, кол алыш –
Андан такыр адам билбейт бир-бирин.
Бир жол тартсаң, болсо ошондо жол алыс
Жол айкындайт анык кимдин кимдигин.
Адам жолдо ар кыл шартка кезигет,

Мамилеси кандайлыгы сезилет
Ак, карага, арам менен адалга.

Сөз гана эмес, ишине да жараша
Көңүлдөрү болуп кылдат тараза,
Бир-бирине сынап берет адам баа.

### 3

Бир-бирине сынап берет адам баа,
Ага карап жакындап же алыстайт.
Сындан өтсө, кадам кошуп кадамга
Бир жол менен келечекке арыштайт.

Көргөн ишке, уккан сөзгө ынанып
Мамиле да мүмкүн кескин өзгөрүү.
Ал өзгөргөн мамилеге ылайык
Кошо өзгөрөт адамдардын сөздөрү.

Жүрөгүндө берчке айланып из калат
Өтө кымбат өмүрлөрү кыскарат
Көп адамдар көңүлдөрү кирдеген.

Көңүлдөрү ачык күндөй жайдагы
Жаркын мүнөз жакшы адамдар жайдары
Бир-бирине жагат ынак дил менен.

### 4

Бир-бирине жагат ынак дил менен
Сүйүшкөндөр жүрөктөрү дүкүлдөп.
Сезим жанып ким сүйүшсө ким менен
Бир-биринин ыйык сырын түшүнмөк.
Таза сүйүү турат сонун жарашып
Таалайы мол татынакай жаштарга,

Таң аткандан көңүл бугун таратып,
Адам жанын алып чыгат асманга.

Жалаң жарык, шаттык дебе сүйүүнү,
Чырмалышса татаалданып түйүнү,
Андай сүйүү башка салат кайгыны.

Адамдар бар сүйүү баркын сезбеген,
Аны кордоп, аны жерге тепсеген –
Бирдей эмес адамдардын бардыгы.

**5**

Бирдей эмес адамдардын бардыгы –
Ар биринин оюу, жолу ар башка.
Ар биринин башкача өтөт ай, жылы,
Бири дуулайт, бири эптеп жан бакса.

Мамиленин толуп жаткан бар түрү
Башка-башка: койго, кушка, жолборско.
Жасалышы зарыл анын ар түрү
Кары, жашка, каска, доско, жолдошко.

Жигит сүйүп, бирок, даабай айбыгат –
Кээ бир сулуу тикенегин сайдырат
Болуп туруп кызыл роза гүл өзү.

Жупуну эле, бирок, жыттуу гүл болот,
Ыгын тапсаң, ал нур чачкан күн болот –
Ар биринин башка-башка мүнөзү.

**6**

Ар биринин башка-башка мүнөзү –
Ошондуктан кызык адам дүйнөсү.

Кандай сонун дилдин дилди сүрөшү,
Жүрөктөрдүн бирин-бири үндөшү.

Антпегенде адам дени салкындап,
Сезим кургап не сонундан кур калат.
Адам кылган мамиледен жаркылдап
Адам жайнап сургулт жүзү нурданат.

Бирөөлөрдүн зээнин узак кейитет,
Бирөөлөрдүн ырыскысын кемитет
Кээ адамдын пейилинин тардыгы.

Кай бир адам мактагын же мактаба,
Өз бактысын бөлүп берет башкага –
Ар кыл, ар кыл ар адамдын тагдыры.

**7**

Ар кыл, ар кыл ар адамдын тагдыры –
Бири чынчыл, бири айлакер купшуңдап.
Дүйнөкору көктөн карайт жардыны,
Момун – баёо, бузук турат чукчуңдап.

Ар жерде бар досу, касы, таанышы
Ар бир адам өзүнчө бир мамлекет.
Мамилесин андан үзсө баарысы,
Арга түгөп, андан кубат-ал кетет.

Мамлекетче ал жүргүзөт саясат,
Такаандашып, өз укугун талашат
Жолукса адам – мамлекеттин күрөзү.

Ким кемсинтсе, чыдай албай арданат,
Касты доско айлантууга арналат
Өмүрдөгү ой, максаты, күрөшү.

## 8

Өмүрдөгү ой, максаты, күрөшү
Ар кимдики жеке арналбайт өзү үчүн,
Болгондуктан бир Мекендин бүлөсү,
Ойлошу эп анын гүлдрп өсүшүн.

Айткан сөздөн, кылган иштен байкалат
Мамилеңдин кандайлыгы Мекенге.
Мээрин төгүп, жакшылыгын кайтарат –
Мекен менен мамилең бек экенде.

Ардак, урмат – кызмат кылуу Мекенге,
Сонун ишиң, бирок, кетет бекерге
Ал иш үчүн ооз көптүрүп мактансаң.

Өмүрүңдө сенин эрдик кылганың,
Туура бойдон, таза бойдон ыйманың
Адам болуп адам парзын аткарсаң.

## 9

Адам болуп адам парзын аткарсаң –
Абдан бийик максатыңа жеткениң.
Түркүн-түркүн калпыс иштен сактансаң –
Бүтүргөнүң адамдыктын мектебин.

Мамиле эмне – баары билет капкачан,
Мамиле эмес: «Сен – мага да, мен – сага!»
Ар ким менен ачык соода баштасаң,
Абийир кайда? Кантип карайт эл сага?..

Мындай ойду дилден кууп чыгарсаң,
Мамиленин асылына ынансаң,
Нөшөр төгүп, кеткен окшойт бактан чаң.

Таза мамиле күмөн ойду азайтат,
Көңүлүңдө кир калтырбай тазартат
Караңгыны сүргөн өңдүү аткан таң.

**10**

Караңгыны сүргөн өңдүү аткан таң
Дароо ачат кабагыңды жакшы адам.
Ичтен сызып кыйналып же шаттансаң,
Кылдат сезет абалыңды жакшы адам.

«Жок!» деген сөз аткан октой угулат
Копол адам катуу айтса кайталап.
Муздак сөздү жылуулап да, сулуулап,
Сылык адам «жокту» «бардай» айта алат.

Сылык адам улам арбын төрөлсө,
Сылыктардын улам саны көбөйсө,
Бардыгыбыз кубанычка тунабыз.

Кубанычты дарыга эп теңеген,
Дары дартты сүргөн өңдүү денеден
Кайгы-муңду сүрүп чыгат кубаныч.

**11**

Кайгы-муңду сүрүп чыгат кубаныч,
А кубаныч адамга өтөт адамдан.
Абалтан биз адам парзын туябыз –
Адамды адам кубантууга жаралган.

Күч жеткенче ушул парзды аткарып
Келатабыз кубантууну улантып.
Келатабыз кээде куру мактанып
Кубанттык деп алдап-соолоп жубантып.

Жубантуу эмес, басынтууга жарайбыз,
Ардантууга, шылдыңдоого даярбыз
Биз аларды уулап тилдин заарына.

Бул мамиле мамиленин начары,
Кессе дагы көкөйдү анын азабы,
Адам бекем, адам чыдайт баарына.

**12**

Адам бекем, адам чыдайт баарына
Башка түшкөн азапка да, мазакка,
Табияттын кырсыгына, жаалына,
Таймашууга, уруш-талаш, чатакка.

Биз адамды ушулардан куткарбай,
Ушуларга кайра түртүп жатабыз.
Антпегенде көккө кептер учкандай
Учуп кетмек көңүлдөгү капабыз.

Мамилебиз калат тура жарабай
Биз жасасак сезбей, билбей, карабай
Ар адамдын зээни менен баамына.

Ак болоттон көк темирге айланбайт,
Адам өжөр – максатынан тайманбайт
Алса дагы тагдыр аны каарына.

**13**

Алса дагы тагдыр аны каарына,
Ал түк үзбөйт келечектен үмүтүн.
Ою, иши окшоп кадим аарыга,
Жаны тынбай эмгек кылат күнү-түн.

Кантип адам максат менен коштошуп,
Кайдыгерче камырабай жай жатат.
Кыймыл менен, жумуш менен достошуп,
Кыйын күндө тагдыр менен таймашат.

Жакшы болсо мамилебиз иш менен,
Туура таап биз багытты издеген,
Өмүр жолун кенен, бекем курабыз.

Эрктүү адам кыйын кезде басынбайт,
Кайышпаса, майышпаса, жакындайт –
Максаты анын чептей бийик, урагыс.

**14**

Максаты анын чептей бийик, урагыс
Болгон үчүн улам алга умтулат.
Күндө таңда үмүт менен турабыз
Тийген Күндөн касиеттүү нур сурап.
Ар бир адам бул дүйнөгө бир келген
Нечен татаал, кыйын шартка кезигет.
Мамилесин туура кура билгенден
Көп маселе адил, калыс чечилет.

Мамиленин түрлөрү көп экен да:
Кээси терең, солгун дагы, бекем да,
Жакшы дагы, орто дагы, жаман да.

Алымсынып туура өткөрмөк өмүрүн
Адам тапса бир-биринин көңүлүн –
Адам деген адам менен адам да.

**15**

Адам деген адам менен адам да,
Дидарлашып, сүйлөшсө да тил менен,

Бир-бирине сынап берет адам баа,
Бир-бирине жагат ынак дил менен.

Бирдей эмес адамдардын бардыгы,
Ар биринин башка-башка мүнөзү.
Ар кыл, ар кыл адамдардын тагдыры,
Өмүрдөгү ой, максаты, күрөшү.

Адам болуп адам парзын аткарсаң,
Караңгыны сүргөн өңдүү аткан таң,
Кайгы-муңду сүрүп чыгат кубаныч.

Адам бекем, адам чыдайт баарына,
Алса дагы тагдыр аны каарына,
Максаты анын чептен бийик, урагыс.

**ҮМҮТ**

**1**

Көз айырбай бир бастым,
Көп китеп менен сырдаштым,
Колтукка кысып көктөмдө,
Койнума катып бир жаттым.

Сыдырым желдүү жай келди,
Сыноодон өтчү ай келди.
Ар-намыс менен умтулдум
Алдырбоо үчүн байгемди.

Көңүлгө түйгөн үйрөнүп
Көп нерсени сүйлөдүк.
Айтсак да туура жоопту,
Айбыгып кээде сүрдөдүк.

Удургуп мезгил тез кетти,
Укмуштай сонун кез жетти –
Бүргөндү деген айылда
Бүтүрдүм орто мектепти.

Чынында «өх-ий!» деп алдым,
Чыккансып белге сеп алдым.
Көйнөкчөн оонап шиберге,
Көкүрөк кере дем алдым.

Атам-энем барбактап,
Алдыма түшүп далбактап,
Жетине албай жүрүшөт
Жеке мени ардактап.

Күлсүнбү жеңем тымызын
Күткөнсүп бир сөз чыгышын,
Астыма коёт кер аяк,
Аябай менден кымызын.

Агайым айткан кеп эми
Айдады кыял-кемеми:
«Чечкиндүү жаш токтолсо –
Чегинүү болот» дегени.

Эмгектен такыр ажырап,
Эс алган менен азыраак,
Бекерпоз болуп жүрө албай
Безгим келди батыраак.

«Кайратым бар го – теминем,
Канткенде артка чегинем!»
Маскөөгө барып окууну
Максат кылдым эми мен.

**2**

Буюмдарым салынып,
Бүткөн кезде таңылып,
Алаксып турган учурда
Алыс жакка камынып,

«Ооруу дейт картаң жеңебиз,
Ошону көрүп келебиз.
Сабыр кыл, эртең жөнөөгө
Сага уруксат беребиз» –
Ата-энем кетти айылдап,
Аны-муну дайындап.
Өткөрдүм мен да убакты.
Өзөнгө салып кайырмак.

Чыгып келсем көчөгө,
Чын эмес, сырдуу жөтөлө,
Карбаластайт Күлсүнбү
Капшытка тартып көшөгө.

Купшуңдап жеңем күлүңдөйт:
– Кубанычың неге билинбейт?
Жарыңдын келер күнүндө
Жасанып жакшы кийин! – дейт.

Бул сөзүнө таң калдым,
Бул сөзүмө ардандым:
– Келеке кылба, жеңеке,
Кереги эмне жалгандын...

Жакшылап уксам абайлап,
Жатканын үйдү даярдап,
Жетине албай желпилдеп,
Жеңекем берди баяндап.

Туулуп ата-энеден
Тил угуп, жеме жебеген,
Жасантып, эрке өстүргөн
Жалгыз уулу мен элем.

Мектепте бир иш табылып,
Кеч кайтсам, мени сагынып,
Апакем улам жол карап
Алдымдан тосчу жалынып.
«Окууга кетсе балабыз,
Оңкулдап кантип калабыз?
Ар жылда араң бир көрүп,
Алыстап кетер арабыз.

Чоң жигит болуп калса да,
Сонун шаарга барса да,
Болотбек кантип жүрөт деп
Болобуз ага сарсанаа».

Жибербей мени алыска,
Жылдырбай алып калышка,
Ата-энем шашып жүрүптүр
Арганы минтип табышка:

– Кемпир... Кемпир...
– Эмине?
Кулак салчы кебиме...
– Жобурабай уктачы.
– Кунт кой да сөзгө, кейибе:

Мал багып манап Актанга
Малай болгон чактарда,
Атабыз болгон бел куда
Биз курсакта жатканда.

Жетип-жетпей он бешке
Үйлөнгөн элек ал кезде.
Үйрөнүп кеттик тез эле
Үй жөнүндө кам жешке.

– Аларды неге козгойсуң?
Алжып калган окшойсуң...
– Алкынбастан угуп тур,
Андан арып-тозбойсуң.

– Тойгузбас сөздөн кайтсаңчы,
Ток этер жерин айтсаңчы...
– Адашып калдым оюмдан,
Азыраак эле какшанчы.

Келин алсак камданып,
Келбетине алданып,
Каралап Болот үй-жайга
Калып калар байланып...

– Таңдайыңа май десе,
Таппасаң таппай кал десе,
Акылман болуп кетипсиң,
Алжыган мылжың чал десе!..

Карыш бассам үшкүрүп,
Картайдым белим бүкчүйүп.
Келиндүү кемпир көргөндө
Кемий түшөм ич күйүп.

Ынтызар мендей энеге
Ылайык келин, небере.
Келин алып келүүгө
Кетпейлиби эми эле...

Бирин-бири үндөшүп,
Билгизбей минтип сүйлөшүп,
Ата-энем тоолуу айылга
Аттанган тура дүрбөшүп.
Кубанчым ойдон айдалды,
Кубардым, башым айланды.
Тамтаңдап басып, мас өңдүү
Табалбай калдым айламды.

Эми билдим арданып,
Эсирипмин алданып:
Эне-атам жүргөн турбайбы
Эскинин салтын кармалып.

Үрп-адатты жолдошуп,
Үйлөнткөн менен зордошуп,
Өз уулун сыйлоо ордуна,
Өкүнтүп коёр кордошуп.

Ал кызды өзүм сүйбөсөм,
Абалтан көрүп жүрбөсөм,
Канткенде жашап бир үйдө,
Канткенде бирге сүйлөшөм?

Кыргызда кыз көп ар кандай.
Кыз болду экен ал кандай:
Өң-түсүн көрбөй жигиттин
Өзү эле чуркап баргандай?

– Тал бою мага тең экен,
Татынакай неме экен.
Таалайлуусуң, уул, – деп,
Тамшанып коёт жеңекем, –

Албасаң айнып ал кызды,
Ата-энең айтат каргышты.

Башың эмне шылкыят,
Баш эмес эле дарбызбы?..
– Балким ал чыгар жакшы кыз,
Бир эмес бирок бактыбыз.
Жүрөгүм койбойт козголуп –
Жүрөктөн болот жактырыш...

Кашайып аргам түгөнүп,
Карасам талды сүйөнүп,
Кайгы жеп асман мен өңдүү
Кабагын салды түнөрүп.

Мина бар өңдүү астымда,
Мен үйдө коомай бастым да,
Колума алып чемодан,
Короого чыга качтым да.

Жүүнү бошту мыскылдап,
Жүрчү элем башта чыкчыңдап:
Узадым үйдөн эми мен
Уурудан бетер кыпчыңдап.

Көз байланган болжолдо
Араң жеттим чоң жолго.
Өкүнөм тиштеп эрдимди
Өз элде качкын болгонго.

Машина сейрек элетте,
«Керекте чыгып терекке»,
Эч бири эми көрүнбөйт
Эбеп да болуп себепке.

Чарчаганым унутуп,
Чакыям, куйкам курушуп.
Койсочу алтын машина

Коңур үнүн угузуп...
Машина чыкты күрүлдөп,
Маалкый түштүм күлүңдөп...
Чакчайтып оттуу көздөрүн
Чаңдатып өттү «Түңүл!» деп.

Муунум бошоп шалдырап,
Муңая түштүм жалдырап.
Аңгыча төктү нөшөрдү
Ачуулуу асман калдырап.

Аркырап добуш угулуп,
Алдынан тоссом жулунуп,
Алкынып өтсө, мен калдым
Асманга колум сунулуп.

Көңүлгө ойлор топтолуп,
Көп күтүп, үмүт жок болуп,
Маалкатпай кокустан
Машина калды токтолуп,

– Калтырба мени, дос! – дедим.
– Кайда?– деди.
– Ош! – дедим.
Жайланып алып, үшкүрүп,
«Жан бирге жерим, кош! – дедим.

### 3

Маскөөнү көрүп сүрөттөн,
Махабат ташып жүрөктөн,
Эки көз менен көрсөм деп
Эңсеген нечен күн өткөн.

Келди эми максат баштагы –
Мынакей Казан вокзалы.
Вагондор жүргүнчүлөрдү
Перронго бүркүп таштады.

Кызыкты көрдүм борбордон:
Машина зуулайт оң-солдон,
Өзүмдү сездим баладай
Өтө албай көчө, жолдордон.

Көп үйлөр бийик заңкайып,
Көргөндө калам аңкайып.
Кебетемден турдум го
Келгиндигим байкалып.

Көркөм шаар экен таптаза,
Көп болбойт күн-түн мактаса.
Көңүлүмдө таң калам
Көчөгө эли батпаса.

Түркүн тил мага угулат.
Түркүн эл көзгө урунат,
Ар түрдүү кийим кийген эл
Алдымдан туура чубурат.

Неге алар ылдам басышат,
Неге алар мынча шашышат?
Кээ бирөө өзү урунуп,
«Кечир!» деп өтүп жатышат.

«Таңданып түрдүү жайда көп,
Тургандай эмне пайда?» деп,
Келерим менен жөнөдүм
Кен институт кайда деп.
Москвалык жаштарга

Моминтип кошо басканда,
Тилегим келип балкыдым
Тийгенсип төбөм асманга.

Эринбей окуп күнү-түн,
Экзамен эле үмүтүм.
Эми чыкты бекерге
Ээлигип антип жүрүшүм.

Чындыктан неге уялам,
Чын айтпай кантип тура алам...
Экзаменден өтө албай
Эки жолу кулагам.

Окуучум, анын себебин
Ойго тут, айтып берейин.
«Атайы келип өтпөгөн
Арсыз неме» дебегин.

Чын-чынына келели,
Чычалап эмне кереги? –
Кээ мектеп орус тилинен
Кеңири билим береби?

Мектепте орус тилинен
Тың дегендин бири мен,
Азыр минтип мүчүдүм
Айталбай ойду дилимен.

«Эсенбектин уланы
Экзаменден кулады» –
Эмне болот, ушуну
Элимдин укса кулагы?
Атам-энем эмне дейт?
Албетте, «Үйгө келбе! – дейт, –

Абийирди төккөнсүң
Ашкере кылып элге!» дейт.

Тышка чыксам буулугуп,
Туруптур жамгыр куюлуп.
«Кечириңиз!» дедим мен
Кээсине кокус урунуп.

Бурч-булуңга сактанбай,
Бул жердик элче жазганбай,
Түз бассам, асман түнөрдү
Түкүрүп мага жаткандай.

Туурасын айтсам – жаңылдым,
Тууган жерди сагындым...
Туйласам дагы чыгалгыс
Туюкка келип кабылдым...

**4**

Үйүр алган баштагы
Үмүтүм ишке ашпады.
Аны турмуш алп колдуу
Артка сүрүп таштады.

«Турмуш – жол деп өрү жок,
Чуңкуру жок, дөңү жок» –
Оолугупмун өзүмчө
Ойго батып жөнү жок.

Оозума келип карганыш,
Ойгонду ойдо арданыш.
Козголду кыргыз канына
Кошо сиңген ар-намыс.

Жагымдуу ойго бөлөнүп,
Жаңы максат төрөлүп,
Өзүмдү-өзүм чыйралттым
Өжөрлөнүп көгөрүп.

Ал оюн мендей жигиттин
Ата-энем кайдан билишсин.
Жүрбөстөн бекер шаарда,
Жүк ташууга кириштим.

Пристань болду иш жайым,
Бул жерде кайнайт иш дайым.
Бир канча күнү кыйналып,
Билип кеттим иш жайын.

Көп жолу колум карышты,
Көп жолу белим майышты.
Көтөрүп жонум нечен жүк,
Көлдөтүп терин агызды.

Ишимди жакшы аткарып,
Илгери кеттим мактaлып.
Сыр бербей, чарчап жүрсөм да,
Сыртымдан күлөм шаттанып.

Күжүрмөн калкым жумушчу
Күлкүсүн, күчүн жугузду.
Тамаша менен аралаш
Талыкпай кылдым жумушту.

Агамдай жакын көрүнүп,
Аларга кеттим көнүгүп.
Алагды болуп эңсеймин
Аз гана калсам бөлүнүп.

Айткандарын жаттадым,
Акылын ойго сактадым.
Тилегим чыгып ордунан
Тил үйрөнө баштадым.

Жүк көтөрүп биз менен
Жумушту бирге иштеген
Жолугуп мага Аркадий,
Жолдошту таптым издеген.

Бир сүйлөшүп, бир бастык,
Бир күлүп, бирге ырдаштык.
Оюбузду жашырбай
Ортого салып сырдаштык.

Ал достун пейли кең экен,
Ак көңүлдүү неме экен:
«Таанышып көрүп келбесең,
Таарынат менин энекем».

Аркадий досум шашылып,
Айлына мени чакырып,
Электр поезд жөнөдү
Ээленип зуулап атылып.

Москванын сырт жагы –
Царицино кыштагы
Аркадий турган жер экен,
Ашыгып жеттик биз дагы.

Чоочун үйдөн анчалык
Чочубадым жалтанып:
Мен үчүн Вера Павловна
Мээримин төктү балпайып.

Ар даам берип сыйлады,
Ал-абал сурап тынбады.
«Согушта өлгөн күйөөм...» деп
Солуктап бир аз ыйлады.

Элжиреп көңүл бөлүнүп,
Энемдей кетти көрүнүп.
Ыймандуу бырыш бетинен
Ырайым нуру төгүлүп.

«Меймандай минтип отуруп,
Мелтирей бербей созулуп,
Ага-ини болуп жүр, балам,
Аркадийге кошулуп.

Бир келип кайгы, сүйүнүч,
Бирге өтсүн күнү-түнүбүз.
Таптаза пейил кең болсун,
Тар болгон менен үйүбүз» –

Эненин минтип айтканын
Эсиме бекем сактадым.
Бир тилектеш дос менен
Бирге жашай баштадым.

Эртелеп ичип тамакты,
Бет алып шаар тарапты,
Жумушка келип баштайбыз
Жүк көтөрчү адатты.

Иңирде үйгө келебиз,
Илбериңки энебиз
Жайдары тосуп, чай берсе,
Жазыла түшөт денебиз.

Уйкуга кыштак батканда,
Үй ичи жымжырт жатканда,
Жакындап жалгыз олтурам
Жарыгын чачкан ак шамга.

Максаттан такыр түңүлүп,
Манчыркап калбай бүлүнүп,
Оюмду бөлүп китепке
Олтурам түндө үңүлүп.

Ал сындуу далай күн өттү,
Ал сындуу далай түн өттү.
Эртеңден күткөн таттуу үмүт
Ээленте берди жүрөктү...

**5**

Чыгарбастан дайнымды,
Чын эле таштап айлымды,
Көмүскө жүрүп ушинтип
Көбөйттүм окшойт айбымды.

Айылда бирге окушкан
Акылбай чыгып кокустан,
Капарсыз кетип баратсам
Кармай калып чочуткан.

Ашып-ташкан бактысы,
Алтын тапкан ачкычы
Атасы – соода бөлүнчү
Чоң склад башчысы.

Не бир кооз буюм келгенде,
Жеткирбей көбүн жер-жерге,
Ашырып сатып жашырын
Акчаны кымтыйт чеңгелге.

Жакшы окууга жетпестен,
Жаш кызды алып мектептен
Айныганда, билимден
Акылбайды четтеткен.

Билимге антип кас болуп,
Бир үйгө жеке баш болуп,
Баарына өзү ыраазы
Байлыгына мас болуп.

Акылбай күлүп сүйлөдү,
Аржаңдап мени сүйрөдү:
– Тоёлу, жүргүн, шарапка,
Толтуруп келдим дүйнөнү!

– Колумдан тартып асылбай,
Коё тур бир аз, Акылбай.
Ата-энем кантип жүргөнүн
Айтчы сен мынча шашылбай.

– Капырай, кандай немесиң?
Катындан качып келесиң.
Таш боордун өзү экенсиң
Таштаган ата-энесин!
Айтайын анан кабарды,
Акчамдын баары арамбы? –
Булдурттап сүйлөп, кафени
Бурулуп улам каранды.

Айылдан кабар сагынып,
Араң жүргөм сабылып.
Аргам жок бастым кыйылып
Акылбай турса таарынып.

Аракты жутуп кубанды,
Аңгеме сөзү уланды.

Көп сөзүнүн ичинен
Көңүлгө илдим буларды:

Айылдан өзүм качканда,
Асмандын жашы акканда,
Оолугуп минген машинам
Ошко бара жатканда,

«Келинди» келип көчүрүп,
«Күйөөнү» таппай өкүнүп,
Кайгырып баары издептир
Калганбы деп бекинип.

Бир-бири менен урушуп,
Бир-эки күн турушуп,
«Кап!» дешип үмүт үзүптүр
Качканымды угушуп.

«Койгула бизди кечирип,
Кокустан өттү чекилик» –
Кутулуптур ата-энем
Куданы, кызды кетирип.

«Кыз көчүрүп келгенге
Кыйлага болдук шерменде.
Эр табылбай калмакпы
Эркинбүнү бергенге!» –

Бактысы балкып шаттанып,
Башта келген аттанып
Кудалар кетти, жүздөрү
Кумсарып, муңга капталып.

Кызыган кезде Акылбай
Канткенде турсун ачылбай.

Атайы неге келгенин
Ал айтып берди жашырбай:

– Азап тартпай анчалык,
Арзан баа килем алпарып,
Баасын сатсам ашырып,
Пайданы көрөм канчалык...

Кабарсыз кетип калбайын,
Кандай деги ал-жайың?
Жадырап ага мен айттым:
– Жашаймын сонун ар дайым.

Чырмалган торго байландым,
Чынды айтуудан ардандым:
Кебелбей окуп жатат де,
Кереги жок жардамдын...

Бокалды улам толтуруп,
Баса жутуп олтуруп,
Акылбай турду ордунан
Араң мага кол сунуп.

Ал басты зорго ыргалып,
Аллеяга бир барып,
Орундуктун бирине
Олтура кеттик кырданып.

Белгисиз кандай ызалык,
Бети анын дароо кызарып,
Көлдөтүп жашын шолоктоп,
Көзү да чыкты бышарып.

Орчундуу бир сөз талашып,
Олтурган бизге жанашып,

Алдыртан күлдү эки кыз
Акылбайды карашып.

Таба албай анда айламды,
Таптакыр тилим байланды.
Ал кыздарга сумсайып
Айттым мен минтип жалганды:

– Досумдун өлүп атасы,
Тоодон чоң анын капасы.
Антпесе, сонун силердей
Ар кимдин күлүп жашашы.

Каткырык дароо токтолуп,
Калышты алар мостоюп:
– Маанисин ыйдын түшүнбөй
Мазактап койгон окшодук...

Кокустан өтсө чекилик,
Койгула бизди кечирип... –
Кирпиги узун, сулуу кыз
Киришти сөзгө чечилип, –

– Келтирип мындай абалга
Кейиткен кабар жаман да.
Кантип биз жардам беребиз
Кайгылуу ушул адамга?

Кебелбей айттым батынып:
– Келсеңиз такси чакырып?..
Айтканга көнүп, жол жакка
Ал чуркап кетти шашылып.

Машина келди зыпылдап,
Маңкайган кыз тыкылдап,

Акылбайды таксиге
Алпарышты шыпылдап.

Эң чукул болуп шартыбыз,
Эске келбей тартыныш,
Таанышып, атын сурасам,
Надежда экен жаңкы кыз.

Бек кысып колун, сүйүнө
Биз кеттик мейман үйүнө.
Надежда – Үмүт деген ат
Назарды бөлдү күнүгө...

**7**

Күч берген асыл өмүргө
Күчтүү сүйүү жөнүндө
Түрдүү адамдан сөз угуп,
Түйгөнмүн аны көңүлгө.

Бирөө айткан: «Жардын жакшысы –
Бир жигиттин бактысы.
Туйдурбайт кокус башыңа
Турмуштун түшсө запкысы.

Кылыгын эңсеп кызыгар
Кыздын да кыздай кызы бар.
Кыялын билбей жар алган
Кыйналып ичтен сызылар...

Кыздар бар кээ бир шайтандай,
Кызыктырат байкалбай.
Капканга билбей чаптырсаң,
Каласың бутуң тарталбай.

Али сен жашсың, айтарым:
Алды-артыңды байкагын.
Ашыгып кетип бир көрүп,
Албагын кыздын шайтанын»,

Надежда кыз шайтанбы?
Шайтан деп аны айтамбы?..
Алгачкы эле көргөндө
Асыл кыз экен байкалды.

«Бир көрүп сүйүү жактырып
Бул жеңил-желпи жашчылык» –
Деген сөз башта уксам да,
Дегдетти Надя мас кылып.

Кай жерге качан барбасаң,
Калаада калк көп ар качан.
Атаңды да таппайсың
Адресин албасаң...

Ал кызды окшоп сүйгөнгө
Алагды болгон күндөрдө,
Үн-сөзсүз ошол Үмүттөн
Үмүткөр бойдон жүргөндө

Кокустан Надя жолукту,
Козголуп жүрөк оолукту.
Сурмалуу көзүн бир карап
Сурадым эсеп-соолукту.

– Атасынан айрылган,
Арманга түшүп кайгырган
Жолдошуң кантип жүрөт? – деп,
Жоодурап мага кайрылган.

Жооткотуп, наздана
Жооп сөз айтып аз гана,
Кежиге тырмап ыңгайсыз,
Кебимди бурдум башкага.

Коркпостон ага чынды айттым.
Кошулуп ага бир бастым,
Жүткүнүп алга үмүтүм,
Жүрөктүн дартын ырбаттым.

Ыкташтык, жүрбөй жазганып,
Ыйбааны артка таштадык.
Ыкыластуу сырдашып,
Ынак боло баштадык.

Бир барып кино көрөбүз,
Бир ойду ойлоп көнөбүз.
Жемиштүү болсо мамиле,
Жеткенсийт көккө төбөбүз.
Жүрөгүбүз үндөшүп,
Жүрөбүз таттуу сүйлөшүп.
Оңдурду мени Надежда
Орус тилин үйрөтүп.

Ала-Тоонун ал-жайын
Ал сурай берчү ар дайым.
Үй-турмуштун жагдайын,
Үрп-адаттын кандайын.

Кыргызча ырдап бер дечү,
Кыйналып чекем тердечү:
«Ойгоном», «Эсимделерге»
Обонум анча келбечү.

Надеждага кез келсем,
Кээ күнү үйгө кеч келсем,

Күлүңдөйт Вера Павловна
«Кинодо жүрдүм» деп келсем.

Аркадий уккан кептерим
Ал кишиге жеткенин,
Алдыртадан абайлап
Аныгын мен сезгемин.

– Жүрөктөш кызга кезигип,
Жүрсөң керек кечигип?.. –
Ал киши мындай дегенде
Айтканмын сырды чечилип.

– Ал кызды бизден жашырба,
Алып кел мында, качырба.
Көрсөтүп бизге сынаткын
Көңгүн да биздин акылга.
Эшитип сөзүн карынын,
Өчүрүп чырак жарыгын,
Өзүмө-өзүм кеңешип,
Өткөрдүм түндүн жарымын.

Көп жумуштар иштелди,
Көк муздуу көркөм кыш келди.
Көрүшүп көбү жактырды –
Көп жолу үйгө кыз келди.

Сергектентти кыз аны,
Сезилди сүйүү жышааны.
Кыдырдык кыйла токойду
Кызыгып тээп лыжаны.

Бутагы була тагынып,
Буту да була жамынып,
Күпүйөт нечен карагай
Күткөнсүп бизди сагынып.

Алдыга Надя ашыгат,
Ал жаңсап мени чакырат.
Бутакты кагып койгондо
Булалар мага чачылат.

Буулугуп калган экемин,
Буйдалтпай ага жетемин.
Кол каршылык кылса да,
Кошула түштү эки эрин...

Булбулду бакта сайратып,
Бозойду, кызды жайнатып,
Акындар жазат сүйүүнү
Атайы жайды тандашып.
Мезгилди кайдан иргедим,
Мен сүйдүм – кышты билбедим.
Берейин кантип майыңа
Бир күнүн ушул чилденин!..

**8**

Уламдан секунд чыкылдап,
Убакыт учту зыпылдап –
Ашыккан маскөөлүктөрдөй
Арышын таштап шыпылдап.

Келем да иштен күүгүмдө,
Көп китеп окуп түнүндө,
Ар дайым көрөм камылга
Аркадий достун үйүндө.

Надянын нечен жардамын
Намыс кылбай алгамын.
Орус тилде шыпылдап
Оңой сүйлөп калгамын.

Жалбырак түшүп жайнаган,
Жалынга окшоп айланам,
Күүлөнтүп күчтүү үмүттү
Күз келди мына кайрадан.

Приказга кирдим, бекидим,
Студент болду кесибим.
Ишендим буга ачканда
Институттун эшигин.

Бир туугандай көрүнүп,
Бир жашаган көнүгүп
Карт эне менен Аркадий
Калышты менден бөлүнүп.

Окуу узак деген кеп болду,
Орунсуз кээси шек койду.
Бир жигит анда: «Убакыт
Билинбей өтөт» – деп койду.

Ушул сөз чыккан кез өттү,
Убакыт чындап тез өттү.
Үзүрдүү мезгил бошотту
Үчүнчү жылга кезекти.

Надянын барсам үйүнө,
Назданбай тосот сүйүнө.
Ойносо пианинодо
От тамызат сүйүүгө.

Күчүбү анык сүйгөндүн,
Күү угуп нечен күүлөндүм.
Музыка күүсүн угууну
Мен ошол кыздан үйрөндүм.

Бир күнү келсем кечинде
Ойнолуп жатат «Эсимде».
Кулактан кирип тааныш күү
Кубатты кошту сезимге.

Акырын ачып эшикти,
Ал чыгып мага кезикти.
«Аманбы?» деп кыргызча
Айтканын кулак эшитти.
Артистка эле апасы,
Академик – атасы.
Аташса мени Боря деп
Ал кыздын келчү капасы:

«Ар түрдүү атап чакырар
Ар кимдин менчик аты бар.
Ал атты башка өзгөртүп
Айтууга кимдин акы бар?»

«Бир сөзгө капа болот деп,
Бизге сен күнөө коёт деп
Ойлобоппуз, – дешти алар, –
Олтургун келип, Болотбек!»

Бир аз сен көңүл буруп тур.
– Болотбек, шашпай туруптур,
Кыргызча билет бекенмин,
Кыйла сөз айтам угуп тур:

Коротуп жатып акылды,
Котордум сенин атыңды:
Болот – сталь эмеспи,
Бек – крепкий – жакынбы?

– Жакын! – деп серпип кашымды,
Жактырдым ийкеп башымды.

Түйшүк тарткан себебин
Түшүнтүүгө шашылды:

– Ала-Тоого барганда,
Ата-энең тосуп алганда,
Карылар менен сүйлөшпөй
Каламбы деймин арманда.

Түрдүү жакка бурбагын,
Түшүнгүн мунун бир жагын:
Эне тилиң үйрөнсөм –
Элиңди урмат кылганым.

Ыраазы болуп сөзүнө,
Ыктатып аны өзүмө,
Жадырап карап мен айттым,
Жалжылдап турган көзүнө:

– Жашырбай сырды сүйлөдүк,
Жакшы эле калдык үйрөнүп.
Арасаат болуп жүрбөстөн,
Алсак кантет үйлөнүп?..

– Оңтойлуу кезди күтөлү –
Окууну бирге бүтөлү.
Анан биз колду кармашып
Алыскы жолго түшөлү.

Надянын ушул сөздөрүн
Мен жалгыз жатып эстедим.
(Жуурканым кымтый жабылуу,
Жумулуу эле көздөрүм):

«Ал экөөбүз баралы,
Айлыбыз бойдон баягы.

Көчөлөрү топурак,
Көңүлүнө жагабы?

Элетке клуб сала элек,
Электр шамы жана элек.
Суукта сайдан чакалап
Суу алчу адат кала элек.

Кийинип карай маалга,
Кез келбей шамал, жаанга,
Асфальттан башка жер баспай
Ал өскөн борбор шаарда.

Бул жерде ага баары бар,
Буюмдун миңи табылар...
Музыка – анын жаны эле,
Музыка укпай зарыгар...

Шаардан начар кыштак чын,
Шарты да башка биз жактын.
Көнүкпөй турган Надянын
Көңүлүн бекер кыстапмын...

Албетте, чындап бирден-бир
Ал сүйсө, мени сүйгөндүр.
Абалын билбей айлымдын,
Арасаат ойдо жүргөндүр...»

Бир басып келе жатканда,
Бул ойду ага айтканда,
Таарынган сөзү Надянын
Таасирин берди жаш жанга:

– Мен ушул сөзгө таң калам,
Мен ушул шекке арданам.

Дос болбойт бири жалтанып,
Тозокко бирге барбаган!

Мейли кыш, мейли жайында,
Мен жүрүп көнөм айылга.
Сезбеймин кылдай кыйындык,
Сен болсоң болду жанымда!..

**9**

Күз келип жашын тыйбаган,
Күндө үч убак ыйлаган,
Кол чатырдын астында
Корголоп жүрөт кыйла адам.

Өңүм жок турган нур чалып,
Өзгөрүп эми кумсарып,
Башымдан жамгыр тамчылап
Баратам шашып сумсайып.

Айыкпас дартка чалдыгып,
Айлантып башты маң кылып,
Надежда ооруканада
Назарды дайым салдырып.

Ата-эне чыгат жолуман,
Аларга дайым жолугам.
Алсакчы дейбиз Надяны
Арылтып кыйын оорудан.

Кантkенде андан арылмак,
Кандайча айла табылмак –
Бозоруп Надя жатканда
Боору шишип кабылдап.

Ичкертен тартып күйүттү,
Илгертен күтүп үмүттү,
Наалат айттык ооруга
Надежда үчүн сүйүктүү.

Башта эле күнүм санжырга,
Баш ийдим эми тагдырга.
Азыр келдим минтип мен
Аралашып жамгырга.

Кечетен бери сагындым,
Келдим да халат жамындым.
Ирецин көрүп кубарган
Ичимден ага жалындым.

Кечигип тамак жегенсип
Кетиптир эрди кеберсип.
Аргасыз алсыз жылмайды
Аман бармын дегенсип.

Арык кол кантип жылымак,
Араң сунду кыбырап.
Сүйүнүп: – Ырас келдиң, – деп
Сүйлөдү мага шыбырап.

– Жакшыбы, – десем, – абалың?
Жарк эттирди кабагын:
– Жакында такыр айыгып,
Жаныңда басып каламын...

Айтылып улам ардеме,
Азыраак курдук аңгеме.
Бурулсам жабык кат сунду,
Буйдалып издеп калды эле:

– Болотбек, муну өзүң ал,
Болор-болбос сөзү бар.
Азыртан ачпа окуйм деп,
Анын да зарыл кези бар...

Ар жагын улай албады,
Арык колун жаңдады.
Кыргызча айтып: – Кайыр кош! –
Кылгырып көзү жайнады...

Каттым да катты койнума,
Кайттым мен турбай ордума.
Кудуңдап чыксам эшикке,
Куюлду жамгыр мойнума.

Түк токтоп койбой кымындай,
Түн ичи жамгыр тыйылбай,
Киринтти жашка жер бетин
Кимдиндир күчтүү ыйындай.

Сен айтчы, асман, ачыгын
Себеби эмне жашыңын?
Кейишти тартып Надя үчүн
Келдиби сенин жашыгың?

Антпесең токто, ашыкпа,
Айнекти кошо жашытпа!
Көңүлдү тынчыт, уйку бер,
Көп тартпай мени жазыкка...

Керилип бутум сунулуп,
Кетиптир көзүм жумулуп.
Таң атса сырттан чулпулдайт
Тамчынын доошу угулуп.

Эртелеп сыртка шашкамын,
Ээлигип бара жаткамын.
Энесин көрүп Надянын
Эсимден тана жаздадым...
Энеке жашын агызды,
Этегине тамызды:
– Ажырадың... Надяңан...
Ал жакка койгун барышты...

Акылдан танган адамдай,
Айламды калдым таба албай.
Оолугуп учту Надяга
Ойлорум болуп жагалмай.

Көзүмдөн жашым ирмедим,
Көчөдө ким бар – билбедим.
Козголуп кайгым, эстедим
«Кош!» деген анын бир кебин.

Жүрөктө Надя өлбөдү,
Жүрөгүм ага көнбөдү.
Көчөгө таамп көз жашым,
Көбөйүп жамгыр көлдөдү...

Көрүндү Надя элестен,
Көңүлүндө мени эстеп,
Күлүмсүрөп жол карап,
Күткөнсүп азыр келет деп.

Энесин үйгө жеткирип,
Экөөбүз бирдей эчкирип,
Түңүлүп ыйлап олтурсак,
Түн кирген экен кеч кирип.

Кырсыктан жүрөк кыйналып,
Кызарып көзүм нымданып,

Кайгынын жүгүн көтөрүп
Кайттым мен артка ыргалып.
Жанаша баскан экиден
Жаштарга улам кезигем,
Жамгырдан өчүп койбогон
Жаштыктын нуру бетинен.

Кулагы кайгы укпаган,
Куйса да нөшөр жукпаган
Ушуларга ичимден
Улутунуп суктанам.

Жашымды төгүп бышактап,
Жатсам мен жаздык кучактап,
Кээ бирөө билбей «жашык» деп
Кеп кылышты ушактап.

Көп убак өттү туйбадым,
Көзүмдү такыр жумбадым.
Тыңшадым сырттан асмандын
Тынымсыз жашын куйганын.

Сумсайтып тамды, даракты,
Сурданган сургулт таң атты.
Тааныш, тууган, ата-эне
Табытты эрчип баратты.

Бир колу кармап таягын,
Бир колу кармап аялын,
Академик илкисе,
Ачышып ичим, аядым...

Биз өңдүү жашын арчышып,
Бир жүрөт кайгы тартышып
Аркадий, Вера Павловна

Акыл-насаат айтышып.
Мурдагы сонун чактардай,
Музыка даамын таткандай
Мемирейт Надя унчукпай
Мээрим күү угуп жаткандай.

Күү чыкты аны жоктогон
Күйүттү ойлоп козгогон,
Муунду такыр бошотуп,
Муңканып, ыйлап боздогон.

Табыттын үстү жабылды,
Тактайга мыктар кагылды.
Жүлүнгө кирип ал мыктар
Жүрөгүмө сайылды...

Күйүттөн кетти дарманым,
Күрөктү араң кармадым.
Толду да муңум, бейитке
Топурак болду салганым.

Жаш канаты кайрылып,
Жандуу журттан айрылып,
Калып калды Надежда
Караңгы жерди жай кылып...

Ажырап андан түбөлүк,
Аргамдын баары түгөнүп,
Караны кийип жүрөгүм,
Кайттым мен кайра түнөрүп.

Койнума колум сунулду,
Кокустан бир кат урунду.
Тамгалар сүйлөп, Надянын
Тааныш үнү угулду:

«...Ардагым Болот сүйгөнүм,
Араң калып сүлдөрүм,
Өтүп жатат акыркы
Өмүрдөгү күндөрүм...

Кагаздай болду ireңим,
Кайрылбайм кайра – билемин.
Сары зил болгон жүрөктөн
Сага арналган тилегим:

Бирден-бир зарыл адамга –
Билим ал, өргө кадамда.
Билимдүү жерге сыйбасын
Биздин бул нурдуу заманда.

Болом деп доктор күнү-түн
Бош калды күткөн үмүтүм.
Илени таппай илдетке
Ичимде кетти күйүтүм.

Жай кылып бийик тоону да,
Жалама аска бооруна
Сейрек чөп өсөт деп уккам
Сеп болчу рак ооруга.

Оюңа салып айтарым –
Ошону издеп байкагын.
Таап калсаң жыргаттың
Тагдырын коргоп канчанын.

Ар түрдүү күчтүү дарылар
Ал кезде арбын табылар.
Ооруган адам мен өңдүү
Оңолуп кайра айыгар...
Күү чыгып жылга тараптан,

Күүлөнүп суусу шар аккан
Ала-Тоого салам айт
Ажайып көрктүү таң аткан.

Ажалга көнбөй тырмышкан,
Анык дос күткөн кыргыздан,
Жериңе салам айта бар
Жеталбай кеткен бир кыздан...

Айыптап өткөн катага,
Ашыкча салбай капага,
Салам айткын астейдил
Сагынган ата-апаңа.

Оттойбу көзү, жылдызбы,
Оруспу же кыргызбы –
Сынап туруп таап ал
Сыйлоочу сени бир кызды.

Бул сөзгө «Жок!» деп айтарсың,
Булгап сен башың чайкарсың.
Кишинин жалгыз жүрбөсүн
Кийинчерээк байкарсың...

Өлкөдө көп го жакшы кыз,
Өзүңдөн болот жактырыш.
Бийлигин тагдыр жүргүзүп,
Бирикпей кетти бактыбыз.

Болотбек, кайыр, дарман жок,
Болду эми, күчүм калган жок.
Жашоону каалап турсам да,
Жаш кеттим, кантем, аргам жок...»
Түрсүлдөп жүрөк кагылып,
Түтөдү дилде каңырык.

Куйткулап шамал булутту,
Куланды тамчы сарыгып.

Күйүттүн өртү чалгандай,
Күйүттөн күйүп жангандай
Күн батты көзүн кызартып
Күрсүнүп ыйлап алгандай…

## 10

Али да эсте безгеним,
Айлымдан качып кеткеним.
Кубанып, аны унутуп,
Кучагын жайды өз жерим.

Күрпүлдөп жандуу агылып,
Күү черткен шаңдуу чамынып
Ак жалдуу азоо сууларды
Алыстан келдим сагынып.

Жапжашыл шибер жамынып,
Жайнаган көп гүл тагынып,
Жанымды дайым жыргаткан
Жайлоону келдим сагынып.

Эмгектин күүсү кагылып,
Эмгектен үзүр табылып,
Ай сайын өсүп бараткан
Айлымды келдим сагынып.

Албетте, баарын сагындым,
Алтын дейт түбү сабырдын,
Көп жылдан кийин кайрылып,
Көчөсүн бастым айылдын.

Ар кенди каткан койнуна
Аңтарчу кырды, ойду да
Инженерлик чоң милдет
Илинген менин мойнума.

Кыялап жолун жылганын,
Кыдырдым нечен кырларын,
Азуусу көккө арсайган
Ачсам дейм аска сырларын.

Күчөбөй жүрөк жарасы,
Күйүттүн болду дабасы
Кымбаттуу кыргыз жеринин
Кымыз жыттуу абасы.

Атам да, энем кектебей,
«Адашкан сенсиң, кет!» дебей,
Жүгүрүп коюн союшту
«Жүрдүң, – деп, – балам, эт жебей».

Жашыды энем бышактап:
«Жакшы көрсө ызаттап,
Качпайт эле уулуң» деп
Кай бири жүрдү ушактап…

Көк экениң билбедик,
Көрбөдүң бизди бир келип.
Өткөнгө болуп кыжалат
Өзүбүздү тилдедик».

Далай Күн чыгып жайнады,
Далай толду Ай дагы.
А бирок, «Үйлөн, уулум!» деп
Ата-энем айта албады.

«Боорукер» жеңем Күлсүнбү:
«Ботом сен бойдок жүрсүңбү?
Картайып кетпе, кайним...» деп
Кабагын чытып күрсүндү.

Же оюм жоктой тырмактай,
Жеңеме койдум сырдашпай –
Жүрөктүн эски илдетин
Жүрөйүн дедим ырбатпай.

Келишкен үйлөр салынып,
Кетиптир айлым жаңырып.
Эшикке чейин жапжарык
Электр шамы жагылып.

Алыска барып өзөндөн
Аял жок сууну көтөргөн.
Көчөдөн чаңды көрбөйсүң –
Көгүлтүр шагыл төшөлгөн.

Толтуруп күүгө коюнду,
Толкунга бөлөп боюнду,
Абадан келип музыка
Алкынтат көккө оюнду.

Кээ күнү эрте-кечинде
Кездеше калат «Эсимде».
Укканда аны ар дайым
Уу тарай түшөт сезимге...

Кыялым канат сабалайт,
Кыйла жер, мезгил аралайт.
Көзүмө Надя элестеп,
Көңүлдү кайра жаралайт...

Энемдер тапкан «колуктум»
Эркинбүгө жолуктум.
Башынан туура ойлонгон
Баамдуу жигит болупмун.

«Өткөн күн күлкү келтирет...
Өжөрлүк кылып мелтиреп,
Ошондо мен да барганмын
Окуу издеп Ошко сенчилеп.

Кежирлик кылып ыраактап
Кеткениң үчүн ыракмат.
Кездештик болуп билимдүү
Керектүү нечен жыл аттап.

Далайды баштан өткөрдүк,
Дааналап айтсак – өзгөрдүк.
Жаштарга берип билимди
Жашаймын болуп өзгөндүк».

Көп экен алар акчасы,
Көпкүлөң экен жаш башы.
Көңүлдөш Надя күткөндөй
Көрүнбөйт мунун максаты.

Көздөрү ойноп токтобойт,
Көңүлдү бирок козгобойт.
Назданса дагы оштонуп,
Надяга такыр окшобойт.

Кандайдыр сөздү аз айттым,
Кайдыгер гана «Кош» айттым.
«Барарсың Өзгөн тарапка?»
«Балким...» деп өтө бош айттым.

Катмарлуу тоодон кен издеп,
Кадиксиз бизде жеңиш деп,
Ой-кырдын көбүн кыдырып,
Ош жакка келдик эңиштеп.

Эч нерсе илбей назарга,
Эркимче жүрсөм базарда,
Килейип турат Акылбай
Килем сатчу катарда.

Жоонойгон мойну күржүйүп,
Жойпулуу көзү жүлжүйүп,
Кармап алып сүйлөштү
Калп күлкү салып күлдүрүп.

«Эми сен канча табасың?
...Эки миң... Неге жарасын?
Карыганча бой жүрбөй,
Катынды качан аласың?

Болот дос, жыргап кетпепсиң,
Болбогон ишти беттепсиң.
Каражат табуу жагынан
Кантсең да мага жетпепсиң.

Далилдүү сөзгө арданба,
Даярмын дайым жардамга.
Канча пул десең беремин
Качан сен катын алганда...

Болотбек, сөзгө түшүнчү,
Бойдоктукту бүтүрчү.
Үзүрүн көрүп өмүрдүн
Үйлөндүм кызга үчүнчү...»

«Достугун» анын бүтүрдүм,
Добушсуз жерге түкүрдүм...
Аты жакшы адамдын
Айбандыгын түшүндүм.

Алыска кетип ойлорум,
Ак-Бууранны бойлодум,
Тунжурап салдым санаама
Турмуштун татаал жолдорун.

Эми да Надя жанымда
Эркелеп жүргөн чагымда,
Күн сайын бойдок дедиртип
Күйбөс элем жалынга.

Кылмыш кимде – билбедим,
Кыйла кыз тандап, иргедим.
Жүз жолу туйдум Надянын
Жүрөккө терең сиңгенин.

Кыялданып кээде мен,
Кыз чыгар деп ээленем
Надядай болуп жүрөктөн
Нагыз орун ээлеген...

Бар болсо дагы күйүтү,
Басылбай жүрөк сүйүүсү,
Тирүү кезде адамдын
Түгөнбөйт тура үмүтү.

Жүрөмүн азыр кен издеп,
Жүрөккө жагар тең издеп.
Өмүрдү ушул үмүттөр
Өйдөгө сүрөй беришмек.

Ала-Тоо койнун жойлодум,
Аскасын, түзүн койбодум.
Талыкпасам, дары чөп
Табылар деген ойдомун.

Шаңданткан үмүт таттуу да!
Шарлары болуп ак чууда,
Көңүлдү көккө көтөрүп
Көбүгүн бүркөт Ак-Буура.

*1958-жыл.*

## САГЫНЫЧ

### 1

Көз уялтып миң кубулжуйт көк тарап.
Күн эмне көк?
Жок, күн эмес – көк табак.
Тоолор чарчы.
Аккан дайра сапсары.
Кырда, түздө кызыл барик көп дарак.
Булут жашыл боёп койгон кебездей,
Таштар жумшак, чөптөр катуу, чөптөр ак.

Жапысынан улам бийик аскага,
Султан аттап чыга коёт бат гана.
Аскалардын арасынан моймолжуйт
Сары көйнөк тоо периси каш кага.
Султан суусап кымыз сурайт ал кыздан,
Кымыз сунса, кыз кымызы – капкара.

Кайра ал пери Зейнеп болуп ак тамак,
Жал-жал тиктеп, колдон кармайт шашмалап:
«Тез кетели жалган боёк бул жерден,

Кайда жүрдүң бир көрүнбөй баштараак?»
Экөө жөнөйт, Султан сылтып баса албайт.
«Жүр, – дейт Зейнеп, – азыр бороон
башталат!»

Түтүн чыгып айыл турат секиде,
Жете алышпай ошол айыл четине,
Султан жатса тизесине баш коюп,
Зейнеп жашы тама берди бетине.
Бороон келип, дегдеңдетип учуруп,
Эки жашты бөлүп кетти экиге...
Нурга бөлөп белес-түздүн гүлүн көп,
Көгүлтүр Күн кайра чыкты күлүңдөп.
Кайдан-жайдан танк көрүнүп, Султанды
Атырылып кубалады күрүлдөп.
Күүлөнгөн танк эми жетип тепсээрде
Бир бакырды бүткөн бою дүрүлдөп...

...Көзүн ачса, кырылдап да, чочулап,
Жаздыгында таргыл мышык отурат.
Чекир көзүн бардап-бардап мыёолойт,
Деп айткансып: «Бакырганың, дос уят...»
Султан туруп карай калса күзгүдөн,
Кан-сөөлү жок өңү бопбоз топурак.

Тагдыр соруп анын беттен кызылын,
Тартып алган жүрөгүнүн ысыгын.
Көргөн күнүн күңүрт кылып, суз кылып,
Көп кемиткен өмүрүнүн кызыгын.
Арык колдуу Султан узак тунжурап
Секин-секин жондон сылайт мышыгын.

Жалгыз ушул таргыл мышык эрмеги,
Андан башка эрмек кылмак эмнени?
Мындай кезде түш жорутар, сырдашар

Досу барбы?
Досту тагдыр бербеди.
Эли кана опол-тоодой бел болгон?
Зейнеп аттуу жары кана элдеги?

Көңүлүндө уюп сары зил гана
Көпкө отурат кыймылдабай тим гана.
Кайда, кайда анын тууган Мекени?
Каны менен кошо бүткөн тил кана?
Мекен, эли, тили, жары – баары жок!
Султан деген аты калган бир гана.

Кан майданда каршы-терши ок учкан
Кайра тартпай Султан катуу согушкан.
Жез тырмактуу ажал апчып өткөндө
Ажыраган акыл-эстен, добуштан.
Жоо туткундап буттан канын чууртуп
Уруп-соккон артык көрүп доңуздан.

Дуушар болуп душман аткан огуна,
Султан түшүп душман жайган торуна,
Такыр тойбой уйкуга же тамакка
Кайнап жүрдү, катаал жүрдү шору да.
Башта болсо фашисттердин туткуну,
Кийин өттү АКШнын колуна.

Согуш бүтүп, жоо жеңилсе утулуп,
Эми Султан кетем деди жутунуп,
Күндөр өттү, кубанганы калп чыгып
Кутулам деп, кайра калды тутулуп.
Көрсө... дароо союздашты туз уруп,
Калган тура бизге пейили бузулуп...

Качып чыгып, сууну кечип, кар басып,
Вагондордун ортосуна жармашып,

Чыгыш карай келе жаткан Султанды
Шек билдирбей аңдып келип кармашып.
Колун байлап, ар жагына деңиздин
Алып кеткен эки көзүн жайнатып.

«Кежирденбе: «Кетем! Кетем! Кетем!» – деп,
«Кетем!» деген келжирек кеп, бекер кеп.
Кантип туткун болгонуңду ылгабай
Сотуң турат келер замат кесем – деп...»
Ушундай деп эми жаңы кожоюн
Көпкө наалып сөзүн айткан бекемдеп.

Европада анын көргөн азабын,
АКШда анын көргөн мазагын
Жазсам десем жүрөк оору болгудайм,
Кантип анан, кантип чыдап жазамын?
Ансыз деле ый жыттанып саптары,
Ансыз деле муңдуу болор казалым.

Бекем чаап туткундуктун капканы,
Өзү аксаса, тагдыры да аксады.
Чоочун калды канча мезгил учса да
Ушул жердин аба, жылдыз, асманы.
Бетин тургай, бырыш басып жүрөгүн,
Ыйлап какты, бирок жыргап какпады.

Кайда барса: отурса да, турса аны
Калбай ээрчип шек туманы курчады.
Кандай муздак ушул жердин жамгыры,
Кандай сүргүлт ушул жердин турпагы!
Чоочун турпак, чоочун суунун тамагын
Көп өгөйлөп көнбөй жүрдү курсагы.

Кээде аскасы үч болуп, же жүз болуп,
Кээде аска жок мейкин гана түз болуп,

Кээде бүркүт, кээде көктөн куу учуп,
Кээде чилде, кээде коңур күз болуп,
Көп көрүнөт, өзгөрүлөт Ала-Тоо,
Ойгонсо эле чыга келет түш болуп...
Жайлоо түнү. Кыздар ырдап топтолуп,
Жигиттердин жүрөктөрү от болуп,
Ою да шок, колу да шок жигиттер
Сөздөрү да, өздөрү шоктонуп,
Кыз пейили бар, кыз жыты бар Айлуу түн
Ойгонсо эле... учуп кетет жок болуп...

Карт энеси аккан жашын жашырат:
«Өзүңө арнап койгон элем азыраак...»
Боорсок сунат калтыраган кол менен,
Султан туруп алайын – деп ашыгат.
Эми... эми жетеринде ойгонуп,
Энесинен кала берет ажырап...

Ою жетип, көзү жетип Мекенге,
Ойгонсо эле өзү жүрөт чет элде.
Үшкүрүнтүп азгырган да, аздырган
Мындай түштүн көбүн көрдү бекерге.
Көкүрөктү өрттөсө да сагыныч,
Айла кайда, арга кайда кетерге?!

Көп отуруп, шымдын тартып бек курун,
Көчө жакка Султан чыкты кечкурун.
Ары-бери чоочун тилдүү эл өтөт
Шаар соргон, асфальт соргон бет нурун.
Бүгүнкүдөй арасында көп элдин
Өзүн жалгыз сезген эмес эч мурун.

Түркүн тамга: кызыл, сары, жашыл, ак,
Көзүңдү жеп жанат, өчөт, жашынат.
Кайра жарк деп карегиңе кадалып,

Адамдарды чакырат да, бакырат.
Бачым, бачым басышкансыйт адамдар
Бакырыктан кутулсак деп батыраак.

Джаз кулак жейт. Ушул жерде – жинденмек.
Жинденбесе эс алам деп ким келмек.
Чылым соруп, кока-кола шимирип,
Кыздарында кымындай жок ийменмек.
Ууртунан чыкса дагы ак көбүк
Бий бийлешет тайраңдап да, ийреңдеп.

Иңир кирип океанга чөксө Күн,
Билдиргендей «маданият өскөнүн».
Көчөлөрдө барган сайын көбөйүп,
Көрүнгөнгө сатчу кыздар өздөрүн,
Өткөндөрдү үмүт менен карашат
Бош таксидей жашылдантып көздөрүн...

Султан колун тийгизбеген иш калбай,
Жылдар өттү ал ишинен из калбай.
Кирип барса, кытмыр карап «кожоюн»,
Сигар соруп, сурап койду: – Иш кандай?
– Билип туруп жүрбөсүмдү сайрандап,
Иштин жайын сурадыңыз сиз кандай?

– Сурооң болсо, анда Султан, сурап кал,
Баш адашат, иш кыжылдайт, убак тар...
Сен жасанып Брюсселге жөнөгүн, –
Ууртунан дагы түтүн булатты ал.
– Чөнтөгүңө доллар толор иш таптым...
Бери кара, мени кара, кулак сал...

**2**

Айла барбы айтканына көнбөскө,
Айла барбы көр дегенин көрбөскө.

Үмүт деген адам менен бирге өлөт,
Адам чиркин тырышат го өлбөскө.
Элди тартып, келди тартып туш-туштан
Брюсселде бүт дүйнөлүк көргөзмө.

Саргыч, жашыл, ала, мала, көк желек,
Арстан, бүркүт, кылычы бар көп желек.
Анын баары желбиреп да, телмирет
Айткансышып: «Бир кайрылбай өтпө?!» – деп.
Кызыл нурдуу орок, балка айкашкан
Бир желекке эл негедир көп келет.

Султан жүрүп эл ичинде агылган,
Желек көрдү жаралгандай жалындан.
Келди эсине бейкут бала мезгили
Бул желектей кызыл жагоо тагынган...
Бир жадырап, бир тунарат көздөрү
Кызыл желек, кызыл жылдыз сагынган.

Дептерине бул жылдыздан канчаны,
Канча тартты ушул орок, балканы.
Ал сүрөттү көрсөткөндө мактанып,
Ата-энеси канча жолу алкады.
Байчечекей бажырайган жаңы эле
Көктөм экен... өткөн экен ал чагы...

Султан көрдү Лениндин сүрөтүн,
Камкор киши калкы үчүн да, бүлөө үчүн.
Айра таанып арасынан көп элдин
Сырын билип, байкагандай мүнөзүн,
Кабак чытып, жеме менен Султандан
Сурагансыйт: – Кайда тентип жүрөсүң?..

Кайда кеткен Советтердин кадамы!
Укмуштарга оңой көңүл калабы? –

Спутниктин макетине акыйып
Канча киши каректерин кадады.
Аалам жиреп анын кантип учканын
Айтып жатат СССРдин адамы.

Кичи пейил, качан болсо жупуну,
Бирок улуу иши менен укугу,
Касташканын бастаткан да, какшаткан
Ошол элдин Султан болчу тукуму.
Эми мына мекендешин унчукпай
Суктангандай карайт, карайт утуру...

Султан секин кадам шилтейт тигинде,
Жасалгалуу текчелердин биринде
Катар турат не бир, не бир китептер,
Карап көрсө кадим кыргыз тилинде:
«Туулдум беле насипсиз
Тутулуп кеттим жазыксыз...»
Токтогулдун кошкон ыры Сибирде...

Өжөрдөнүп көкүрөктү сүзгүлөп,
Жүрөк сыздайт, жүрөк согот күчтү үрөп.
Мындай кезде бардык кеңеш, үгүттөн
Эне тили, акыл сөзү күчтүүрөөк.
Иригендей, чиригендей көңүлү
Эмнегедир ичи ачышат, ич күйөт...
Эстей коюп, Султан шилтеп бат кадам,
Залга кирди эл жык толуп батпаган.
Эми, эми башталар деп бир кызык,
Учур экен эл тынчтыкты сактаган.
Эки жакка этек жыйып көшөгө,
Комузчулар көрүнүштү сахнадан...

– «Баш кийимин айт!»
– «Жасалгалуу шымын айт!»

– «Комуз дейби, комузун айт, кылын айт!»
– «Кандай кооз, курун кара күмүштөн!»
Мына ушинтип эл акырын шыбырайт.
Сүрөт тартчу аппараттар жарк этип,
Кабарчынын маш калеми тыбырайт.

Султанды эми ой курчады ар башка:
Ушулардай кыргыз эле ал башта,
Камчыланчу күлүк минип алкынтып,
Алчыланчу калпак кийип ал башка...
Эл суктанган кара тору жигиттер...
Жердеш тургай киндиктеш да, кандаш да...

Көп жыл болду Султан калпак кие элек,
Киймек турсун анын колу тие элек.
О, көп болду баягыдай Зейнеби
Атайылап ага калпак тиге элек...
Ак калпакчан жигиттерге нур жүзү
Суктангандай көздүн нурун жиберет.

Өз тилинде Султан сүйлөп көрө элек,
Башка менен жүрөк сырын бөлө элек.
Эч болбосо бирөө келип сөксө дейт,
Бирок эч ким кыргызчалап сөгө элек...
Уккан менен сырты сылык көп сөздү,
Кулагы анын чоочун тилге көнө элек.

Жүрөгү анын комуз күүсүн сурары эп.
Күү төгүлсө бир магдырап турары эп.
Ажал күүсүн Гитлер чертип чыкты да,
Андан бери комуз күүсүн уга элек.
Көп күү укту Америка жеринде,
Бири да анын көңүлүнө жуга элек.

Комузчулар баары ачылып жаркылдап,
Күү башташты кол шилтешип шартылдап.

Алоолонгон жалын болуп ошол күү
Толкун болду жээкке урган шарпылдап.
Түшкүң келет күүнү укканда кайыкка,
Сүзгүң келет ой көлүндө калкылдап.

Дир-дир этип назик комуз кылдары,
Миң кубулду жалгыз күүнүн ыргагы.
Комузчулар сыйкырчыга айланып,
Кыл тырмабай, сыр тырмады тырмагы.
Көөдөнүнөн коңур үндүү комуздун
Оргуй берди дүнүйөнүн жыргалы.

Көрчү, көрчү баары бирдей элпек кол,
Оолукма кол, ойноктогон тентек кол.
Кайкый тийген канатындай куштардын
Капкак, кылды эркелетип желпет кол.
Кылды чертпей, кыялыңа чаң турса,
Ошол чаңды күбүп, күбүп чертет кол.

Жакшы күүлөр жашартышат өмүрдү,
Жакшы күүлөр тазартышат көңүлдү.
Күү төгүлдү, күүгө удаалаш Султандын
Аккан жашы акырекке төгүлдү.
Кырка отурган жигиттердин калпагы
Ала-Тоонун кыркасындай көрүндү.

Султан көрдү ушул укмуш күүлөрдөн
Тоо дайрасын атырылып күүлөнгөн.
Магдыратып кайың, терек, талдарды
Шарларынан не бир түркүм күү бөлгөн.
Кыласында жай олтуруп тыңшасаң,
Адам өңдүү өз ичинен сүйлөнгөн.

Күүнү уккун да, те алыска үңүлчү,
Ооба, ооба, ошол аттын дүбүртү.

Жигит келет сулуу кызды кубалап,
Камчы басып ою жоктой түңүлчү.
Жетпей калба, ай кап, жигит, чап жигит!
Айланайын жүгүр, күлүк, жүгүрчү!

Көрүндү ага тоонун кыраан бүркүтү,
Жаш маралдын андан чочуп үркүшү.
Жайлоо көрдү асманында Ай калкып,
Көрктүү болчу күндүзүнөн түнкүсү.
Желге минип жетип келип угулду
Жигит ыры, жаш селкинин күлкүсү.

Күүдөн көрдү жазгы гүлдүн жайнашын,
Күкүк деген муңдуу куштун сайрашын.
Зейнеп байкуш күкүгүнө жетерде
Туман бөлүп кетирди го айласын.
Жарга конуп, талга конуп зар какшап
Жарын издейт: «Кү-күк?! Кү-күк?
кайдасың?»
Булут көрдү самсаалаган кыр-кырдан,
Бороон көрдү алма багын сындырган.
Анда Султан атка минсе буйдалбай,
Зейнеп айтат кармап туруп чылбырдан:
«Сукем, сени күтөм, күтөм... сагынам...»
Көзү нымдуу жалооруган, кылгырган...

...Аттар барат, аттар барат талпынып,
Туягынан от чагылып, чаң чыгып.
Курч болоттой мииздүү туяк тебелеп,
Сулап, сулап жоо кыйрады жанчылып.
Бир караса, Султан аттан жыгылып
Жалгыз жатат. Ким кетти экен калтырып?..

Ал өкүнөт кетпегенге дагы ыраак...
...Күү түгөнүп, кол шатырап чабылат,

Жамгыр өңдүү жууган кара жүзүмдү
Көз жаштары кирпигинен сарыгат...
«Бул кантет?» – деп «кожоюндун» тыңчысы
Шектүү карайт туруп алып арыраак...

Көптөн бери коңшу отурган байкалбай,
Саргыч чачтуу, куу мүсүл кыз шайтандай:
«Укмуш, – деди, кыргыздардын өнөрү!»
Баш ийкеди Султан жооп кайтарбай.
Бүлк эттирип, кайра илебин кымтыды
«Мына мен да кыргызмын!» – деп айта албай...

Бир илинтпей, бир илинтип колдорун,
Безелентип, чимирилтип колдорун,
Зымыратып учканындай кыргыйдын,
Тыбыратып буттарындай жоргонун,
Өнөрпоздор элди эч жакка жылдырбай
Кармап алды, арбап алды ойлорун...
Кайруу бүтүп, кайра кайруу башталып,
Капысынан кээде төмөн баштанып,
Канетсе да басыгынан адашпай
Комуз сайрайт жаагын жанып какшанып.
Эл суктанып, Султан гана муңканып
Жылжып, жылжып мөлтүр жашы
жатты агып.

«Кана, Султан, сен экөөбүз келишсек,
Тамак таап, тең жесек да, тең ичсек, –
Толгон сөздү айткан эле «кожоюн», –
Билгиң келсе чакырганды сени издеп,
Комузчудан алып калгын азгырып:
«Адам үчүн Америка – бейиш» – деп...

Мүлжүп, мүлжүп жаш өмүрдү кемиткен
Жадап жүрсө Султан ошо «бейиштен»,

Жагалданган жалындан да жалтанбай
Жаралгандан жеңилбестен, жеңишкен.
Туугандарга кантип айтат калгын – деп
Куттуу өлкөдөн, нурдуу өлкөдөн келишкен?..

Бүткөн концерт жаккандыгын белгилеп,
Зал дүркүрөйт – өнөр баркын эл билет.
Эң артында Султан туруп ордунан
Эригенсип эт жүрөгү элжиреп,
Жашын аарчып, араң шилтейт кадамын
Эстен танып мас болгондой кеңгиреп.

Кытмыр байкап же баятан беркини,
Тез үлгүрүп көрөйүн деп эмкини,
Көзгө илээшпей «кожоюндун» тыңчысы
Көлөкөдөй ал Султанды ээрчиди.
Зарын айтып, баарын айтып түшүнттү
Ошол жерден Султан таап элчини:

– Мен жүрбөдүм Мекен жерип, эл жерип,
Туткун болуп тентип жүрдүм сенделип.
Өңүм жездей… өзүм жетпей сагынсам,
Элим, жерим түшкө кирчү дем берип…
Акырында айла таап, учур таап,
Алдыңызга турган кезим мен келип…

Элчи акырын: – Мына барбыз биз – деди,
– Сиз эркинсиз, эч ким тийбейт Сизге эми…
Тыбырчылап тынчы кетип тыңчынын
Асман-жерден амал-айла издеди.
Кайдагы айла! «Кожоюну» элестеп,
Башын чайкап, эрдин кесе тиштеди…

Жуткан аба мынча мээлүүн туюлат,
Колун сунса, чий, кереге урунат.

Жакын жерден өткөн жылкы бышкырып,
Кишенеген кулун үнү угулат.
«Шор», «шор» эткен үнгө кайра үн улап,
Алмак-салмак сүт чакага куюлат.

Султан өйдө турайын – деп ыкшалат,
Кайра чочуп көз алуудан кызганат.
Түшүм болуп жүрбөсүн дейт укканым,
Бирок неге аба кымыз жыттанат?
Көзүн ачса, от жанында талкан жеп,
Отуруптур бир наристе кыз карап.

Кол көтөрсө, «Победага» эскирген
Аны бирөө ушул жерге жеткирген.
Мындан ары кетем десе жөө жөнөп,
Суу күрпүлдөп, күн бүркөлүп, кеч кирген.
Конуп калган ушул үйгө аргасыз
Айыл жайын сурабастан эч кимден...

Эшик ачып, секин басып жөтөлүп,
Сырттан кирет кемпир чака көтөрүп:
– От жанында отур, жылын, кулунум,
Султан болбойт жөнөймүн деп көшөрүп.
– Куттуу үйдөн куру чыкпай даам тат,
Курсак ачып кубарасың, өзөрүп.

Эне сунат кымыз куйган чынысын,
Колго алгансып мелт-калт эткен ырысын.
Токтоп, токтоп улам жутуп тамшанып,
Сыр билдирбей ичинде ойлоп тымызын,
Он беш муңдуу жыл өткөндө арадан
Султан кайра татты кыргыз кымызын.

Кайра кирип өскөн кыргыз үйүнө,
Маашыр болуп кыргыз эне үнүнө.

Кымыз деми дароо бетин нурдантып,
Бир муңканып, бирде кайра сүйүнө
Отурганда кирпигинен мөлт этип
Жашы тамды бош чынынын түбүнө...

– Бул кыз ким? – деп Султан сурайт энеден,
– Кичи уулумдан. Менин кенже неберем.
Төрт кулунум жоголбосо согушта,
Бул айылда уулу көп мен элем.
Дале жүрөм үмүт үзбөй жол карап,
Алар келсе кеңийт эле керегем...
Султан кызды өөп, энеге айтып ыракмат,
Сыртка чыкты босогону бир аттап.
Түндүгүнөн түтүн булап турган үй
Кала берди бара-бара ыраактап.
Суудан өтүп, жылга ичинде баратса,
Кыз-келиндер кырда жүрөт кылактап.

Баары шайыр, чөп чөмөлөп үйүшөт,
Чөп-чар жукса бирин бири күбүшөт.
Султан болсо өзү менен өзү алек,
Гүлдү жыттап, улам жаңы гүл үзөт.
«Кандай неме гүлдөн мынча жутаган?» –
Кыз-келиндер кыраан-каткы күлүшөт.

Шыңгыр күүсү дары болуп кулакка,
Султан тойбой булак үнүн угат да,
Канбай жутуп мөлтүр муздак суусунан,
Кайра-кайра жүзүн чаят булакка.
Кырдан тиктеп кыткылыктайт кыз-келин:
«Чөлдөн чаңкап келсе керек бу жакка!»

Көркү да жок, жыты да жок ат кулак,
Султан көзүн гүлдөн кыйын азгырат...
Ала салып оонап, оонап шиберге

Гүл аралаш чөптү жыттайт жакшылап.
«Адамдан да жатак чыгат экен» – деп
Тамашакөй кыз-келиндер каткырат.

Тоону карайт, жүзү жайнап түрдөнөт:
«Бир милдетти үстү-үстүнө үймөлөп,
Төбөм менен жер казсам да аткарам!»
Колун шилтеп, күңгүрөнүп сүйлөнөт.
«О бечара, айнып калган неме экен...»
Сумсайышып кыз-келиндер күймөнөт.

Тоолор аны «кел» дегенсип карашса,
Күчү толуп, ээ болгонсуп канатка,
Дүк-дүк согуп көкүрөктө жүрөгү
Султан ылдам, Султан шайдоот баратса,
Бир кыз айтат: – Кызык киши жанагы
Бурулду деп биздин айыл тарапка...

Ак булуттар каалгышат, калкышат,
Анда-санда куштар көктө кайкышат.
Чебелектеп чычкан аңдып күйкөлөр,
Бөдөнөлөр «бытпылдыгын» айтышат.
Күн батарда кыз-келиндер айылга
Чөп жыттанып, гүл жыттанып кайтышат.

Келди, келди үйгө бачым киргиси,
Кирер замат келип бачым билгиси
Зейнеп сурайт: – Кимдикине келди экен
Же мас эмес, же соо эмес, бир киши?..
– Сүйүнчү бер, ошол Султан жездем! – дейт
Бир сумсайып, бир жылмайып сиңдиси.

– Кайсы Султан? – башка суроо таппады...
– Жездем Султан – сенин күйөөң баштагы...
Көз алдына бирде келсе Султаны,

Кайра келип тура калат Аскары.
Султан… Аскар… Аскар… Султан… алмашып,
Башы айланып, боюн төргө таштады.

Ойго оролуп, торго оролуп курчалды,
Эстен танды, сөздөн танды, кумсарды.
Кантип ойлоп, кантип күтсүн ал мурда
Бүгүн минтип ачуу кайгы уртаарды.
…Келсе эсине түн койнунда отурат
Бир колотто жанына алып Султанды.

Айтуу кыйын калем менен боёктоп,
Сырдашууга мындан сонун колот жок.
Кээде гана көп жылдыздын бири учуп
Көзгө илээшпей алда-кайда болот жок.
Мурдагыдай башын жөлөп Султанга,
Зейнеп сүйлөйт мукактанып шолоктоп:

– Гүлдөрдү үзүп, жерге оонаган сен белең?
Сени билбей күлбөдүмбү дембе-дем.
Башка күлсө, кошо күлүп не кылам,
Андан көрө кирсем эмне жерге мен…
Көрчү неге термелишет жылдыздар,
Же мен өзүм мынча неге термелем?..

Энең турат көз алдыма элестеп,
Сени угузса: «Өлгөн-житкен эмес!» – деп,
Кара кийбей, жаш чыгарбай көөнүнөн
Эртели-кеч сени күтчү, сени эстеп.
Ооруганда сүйлөп жатып көз жумду:
«Султан азыр… Султан мына… келет…» – деп.

А мен болсом бото сындуу боздодум,
Сени жоктоп улуп-уңшуп кошкомун.
Ушак тапты сенин жалган досторуң,

Бирди эле эмес, бир тапканда токсонун.
Бул жолугуу түш эмес ээ алдамчы –
Угуп жатам жүрөгүңдүн сокконун...
Сукем... Суке... өтпөдүбү далайлар...
Баарын угуп болгондурсуң кабардар.
Өмүр бою бөлүнбөйбүз дечү элек,
Өзүң түшүн, башка канча чарам бар...
Аскар болсо сенин жакшы курдашың,
Андан менин жети жашар балам бар...

Зейнеп сырын жалбыз укту, гүл укту,
Жалдыраган үнсүз-тилсиз түн укту.
Султан дагы ушул түндөй көшүлүп,
Жанга сиңген, канга сиңген үн укту.
Бирде өрттөнүп алоолонсо денеси,
Бирде тоңуп кышкы аязга буюкту.

Ал түн өттү. Туш-тараптан эл келди.
Эл колтуктап, эл Султанга дем берди.
Айыл сыйлап үйдөн үйгө чакырып,
Уга аттантты кошуп берип мергенди.
Көрүп чыгып тууган жерин сагынган
– Иш барбы? – деп билек түрүп шерденди.

– Ар адамга кереги бар намыстын –
Мен элиме, мен жериме карызмын.
Чокту басып, отту басып жүргөнсүп,
Чоочун жерге көз жашымды тамыздым.
Өз жеримдин турпагына эми мен –
Келип турат маңдай терди агызгым.

Жайкы жылуу, күзгү мелүүн түндөрдө
Султан атчан жылкы артында жүргөндө,
Сапар чеккен Жер шеригин узатып
Көз ымдашып нечен жылдыз күлгөндө.

Ал дагы эстеп баштагы өмүр шеригин
Кыялы учат те жылгада үйлөргө...

Кыштан чочуп жылуу жакка куш тарайт,
Ава муздайт, сүйгөн жүрөк муздабайт.
Чырак өчөт, бирок өчпөй үмүтү
Зейнеп көпкө үйдүн шыбын суз карайт.
Аскар айтат: – Уктасаңчы, Зейнеп, – деп,
Бирок өзү, бирок өзү... уктабайт...

Жүрөгүндө айыкпаган так бар – деп,
Кирпигинде кургабаган жаш бар – деп,
Аскар кылдат, Аскар айтпайт Зейнепке
Бул жумушту, ал жумушту аткар – деп.
Бирок Зейнеп Аскарды айтып Султан – деп,
Көп адашат Султанды айтып Аскар – деп...

Табыяттын жоомарт уулу – күз күлөт,
Тамылжыган тоолор күлөт, түз күлөт.
Анткени менен ачык күлбөй үч киши
Бир-бирине угузбастан үшкүрөт.
Сыр жашырып, сырды ашырып көбөйтүп,
Сыздап согот айыбы жок үч жүрөк...

*1964-жыл.*

## ТИРҮҮЛӨРГӨ

Аба жуткан,
    ал абаны кана жуткан тирүүлөр!
Силердики сыяктуу
    бар эле менин жүрөгүм:
        сүйүнөр да, күйүнөр,
            сүйөр дагы, сүйүлөр.

Ал жүрөгүм оюлган –
Өмүрүмдүн соңуна
Коргошун чекит коюлган.

Күндү сүйгөн,
гүлдү сүйгөн тирүүлөр!
Мен мүрт кетип,
мен силерге кайта албай,
калгам көп сөз айта албай,
Ошолорго эми кулак түрүңөр.

О, тирүүлөр!
Тирүүлүккө не жетсин!
Өмүр баркын билбегенде
өзүм мындай дебесмин.
Бирок өлүм тузагына,
муздак өлүм кучагына
түрткөнү жок мени эч ким.

Турганымда өмүр-өлүм чегинде
Өзүмдөгү жүрөк менен,
намыс менен кеңештим.
Бек болбосо
жүрөк менен намысым,
Балким...
Балким...
Балким, өлмөк эмесмин...

**1**

Уйку көрбөй көздөрүбүз киртийип,
Калбай ээрчип замбиректин артынан
Сур шинелчен,
сургулт жолдо илкидик.
«Кере шилте арышты!» – деп арттагы
Кээ бирөөгө командирден тил тийип.

Шашып калдык alaңдап,
        көктөн бомба салаңдап
бизге түшүп келатканда килтийип...
Дүлөй болуп,
        дудук болуп заматта,
Топурактын астынан
        өйдө турдук силкинип.

Уюлгутуп боз чаңды
Атырылган танк көрүндү кресттүү,
Учур келди бетме-бет
        душман менен тирешчү.
Учур келди сыналчу
Ким туруктуу,
    ким коркок,
        ким арамза,
            ким эстүү.

Биз үчөөбүз:
    бир замбирек,
        анан эки кишибиз.
Колубуз менен жаңсашып,
Көзүбүз менен ымдашып
        бүтүп жатты ишибиз.
Жалын бүркүп,
        түтүн бүркүп замбирек,
Биздин болсо кычкач өңдүү
    бек тийишти
        тишибизге тишибиз.

Каршы-терши сызып,
    биздин максатка
        кара крест койгону,
Ичтеринде толгон кара ойлору,
Капталында крести бар капкара
далай танктар биздин жерди жойлоду.

Алар кайра
кара түтүн чулганып,
далай чыккан ойрону.

Бир-эки аттык,
үч-төрт аттык,
беш аттык.
Бирде мурда,
бирде, балким, кеч аттык.
Билбей калдым:
же коркподук,
же корктук.

Билбей калдым:
же шашпадык,
же шаштык.
Алдыңкы танк токтоп калды жалындап,
Биздер анын чоюн төшүн теше аттык!
Биз жанчыштык
жанчышуудан жалксак да.
Танктар бизге снарядды жиберди,
Снарядды биз жибердик танк жакка.

Да бир танктан бурк этип
кочкул түтүн булады.
Шеригим жерге сулады...
Карбаластап карай салсам арт жакка...

Келсе дагы шеригимди жоктогум,
Келгени жок тар мезгилде токтогум,
Өзүм мээлеп,
өзүм атып,
Замбиректи өзүм жалгыз октодум.
Жалын алып келгендерди
жалын менен соттодум.

Түтөп түшкөн снаряддын жездерин
Кагыратып,
шагыратып тепседим.
Кастын өзүн калтыратып,
карматтырдым безгегин.
Танктар турса талкаланып,
Табам канды,
башка сезим сезбедим.
Бирок... Бирок...
Жоо мандайда турганда
жоо келерин желкеден
алат эле эске ким...
Кежигеме бирөө курал такады.
Бурула албай башка жакка,
көзүм жетти автоматка,
өзүм, бирок жетпедим...
Жоо жеңдим деп толгон элем,
Эми дароо бөксөрдүм.
Кол көтөрдүм аргасыздан –
көрчү кандай өзгөрдүм...
Ооз көрдүм мен артымдан
үнү чыкпай арбаңдаган,
көз экенден арданбаган
эки жырткыч көз көрдүм.

«Туткун болгон өмүр дуруспу?
Же
Эркин бойдон өлүм дуруспу?» –
Шарт бурулуп,
кокосуна асылдым,
Манжаларды алкымына батырдым.
Жанталашып автоматын түшүрдү,
Анын оор бою менен
жерге ныктай басылдым.

Жыгылыштык,
турушту,
Муштум менен уруштук.
Кайра экөөбүз муунтуштук тиштенип,
Көздөр чыгып чанактардан чакчайып,
бирибизди бирибиз
ызырына тиктедик.

Узун бойлуу,
карылуу,
далыйган кең далылуу,
Жоон билек неме экен го береги.
Эми чындап сазайымды береби?..
Аттиң...
Аттиң...
тирүү болсо шеригим
Ушундайда тийбейт беле кереги...
Кастын колу куралына жеткенде,
Куралыма араң жеттим мен эми.

Эки жактан
эки автомат атылды...
Бүтүп калган кулагым
Бул учурда кокусунан ачылды.
Мен бакырдым: «Эне!» – деп,
Тигил дагы: «Муттер!» – деди,
бакырды.
Тигил шылк деп башы менен жер сүздү,
Кучактады жер да менин башымды...

**2**

Мени ошентип жер кучактап,
Муздак жерди мен кучактап жатканда,
Алыстагы үч жашар
балам чочуп ойгонуп,

Сүйгөн жарым,
сенин болк деп жүрөгүң,
Бул эмне? – деп көпкө отурдуң ойлонуп.

Ойлонсоң да ошондо сен сезбедиң.
Жоонун огу жүрөгүмдү тешкенин.
Башын сылап кайра уктатып баланды,
Башка жакты,
башка чакты эстедиң:
Биз жолукчу жаздын жаркын,
күздүн салкын,
кыштын карлуу,
жайдын айлуу кечтерин.
Сүйүүбүздүн абдан кызык,
абдан ысык кездерин.

Биз көрүшсөк аткансычу таң жарып,
Күн ордуна биз күлчүбүз шаңданып.
Көрүшпөсөк жүзүбүздүн нуру өччү
Күздө түшкөн жалбырактай саргарып.
«Жанымсың!» – деп кучактасам, анда сен
Жалжылдатып көзүңдү,
«Сенсиз өлөм» – деп айтчусуң жалбарып...

Жок, өлбөдүң,
сен чыдадың баарына –
Бет келсең да турмуш каарына,
Өрттөнсөң да турмуш заарына.
Жалжылдаган мөлтүр көзүңдөн
Жаш кылгырттың тагдырыңа таарына.

Катуу согуп турмуш бороону,
Калк-калч этип боюң ыргалды.
Чачыңа окшош түмөн ойлоруң
Турмуштагы чер токойго чырмалды.

Сары сөйкөң сымал суроо белгилер
Көңүлүңө сансыз жыйналды.

Таалайыңа сенин кезиккен
бөлөк эркек кирди эшиктен.
Менин кийимим илчү илгичке
анын кийимин илдиң чечип сен.
Мен отурчу орундукка отуруп,
чылым чекти кээде жөтөлүп.
Кант карматты колуна
Мен көрбөгөн баламды өйдө көтөрүп.

Аны менен отурганда сырдашып,
Сен көксөдүң өткөн жылдарды.
Аны менен отурганда ырдашып,
Сен көксөдүң өткөн ырларды.
Ырдан улам жүрөк дартын ырбатып,
Кыял менен кыйла кырды ашып,
Сен көксөдүң өткөн жыргалды…

Ал карады сүрөтүмдү илинүү
агы менен көзүнүн.
Кийин илди ошол жерге
чоң сүрөтүн өзүнүн.
Карачу болдум чемодандын түбүнөн
көзүң менен көзүм табышып,
Көзүмө сен көзүңдөн
Туздуу, жылуу тамчыларды тамызып…

О, тирүүлөр,
адатым жок даттанмай,
Ошентсе да силер калыс болгула,
Күнөөм кайсы мынча азап тарткандай –
Өзүм жерде жатканым аз келгенсип,
Сүрөтүм да чемоданда жаткандай?

Сүйгөнүм, сен ачканыңда чемодан
Ма көрүнөт түрмө эшигин ачкандай.
Чемоданды жапканыңда кайра сен
Ма көрүнөт түрмө эшигин жапкандай.
Барган сайын эшик ачууң
сейрек болуп баратат.
Баштан ынак көздөрүбүз
дале ынак карашат.
Мен караймын коюу чачым мурдагы
дале коюу чач бойдон.
Көзүм да жаш,
өзүм дагы жаш бойдон,
Сен карайсың жүз менен
нуру азайган кубарып.
Жалжылдаган көз эмес,
жалдыраган көз менен
бара жаткан тунарып.
Мен сылачу чачыңа
күндө жаңы ак кирип,
Өмүрүңдүн күүгүмү
бараткансыйт бат кирип...

**3**

Бир окопто жатышкан,
бир замбирек атышкан
сен шеригим...
Жок! Жок! Шерик эмессиң!
Тирилсем да азыр мен
сени шерик дебесмин!
Шегиң элге билинсе,
шерик дебес сени эч ким...

Мен нукура баатырларга
шек келтирбейм,
мен аларды айтпаймын.

Жерде жатып,
жер канча жыл жашаса,
Мен аларды ошончо жыл
алкаймын да, мактаймын.
Жеке гана айыптаймын өзүңдү,
кантип сени жактаймын?!
Сен жөнүндө наразылык оюмду
жер канча жыл жашаса,
мен ошончо сактаймын.

Жалгыз өзүм турганда
танктар менен таймашып,
Кантип жаттың башың катып кыңк этпей?
Душман мени муунтуп
жыккан кезде кармашып,
Кантип жаттың өлүк болуп былк этпей?

... Бир оокумда баш көтөрдүң
бүткөн боюң дүрүлдөп.
Жер терметип арт жактан
биздин танктар келатканда күрүлдөп.
Каны аккан мени карабай,
кантти дешке жарабай,
Шинелиңди күбүп турдуң,
биздин танкты сүйүп турдуң,
Тирүү калып,
күлүп турдуң күлүңдөп...

Түшүңдө көрбөс иш болду:
Далыңдан баары тапташып,
– Азамат! – деп макташып,
Сүрөткө тартып кабарчы,
атыңды дароо жатташып,
Командирлер сени баркташып,
сыйлык сурап жогортон,
Ата-энеңди алкап кат жазып...

...Каада күтүп азыр бассаң кайкалап,
Боюң ооп каз сыяктуу чайпалат.
Касты кантип кыйкылдатып муунтуп,
Канча танкты атканыңды талкалап,
Жыйындарда
балдарга да,
чалдарга
Келатасың тынбай айтып кайталап.
Сөздөрүңө бардык адам кол чабат,
Өмүрүңдүн бардык күнү салтанат.

Баягы күн келген кезде
көз алдыңа элестеп,
Зордук менен атым кирсе оозуңа,
Сен айтасың аргасыздан мени эстеп:
«Ал баарыбыз сыяктуу
жигит эле уяттуу.
Намыстуу эле, эстүү эле,
Кээде оолугуп кетчү эле.
Оолукпаса ал байкуш.
балким, өлмөк эмес...» – деп.

Эсиңдеби түгөнбөс жол,
түгөнбөгөн аралык?
Акыректи, шилилерди жүк кыркып,
шилтей албай бут сылтып,
таманыбыз кабарып...

Азыр өзүң тапкансың
жөө жүрбөстүн амалын.
Бут кийимиң жылтылдайт,
Бут кийимиң жыртылбайт –
машиначан – кызматка,
машиначан – мейманга,
машиначан – футболго,
Үйдө гана жерге тиет таманың.

Унуттуңбу бүрүшүп
Ным жыттанган блиндажда жатканды?
Траншейде тоңгонду
калч-калч карап асманды?

Азыр болсоң коркосуң
терезеден кирчү желден сактанып.
Жамбашыңа мамык төшөп былпылдак,
Башыңа да балпайган
мамык жаздык жазданып.
Килем төшөп тактайларың көрүнгүс,
Мардаясың мамыгыңа,
килемиңе мактанып.

Эсиңдедир солдаттардын бөлгөнү
Тоңгон нанды жыгач сындуу аралап,
Туш-туш жактан нанды курчап сагалап:
«Калыңыраак кетти, – дешип, – тигиге»...
Кабыктуусун баары сурап «магалап!»
Кабагыңды бүркөгөнүң көп жолу
«Кабыктуу нан тийбеди, – деп, –
мага кап...»

Эсиңдеби Ленинград...
Көчөдө өлүк...
Үйдө өлүк...
Эл ачкадан күндүз өлүп,
түндө өлүп.
Өлгөндөрүн үлгүрө албай көмүүгө
Тирүүлөрү араң жүргөн күн көрүп.
Жүз жыйырма беш грамм
кара нанды үч бөлүп:
кечинде жеп бир азын,
эртең менен бир азын,
анан дагы түштөнүп...

Далайлардын: «Нан!» – деп башы шылк этип,
Тирүүлөрү нандан гана түш көрүп…

Ойлочу сен, азыр кандайсың –
Намыс көрүп кыйылып,
Нан дүкөнгө өзүң басып барбайсың.
Кокус, кээде нан алсаң
　　　　　　жаңжалы жок албайсың.
«Бул чийки…» – деп,
　　　«Бул күйүк…» – деп,
　　　　　　«Бул катуу…» – деп
Нан жактырбай тандайсың.

Эсиңдедир жүргөнүң
　　　солдаттар менен сырдашып,
　　　солдаттар менен өбүшүп,
　　　солдаттар менен бирге уктап,
Тамашалап сөгүшүп,
　　　тамашалап түртүшүп,
Бир идиштен тамак жеп,
　　　мончодо жонду сүртүшүп…

Эми отуруп машинанын артында
　　　жүзүңдү элден катасың.
Киного барсаң – балконго,
　　　　　　　　　театрда – балконго,
Мончодо сен номер жакка шашасың.
Эл сыйласа,
　　　　　　элден неге четтейсиң?
Эл нанын жеп,
　　　　　　элден неге качасың?

А мен болсом,
　　　жер астында жатамын
　　　　　　жер кучактап,
　　　　　　　　　　жер болуп…

Сен жүрөсүң жердин басып үстүнөн,
Салмак салып менин басып үстүмөн
баатыр болуп,
эр болуп…

**4**

Мен: «Эне!» –деп чакырдым
жалгыз гана өзүң кирип оозума
кадалганда жүрөгүмө ок бекем.
Бир селт этип менин чыккан доошума
ошондо сен, энеке,
уктуң бекен, жок бекен?..

Эң алгачкы сөзүм болдуң, сен эне,
Өмүр менен өзүм туңгуч достошуп,
тилим жаңы чыкканда.
Эң акыркы сөзүм болдуң, сен эне,
Мен көз жумуп,
өмүр менен коштошуп
душман мени жыкканда.

Дарактардай жылдар өсүп, бөлсө да
адамдардан өткөн согуш арасын,
Азыр дале бүркөк күндөр сыздатат
Майыптардын денедеги жарасын.
Азыр дале ата күтөт
жерде жаткан баласын.
Азыр дале ини күтөт
эчак келбес агасын.
Эми дале, энеке, сен түңүлбөй
Мени күтүп жолду карап каласың.

Таштасаң да үстүңдөгү караны,
таштай албай жүрөсүң

мен өлгөндө каптаган
жүрөгүңдүн карасын.

Мээриминди эмне менен ченесем?!
Мээнетиңди мен эмнеге теңесем?!
Өмүрүмдө көрө албадым башка адам
сенден дагы боорукер,
сенден жоомарт,
сенден дагы берешен.
Жаштык менен,
мастык менен тирүүмдө
Сөз өткөрдүм байкабастан мен эчен.
Ал күнөөмдү актайт элем
эмдигиче жүргөнүмдө мен эсен.

Адамдардан жалгыз сага карызмын,
төлөйм десем,
жолум туюк, алысмын...
Кечирээрсиз өз уулуңду,
кагылайын эне сен...

Анда ойлойсуң энеке:
«Уулум сага болбойт элем кападар
Кээде мага сөз өткөрүп сүйлөсөң,
Аялыңдын шыбышына ишенип,
кээде мени тилдесең.

Макул элем мага такыр күйбөсөң,
Айлыгыңдан жаңы көйнөк кийбесем.
Колсуз калсаң,
болор элем кол сага,
Бутсуз калсаң,
болор элем жол сага,
келсең эле,
келсең эле тирүү бойдон үйгө сен...»

Өлүмүм менен сени мен
мөгдөтпөйүн дегемин.
Аппак кылып чачыңды,
бырышыңды көбөйтүп,
көздөрүңдөн жашыңды
көлдөтпөйүн дегемин...

Сени карай өткөрбөй
Жоонун жолун денем менен тородум.
Мертинсем да кармашта
Тагдырыма мен ыраазы боломун.
Өз өмүрүм кур бекерге кетпеди:
Жоонун көзү карабады көзүңдү,
Жоонун колу, эне, сага жетпеди.
Мылтык кезеп бакырбады жоо сага,
Жоонун буту, эне, сени теппеди.
Жоонун огу жүрөгүмдү тешсе да,
Эне, сенин аппак чачтуу башыңды
жоонун огу тешпеди...

Аттап өтүп булуттардын башынан
Асман менен далай жолу көчтү Күн.
Жеткен кезде батышка
алоолонуп далай күйүп, өчтү күн.
Батар күндү сен карап
Ошол күндөй сен да күйүп ичиңден
күн артынан өттү күн.
Батыштагы балаң жаткан бейитти
Бир көрбөсөң суубай койду көкшүнүң.

Биздер кантип курсант болбой коёлу
мүрзөбүзгө келсе ким.
Энекебай, мен да сени сагынып,
энекебай, мен да сени эңседим.
Кантип коюп бейитиме башыңды,

Кантип төгүп бейитиме жашыңды
Келгениңди сезип турдум мен сенин.
Уктум, эне, жүрөгүңдүн дабышын,
Сүйүү менен,
                күйүү менен кагышын.
Эрип турду,
                жибип турду
                        алдыңдагы жер сенин.
Баштагыдай ийип турду
Энекебай, мага эмизген эмчегиң...

Энекебай,
                сезгендирсиң ошондо
Кучагыңда балкып турган жер элем.
Ошол кезде ак чачыңды
Мээрим менен сылап турган жел элем.
Жазгы жашаң чөп болуп,
        Тунук, бийик көк болуп,
                Ошол көктө былдырап
Торгой болуп сайрап турган мен элем.
Көпөлөктүү талаа болуп,
Магдыраткан аба болуп
        маңдайыңа келип тургам, эне, мен...

Жер кучактап,
        жерди жатып баштанып,
Жердей эрип,
        жерге сиңип кетериңе аз калып,
Баш көтөрдүң – бардык күчүң жыйнадың.
Кете албадың – уулуңду сен кыйбадың.
Буйдаланган ак чачыңды
Калтыраган салааң менен тарадың.
«Кош, уулум!» – деп бейитимди
Муңайыңкы көзүң менен карадың...
Дагы башка үн чыкты:

«Кош, уулум!» – деп муңканып,
уккан жанды кейиткен.
Да бир эне өйдө турду
маңдайдагы бейиттен.
Анын дагы чачтары
Жаңы жааган кардай болгон агарып.
Узай албай бейиттен
Узак турду улам артын каранып.
Бери басты араң шилтеп кадамын,
араң таяк таянып.

Сени көрүп селт этип,
Чочуп кетти эмнегедир шектенип.
Сенин көзүң аныкына кадалып,
анын көзү сеникине кез келип,
Экөөңөр тең ак чачыңар жайылып,
Экөөңөр тең кара жоолук салынып,
токтодуңар бир-бириңе бет келип,
Сенек болуп турдуңар
мрамордон экөөңдү
чеккен өңдүү бирөө оор эстелик.

Бул учурда торгой тынды сайрабай,
Күндү карай, нурду карай жайнабай
Гүлдөр турду жерди тиктеп шылкыйып.
Дароо токтоп желдин жортуп жылышы,
Дароо токтоп дарактардын шыбышы,
Дүйнө турду дүлөй болуп тымпыйып.

Сүйлөшө албай «сен» дешип, же «сиз»
дешип,
Бириңерден бириң айып издешип,
Уулуңардын бейиттерин калкалап,
Бириңерди бириң турдуң тиктешип.

Бул тиктешкен көзүңөрдөн
мезгил турду калтаарып.
Каар менен сен карасаң канчалык,
акырында талыгансып көзү тигил
энении
жер карады сеникинен
жалтанып...

Аздан кийин тигил эне
Жолго түштү жыйнагансып акылын.
Энекебай, сен да менден узадың
Кадам шилтеп...
кадам шилтеп акырын.

Ал карады өз уулунун бейитин,
Эне, сен да кылчайып
бейитимди карадың.
Дөңсөө калды жашырып
анын, сенин –
эки эненин караанын.
Эки бейит кала бердик дөмпөйүп
Ортосунда мемиреген талаанын...

Шалдайышкан эки эне
Тымып аккан суу боюна жеттиңер.
Бырышы көп, жаш туздаган
бетиңерди суугa жууп,
Андан ары үнсүз-сөзсүз кеттиңер.
Күңүрттөндү жер бети,
Азыр мезгил эмес эле кеч кирер.

Кеч кирди деп экенсиңер жаңылган,
Көп жыл мурда ушул жерде биз аткан
замбиректей тарсылдап,
жалын чачып жаркылдап,

булуттарды куйкалады чагылган.
Көзүңөргө тамчы токтоп мөлтүрөп,
баратtыңар шөмтүрөп
эки кары бул нөшөргө кабылган.

Сени сактап нөшөрдөн
Тийди, энеке, плашыңдын кереги.
Нөшөр куюп жүдөттү
Жеңил кийим тигил чоочун энени.
Бул учурда бүт унутуп өткөндү
Боорукерлик бийлеп кетти денеңи.
Тиги эненин нөшөр жууган башына
Плащыңдын жарымын жаптың сен эми.
Ал ыктады, ал эч нерсе дебеди.
Бир плащтын астында
бараттыңар эки эне
кадам шилтеп тең эми.

Өжөр нөшөр тынбай койду көшөрүп,
Силер чарчап,
силер үшүп,
жөтөлүп,
Аба кысып демиңерди муунтуп,
аз калдыңар тумчукпай.
Караштыңар көз менен
оозуңардан сөз чыкпай да, сыр чыкпай.
Нөшөр токтоп оолуккан
жер нес болуп
көшүп турду дым чыкпай.
Унчукпаган ушул жердей
унчукпастан көрүшүп,
Эми эки эне
эки жакка
айрылдыңар унчукпай.

**5**

Уулум! Уулум!..
Угуп турчу ардагым!
Жоктугунан арганын,
Үйгө кайра,
сага кайра барбадым.
Көзүң кандай көз экенин көрө албай,
Күлкүң кандай күлкү экенин уга албай,
Бир жолу да маңдайыңдан өбө албай,
өзүм менен жер астына
кошо кеткен арманым.
Эркелешип эрчишкен
көргөнүңдө жаш балдарды аталуу,
үйгө келип үтүрөйүп капалуу:
«Кайда менин атам?» – деп,
Кыйнагансың апакеңди азалуу.
О көп болду сени сыга кучактап
апакеңдин көздөрүнөн жаш агуу...

Үмүт үздүң –
бара албадым кашыңа,
Апаң жалгыз өмүрүңө дем болду.
Сенин жашың жетти менин жашыма,
Сенин жашың меникине тең болду.

Өмүрүңдө сансыз сөздү үйрөнүп,
Көңүлүңө сансыз сөздү жаттадың.
Арасынан ошончолук көп сөздүн
«Ата» деген жалгыз сөздү айтпадың.
Уулум!
Эми өзүң болдуң уулдуу.
Убарасың,
кубанасың өз уулуңду асырап.
Уулуң сени күтүп турат сагынып,

Кызматыңдан кечиккенде азыраак.
Эшик ачсаң,
уулуң сени: «Ата!» – деп,
чуркап келип моюнуңа асылат.

Уулум! Уулум!
Мага теңдеш курагың.
Замбиректин ачуу үнүн
укканы жок кулагың.
Замбиректин үнүн укпай азыр да
бейпил кезде бейпил жүргөн убагың.
Сактагандай мен сени
«Ата» деген бул уулуңду сактоого
даярсыңбы?
Сенден келет сурагым.

Бизден кийин замбиректер
атылбайт го дегемин.
Бизден кийин бизге душман
катылбайт го дегемин.
Биздей болуп солдаттар
көз жумарда «Энелеп!»
бакырбайт го дегемин.

Токтотууга миң-миллион
жүрөктөрдүн кагышын,
Эски душман оордонтуп далысын,
кийип жатат мундирлердин,
илип жатат жарактардын жаңысын.
Угуп жатам мен мурдагы урааңды,
мага тааныш тарсылдаган
мык тамандуу өтүктөрдүн дабышын.

Уулум! Уулум!
Жер үстүнө таштап кеткен нурумсуң,
жер үстүнө сайып кеткен туумсуң.

Азырынча тең болсо да жашыбыз,
    мен башка муун,
        сен да башка муунсуң.
Менин атам кармап жүрсө буурсун,
    сен космоско канат серпкен уулсуң.
Айтчы, уулум,
    сен жашаган заманда
талаа кантип дагы канга жуунсун?
Дагы кантип аталары мойсолгон
    сага окшогон жетим балдар туулсун?
Азыр кантип сары азезил жалыны
    жердин бетин тыйпыл кылып куурсун?

Океандын ар жагынан кеп угам
    сен жөнүндө,
        сенин муунуң жөнүндө:
Аталардан алыс дешет силерди,
    аталарын албайт дешет көңүлгө.
Азыр жаштар сүйөт дешет шарапты,
    бекердикти,
        көрктүү жаңы кийимди,
Жаңы бийди,
        джазды,
            кээси илимди.
Бирок алар элин сүйүп
        аталары өңдөнүп,
Керек кезде окко тосуп көөдөнүн
        барбайт дешет өлүмгө.

Бул ушак кеп эп келгис!
Биз силерге таштаганбыз ишенип
Эл, Мекенге сүйүүңөр
        бар болгондон чектелгис.
Силер шаттуу күлгөндө
        эстегиле биздерди –

Ал күлкүнү биздер берип кеткенбиз.
Силер таттуу сүйгөндө
Эстегиле биздерди –
ал сүйүүнү биздер берип кеткенбиз.
Силер билим алганда
эстегиле биздерди –
ал билимди арнаганбыз силерге,
Силер кийим кийгенде
эстегиле биздерди –
ал кийимди камдаганбыз силерге.

Биз жыгылдык
жыгылбасын силер деп.
Биз кыйылдык,
кырылдык,
кыйылбасын,
кырылбасын силер деп.
Биз кайраттан айрылдык
кемибесин силердеги жигер деп.
Үнүбүздөн айрылдык,
силер сүйлөп жүрсүн деп.
Биз мустайдык түбөлүк,
силер шайыр күлсүн деп.
Жүрөгүбүз токтоду,
жүрөгүңөр силердин
төшүңөрдө күн-түндөп,
жылуу бойдон
соксун үчүн түрсүлдөп.

Биз көз жумуп,
жер астына жарыксыз
коюлганбыз бардыгыбыз табытсыз.
Биз жер жыттап,
биз жерге ыктап,
жерге айланып калыппыз.

Биз жер болдук,
жердин ошол өзүндөй
биздер эми тирүүлөргө калыспыз.
Бак-таалайлуу тирүүлөр!
Бар силердин балкып тийген күнүңөр.
Каалаганча сүйүнүп,
каалаганча күлүңөр.
Ызатташып,
достошуп,
бириңерди бириң ысып сүйүңөр.
Бирок
силер тирүүлөр,
Адам бар деп жердин дагы астында
жер басканда
ойлой басып жүрүңөр.
Уулум! Уулум!
Жер тагдыры, эл тагдыры
колуңда –
өзүң бүгүн чектесиң.
Сага ишенем,
муунуңа ишенем,
Сен эстегин,
сенин муунуң эстесин:
Биздин чепти,
бийик чепти,
чоң чепти
Сен бектегин,
сенин муунуң бектесин.
Сага айтарым:
Биз жумшаган кайратыбыз, алыбыз,
биздин атак,
биз курган жол,
биздин Жеңиш,
биздин төккөн каныбыз
бекеринен...
бекеринен кетпесин!

О тирүүлөр, аба жутуп кубанган!
Жер астында үнсүз жатат канчасы
эр жигиттен,
карыядан,
уландан,
жаш бөбөктөн,
кемпир, кыздан,
жубандан.

Анын баары
снаряддан,
ок, бомбадан,
миналардан суналган.
Ошолордун атынан
сөзүбүз бар
биз силерден суранган:
Ансыз эле жер астында биз жыкпыз,
эми бизге кошпогула
дагы жаңы өлгөндөрдү куралдан!

Биз ажалга
көктө, сууда,
карда, музда кез келип,
Ар кай жерде көмүлдүк.
Куруу кыйын – курбагыла
ар бир бейит үстүнө
эстеликти силер бизди эскерип.
Бейпил күндө силер куунап,
силер күлүп турсаңар,
Өрттөтпөстөн
жерди коргоп,
жерди сүйүп турсаңар –
Ошол бизге
силер курган эстелик.

*1967-жыл.*

## ЧАГЫЛГАН

### 1

Жаз келди, жакшы адамдай жайнап келди,
Жаз келди, бакка бүчүр байлап келди.
Акактай махабатты кызга берип,
Акынга эргүү берди, кайрат берди.
Күн бою жер жыттанып, тер жыттанып
Дыйканга чымырканган айдап жерди,
Койчуга коюн жайып магдыраган
Торгойлор көккө чыгып сайрап берди.

Жаз келди карды эритип качыраган,
Жанданып сергий түштү азыр адам.
Бул жазда үмүтсүздөр үмүттөнүп,
Чыйралды күч-кубаттан ажыраган.
Күү чыкты жалаң гана жүрөк козгор,
Күн чыкты жалаң гана жадыраган.
Табият бейкут тартып көшүп турат,
Бак жашыл, жер да жашыл, жашыл аалам.

Бул жазда эне жатты үргүлөгөн,
Шалдайып шайы кетип үлдүрөгөн.
Эненин көкүрөгүнөн онтоо менен
Үн чыгат не бир сырдуу күңгүрөгөн.
Үңүлүп эшик жактан көзүн албайт
Үмүтүн үзбөгөндөй ким бирөөдөн.
Эрини кыбырады, шыбырады:
– Эшикке чыгаргыла. Күндү көрөм.

Энеке үй сыртында жатты мына,
Ал көрдү ырайымдуу жазды мына.
Күн балкып ууз нурун төгүп турду

Жүзүнө, жоолугуна, жаздыгына.
Өз башын көтөрөм деп көтөрө албай
Өкүндү дарманынын аздыгына.
Жазгы жер, жайдары жер окшоп турду
Эненин те илгерки жаштыгына.

Жаз жели эне жүзүн аймалады,
Жаш кездей, бирок ал жүз жайнабады.
Жаш чөптүү, жашыл чөптүү жер үстүндө
Бассам дейт бирок жетсин кайдан алы.
Өмүрдө эң акыркы жазы ушулбу,
Же жазды көрөр бекен кайра дагы?..
Нуру өчкөн көзү менен карап жатты
Нурданып толукшуган айлананы.

Ал карайт, тигил сазды төмөндөгү,
Эсинде саздын нечен көгөргөнү.
Эсинде кечип жүргөн, малтап жүргөн
Бул саздын шүүдүрүмдүү өлөңдөрү.
Канткенде эстен чыксын ушул сазда
Кармаган соколору, көгөндөрү.
Жеталбай музоосуна оюн салган
Саамайын сексеңдетип жөнөлгөнү.

Ал карайт агын сууну жылтылдаган,
Кубулжуп сыйкырданып кылтылдаган.
Ал сууну кыздар шапшып чачышканда
Шарынан күлкү чыкчу шыңкылдаган.
Муз каптап шайыр сууну тушуктурчу
Ызгаардуу кыш келгенде кырчылдаган.
Ал музга келе берип, тебе берип
Канчасы бут кийимдин жыртылбаган.

Жаз нурун далай жолу сеппедиби,
Балалык зуулап өтүп кетпедиби.

Ал сууну кийин, кийин... чабак уулап
Өзүнүн чүрпөлөрү кечпедиби.
Кыш келсе тегиз музду, көгүш музду
Өзүнүн чүрпөлөрү теппедиби.
Тунжурайт каңырыгы түтөгөндөй
Энеке кулундарын эстедиби?..

Ооба, алар ушул сууну бойлоп жүргөн,
Ооба, алар ушул сазда ойноп жүргөн.
Үч уулу катар өсүп, чекте туруп
Батышта бирөө Мекен коргоп жүргөн.
Улуусу жайлуу болуп, жардуу болуп,
Кичүүсү кез болучу бойдок жүргөн.
Ошондо эне татып бакыт даамын,
Ойлордун таттууларын ойлоп жүргөн.

Кыялы улам жаңы баракты ачат,
Кыр ашат, ашуу ашат канат жасап.
Үч тургай, төрт уулду тууган эле,
Аларды бир көрүүнү самап жатат.
Эмгиче келбегенге анын бири
Эненин карт жүрөгү канап жатат.
Алаксып сабыр кылып үмүт үзбөй
Алыскы ак тоолорду карап жатат.

Балдары туулуп-өскөн жергесине
Ишенбейт кайра такыр келбесине.
Өлбөсмүн, кантип жазда өлөйүн – дейт
Чөп жайнап чыгып турган жер бетине
Кокустан арга калбай бара жатса
Коштошуп бир сөз айтмак кенжесине.
Кенжеси өз уулубу же башкабы? –
Өткөндөр кайтып, калкып келди эсине...

## 2

Чагылган жаркылдады, тарсылдады,
Чачылып көккө жалын – алтындары.
Ансайын өчөшкөндөй шаңшып жүрдү
Асмандын эрке, кыраан барчындары.
Аскалар жаңырышып, ат кишенеп,
Айылдын дөбөттөрү арсылдады.
Нөшөргө маңдай тосуп сергип турду
Чоң кыштак чоң дөбөнүн артындагы.

Алма бак гүл тагынып, сөзү бардай:
«Адамдар, мени келип көрчү!» – деген,
Мактанып турган эле көркү менен.
Куюлуп муздак нөшөр төбөсүнө
Бак бүгүн жүдөңкүрөп шөмтүрөгөн.
Ал бактын бир бурчунда төрөт үйү
Айнегин жамгыр жууп мөлтүрөгөн.

Жер жоктур жамгыр жааса жаңырбаган,
Жаз жоктур чагылганды сагынбаган.
Жаз мына жамгырдуу да, чагылгандуу,
Жаз мына бардык адам кадырлаган.
Кыярды тунук дайра, колоттордон
Куюлуп кызыл суулар шарылдаган.
Чагылган да тарс этип, ага удаалаш
Үн чыкты төрөт үйдөн барылдаган.

Кыйналып бала тапты асыл эне,
Аты да бул эненин Асыл эле.
Ааламда кыбыраган адамдарга
Ал кошту да бир адам азыр эле.
Перзентин бир карады ыңаалаган
Көтөрүп араң зорго башын эне.
Кирпиги нымдуу турду бул учурда
Ким билет: тери беле, жашы беле?..

Эшигин бакыт ага кенен ачты,
Көшүлүп баатыр болуп эне жатты.
Кашында коңшу Сайра кайра, кайра
Суктанып карап коёт эне жакты.
Анын да тер жыбырап маңдайынан
Толгоосу улам күчөп келе жатты.
«Аялмын. Аял туруп жетпей жүргөн
Алсам, – дейт, – азыр эне деген атты...»

Кыргызым те байыркы кыргындарда
Мертинтип жоонун белин сындырган да,
Кармашта жеңген дагы, бирок өзү
Касына нечен уулун кырдырган да.
Алардын сөөктөрүн корумдашкан
Төргө да, өргө дагы, ылдыйларга.
Далайын жоо туткундап айдап кеткен
Байлашып чылбырларга, чынжырларга.

Алсырап калкым болуп чала жандуу,
Замандан качып бозгон ал ажалдуу.
Тумандап келечеги, жол көрүнбөй
Туш болгон туюк тагдыр ага зардуу.
Мүңкүрөп, бүлүнгөнүн мойнуна алып
Караган эртеңкиге таназарлуу.

Тукуму улам куруп бараткандан
Калк болуп кыргыз калган бала жандуу.
Баласыз аял болсо туубас дешкен,
Күйөөсүн күнөөлөшүп куу баш дешкен.
Ар перзент төрөлгөндө майрам кылып,
Жентегин жетине албай дуулап жешкен.
Баланы бакыт көрүп, ыйык көрүп,
Балалуу бардык аял дуулап кеткен.
Өзүнөн өзү чүнчүп туубас аял
Өмүрдөн куу арчадай куурап кеткен.

О, анда турмуш кандай катаал эле,
Ый-муңсуз жүргөн эле качан эне.
Карaанын таалай кокус бир көрсөтүп,
Кайтара из жашырып качаар эле –
Сууктан, тумоолордон ымыркайлар,
Кырылып эне шору катаар эле.
Тойпоңдоп чуркап жүрбөй ал бөбөктөр
Томпоюп бейит болуп жатаар эле.

Акыйып бала күтүп Сайра дагы
Аз болду муңайгандан жайнаганы.
Чарчады тун баласы, эри экөөнүн
Жетпеди сактаганга айлалары.
Учуруп балапанын үшкүрүштү:
«Тагдырдын бул эмне деп алдаганы?»
Күйүттүү күңгүрөнгөн жылдар өтүп,
Сайранын жанды үмүтү кайра дагы.

«Жадатты эмчи-домчу күбүрөгөн,
Түңүлдүм кемпирлерден бүбү деген.
Өзүңдү алпарайын этияттап
Кыштактын жаңы төрөт үйүнө мен, –
Күйөөсү Сайражанын үмүттөнтүп, –
Бир тил ал, жылуу кийин, жүрү», – деген.
Жубайын арабага секин салып
Бул жерге алып келген түнү менен.

Адам бар тагдыр такыр кыйнабаган,
Адам бар тагдыр такыр сыйлабаган.
Таалайга ачкалар бар, токтор да бар
Таалайы чачылса да жыйнабаган.
Сайра эми (таалайданбы?) бала тууду
Ыңаалап үн чыгарып ыйлабаган.
Денеси бара-бара музга айланып
Эрбеңдеп буту-колу туйлабаган.

Сайрага эми асмандын бардык жагы
Тынбастан күлдүрттөдү, калдырттады.
Чагылган жарк дегенде от тутанып
Сайранын жаны кошо жалбырттады.
Эсинен танайын деп көз жумганда
Сестра берген укол тындыртпады.
Көккөбү,
тагдыргабы,
жамгыргабы –
Оозунан учуп жатты каргыштары.

Өчкөн соң үмүтүнүн шам чырагы
Чыйрыгып Сайра уктабай калтырады.
Түн бою мээге тийип тынбай койду
Жамгырдын тып-тып этип тамчылары.
Жаздыгын нымдай берген, көлдөй берген
Көзүнөн Сайра жашын арчыбады.
Кабагын турса дагы иңир каптап
Аткан таң аны билбей жаркырады,

Жакындап келген таалай алыс качты,
Жалдырап Сайра эсинен танып жатты.
Ушул түн жаркылдаган чагылгандуу
Эң ыйык үмүтүнөн алыстатты.
Ушул түн аны такыр мүңкүрөтүп,
Бетине бырыш кийирип, арыктатты.
Төрөдү, бирок калды эне болбой,
Мөлтүлдөп жашы ошого агып жатты.

Агылып бир тынбаган анын жашы,
Алоолоп күйүт тартып жалындашы
Асылдын тынчын алды уктатпады,
Сайра анын алыс жээни, айылдашы.
– Кой, Сайра, жашыбачы, сабыр кылчы,
Анык да ыйдан бала табылбасы, –

Кайратты айткан менен өзү жашып,
Кайышып турду Асылдын кабыргасы.

– Эжеке, элден артык мен дебеймин,
Өзүмдү, бирок элден кем дебеймин.
Үмүткө башкалардан бай болсом да,
Таалайга азырынча эң кедеймин.
Өзүнөн өзү келсе кайгы жашы
Кантип мен көз жашымды келбе деймин.
Түн бою төрөт үйүн сагалаган
Күйөөмө эртең менен эмне деймин?..

Түн житти караңгысы калбай калып,
Түн житти көктө жылдыз жанбай калып.
Түнөргөн булуттарсыз, чагылгансыз
Түн житти бара-бара таңга айланып.
Укмуштай чаңкайган да, маңкайган да
Ушул таң кандай таза, кандай жарык!
Асылдын көңүлүнө ушул таңда
Ой келди таңдай таза, таңдай жарык:
– Балама эмиз, Сайра, эмчегиңди,
Багып ал курсант кылып сен теңиңди.
Өзүмдүн үч балам бар, канаат кылып
Торолтсом болду ошол үч тентегимди.
Баланы көтөрүп бар шек билдирбей,
Той берсең, мен да жешем жентегиңди.
Мен болсо өлүү бала төрөдүм – деп
Сен үчүн бир алдайын эркегимди.

Азапты тартып турса аял адам,
Басынтып аял качан табалаган?
Аялдын аял качан сырын билбей,
Аялды аял качан таябаган?
Аязда бир-бирине кыналышып,
Аптапта бир-бирине саялаган.

Аялдын жүрөгүндөй жүрөк барбы
Башкадан баласын да аябаган?

Асылга Сайра такыр ишенбеди.
Анда Асыл: – Ишен, Сайра, ишен! – деди.
Дал болуп Сайра көпкө туруп калса,
– Болуптур, азыр касам ичем, – деди.
Нандан да ыйык нерсе барбы бизде,
Нандан да ыйык дейбиз биз эмнени –
Нан жешти, өмүр бою ушул сырды
Айтпайлы эч кимге деп биз элдеги.

Күн нурун терезеге жаба берди,
Күн бүгүн асыл белек ала келди.
Сайранын ою балкып, бою балкып,
Сайранын кучагына бала келди.
Асылды бир тамылжып карап алып,
Эмчегин ымыркайга сала берди.
Балбырап жашый түштү, чыккан жашы
Баланын маңдайына тама берди.

**3**

Жаз келсе жыпар жытсыз жел эспеген
Жамгырга мөндүр кошуп электеген,
Жарк этип кайра көктө күнү күлгөн
Жакшы жер айыл деген, элет деген.
Сай-сайдан жылт-жулт этип аккан суулар
Сайрага таалай болуп элестеген.
Айылда Сайра салды бешигине
Аты бар ымыркайын Белек деген.

Күн бата кош айдоодон эл кеткенде
Күн бою жүзү жуулган берметтерге
Күйөөсү үйүн карап шашып келет

Күлдүрүп ымыркайын эрмектерге.
Тунжурап ой терметет түндө Сайра
Бешигин тыкылдатып терметкенде:
«Белегим бизге бакыт, сыймык болот,
Бел болот, жөлөк болот эр жеткенде».

Сайрада арман барбы, арман барбы,
Сайрага келсин эми кайдан кайгы.
Баланын жыргалына жаңы балкып,
Бактыга, тагдырына айран калды.
Уулу күлсө, басса, тили чыкса,
Улады майрамына майрамдарды.
Кубалайт Сайра көзү Белекти ээрчип,
Белеги кубаласа шардан шарды.

Айланып тоонун эркин бүркүтүнө
Ар дайым Белек кирет түн түшүнө.
Ал түшүн ичтен жоруп жакшылыкка,
Ал түшүн айтпайт Сайра бир кишиге.
Уулунун үнү дары, деми дары,
Уулунун тойбойт кыт-кыт күлкүсүнө.
Баласын ыйык сактап, ыраа көрбөйт
Башканын сөөмөй менен түртүшүнө.

Белектин чаң жугузбай эч жерине,
Белектин өзү тургай, дептерине.
Мектепке бара жаткан балдарга айтат:
– Белекти жалгыз таштап кетпегиле.
Аларга токоч берет: – Садагалар,
Шоктонуп муздак сууну кечпегиле.
Ар күнү дөңдө отуруп уулун күтөт
Көз салып ал окуган мектебине.

Мектептен Белек келет тамак сурап,
Жалбарып энекеси тамак сунат.

«Ойнойм» – деп уулу кетсе тоюп алып
Артынан жетине албай карап турат.
Балдардын бирин койбой утам менен
Бармагы чүкө атканда канап турат.
Түн ичи чүкөлөрү түшкө кирсе,
Түгөлдөп эртең менен санап турат.

Балдарды уткан кезде «алсыратып»,
Жылмаят бардык тишин жаркыратып.
Чүкөнү утуп келип сууну жутса,
Жуткансыйт ширин шербет бал чылатып.
Чүкөсүн уттурганда ыза болуп
Чүртүйөт балдар менен каршылашып.
Итерип жыгып өтүп бөбөктөрдү,
Иттерди уруп өтөт каңшылатып.
Апасы билип турчу анын баарын,
Эмнеге ачууланып, таарынганын.
Уулунун кейпин көрүп, жаны кейип
Улантчу жалбарганын, жалынганын.
Бир күнү айтып келди Белек кантип
Осмондун колун катуу кайырганын.
«Сабакты сака сындуу билсең» – десе,
Көйнөгүн шарт эттире айырганын.

– Жанында суу көтөргөн чакасынын
Турганын Осмон көрүп апасынын
Көзүнүн жашын төгүп ыйлап барып
Көрсөттү айрылганын жакасынын.
Таң калдым: энекеси билдирбеди.
Четин да ачуусу же капасынын.
Ал кайра алып берди мага жармын
Осмондун жакшы көргөн сакасынын.

Сен Осмон, сен да Белек, токтон – деди,
Бир тагдыр экөөңөрдү кошкон – деди.

Экөөңөр бир мектептен, бир айылдан,
Урушпай, бир-бириңе дос бол – деди.
Куймак жеп, упай ойноп отурган соң
Узатып үйдөн чыгып Осмон мени:
– Мектепке эртең менен бир баралы, –
Кол сунуп: – Жакшы түш көр, кош бол, – деди.

– Осмондун таң калыпсың энесине,
Орой да, ажаан аял эмесине.
Алгачкы кечиргени аяганы –
Ал сени албаганы жемесине, –
Белектин кулагына куйду Сайра:
– Көн, балам, көнгүн айткан кеңешиме:
Осмондон окчун жүргүн колдон келсе,
Торолуп, кирип калдың сен эсиңе...

Уулбу эне сүтүн актабаган,
Уулбу эне сөзүн жаттабаган!
Өзүңдү өзүң жактап качан болсо,
Анан сен башкаларды жакта, балам.
Өзүңдү өзүң барктап, андан кийин
Өзүңдөн башкаларды баркта, балам.
Жалбарып айтарым бул – жалгызымсың,
Жаныңды качан болсо сакта, балам.

Башка үчүн өзүң отко күйө көрбө,
Башка үчүн жүктү өзүңө үйө көрбө.
Башканы бүтөймүн – деп, түзөймүн – деп,
Сен өзүң бүлүнбө да, үбөлөнбө.
Билдирбей эртең эле жылан салат
Койнуңду бүгүн ачсаң бирөөлөргө.
Жалгызым, айта берем жадабастан:
Жаныңды сактаганды күнөө көрбө.

Энеси баласына жакын жатып,
Ушинтет маектешип, акылдашып.

Осмондон оолактатса оолактатып,
Осмонго койгусу жок жакындатып.
Чыдабай Сайра дароо жетип барат
Белекке Асыл келсе жакын басып.
Сайраны көрөр менен мукактанып
Негедир сөзүн бүтөт Асыл шашып.

– Бул эмне бизге чуркап тез жеткениң?
Жаманбы Белек менен кездешкеним?
Балама, балким, бир сөз айтабы – деп
Байкадым көңүлүңө шек кеткенин,
Сайрадан Асыл сурайт: – Туурабы, – деп
Белекти берген менден четтеткениң?
Касамды эсим барда, көзүм барда
Унутпайм – кайра мага эстетпегин.

Мен эмне жиндиминби, баламынбы?
– Бапестеп бага бергин «жаманыңды».
– Мен байкуш «жаман» үчүн мээнет тартып
Тийгизбей жерге жүрөм таманымды.
– Айныбайм айтканымдан, менден коркпо,
Бүркөбөй ачып жүргүн кабагыңды.
– Асылым, айланайын кантип коркпойм –
Абайлап карап көрсөң абалымды...

Кубанды Сайра минтип жол болгонго,
Өмүрдө ыйык иши оң болгонго.
«Белекке берер дартты мага бер» – дейт
Белеги төшөгүндө толгонгондо.
Баласын карап коюп көөнү тынат
Түшүнөн түндө чочуп ойгонгондо.
Таң аттай корко берет, корко берет
Тагдырын жалгызынын ойлонгондо...

**4**

Чалгылар кыр-кырларда жаркылдады,
Чалгылар чөптү мойсоп шартылдады.
Бир иштеп, бирге жүрүп, чөп чөмөлөп
Бел болду жигиттердин жаркындары.
Балбырап бал уйкуда эл жатканда
Батыштан замбиректер тарсылдады.
Сан жеткис самолёттон жер дүңгүрөп,
Танктардан жер титиреп калчылдады.

Батыштын чартылдаган чагылганы
Угулду адамдарга айылдагы.
Сумсайды кайыңдары Ала-Тоонун
Суласа Беларусия кайыңдары.
Өрттөнсө Украина кыштактары,
Өзөгү тоолуктардын жалындады.
Майданга жигит кетти кер муруттуу,
Майданга күлүк кетти табындагы.

Зайыптар кала берди чалгы чалып,
Зайыптар кала берди малды багып.
Зайыптар өгүздөргө эгин жүктөп,
Зайыптар отун алды, тамды салып.
Ат токуп, кыш чилдеси жылкы күзөп
Аргасыз эркек болуп калды зайып.
Ал азбы – келип турду кара кагаз
Алардын баштарына кайгы салып.

Ар кимге согуш өзүн жүктөй койду,
Арканы майыштырган жүктөй болду.
Айылда бой балкытар ыр ордуна
Ый чыкты ичиркентип бүткөн бойду.
Таң менен зарын айтып, кошок кошту,
Асылдын кайгы-муңу бүтпөй койду.

Балдары удаа-удаа каза болуп,
Башынан кара жоолук түшпөй койду.

Күн түнгө ордун берип, кезек берип,
Күн кетти күн артынан жетектелип.
Чүкөлөр унутулуп бурчта жатты
Козголбой же бир койбой эсептелип.
Керилген улан болду коңур үндүү
Кечээ эле жүргөн балдар «чечек» делип.
Осмонго, Белекке да кан майданга
Жөнөөгө жетти мына кезек келип.

Жаш тамды Асыл кирпик ирмегенде,
Жарайбы аны ыйлаба, тим дегенде...
Жүрөгү өйүп сокту, сыздап сокту
Урунуп жаткан өңдүү ийнелерге.
Бардыгы балдарынын үйдөн чыгып,
Кайгырат кайра бирөө кирбегенге.
Билгенге эки бала жөнөттү Асыл,
Бир эле бала узатты билбегенге.

Азалуу жүрөгүнүн жарааттарын
Азыркы ажырашуу канатканын
Билдирбей Асыл койду балдарына
Бар тапкан жакшы деген тамактарын.
Андан соң Сайра менен карап турду
Айылдан балдары узап баратканын.
Эки эне кеч киргенче дөңдө отуруп
Кайтышты араң шилтеп аяктарын.

**5**

Кан майдан каршы-терши октор учкан,
Адамдар ач болушкан, ток болушкан.
Алыскы үйүн таштап, курал кармап

Адамдар ушул жерге топтолушкан.
Адамдар бир-бирине ызырынып,
Адамдар бир-бирине октолушкан.
Заматта соо кишилер майып болуп,
Заматта бар кишилер жок болушкан.

Тагдырлар байлангансып мүнөттөргө,
Бул жерде жыл өткөнсүйт күн өткөндө.
Эрдик да, коркоктук да, анткорлук да,
Намыс да кошо жүрдү күрөштөрдө.
Сыноонун чоңу түштү, оору түштү
Тынч кезде сонун делген мүнөздөргө.
Сыноонун чоңу түштү, оору түштү
Тынч кезде бейгам соккон жүрөктөргө.

Куралын кастар мээлеп сагалашып,
Куланса курсант болуп табалашып.
Кыялы алаксытат жоокерлерди
Кыргындан тынч мезгилге ала качып.
Ысытып жүрөктөрдү үмүт жүрдү
Ызылдап учкан окко аралашып.
Жалп этип ал үмүттүн өчтү көбү
Шам сындуу жанып кетип бара жатып.

Кошулуп жоонун чебин бузгандарга,
Туткундан нечендерди куткарганга,
Кошулуп күнү-түнү кийим чечпей...
Ысыкта саздын суусун жуткандарга,
Кошулуп тарткандарга түндө сапар
Бет тосуп борошолоп учкан карга
Кечеги чүкө атышкан Осмон, Белек
Жүрүштү мылтык атып душмандарга.

Ал экөө аша чуркап бир белести,
Алдынан дайра келсе бирге кечти.

Аңдыган душмандарга шек билдирбей
Ал экөө далай жерди бирге кезди.
Жонуна жон келтирип уктап бирге,
Тамакты котелоктон бирге жешти.
Угушту командирден бир буйрукту,
Угушту улуулардан бир кеңешти.
Баратты чалгынчылар аста баскан
Бардыгы врачтардай ак халатчан.
Капыстан кармашууга беленделип
Канжарды коомай илген, автоматчан.
Душмандын бирин кармап келмек булар
Биздерден аш талашкан, бак талашкан.
Чабуулду биздикилер баштоо кыйын
Жоо күчүн мурда билип тактабастан.

Душмандар ок ышкыртат жарыштырып,
Ракета айлананы жарык кылып,
Бардыгын чалгынчынын ошол замат
Жаткырат аппак карга жабыштырып.
Ракета көктө күйөт, көпкө күйөт
Алардын максаттарын алыс кылып.
Ракета көктө күйөт, көпкө күйөт
Аларды өкүндүрүп, зарыктырып.

Караңгы. Алар өтүп сойлогонго
Кап дешет ылдам жете койбогонго.
Жоо чеби. Сакчы секин басып турат,
Балким, ал үйүн-жайын ойлогон го?..
Карпа-күрп аны жыкты чалгынчылар
Үлгүртпөй боюн түзөп оңдогонго.
Заматта оозун таңып, бас деп түртүп,
Тапанча такашты алар болбогондо.

Алардын ортосунда жекеленип
Аргасыз туткун басты жетеленип.

Бир азга алысташты жоо чегинен
Жөрмөлөп, кайра сойлоп кете берип.
Асманга ракета эргип чыгып,
Аларга октор жаады жете келип.
Кантишсин, сулк жатышты баш көтөрбөй
Ак карды октор тытып теше берип…

Эми көр чалгынчыга болушканды –
Бул жактан замбиректер добуш салды.
Жабыла ок жаадырган жоонун чебин
Күрсүлдөп снаряддар согуп калды.
Жарылып жоонун мина, снаряды
Көп жерди чуңкурайтып оюп салды.
Осмондун кол-бутуна ок жаңылып,
Койнуна, кончуна кан толуп калды!..

Кыймылды чалгынчылар кайра баштап,
Туткунду чуркатышты алга баштап.
Эң артта Белек эле, ал Осмондун
Жанында имерчиктеп карбаластап
Турду да жөнөп кетти… Осмон айтты:
– Сен мени кетесиңби карга таштап?
Жарадар жалгыз Осмон, алсыз Осмон
Жан үрөп кайда басмак, кайда качмак?

Кылчайып карап койбой Осмон жакты,
Кыпкызыл кандуу бороон соккон жакты
Ал Белек жанын сактап октон качты,
Кыйналып жалooруган достон качты.
Өлбөсмүн – деп ойлочу Осмон дайым
Өмүрдө көрмөйүнчө токсон жазды.
Алсырап азыр мына калч-калч этип
Кансырап эстен танып Осмон жатты:

«Ок тийбей бул кордукту көрөт белем,
Ок тийбей бул абалга көнөт белем?

Талаага Белек мени таштап кетти
Иши жок жөлөш менен, көмөк менен.
Белекке неден жаздым, неден тайдым,
Белекке бөтөн белем, бөлөк белем?
Адамга адам күйбөй кыйын кезде
Аттиң-ай ушул тура өлөт деген...»

Атыштан кутулган соң жолугушкан
Айтышты чалгынчылар чогулушкан:
– Туткунду кармарын биз кармап келип
Осмонду чыгарыппыз оюбуздан.
Аны сен көргөндүрсүң, айтчы, Белек,
Келдиң го баарыбыздын соңубуздан?
– Көрбөдүм тополоңдо. Кеткен дегем
Бөлүнбөй алдыдагы тобубуздан.

Чалгынга эки жоокер кайра чыгып,
Жөнөштү боортоктоп алга жылып.
Ракета атылганда кар жытташат
Бет жакка ак халатты далда кылып.
Чалгынчы чалгынчыны коргош керек,
Чалгынчы чалгынчыга пайда кылып.
Осмонду көпкө издешти суук түндө
Ал экөө кайра токтоп, кайра жылып.

Кутуруп бороон келип атырылып,
Урунат ар нерсеге жапырылып.
Кар учат, кар ышкырат ок сыяктуу,
Кар ызгыйт жерде, көктө сапырылып.
Дөмпөйгөн тигил эмне?
Адам бекен?
Ким жатат борошодон жашырынып?
Бул жерде калган Осмон, кайран Осмон
Тоңуптур кар астына басырылып...

## 6

Кайра биз Асыл жакка кайрылалы.
Ал тиктеп сууну дагы, сайды дагы,
Тоону да, булутту да, көк чөптү да,
Жүрөгүн сары санаа сайгылады:
Ал эми ушуларды такыр көрбөй,
Ал эми ушулардан айрылабы?
Булуттар уюлгушуп, удургушуп,
Асман жак күлдүрөдү, калдырады.

Булуттар бугун ичке жыйнагандай,
Буулугуп муңу ташып сыйбагандай,
Түтүндөй калыңдалып барган сайын
Түнөрүп кабак чытты ыйлагандай.
Агылып жашы жерге жумшак тамды
Ал жашта адеп бардай, ыйба бардай.
Асылды үйгө кайра кийреринде
Карады асман, жерди кыйбагандай.

Төшөктө жатты үйдүн төрүндөгү,
Ага эми сырткы дүйнө көрүнбөдү:
Ак тоолор, чагылгандын жаркылдашы,
Жаш чөпкө жамгыр тынбай төгүлгөнү.
Көзүнүн чөйчөктөрү чүңүрөйүп,
Бырыштар быжырады өңүндөгү.
Кыймылсыз тымып, сактап жаткансыды
Өзүнүн ыйык сырын көңүлдөгү.

Кубаты качкан окшоп алда кайда,
Кол-буту аз калгансып шалдаярга
Балбырап көшүп барат Асыл эне,
Көшүүдөн токтотууга айла кайда?
Ал бирок көзүн ачып, шашылгансыйт
Сурады: – Чакырсаңар, Сайра кайда?

Эртерээк келсе деген тилегени
Эшикти карай берди кайра-кайра.

Согуш кез. Бул эки эне кыйналышкан,
Ач калып арыкташкан, ыргалышкан.
Кош айдап, кой кайтарып, орок оруп,
Кирпиги нечен жолу нымданышкан.
Мекендин оор жүгүн көтөрүшүп
Чыдашкан, чымырканган, чыйралышкан.
Ал экөө эмне тапса, анын баарын
Майданга, аскерлерге ыйгарышкан.

Бул экөө максым ичип бир челектен,
Кубарган арпа нанды бирге жешкен.
Жорушуп түнкү түшүн жакшылыкка,
Таң эртең тоо, талаага бирге кеткен.
Уктабай байпак, мээлей, тумак жасап
Урушкан аскер балдар кийсе дешкен.
Жоо жеңип Осмон, Белек эсен келип
Эшиктен экөө бирге кирсе дешкен.

Коктуга камгак учуп белестерден,
Жааганда мийзам гүлү теректерден
Магдырап жер тынчтыкка малкыганда
Асылга жалгыз басып Белек келген.
Осмонду өлдү деген күңк-маңк этип,
Өлгөнүн айтпай кайсы себептерден.
Белекти Асыл карап калган кезде
Окшош да – Осмон болуп элестелген.

Кар болбой калк акылы тереңинен,
Кар болбой калк пейили кенининен
Айылда Асыл өмүр сүрө берди
Кемибей бардык муктаж-керегинен.
Жазбады канча жылдар өтсө дагы

«Калкымдан кагылайын» дегенинен.
Бир гана Сайра кайра баштагыдай
Асылды окчундатты Белегинен.

Көрүүгө эртели-кеч талаптанып
Уулуна ою кетчү канат кагып.
Келчү эле аны менен отургусу
Жайма-жай кобурашып тамактанып.
Же отун жарган кезде эшигинде,
Же жөнөп баратканда ал аттанып,
Же бала көтөргөндө аны карап
Калчу эле топук кылып канааттанып.

Мына эми Сайра келди курдашына,
Мурдатан сырдашына, муңдашына.
Ушундай кыйын кезде алсыраган
Ургаачы сырын айтты ургаачыга:
– Көргөндө жеткен чыгар көзүң, Сайра,
Төшөктөн менин кайра турбасыма.
Белекти бир көрсөтчү эң акыры,
Аз калды мен эч нерсе туйбасыма...

Келүүдөн Белек чочуп тайсалдады,
Ойлонду, кыңырылды, байсалдады.
Эшикке келип алып айный түшүп,
Бирок ал арт жагына кайта албады.
Асылга батына албай Белек сүрдөп
Жүзүнө тик карабай жалтайлады.
Негедир Асыл аны көпкө тиктеп,
Бирок да бир дагы сөз айта албады.

«Кемпирдин көз жумушу жакын бекен?
Өлөрдө мени неге чакырды экен? –
Деп Белек коопсунат: – Осмонумдун
Өлүмүн ачык айт деп такыр бекен?..»

Сайра ойлойт: «Төрөт үйдө нан жеп берген
Антына турар бекен Асыл бекем?
Же: «Сени мен төрөгөм – баламсың» – деп,
Белекти бек кучактап жашыр бекен?..»

«Кел» деген сөзү тура жаңдаганы,
Белектин колун секин кармалады.
Маңдайдан бир өбүүгө араң жетип
Асылдын денесинде калган алы.
Эненин ушул ыйык сезими экен
Белекке камдаганы, арнаганы.
Жаздыкка башы шылк деп, көзүн жумду,
Үй жымжырт боло түштү андан ары.

Барк албай өзүн неге өпкөнүнө
Балбырап Белек түштү өзгөрүлө.
«Баласыз алда байкуш кемпир-ай» – деп
Жашыды жашы келип көздөрүнө.
Бөтөнчө Сайра күйүп курдашына
Бөйрөгү түшкөнсүдү бөксөрүлө.
Асман да тынбай жамгыр сээп турду
Айылдын али чабал чөптөрүнө.

Үй-үйдөн эркек келип, зайып келип,
Үңкүйүп башын жерге салып келип
Ыйлашты, өкүрүштү, өкүнүштү
Кайгыны чакан үйгө алып келип.
Чагылган замбиректей үн чыгарып,
Жарк этип чар-тарапка жарык берип,
Асылдай адамдын бир баатырына
Атайы жаткансыды салют берип.

*1969-жыл.*

## КЫЗЫЛ ДЕПТЕР

Көңүл буруп көргөн адам таң калар,
Көрүстөндө бышып турду алмалар.
Көр казылып алма дарак түбүндө,
Көккө учушту таан менен каргалар.

Көшүлгөн жер эрмен өнүп, гүл өнүп,
Көңдөйлөнду көргө айланып түнөрүп.
Эми мына ээнсиреп, оңулдап
Ээсин күттү келип жатар түбөлүк.

Бир табытты көтөрүшкөн, жандашкан,
Бир табытты бардыгы ээрчип жай баскан
Эл да келди, анын көбү буурул чач,
Анын көбү таякчан да, балдакчан.

Акыркы ирет маңдай тосуп жарыкка,
Жарты бойлуу адам жатты табытта.
Эки буту мындан отуз жыл мурун
Калган эле кан майданда – алыста...

Асман, жерди каптап сургулт мунарык,
Адам жатты табытында кубарып.
Ал жөнүндө досу сүйлөп, көз жашы
Топуракка тып-тып тамды куланып..

Курбулары буурул ала муруттуу,
Куба жүздүү кыйма-чийме бырыштуу.
Жандары ачып, табыттагы адамды
Жалоорушуп үнсүз карап турушту.
– Кош, – дешти алар, – жакшы киши,
эр киши!
Бирок жерге келбей турду бергиси.

Сулуу жоокер буркурады күйүттөн
Төшүндө бар «Гвардия» белгиси.

Керсары өңү андан бетер кумсарып,
Керней-сурнай боздоп турду муңканып.
Жаздыкчада орден менен медалдар
Жалдырашты жетимсиреп сумсайып.

Оркестрдин муңдуу доошу ашынып,
Табыт кирди жер астына жашынып.
Сулуу жоокер колун сунуп айласыз,
Боздоп ийди: – Атаке! – деп бакырып.

Адам жатты дүйнө эшиги жабылып,
Жер төшөнүп, жерди гана жамынып.
Жаңы мүрзө көрүстөндүн четинде
«Гвардия» белги турду тагынып.

Паана кылган шактуу алма даракты
Ал мүрзөнү баары кыйбай караштьы.
Анан балдак, таякчандар сылтышып,
Акырындап алысташып баратты.

Жаш жоокерди үйгө койсо жеткирип,
Көзү шишип көп өксөдү эчкирип.
Күйүт тартып күүгүмдөнсө көңүлү,
Үй ичи да күүгүмдөндү кеч кирип.

Көп кишилер көздөрүнө жаш алды.
– Тагдыр экен – таппай калдык Асанды.
Айланайын Канат, эми чыйралып,
Аяп, барктап асырагын апаңды.

Кайгы тартып Канат күйүп өзүнчө,
Кайрат кылды апасынын көзүнчө.

Көшүлбөстөн, ооналактап үшкүрдү
Бүт айлана жымжырт түндө көшүлсө.

Чекчү кезде бир да чылым чекпеди,
Карай калса китеп коёр текчени.
Көзгө илинди «Гвардия» белгилүү
Атасынын калың кызыл дептери.

Аза күтүп атасынан түңүлүп,
Азыр Канат дептер кармап күйүнүп,
Ойго чумуп, жакын коюп чыракты,
Окуп кирди ынтаа коюп үңүлүп.

...Көктү бербей жылдыз толуп жыбырап,
Жерди күздүн коңур жели кыдырат.
Көп нерсени маектешет өз ара
Көрүстөндүн дарактары шыбырап.

Айланага асыл жытын тараткан
Анда-санда алма түшөт дарактан.
...Укту Канат атасынын добушун
Улам жаңы, улам жаңы барактан...

**1**

Үйгө жеттим, үйгө жеттим мен эсен!
Киришкенде үйгө мени көтөрүп,
Басып келип жөтөлүп,
Бир бакырып, кучактады энекем.
Анан айтты: – Оорусуңбу, соосуңбу?
Сообу десем, оорудайсың неге сен?
Бут жагымды баамдап,
Буркурады: – Берекем-ай, берекем!..

Кайда менин жубайым?
Жок дегенде көргүм келди мойнума,

Колун артып кошо түшкөн сүрөтүн.
Колу калып мойнумда, жубайым жок,
Сүрөтүмдө жалгыз турам бир өзүм,
Сурабастан түшүндүм –
                    кайчы менен энекем
Кантип кессин күнөөсү жок бүлөсүн...

Эсен жетип, эсен көрдүм мен элди,
Көккө учса да кыялым...
Көтөрө албай олтурамын денемди...
Бир орундан жылбастан
Билип гана ичкен менен жегенди.
Кейпим кайра ымыркайга теңелди,
Энем таап бардыгын,
          багып жатат күйпөлөктөп,
Мен бардыгын тапмак элем,
          бакмак элем энемди...

Кээде узак тунжурап
Бир колумду ээгиме таяймын.
Терезеден адамдардын баратканын,
          айрыкча мен аяктарын караймын.
Бала бутун аз көрүп,
Көрөм дайым буттарын
          абышканын, аялдын.
Көргөнүмдө копол жыгач буттарды,
Же буттарды таяк, балдак жандаган,
Ошолорго зээним кейип
               ошолорду аяймын.

Үйгө жетип, үйдө отурам мен эсен.
Бир орундан жылбас болдум дебесем,
Асманым да туптунук,
Ааламым да болду менин терезем.
Терезеден карасам,

аралашам эл менен –
адам деми эл экен.
Элге бербей, элден алып келемин
Элге менин толуп жатат бересем.
Ал жөнүндө, андан башка жөнүндө
Мындан ары
Ушул кызыл дептер менен кеңешем...

**2**

От жиберип ысытты
оң колумду кыз кармап.
Ал экөөбүз шаңкылдадык каткырып,
Азыр адыр кыпкызыл –
Тизебизге тийип турду кызгалдак.
Кыялымды туйлашкан
Кызгалдактан үзүп сундум кызга арнап.
– Жарышалы!
– Жарышалы!
Айттык минтип оро-пара карашып.
Мүдүрүлүп суладым
Кызгалдактуу адырда
чуркап кетип баратып.
Кыз көйнөгүн боёду
Буттарымдан оргуп кызыл кан атып.
Кыз үйрүлүп, кыз жаратты таңа албай,
Бутум ооруп, өзүм арга таба албай
Бир кыйкырсам, келатыптыр таң атып...

Таңдагы уйку таттуу – дейт,
Бирок менин келбей койду уктагым –
Чындап эле сыздап жатат буттарым
(Бут деп айттым тизелердин учтарын).
Эски жараат сыздаса,
Күн бүркөлүп, жамгыр жаайт – деп уккамын.

Терезенин түбүндөгү терекке
Нур жиберди Күн шашып.
Келип конот улам эки таранчы
Уясына чөп-чар ташып, жүн ташып,
Жаз жакында келет окшойт
Өзүн күткөн кайыңдарга бүр чачып,
адырларга гүл чачып.
Алып келди апам мага
Тегеренген тегирчеги темирден
кипкичине араба:
– Буга түшүп, берекем,
чыкчы таза абага,
Үйдө отуруп жүдөп кеттиң бук болуп...
Жоктон көрө жогору –
Бул араба жүрсүн сага бут болуп.

Бак ичинде тегирчектер кылдырап,
Мени темир араба
улам алга жылдырат.
Мен бир жактан кубанып,
Мен бир жактан уялып
Бара жатсам көзүмдөн жаш кылгырат...

Бир наристе арабамдан
Такыр көзүн албастан,
Сонуркап да, бойтоңдоп
Ээрчип келет калбастан.
– Учундайдан алып бей, – деп
Колдон тартат чоң атасын жай баскан.
– А-ай, балам! – деп баш чайкап,
Небересин жетелеп,
чыгып кетти чал бактан.

Эки кемпир ээрчий карап,
Бири мени: «Байкуш!» – деди үшкүрүп.

Экинчиси бүкчүйүп
Таяк кармап каргылданды теңселе:
– Болбойт белем ыраазы
менин уулум ушинтип
мунжу болуп келсе эле...

Буттарымдын сыздаганы чын экен –
Асман көзүн жаштады.
Тегирчектер тез айланды үй жакка –
Кар аралаш жамгыр жаай баштады.

**3**

Бир муңайдым, бир кубандым мен кечээ
Муңайганым – жалгыз жатам майданда
Айлам бүтүп мүңкүрөгөн пендече.
Душман жакын. Жалын чачат
замбиректер тарсылдап.
Жерди таптап, жерди каптап чоюн танк
Сынат, сулайт карагайлар карсылдап.
Бомба таштайт үстүмө
Самолёттун канаттары жаркылдап.
Мык тамандуу өтүктөр
Мени тепсеп өтүп жатты шартылдап...

Көзүмдү ачсам түшүм экен, түн экен,
Жүрөк кургур түрсүлдөйт.
Бөлмөбүздүн солк-солк этип дубалы,
Шыбы тынбай дүңкүлдөйт.
Мээге тийип музыка,
Кээде бирөө каткырып,
Кээде бирөө күңкүлдөйт.

Үстүмдөгү коңшум Байсал,
Үлпөт куруп жатпайбы.

Дагы күлкү, дагы дүңк-дүңк,
Таң атканча эки көзүм чакчайды.

Эшик ачса энем сыртка чыгууга
тырс-тырс этип таягы,
Келди энеме тушма-туш
Байсал менен аялы.
– Садагалар, шып тарсылдап түн бою,
Чырм этпеди Асан, – деп,
Байкуш энем дагы мени аяды.
Кың дедирбей Байсалды,
Көрөр көзү озунуп
сүйлөгөнү байкалды:
– Кой, энеке, биз менен
болбосунчу ишиңер,
Бийлейт экен үлпөттө
колдуу-буттуу кишилер…

Бир муңайдым, бир кубандым мен кече.
Кайдан мынча кубанмакмын
Мектебинен атайы
балдар мага келбесе.
Баары коомай отурду
чочуркашып азыраак.
Бара-бара үйүр алып,
Сөзгө кирди бажырап.
Кээ бир бала калыптыр
атасынан ажырап.
Балдар көзүн байкап көрсөм,
Бүтсө экен дейт катаал согуш батыраак.
Акак аттуу мугалими сөз кошту:
– Панфиловчу экенсиз.
Жыйырма сегиз баатырдан
анча-мынча айтып берер бекенсиз?

– Алматыдан бир жөнөгөн болчубуз,
Алар менен бир эле да полкубуз.
Таанычумун мен көбүн –
Көрүшкөндө парз эле
саламдашып кол сунуш.
Бир баштыктан кээ күнү
чылым чеге койчубуз.
Анан айттым эрдиктерин алардын.
Көп созулду ошол күнкү
балдар менен олтуруш.
Көчкөн деген момун бала
сүйлөй албай такалды:
– Сиз согушта жүргөндө
көргөндүрсүз атамды?
Кулак түрүп, кунт коюп
укмак болуп сөзүмдү,
Бакырайган бардык көз
Тиктеп турду менин гана көзүмдү.

– Ооба, – дедим салмактуу, –
Атаңды мен – атаңды мен көргөнмүн.
Жоо огунан учкан кезде
Көр казышып көмгөнмүн...
Ушуларды айтып жатып негедир
мукактанган өңдөндүм...
Көчкөн турду жашырбай
көңүлдөгү сыймыгын.
Кош айтышты балдар берип
Пластинка, ар кыл китеп –
Мага апкелген сыйлыгын.

Акак айтты жадырап:
– Бүгүн гана баштап койдук ишти биз.
Эми келе беребиз
алдык шефке сизди биз.

## 4

Тоо арасынан жаралып,
Тоодон тоого аттап өтүп илинбей,
Тоодон тоого таралып,
 таңдын шайыр нурлары
Терезмден тепчип кирди агарып.
Чыйп-чыйп этип тааныш эки таранчы
 бирин бири каранып,
Терезмдин тушундагы теректе
Маектешет канаттарын таранып.
Эске түштү бала чак.
Билбейм анда жинди белем, жаш белем –
Талга конгон таранчынын бир бутун
Таамай уруп үзө койгом таш менен.
Мен балдарга: «Мергенмин!» – деп мактанып,
Баатырсынгам кармашкансып кас менен.

Ал таранчы жалгыз бутчан чолтоңдоп
 жерден терип жем чокуп,
Түшкө кирип же эсиме түшкөндө
Жүрөк шуу деп, селт этемин мен чочуп.
«Таранчы го, таранчы
Адамчы?.. – деп сураймын өзүмдөн –
 таранчыга өкүнүп,
Сен койдуңбу адамды
Көңүлүңдөн өчүрүп?»

– Өчүрбөдүм. Баары эсимде өткөндүн.
Өмүрүмдө ар кыл, ар кыл
 адамдарды көп көрдүм.
Шарапаттуу адамдан
 мен көкөлөп өскөнмүн,
Кесепеттүү адамдан
 мен басайып чөккөнмүн –
Андай адам атасы эле Көчкөндүн.

Курбум эле ал Атан
Чүкө атышып, бир торпокко учкашкан.
Бирде таттуу сырдашып,
Бирде катуу чырдашып
Короздордой чарчаганча мушташкан.
Майданда да экөөбүздүн
тагдырыбыз жанашып,
тагдырыбыз тушташкан.
Кар жыттанган, кан жыттанган
Москванын жанында
Мен канчалык чакырсам да,
бакырсам да укпастан,
Кол көтөрүп бараткaнда душманга
мээлеп туруп бутка аткам...

Жерге сулап, анан кайра
келген окшоп эсине,
Өмгөктөгөн бери карай
Аягынан кан чууруп
аппак кардын бетине.
Мерген фашист мерт кылган
Атан кайра жеткенде
траншейдин четине...

Өкүнбөймүн – өз оюма бекеммин.
Өкүнөм бу тагдырына досумдун.
Өзүмдү эмес, өзүн саткан Мекендин?!
Кыймыл кирип магдыраган шаарга,
Машиналар өтүп жатты эл ташып.
Тырс-тырс, тырс-тырс чокуйт эки таранчы
Терезeмдин түбүнө
койгон элем жем чачып.

**5**

Таң картайып, кечке айланып,
кайра жаңы таң атса,
Таңдан туруп тыңшаарым
дубалдагы капкара,
төптөгөрөк табакча.
Ал табакча шаңдангандан шаңданат
Армиябыз жоо сүрүп
Берлин карай баратса.

Каерде экен, кантишти экен
панфиловчу досторум?
Жабылышып жалын кечип жүргөндүр
жаадырышып окторун.
А мен болсом Ригадан ары өтпөй,
Ригада токтодум.
Канатына ок жаңылган
Каркырага окшодум.
Өз тобумдан кала берип телмирип,
өз тобумду жоктодум.

Мен – канатын ок шылыган каркыра,
Кайгы менен үмүт экөөн артына,
кайра кайткам артыма.
Турам деген түгөйүм
туралбаптыр антына...
Кана эми кандай жан
даба болот дартыма?
Жөлөп-таяп канатымды шалдайган
ким жеталат баркыма?
Келет балдар, келет кээде Акак да,
Келишет да, маңдайымды жарытат.
Көп сүйлөшүп бабырашып
көңүлүмдү марытат.

Акак окуйт ажарланып,
Так келтирип кыраатын да, ыргагын
Ар кыл, ар кыл акындардын ырларын.
Ал ырлардан угуп тунук акылды,
Көрдүм тоонун жылдыз конгон кырларын.
Ал ырлардан төгүлгөнүм толгонсуп,
бүтөлгөнсүйт сынганым.
Ал ырлардан сезим туйлап жүрөктө,
Көңүл көлкүп, татам мен
тирүүлүктүн жыргалын.
Сезчү эмесмин мен мурда
Ырдын ар бир сабында
Мынча кылдат, мынча кымбат сыр барын.

Да бир күнү Акак койгон
пластинка айланат.
Коңур үндүү комуз күүсү.
Буудан өңдүү буулугуп
булут жиреп Ай барат.
Ай – аргымак. Анын жалын, куйругун
Шамал булкат, шамал жулкат аймалап.
Аттайт күлүк булуттардын үстүнөн
Кайнайт каруу, туягы курч –
ал эмнеден тайманат!

Күү чертилет. Канат жеткис бийикте,
Ал буудандай канат сермейт кыялым.
Ал кыялым, сызып өтөт үстүнөн,
Ак чокунун, типтик сүрдүү кыянын.
Күү бүткөндө негедир
Келе түшөт Акактын
маңдайынан сылагым.
Бирок кайра өзүм чочуп өзүмдөн,
Өзүм зекип өзүмдү
Өзүмдү өзүм тыямын.

Капырай ой, карабаган жагдайга,
Карабаган майыптыкка, бар-жокко
Кыялда да,
                    жүрөктө да ар жок го?..

Бул сезимим, бул ойлорум Акакка
                    калган өңдүү туюлуп,
Желкесинен тиктеп турсам мелтиреп,
                    ал да мага бурулуп,
                    карай салды жалт этип.
Көздөрүбүз бир-бирине урунуп,
Учкун жанды жарк этип...

**6**

Тула бою чатырап,
Турпатына турган өңдүү жаз жагып.
Ажарланып, сыйкырланып ыраңы,
                    назиктенип, назданып,
Майда жашыл жалбырактуу
Терек турат тереземден баш багып.
Тааныш эки таранчы
Бир бутактан бутакка
Учуп-конот шаттанып.

Кан майданда мерт болсом,
                    көрөт белем буларды?
Мен өзүмдү соо сезип,
Сыртка чуркап кетким келди,
                    кечким келди туланды...
Кайдан чуркаш!
Чуркаганга кудуретим жеткенде
                    минтип карап турамбы?

Минтип бейкут жер мемиреп,
Ала-Тоого турган чакта көрк конуп,

Күн батышта ыш, түтүн,
Жер жалбырттап өрт болуп,
Жеңишке карай умтулган
Аскерлердин бири болуп жарадар,
Бири жатат мерт болуп
Күтөт анын ар бирин.
Атасынын, апасынын, жубайынын
эки көзү төрт болуп.

Окту, отту аралап
ошолордой жоо үрөйүн учуруп,
жоонун канын агыздым.
Ошолордой өлгөн элем –
кокус тирүү калыпмын.
Азыр өзүм ал жалындан,
ал ажалдан алысмын.
Бирге жүрүп урушта өлгөндөргө,
Ымыркайдай алдейлеп,
Мага минтип камкордук
көргөндөргө карызмын.

Карызмын деп оозум айтып,
муунум бошоп шалдырап,
Эки көзүм, эки колум барында
Кантип бекер отурамын жалдырап?
Ушул ойлор жүрөгүмдө намыстын
учкундарын жандырат.

Мурда менин бийчи эле да кесибим.
Ал кесипти улантамын,
далайларды кубантамын дечүмүн.
Ал кесипти таппай калдым –
ачпай калдым театрдын эшигин.

Атам менин жан киргизген жыгачка
Айылдагы уста болчу атанган.

Анын чебер колунан
нечен кооз үкөк, сандык,
нечен аяк, нечен комуз жасалган.
Бала кезде баамдап
анча-мынча нусканы
алган элем атамдан.

Мен артынан түшкүм келди бир иштин –
Эне нанын, элдин нанын
актап жешке тийишмин.
Согуш бүтсө эл чертер
Комуз сомдоп жасаганга кириштим.

**7**

Күндөгүдөй күмүш нурлуу
бүгүн да таң агарды.
Жаңы чапкан комузумду
улам кармап, улам сылап,
улам карап, улам сынап
болуп жатсам алагды
Ак дубалда өңү кара,
өзү акжолтой табакча
Алып келди аалам күткөн кабарды!..
Уктум андан салтанаттуу,
ырайымдуу добушту.
Бүгүнкү күн – Жеңиш күнү!
Жоо багынды, бүттү деген согушту!
Бул кабардан нес болуп,
козголалбай отурдум
колго кармап комузду.

Көзүм чапса, көңүл чаппай токсунуп,
Жей албадым энем куйган куймагын.
Кулагыма: «Жеңиш!» «Жеңиш!» угулуп,

Жүрөгүм да: «Жеңиш!» «Жеңиш!» – деп согуп,
　　　　　　　башка нерсе туйбадым.
Бирде келип ырдагым да, туйлагым,
　　　　　　　бирде келди ыйлагым.
Төш толтура сыйлыктарды тагынып,
　　　　　　　тышка чыктым ээлигип –
　　　　　　　　　　тар бөлмөгө сыйбадым.

Көчөлөрдө чоктой кызыл желектер,
Пионерлер сурнай тартып,
　　　　　　　кагып жатат барабан.
Дөңгөлөктөр кылдырап,
　　　　　　　медалдарым шыңгырап,
Алга секин жылып барат арабам.
Жолдон көрдүм көп элди:
«Азамат!» – деп айтышып,
　　　　　　　мени жылуу караган.

Шаттык жайнап көчөлөрдө
Шаар ичи барган сайын шаңданат.
Оюм чалкып, боюм балкып
　　　　　　　бара бердим алгалап.
Асман көпкөк. Көчөлөрдө жел жортот
Кызыл тууну, кызыл гүлдү аймалап.

Таанышындай саламдашат
　　　　　　　баары мага кол берип.
Эң чоң аянт. Эл күтүрөйт.
Алга мени өткөрүштү
　　　　　　　тең жарыла жол берип.
Митинг экен.
Президиум маңдайынан чыгыпмын
　　　　　　　менин ишим оң келип.

Сүйлөгөндөр айтышты
Калкыбыздын эрдигин да, эмгегин.

Ошол эрдик, ошол эмгек
Жоону ойрондоп жеңгенин.
Ушул Жеңиш, Улуу Жеңиш
Далай канды, далай жанды керектеп
анан гана келгенин.

Президиумда жетекчинин
көзү мага урунуп,
Бирдеме деп айткансыды шыбырап
арт жагында тургандарга бурулуп.
Эки жигит арабамдан көтөрдү
чыга келип суурулуп.

Коюшту алар арабачан өзүмдү
Президиум столунун четине.
Жүрөк сүрдөп дүк-дүк согуп,
мен чыккансып секиге,
Маңдайымдан тер чыпылдап,
каным тээп бетиме,
Калкты көрүп карап турган тушма-туш
кайра келдим эсиме.

Баатыр калкка, балбан калкка,
жоону жеңип алган калкка
турдум ичтен жалынып.
Таалай жашы мөлтүлдөп,
бетим ылдый агылып,
мурутумдан таамп турду сарыгып.
Мактоо сөздөр, мага гана арналып,
шатыраган шапалактар
Мага гана тургансыды чабылып.

Боюм бийик көрүнүп,
Жүрөгүмө канат бүтүп талпынды.
Мээрим балкып көйкөлүп

Мен ичимден алкап турдум калкымды.
Минтип жазып жарпымды,
Минтип бүгүн төбөсүнө көтөргөн
Өзүмдү да, өзүмдүн да баркымды.

Митинг бүттү. Кошулушуп Акакка
Балдар мага жетип келди оштонуп.
Алар мени көтөрүшүп баратып
кээде коёт шоктонуп.
Бүгүн биздин шаарда
ач кишилер бар болсо да жок болуп,
анын баары ток болуп,
Бапырандап бар нерсесин аябай,
бардык адам дос болуп,
Тамак берип, шарап берип ызааттап,
Жол арбыбай биз көп жерге токтодук.
Меймандады энем барктап Акакты
мени келген жеткирип,
Ачуу шарап, муңун козгоп чыкты окшойт
мурда калган эскирип –
Теңин эстеп жоо огунан мерт болгон
башын жөлөп энеме
ал ыйлады эчкирип...
Эл магдырап, жер магдырап
бара жатты кеч кирип.

Бирок биздин үйдүн шыбы
аз-аз жерден сынбады:
дагы Байсал бий бийлеп,
дагы Байсал жыргады.
Өз көңүлүн шат кылып,
Үй жаңырта каткырып,
Өңгөчүнө күч келтире ырдады.
Энеме айттым:
– Алты саны аман-соо,

Адам эле тылдагы.
Жоону жалгыз жеңгенсип,
Үлпөт куруп күүлөнүп
нege Байсал тынбады?

– Э, берекем, берекем!
Байсал жоону жеңбесе да талкалап,
Ал керт башын ажалдан
Алып калды калкалап.
Байсал үчүн бул чоң жеңиш, чоң майрам.
Ошон үчүн ал куунап,
ошон үчүн ал курат да салтанат.

## 8

Кечир мени, кечир кызыл дептерим –
Жыл чамасы бир барактап ачалбай,
сырларымды жазалбай
аппак турду беттериң.
Не болду деп чочуба –
Мен тирүүмүн. Мен эч жакка кетпедим.
Мындан ары сейрек болор жолугуу,
Кол бош эмес – ошол жагын эстегин.

Ар күн туруп аспаптарга кол сунам.
Жыгач кесип, жыгач жонуп, аралап,
комуз жасап олтурам.
Кечке чейин үйдүн ичин
тер жытына, чамындыга толтурам.

Мен жасаган комузумду дүкөндөн
Көргөнүмдө бирөө сатып өткөнүн,
А кезде мен жерде эмесмин, көктөмүн.
Далай көрүп көзүм андай учурду
Далай мага жайнап тийди көктө Күн.

Бул өнөргө киришкенге жыл толду –
Жер кылтыйтып келе жатат көк чөбүн.

Кыш чилдеде суук катуу, кар калың,
Көчкөн баштап балдар келип,
көрсөтүштү жардамын.
Көчкөн көпкө комузду
бажырайып карачу эле ар дайым.
Байкадым да күү чертүүгө ышкысын,
комузумдун мыктысын
Мен Көчкөнгө белек кылып арнадым.
Сүйүү мага сезилчү эле кыялдай
мүмкүн болбос жүгөндөш.
Сүйүү мага сезилчү эле какырдай
камгак өнбөс, гүл өнбөс.
Анткен менен азыр Акак экөөбүз
болуп калдык түгөйлөш...
Акак менен кол кармашкан кезимди,
алоолонгон, албууттанган сезимди
айта берсем түгөнбөс.

Ачылгандан терезе
Көз ушалап баш көтөрдүм мен шашып.
Көрсө Акак, баягы
тааныш таранчыларга
жаткан экен жем чачып.
Алар экөө жем жеген,
биз дагы экөө жем берген.
А көчөдө өйдө-төмөн
өтүп жатты эл шашып.

## 9

Миң-сан сары жалбырагы теректин
Тынчы кетип тыбырап,
бир-бирине сөйкөнүп,

бир нерселер айткансышат шыбырап.
Нымдап кирди аларды
күз жамгыры дыбырап.
Үйгө балдар көп келди.
Күнгө күйгөн татынакай жүз менен,
бакыракай көз келди.
Күлкү келди нукура,
нагыз тунук, нагыз таза сөз келди.
Каникулдан кайтышкан,
Көп кызыкты айтышкан
Балдар менен бабырап,
ичте бугум бөксөрдү.

Күүлөштү алар комуздарын мен берген
маш Көчкөндү ээрчишип.
Баары бирдей шымаланып,
өздөрү да кыл сыяктуу чыңалып
күүнү кирди чертишип.
Бирде колдор эркелетип кыл терип,
бирде колдор ак капкакты желпишип.
Бул сыйкыр күү азгырып
алып кетти оюмду
те кайдадыр тентитип.

Комузчулар ансамблин башкарган
Карап турдум мен Көчкөндүн ырайын.
Кантип аны жамандыкка кыяйын,
Кантип анын жүрөгүн
мен жарадар кылайын...
Анын жолу атасынан башкача,
акыл-ою таптаза
адам болсун ылайым!

Күү күчүнөн шаңдандым,
күү күчүнө таңдандым,

Алкыш айтып концертине балдардын,
алган элем жаңы мотоколяска,
ага түшүп мен базарга камдандым.

– Дарбыз жейм! – дейт Акагым,
Кыйыктансам калгыдаймын чатакка...
(тамашалайм – мага эркелеп жатат да).
Ал олтурду жаныма
Кайыл өңдүү мени менен
бир баруута жыргалга да, азапка.
Балдар бизди узатып,
Энем ээрчип бүкүрөйүп басат да:
– Э берекем, этияттa –
– Оор дарбыз көтөртпө, дейт Акакка...

## 10

Сыртта жатат аппак кары чилденин
Өткөндөрдүн буттарынан кычырап.
Мен отурам чекем нымшып
Үйгө кирген ырысымдан ысылап.
Көзүм көрбөй ымыркайдан башканы,
көөнүм бүгүн кызыкса,
ымыркайга кызыгат.

Дилим менен ал баладан айланам,
Билинбеген жип аркылуу байланам.
Ымыркайдын быйтыңдаган буттарын
Мен негедир тиктей бердим,
тиктей бердим кайрадан...

Тамылжыды ыраңым
үйүмдүн бул кутунан.
Мен өппөстөн быйпыйган
мурунунун учунан,

Мен өппөстөн бетинен,
Өптүм анын кипкичикий бутунан.

Алкайт энем Акакты:
– Айланайын акжолтоюм, ардагым!
Ыраазымын тагдырга
                    бул дүйнөдө калганы жок арманым.
Келсе дагы үй шыпырып,
                    казан-аяк кармагым –
бар күчүмдү үчөөңөргө арнагым,
корком тийбей калабы деп жардамым –
Көп кубанып койдум окшойт
Кетип турат дарманым.

Акак айтты: – Чоң энеси, кандай ат
                    көөнүңүзгө жагат? – деп.
Эрди секин кыбырап
                    энем айтты шыбырап:
– Ат койгула Канат – деп.
Келинине колтуктатып,
Чырм этейин бир аз – деп
                    керебетке араң чыкты ал эптеп.

Бир убакта бала ыйлады барылдап,
Ал ыйды энем укпаптыр,
Куш уйкусун салат десек,
                    ал түбөлүк уктаптыр...
Ымыркайга биз кошулуп ыйладык –
Энекемдин тарамыштуу колдору
                    эчак эле муздаптыр.
Үйүбүзгө кайгы келди удаалаш
                    улагадан кирер замат кубаныч.
Эми экөөбүз айла таппай
Бир кубанып, бир муңайып турабыз.

Эл келди да, мени жөлөп-таяды,
көңүл айтты, аяды –
эл дегениң эл экен,
Эл мындайда дем экен да, бел экен.
Ак жаздыкта көшүп жатты мемиреп,
аппак чачтуу энекем.
Эми кайдан кулагыма угулсун
Эң назик сөз, эң жылуу сөз
эң ширин сөз: «Берекем!»

**11**

Тарых жазып, ачып нечен баракты,
Талыкпастан мезгил учуп баратты.
Ак булутту алтындап
Ала-Тоого дагы жаңы таң атты.
Жеңиш күнүн куттуктап
Күн да бүгүн сөөлөттүү нур таратты.
Мына мотоколяска.
Отургуздум жаныма
төрткө чыккан Канатты.
Балам гүлдү кучактап,
Мен да курсант болуп турдум баладай.
Коңшум Байсал басып өттү
бир да бизди карабай,
Майрам менен куттуктоого жарабай.

Мени күтүп туруптур
Панфиловчу досторум
жоону жеңген атак-даңкка бөлөнүп.
Кошулдум да мен аларга,
бак четинде генералга
бардыгыбыз жөнөдүк.

Баратышат баштагыдай
арыш таштап салмактуу,

Баары тыкан, кээси колсуз,
Кээ бирлери болсо дагы балдактуу.
Көкүрөккө үркөр таккан
Панфиловдун солдаттары ардактуу.
Дале булар биримдүү,
    дале булар кайраттуу –
        дале душман катылса,
            дале чыкмак майданга
                кармап курал, кармап туу.

Булар менен бийик сактап
Гвардия деген ыйык атакты,
Булар менен бирге көрүп
        майдандагы кубанычты, азапты.
Бир боордой жүргөнбүз
Орус дебей орусту,
        кыргыз дебей кыргызды,
            казак дебей казакты.

«Келдиңерби, жоокерлерим!» дегенсип,
Колун жаңсап секиден
        турду биздин генерал.
Акыл жактан айдың көлдөй терең ал,
Ата болуп солдаттарга кам көргөн
        адам эле кенен ал.
«Ырайымсыз душмандын
Ыркын бузуп, өчүрүүгө ындынын
        ынтымак бол!» деген ал,
Рейхстагга жеткен жолун Жеңиштин
Москвадан баштап берген берен ал.

Ал какайып турду көчө четинде
        өзү нечен өтүп жүрчү бир кезде.
Азыр келип аскерлери өзүнүн
        аягына коюп жатты гүлдесте.

Колу менен быйтыйган
койду гүлүн Канат да
Курдаштарым: «Жүргүн, Канат, жүр!»
дешсе.

Анан эстрадага
чогуу басып келишти.
Кантип жоону муунтуп,
Кантип улуу Жеңишти
Тартуу кылып Меkенге,
апкелгенин алар айтып беришти.

Биз концертти канааттана карадык
Кырчын жаштар ыр ырдап,
кырчын жаштар бийлеген –
Согуш эмне – билбеген,
согуш кийимин кийбеген,
Денесинин бир жерин да
жоо найзасы чийбеген,
жоонун огу тийбеген.

Концерттен соң жайкы кооз кафени
кимдир бирөө көрсөттү:
– Кантет, достор, Жеңиш күнү көтөрсөк
Жеңиш үчүн чөйчөктү?..
Жакындашты кафеге
кээси сылап-мурутун,
кээси сыйпап чөнтөктү...

Коляскачан өзүмдү
жеткиришти четки столдун четине.
Анан баары майдандагы Жеңишти
түшүрүшүп эсине,
шарап жутуп отурганда
Күн айланып бара жатты кечине.

Көрдүк коңшу столдо
Байсал баштап үч-төрт адам үлпөттүн
кызыгына батканын.
Байсал айтты бакылдап
Жашыл дөңдө чалкасынан жатканын.
Чып этмени түз мээлеп,
Асмандагы тил безеген торгойду
бута кылып атканын.

– О, мергеним жуталы – дейт, – сен үчүн!
Олтургандар анын сөзүн жактырып.
Биз турарда айгырча
кишенешти каткырып.
Тысырайып майланышкан беттери,
көздөрүнөн кеткенсиди жаш чыгып.
Баратканда бир курдашым күңк этти:
– Булар неге күлдү экен.
Да бирөө айтты: – Күлсө күлсүн.
Бирок согуш кезинде
Булар кайда жүрдү экен?..

Биз бараттык эл менен
көчө толо агылып.
Көккө карай атылган
салют нурун, даңктын нурун жамынып.
Кызыл-тазыл ал оттор
Улам турду жүзүбүздү эштентип,
улам турду көзүбүзгө чагылып.

**12**

Ар күн эрте күү угузат Акагым
мени көзүн ачсын – деп.
Таң аралаш күүнүн даамын татсын – деп,
Көңүлү бир ыракатка батсын – деп.

Бүгүн дагы укмуш сыйкыр күүлөрдү
жыргап укту кулагым.
Чайга салып чакмак кантты,
Акактан мен сурадым:

– Мемиреп тынч уктап калдык
таң атканча ойгонбой,
Капырай бу Байсал тойго тойгондой,
Карс-күрс добуш жоголуп,
калды неге той болбой?

– Соода-сатык мекемесин башкарган,
атагы анын таш жарган
күнү бүттү гүлдөгөн.
Шумпай тура адамдардын акысын
ал бүкүлү күрмөгөн.
Акырында түшүп калды капканга
андай неме напси тыйып жүрбөгөн.
Азыр Байсал биздерге
салыш үчүн дүрбөлөң,
чыгыш керек түрмөдөн...

Кафедеги каткырыгы Байсалдын
Азыр кайра кулагыма угулуп,
денем кайра жыйрылып,
үшүп турдум чыйрыгып.
Эрте ойгонду Канатым
Улам, улам мектеп түшүп эсине.
Окуучудай кийинип,
портфель кармап сүйүнүп
Ал билдирди чыккандыгын жетиге.
Токтоналбай ээлигет
нур жүгүрүп бетине.

Маңдайынан өпкөнүмдө
анын бою ашып турду

менин кыска боюмдан.
«Сен өзүмдөн бийик бол – деп,
Сеңирдей бир жигит бол!» – деп,
Ак тилекти айтып турдум оюмдан.

Апасы экөө жөнөгөндө мектепке
– Айланайын чүрпөм! – дедим жалынып.
Эки колум эпилдеп,
комуз жатты чабылып.
Ошентсе да отурдум
ордун жоктоп, оңкулдап
Канатымды сагынып.

**13**

Кызыл дептер, сени барктап,
бекем жерге сактапмын –
Санап көрсөм он эки жыл
бир да бетиң ачпапмын,
бир да тамга жазбапмын.
Андан бери көп нерселер өзгөрүп,
Мен да жеттим көбүнө
көксөп жүргөн максаттын.

Андан бери колум нечен кабарып,
кабарыган ал колдон
нечен комуз жаралып,
элге кетти таралып.
Сакалымды алганда
мен күзгүгө каранып,
көңүл сыздап, байкаймын
баратканын чачым улам агарып...

Бул оюмду унутуп,
Бул оюмдан боло түшөм алагды –

Караганда шыңга бой,
кара көздүү күлмүңдөгөн баламды.

Онунчуну бүтүрүп,
ал заводдо слесарь.
Иштен дайым шайдоот келет жымыңдап.
Мурут кырып, жагоо тагып,
ал киного камынса,
Ичим жылып, сүйүнөмүн кымылдап.

Канат кетип киного,
Акак көпкө отурат
толгон дептер текшерип.
Мен отурам телевизор кашында
Майдандагы күндөрүмдү,
ок аралап жүргөнүмдү эскерип.
Аяр ачып эшикти,
аяр басып, төшөккө
Канат кулайт кеч келип.

Кече кечте экрандан көргөнүм
карсылдаган, тарсылдаган
катуу уруш болучу.
Сырттан кирген Канаттын
мага угулду калдыраган добушу:
– О, дагы эле болуп жаткан турбайбы
папашамдын согушу...

Кызуу окшойт. Көрө бердим кинону
ага жооп кайтарбай.
Буулуп турду алкымым
айтар сөздү айталбай.
«Бул не деген кербездик
башта жүргөн байкалбай?
Бара-бара баламдан

адам чыгып жүрбөсүн
Атандай же Байсалдай?..»

Бүгүн күнгө жекшемби.
Асман ачык чайыттай.
Өкмөт берген «Запорожец» машинам
Жашыл талаа аралап
Асфальт жолдо алга сүзөт кайыктай.
Артта калып дарактар,
Жакын болуп мага бардык тараптар,
Сезбей барам мен өзүмдү майыптай.

Машинамды токтоттум
Жактырдым да жашыл адыр этегин.
Жан эргитип жайкалат, оо, жаныбар
жазда менин Мекеним!
Ала келгем Канатты
Айтмак болуп ээн жерде мен ага
Согуш эмне экенин.
Жаткан окшоп килемге
Бири узун, бири кыска – эки адам
жанаш жаттык шиберде.
Жымжырттык да, жыргал да
Уюп, тунуп калган тура биерде.
Тоо башында калкыйт дудук булуттар,
Так төбөдөн
Торгой гана ыр чубуртат биерде.

Көрдүк ырчы торгойду
көшүлүңкү ыракатка батканда.
Бийик көктү, жашаң чөптү,
Сууну мактап күүнү төктү
Бир орундан жылбай туруп асманда.
Кантип гана колу барат адамдын
Бута кылып бул торгойду атканга?

Сөз баштасам согуштан,
«Согуш» деген сөздү угат – деп
Бейкут желди, бейкут жерди аядым.
Ушул кезде төш түбүндө боз үйдөн
басып келди ак чач эне
бир колуна кармап алып таягын,
бир колуна кармап алып аягын.

Ал кемпирдин үнү чыкты мээримдүү:
– Айланайын балдарым!
Ак ичкиле, – калтыраган кол менен
сунду аппак айранын.
Бут жагымды карады: – Согуштанбы?
– Согуштан.
– Бул ким болот?
– Бул уулум.
– Кыйын жерден аман келип
кыргын болуп ок учкан,
Жакшы киши окшойсуң
жакшы жарга жолуккан.

Белин бир аз түзөдү да,
бетин сылап бырыштуу:
– Айкын болуп турбайбы
адамдыгың ырыстуу.
Эми сенин бул сымбаттуу медериң
көрбөсө экен урушту.

– Сиздин дагы балдарыңыз көп чыгар.
Азыр алар кайда, эне?
– Э-э аларды айтып-айтпай пайда не?!

Кемсел төшөп, ташка отуруп бүкчүйүп
үн чыгарды үшкүрүп:
– Катар кетип үч кулунум согушка,

Жок дегенде бирөөсү
кайра келбей койбодубу күттүрүп...

Памилиясы Жолболдуев
Адил, Жалил, Халил болчу аттары.
Алар жазган каттары
сандыгымда сакталып
азыр болду сапсары.
Уккансыймын балдарымдын үндөрүн
ал каттарды окутсам.
Уруштагы кезинде
уккан-көргөн жок белең,
балдарымды кокустан?
«Эми эмне деп айтамын?»
«Жок» – деп башым чайкадым.
Ушул эне менин байкуш энеме
Кандайдыр бир окшоштугун байкадым.

Ак чач эне ак тоолорго көз салып
айтты минтип араң кеп:
– Уруш кино болсо телевизордон
карай берем, балдарым
бир көрүнүп калар – деп...

Дале торгой бýжырап,
Көктө жүрдү бул өмүрдү ыр кылып.
Алкыш айтып энекеге ак берген,
Жолго чыктык машинаны жылдырып.
Көрүп калдым Канатымдын көзүнүн
Кычыгында жаш турганын кылгырып...

Түшүндү окшойт согуш эмне экенин,
Мен тунжурап, ал да үнсүз келатты.
Бир оокумда мукактанып: – Атаке,
Кечегини кечириңиз, – деп айтты.

Жайкалышып жашыл барик дарактар,
жайнап турду көктө Күн.
Өйүгөнсүп төш жагымды бирдеме,
Өгүнү эле доктордун
кароосунан өткөмүн.
Осколканын бар экенин ал айткан
Ортосунда жүрөк менен өпкөнүн.

Азыр дагы дем кысылып кеткенде
машинаны жайлатып,
Отургузуп өз ордума Канатты,
Шаар карай келе бердим айдатып.

Зоболосу көтөрүлүп Мекендин,
Жеңиш туусу желпингенден бер жакка
күн өттү го нечен миң.
Мен согуштан кутулдум деп жүрчүмүн,
Көрсө, көркоо согуштан
кутулалек экенмин.

Дале өчү калгансып,
дале согуш өмүрүмдү талашып,
Көп жыл бою билинбей
жүрөгүмө, өпкөмө
жүргөн тура уулуу датын таратып.

Тыптынч залга, аппак залга алпарып,
көкүрөгүм аңтарып,
Арылууга осколкадан – согуштан
докторлордун колдору
барбай жатат заарканып, калтаарып.

Азыр кокус көз жумсам,
Көз жумам да айла-амалдын жогунан.
Азыр кокус көз жумсам,

Көз жумам да дале согуш огунан.
Өмүр бою ак иштеген, ак жүргөн
адил адам эле – деп,
айтса болду соңуман.

Мен өлсөм да мертинип,
Нечен колдор кыл тырмап,
мукам күүлөр келтирип,
Мен жасаган комуздар
көп үйлөрдө турса болду чертилип.

Кечээ эки кат алдым.
Ачып көрсөм келди экен деп кат кайдан,
Бирин Көчкөн жазыптыр –
Европада көп өлкөнү кыдырып,
Комуз чертип, ансамблди башкарган.

Канат жазат катында
Аскерликке абдан көнүп калдым – деп,
Көңүлүмдө кубанычым арбын – деп.
Мыкты панфиловчулардын
арасында бармын – деп.
Сиздикиндей «Гвардия» белгисин
төшкө тагып алдым – деп.

Бир катты окуп ойлодум:
Комузчунун комузу
достук сөзүн сүйлөсүн,
эл көңүлүн бейкуттукка үндөсүн!
Бир катты окуп ойлодум:
Эми дагы жер бети
өрт-жалынга күйбөсүн –
Белен кылып куралынын дүрмөтүн,
аскер турса көз ирмебей күзөттө
андан согуш сүрдөсүн!

Менин жолум улайт – деп,
менин конуп туурума,
Мекен жүгүн, элдин жүгүн көтөргөн
көнүп ысык-суугуна,
анык адам болот – деп
ишенемин, ишенемин уулума!
Эмнегедир ээленгенсип көңүлүм
Көздөрүмдү азгырып,
көчө жакты каратат.
Келин барат кызын колдон жетелеп,
Ымыркайын көтөрүп,
жигит барат баласаак.
Кол кармашып тең басышса
Кыз – уланга, улан – кызга жарашат.
Балдак, таяк сүйөбөстөн, сылтыбай
Сопсоо буттар,
сопсоо буттар,
сопсоо буттар баратат.

Көрүп туруп,
Минтип сейил курган элди,
бейпилдикке тунган элди,
Кантип менин келбей койсун жашагым.
И-и-й, кокуй-ай жүрөгүм! –
Бирок минтип тирүүлүктөн кайдадыр
узап бара жатамын...
Кош, абийирим – Канатым!
Кошкун жаным, кошкун жарым Акагым!!
Кош эмесе, сен да кызыл дептерим! –
Эми кайдан сенин бетиң ачамын,
Эми кайдан жүрөк сырын жазамын –
мен ошого капамын!..

* * *

Канат тынбай машыгат да, машыгат.
Канат тынбай өз өнөрүн ашырат.
Ыйык көрүп, бийик көрүп тартипти
Аны сыйлап, ага гана баш урат.
Аскерликте аз-аз жүдөп оболу,
Анан барып чыйралбаса болобу.
Бат билсем – деп, так билсем – деп өз ишин
Окуса устав, эрежени, жобону.

Устав өңдүү окуп колдон түшүрбөй,
Жобо сындуу карап көзү үзүлбөй.
Барктап, сактап Канат кызыл дептерди
Көрүп жүрөт кереметтүү күчүндөй.

Түн оогон кез. Асман бетин талашып,
Жылдыз жайнайт жымың-жымың карашып.
Жерде турат ракета бараандуу
Шиш тумшугун те бийикке каратып.

Кээде айланып, кээде туура түз өтүп,
Кээде жазбай бир из менен жүз өтүп,
Кээде токтоп, кайра ойлуу жай басып
Канат жүрөт ракета күзөтүп.

Сырдуу, сүрдүү ракета жанында
Канат ойлойт арым кошуп арымга:
«Атакемдин мындай адам экенин
Билбептирмин көзү тирүү барында».

«Эсенинде тийбеди ага жардамым,
Эми ойлосом ошол менин арманым.
Айтканындай анык адам болалсам,
Сыйлаганым анда атамдын арбагын».

Ушул түндө Канат көөнүн дегдеткен
Ыракаттын кемесине терметкен.
Бүт денесин жылуулукка бөлөгөн
Бүгүн алган кат болучу Берметтен.

Бермет жазган ар бир сөздү кайталап
Айткын десең, азыр Канат айта алат.
Сыйкыр сүйүү жоокерди да куралдуу
Туткун кылып алгандыгы байкалат...

Айдарымдан шыбыр салат кырчын бак,
Асман турат көлдөй толуп кылкылдап.
Анда-санда жер шериги кыялдай
Жылдыздарды жиреп өтөт жылтылдап.

Ак таң сүрүп, мөңгүлөрдү ак кылат,
Таң сүрүшүн бейкут тоолор жактырат,
Уйкусурап бейгам талаа, калаалар,
Ракета, Канат экөө сак турат.

*1970-жыл.*

## АК МАКТЫМ

### 1

Мен жазган мезгил дастаны
Мезгилдин изин сактады.
Берейин айтып өткөндү
Беш кылым мындан баштагы.

Байсары деген бар болгон,
Бакканы дайым мал болгон.
Башынан сараң жан болгон,
Башкага пейли тар болгон.

Айылды дайым жектеген,
Айылдан дайым четтеген.
Жалгыз үй конуп жан багып
Жашырып элден эт жеген.

Жашаң чөп жерди каптаган
Жаз келсе тынчып жатпаган
Айылынан көчүп жөнөчү
Адатын кайра баштаган.

Жаздоодон көчүп кетчү эле
Жайлоого барып жетчү эле.
Ыраакта жүргөн күндөрүн
Ыракат өңдүү сезчү эле.

Калчудай түшүп тузакка
Каччу эле элден узакка.
Ингенге минип жетчү эле
Ийри-Суу менен Сузакка.

Иш үйүп улам башына,
Издеген өңдүү казына
Көччү эле журтун которуп
Көк-Жаңгак менен Ачыга.

Асеми ашып артыкча
Айланган чөбү баркытка
Аптача конуп Бозбуга,
Ал көчүп жетчү Аркытка.

Кезеги жайдын жеткенде,
Керимсел күчөп эскенде,
Күн ысып, чөбү катканда
Күңгөйдөн өтчү тескейге.

Ал көчүп тынбай кайрадан,
Ал өтүп Кара-Дайрадан,
Жайнатып малын өрүшкө
Жалпак-Таш, Түз-Бел жайлаган.

Жүктөрүн артып атанга,
Жөнөчү кайра сапарга.
Каратай жерин ал жайлап,
Капталдап көччү Папанга.

Көнүп ал жердин шартына,
Көк-Белден өтүп артыла,
Көп жайлап Кыргыз-Атаны,
Көччү эле кайра артына.

Боз кыроо жерди жапканда,
Бозоруп кырлар жатканда
Кыя албай келчү өз жери –
Кызыл-Суу, Куршап жактарга.

Ар кыл жол басып айланып,
Айлына кайра жай барып,
Кончу эле Кызыл-Суудагы
Коктуга жалгыз жайланып.

Ай өтүп айдын артынан,
Жай өтүп жайдын артынан,
Ар жылы көчтү Байсары
Айныбай ушул салтынан.

Ал кезде кыргыз кор болгон,
Тарткан азап, шор болгон.
Кастардан – келген чет жактан,
Кайратын жумшап коргонгон.

Көп жылдар кыргыз эзилип,
Көкөйү кастан кесилип,
Турчу эле элдин ичинде
Биримдик жогу сезилип.

Байсары багып өз малын,
Байсары багып өз жанын,
Күйпөңдөп оокат өткөрчү
Күнү-түнү көрүп өз камын.

Мал болчу ою чылк эле,
Дилинде уй, кой, жылкы эле.
Бардык эл жүрсө бейпайда,
Байсары көөнү тынч эле.

Эсен-соо эле мал-жаны,
Эстүү жан эле алганы.
Эрмат да, Шермат аты бар
Эр жеткен болчу балдары.

Жаш бозой көрүп кызыгар,
Жактырып ичтен сызылар
Айсалкын менен Мактымдай
Ай жүздүү эки кызы бар.

Балдарды баккан Сурма эне,
Балдарга жаккан Сурма эле.
Жакындап ага балдары
Жанындай көрчү мурда эле.

Сурма эле элге жагымдуу,
Сурма эле элге алымдуу.
Айылдан окчун турса да,
Адамдай болчу айылдуу.

Балдарга элди имерип,
Балдарын элге жиберип,
Эңсечү өсүп-өнсө деп
Эл менен ою ширелип.

Атасы айтса болбостон,
Айылда алар ойношкон.
Балдарга балдар жакындап,
Балдарга балдар ой кошкон.

Байсары каарын ашырып,
Балдарын улам чакырып,
Турчу эле жумшап малайдай
Жемелеп, жекип, бакырып.

Күчөтпөй басып жаңжалын,
Күзөйм деп кетсе ал малын,
Боорукер Сурма кайра эле
Балдарга кошчу балдарын.

Айылдык балдар топтолуп,
Аларды тозчу оштонуп.
Ак чөлмөк, ордо ойношчу
Ансайын ынак дос болуп.

Булбулду бакта сайраган,
Миң гүлдү жаркып жайнаган
Эл көрчү жыргап суктанып
Эки кыз сайган саймадан.

Кооздоп жасап шырдакты,
Кооз үн менен ырдашчу.
Абазын созуп жагымдуу
Апасын кыздар жыргатчу.

Экөөнө күлүк ат жакчу,
Элирип алар ат чапчу.
Байгеден чыгып келишсе,
Бардыгы экөөн макташчу.

Көп ишке алар машыккан,
Көп ишке алар ашыккан.
Жигиттер менен мелдешип,
Жаа тартып, бута атышкан.

Ал экөө чыгып бийикке,
Аң кылчу кээде кийикке.
Жигиттер менен бир жүрчү
Кийинип алып жигитче.

Кыздардай жатпай жайланып,
Кылыч да, саадак байланып,
Кармашар түрү бар эле
Кастардан койбой тайманып.

Аттарын экөө чураткан,
Ар кыздан пикир сурашкан.
Кылыч чаап, жааны тартуучу
Кыздардан бир топ курашкан.

Кас басып кирсе – басташуу,
Кармашуу, катуу касташуу,
Ата журт арын сакташуу –
Ал топтун болчу максаты.

Түнт токой же бир тектирде,
Түк адам көрбөс мезгилде
Арттырды кыздар өнөрүн
Алдырбай шекти эч кимге.

Доошу катуу жаңырып,
Добулбас турчу кагылып,
Бутага тийип жебелер,
Тал турчу кыя чабылып.

Эңишип кыздар тартышчу
Эркекче катуу чарпышчу.
Кылычты кымтып, айылга
Кыз кийимин кийип кайтышчу.

Жашык кар эрип жашырын,
Жаз кайра чачып атырын,
Күрөшүп жарык, караңгы,
Күн өтө берди акырын...

**2**

Көчтү да, көчтү Байсары,
Көчкөндөн качан чарчады.
Ташынып конуп ар жерге
Табылбай койду байсалы.

Жалпак-Таш жайлоо толгон кез,
Жапжашыл, жапжаш болгон кез.
Башаттуу, баптуу конушка
Байсары келип конгон кез.

Көп гүлгө толуп кыраңы,
Көз жоосун алат ыраңы.
Балдары жыргап тыныкты
Байкалбай жолдун ыраагы.

Жамаатташ тигил айылдан,
Канаатташ тигил айылдан
Эки кыз келди жоолугун
Кайтаакы кылып салынган.

Айтты алар кечип шиберди:
– Айылда жаштар жиберди.
Кечкурун болот кыз-оюн –
Чакырып келдик силерди.

Зоокту жүргөн сагынып
Айсалкын, Мактым камынып,
Маңкайып басып чыгышты
Маржан да, бермет тагынып.

Жан-жагы толгон моюлга
Көк кашка суунун боюнда
Жыпардуу жерде жыргалдуу
Жыйналды жаштар оюнга.

Жүгүрүп жаштар күрсүлдөп,
Жүрөгү согуп түрсүлдөп,
Оромол кармап колуна
Ойношуп жатты дүмпүлдөк.

Кыйгачтап кашын чийишкен,
Кынама бешмант кийишкен
Кыздарга эптүү бозойлор
Кыябын таап тийишкен.

Селки да, бозой теминип
Селкинчек жатты тебилип.
Көңүлү кошо күүлөнүп
Көкөлөп учту ээлигип.

Көйнөгү желден көлбөөрүп,
Көккө учар ак куу өңдөнүп
Мактымдын көңүл ачканын
Бардыгы турду жөн көрүп.

Селкинчек тепкен шериги
Сезими кыздан эриди:
«Сыныма толгон жан менен
Сырдашсам эмне кеңири...»

Көзөлгө эргип жетсем дейт,
Көңүлдө сырды чечсем дейт.
Апакай аруу кыз менен
Асманга учуп кетсем дейт.

Серүүндөп көккө серпилет,
Серпилсе көңүл желпинет.
Сыздаса жигит ичинен,
Сыр бербейт Мактым мелтиреп.

Кыз-жигит бүттү сермелип,
Кыз-жигит бүттү термелип.
Ойлору туура келбестен,
Бойлору турду тең келип.

Айсалкын айтты: – Жигит сен,
Турасың нени билип сен –
Карайсың мынча Мактымды
Карегиң узак тигип сен?..

– «Көп издеп жүргөн бактымды
Тапканым жокпу, таптымбы?» –
Ушул ой келип, мен турам
Утуру карап Мактымды.

Кеп-сөзүн, назик пейилин
Кеч сезип ичтен кейидим.
Татына кызга антсе да
Тартылып турат пейилим...

– Мактымга көбү көз арткан,
Мактымга көбү сөз айткан.
Бардыгы көзүн кеч артып,
Бардыгы сөзүн кеч айткан.

Аныгын келсе билишиң –
Алардын өзүң бирисиң.
Маңдайы жарык тетиги
Мактымдын көргүн жигитин...

Мактымдын келди Эргеши –
Максаты бирге теңдеши,
Маекти куруп купуя,
Масилет салчу жердеши.

Селкинчек тээп экөөлөп,
Сермелсе бийик көкөлөп,
Тура албай жигит жөнөдү
Туура жол менен төтөлөп...

Адаттай калган көнүгүп
Ал экөө топтон бөлүнүп
Баратса чачы Мактымдын
Суйсалды чөпкө төгүлүп.

Пааналап экөө даракты
Бир-бирин сүйкүм караштьы.
Кызгылт Күн тигил кырды ашып,
Кылкылдап батып баратты.

Бүткөнсүп сөзү жалындан
Мактымга Эргеш жалынган.
Коомайлап сылап кармады
Колдорун жүзүк салынган.

Эс кете жаздап башынан
Эргеште сезим ташыган
Жыттаган кезде Мактымдын
Жер чийген майин чачынан...

Ишинин таза, тактыгы,
Жүзүнүн тунук, актыгы
Алынып элдин оозуна
Ак Мактым болгон Мактымы.

Көздөрү укмуш акылдуу,
Сөздөрү укмуш татымдуу.
Аздектейт, сылайт, алпештейт –
Айылга Мактым батымдуу.

– Бир эшик качан ачабыз?
Бир казан качан асабыз?
Дасторкон жайып бир үйгө
Даамды качан татабыз? –

Деп сурап турса Эргеши,
Кыз айтты: – Шаша бербечи.
Күз келсин жемиш жыттанып
Күлүңдөп кыргыз жергеси.

Ал кезде жумуш түгөнөт,
Ал кезде бүтөт жүдөмөк.
Басабыз бирге айылда
Баш кошкон кезди күбөлөп.

Эки жаш минтип жанашып,
Эп келип турса жарашып,
Бактысын Эргеш, Мактымдын
Башкалар турду талашып...

Мактымга Назар көз салып,
Мактымга Назар сөз салып,
Тилеги кабыл келбесе,
Тынамын деген өчтү алып.

Алкына берчү тим эле,
Ал Назар өзү ким эле?
Ал ойлоп жүрөт аймакта
Адам деп өзүн бир эле.

Алкына берчү неме эле,
Адамдык жактан кем эле.
Багжайып баарын басмырлап,
Балбанмын дечү эң эле.

Беймаалдап жилик кемирип,
Бетинен чыккан семирип.
Ар кимди салчу бейпайга
Аксымдык кылып элирип.

Күрөздүк кылып килтиңдеп,
Күчүмдү баары билсин деп,
Тийише берчү ар кимге
Тиртиңдеп дагы, зиркилдеп.

– Калыңга Назар мал берет
Качан да болсо мал керек, –
Байсары шамшар жаңсаган, –
Байкагын, сага жан керек!..

Коркподу сөздөн жаңшанган,
Коркподу кош миз канжардан
«Аксымга тийди Мактым» деп
Ал коркту айтар каңшаардан.

Кыз ойлоп көрүп жакшылап,
Терс жообун ага айттырат.
Найынсап, намарт, накүстө
Назарды кантип жактырат?!

«Ал менин тилим албаса,
Ар дайым болом каргаша!» –
Кыжынып Назар айла издеп
Кыйлага урду далбаса.

Ал кезде душман дарбыган,
Аттары көккө каргыган.
Кыйчалыш тартып тагдыры
Кыргыздын муңу арбыган.

Ай сайын берген салыктан,
Ар дайым берген алыктан
Алынан тайып шалдырап,
Ансайын кыргыз талыккан.

Кастарга Назар багынып,
Кайпактап сүйлөп жагынып,
Жексурга элдин кеп-сөзүн
Жеткирчү дароо камынып.

Кабарды жыйнап жалган ал,
Кастарга жагып абдан ал,
Чынарстан аттуу душманга
Жанжөкөр болуп алган ал.

Кайгуулду бирге чалышат,
Канчанын жашын агызат,
Ойрондоп чаап айылды,
Олжону бөлүп алышат.

Чынарстан сурайт кечинде,
Кызымтал болгон кезинде:
– Кыргызда сулуу болобу?
Бир сулуу барбы эсиңде?..

Сулууну кантип таппайын,
Сулуу бар сага дапдайын!
Тузакка аны түшүрүп,
Тузуңду сенин актайын…

Кыз-оюн болор алдында
Ал экөө чыгып чалгынга,
Аңдышты Эргеш, Мактымды
Жашынып калың балгынга.

Жаяноз Назар өзгөрүп,
Жалпылдап сүйлөп сөз бөлүп,
Жапсардан экөөн шыкаалайт
Жапайы мадыл көздөнүп:

– Ак Мактым аруу, алаша,
Албырган жүзү агача,
Кыйноого салат жигитти
Кылгырып тике караса…

Ана бул айча белин айт,
Абазы мукам кебин айт.
Оролгон узун чачын айт,
Оозунан чыккан демин айт!

Жубардай ноода боюн айт,
Жумуру, жумшак колун айт.
Эри үчүн күн-түн кам көрүп
Эч качан чарчап ноюбайт.

Күлүмкөз бийкеч калкында,
Күбөгүн көрчү алкымда.
Кыргыздан чыккан бул сулуу
Кыз эмес, кызыл алтын да!..

Жар кылсаң, ичтен култуюп,
Жыргайсың, төрөм, туйтунуп
Кыз ушул сага мунасип,
Кыргыйдай илгин умтулуп!

Калкына болуп алдамчы,
Касына болуп жардамчы,
Машайык сындуу сөз сүйлөп,
Мактымга болду далдалчы.

Чыксын деп кыздын жексени,
Иш кылды Назар тескери.
Ичинен ойлоп кусамат,
Ырысын турду кескени.

Эргешти көрүп кажардуу,
Мактымды көрүп ажардуу,
Арамза Назар кумсарды
Аларга тилеп ажалды.

Айтканга Назар ынагы
Чынарстан чындап ынады.
Сүйүнүп, жыргап, Назарга
Сүйлөгөн сөзү мынабу:

– Турпатын көрүп эридим,
Турбайбы өзү перинин.
Жанжөкөр болбой, Назар, сен
Бол эми досум, шеригим.

Асыл жан экен Ак Мактым!
Андайды кайдан тапмакмын?!
Аламын башым барында,
Алалбай калсам – акмакмын!..

## 3

Жүрөгү элдин тилинип,
Жүдөгөн кези билинип,
Жигердүү кыздар топтолду
Жигитче кайра кийинип.

Саадакты кыздар байланып,
Сансыз жер кезип айланып.
Кармашка нечен кириштн
Кастардан койбой тайманып.

Айылды жоодон сакташып,
Алагүү көөнүн бастатып,
Сайышка түшсө сайышып,
Сазайын берген какшатып.

Кайгуулга камдуу чыгышкан,
Олжого, мүлккө кыныккан
Опкок да, обсур душманды
Ойрондоп жеңип кырышкан.

Атайы байкап иликтеп,
Айырып кайдан билишмек –
Кыйналган душман апкаарып
Кыздарды ойлоп жигит деп,

Буктурма жасап турушкан,
Буйткадан чыгып урушкан.
Кубалап, түшүп артынан
Кутурган жоону куруткан.

Жалгыздап душман жүрбөгөн,
Жанынан чочуп сүрдөгөн.
Көпкөлөң жоого капыстан
Көп салган кыздар дүрбөлөң.

Айылдан жүргөн обочо
Аларга Мактым огожо.
Аттантып топту, жол баштайт
Аймакка душман жолосо.

Күн нурдап чыгыш тарапты,
Күлүңдөп далай таң атты.
Байсары карып баратты,
Байсары арып баратты.

Болом деп эңсеп дагы бай,
Болбоду, жүрдү жарыбай.
Дүйнөкор, малкор бул бакыл
Дүйнөгө койду марыбай.

Балдары ашка жетинбей,
Балдары жүдөп жетимдей,
Үмүтүн сактап ичине
Үңкүйүп өстү эсирбей.

Байсары союш сойдурбайт,
Балдарын этке тойдурбайт.
Өзүнүн согуп арбагын,
Өзгөнү асти ой кылбайт.

Болчудай марып бири миң,
Ал аяйт тамак, кийимин.
– Атаке, кеттик этсиреп...
– Аткыла тоонун кийигин.

Эртелеп туруп таңында,
Эрке жел жүргөн чагында
Эрмат да, Шермат тоо жакка
Эпилдеп көрдү камылга.

Камынды аңга чыкканга,
Кайберен атып жыкканга.
Тоо теке, эчки, нарекпи –
Толтурмак этин чыгданга.

Тайганга такса каргыны,
Так ыргып тайган дарбыды.
Бутуна чарык тартынган
Буларды көрдү бардыгы.

Кисе да, куту, күпсөрдү
Тагынып ишти бүткөрдү.
Ал экөө жөнөр алдында
Ак Мактым бийкеч түш көрдү.

Кыз туруп көрдү арaактан
Кылчактап узап бараткан
Кадырман эки агасын
Камынган аңга жаракчан.

– Акелер, токтой тургула,
Айтканга көңүл бургула.
Түш көрдүм, түшүм – жаман түш,
Душманга гана жагар түш.

Түшүмө кирди күр дөбөт,
Күр дөбөт көзү түрдөнөт.
Түпөйүл болуп жүрөгүм
Түрсүлдөп андан сүрдөнөт.

Күрсүлдөп дөбөт жанагы,
Күмүрөй черге камады.
Капканда деним канады,
Канымдан дөбөт жалады...

Токтоду экөө күймөлүп,
Тоготпой кызды сүйлөнүп.
Олоңдой чачы Мактымдын
Оролуп жатты сүйрөлүп.

– Берели сага түш жоруп,
Берегти түшүң түз жоруп.
Малкытсын сени сөзүбүз
Мактымжан, сага күч болуп.

Күр дөбөт черге камаса,
Күрсүлдөп үрүп таласа,
Капканда дениң канаса,
Каныңды дөбөт жаласа –

Катуулап чаап капканы
Касыңды ажал тапканы,
Касыңдын шору катканы,
Касыңдын каны акканы.

– Бул сөзгө турам ишенбей,
Канымды касым ичердей
Олоңдой чачым бутума
Оролуп жатат кишендей.

Бир кырсык турат алдыда –
Билсеңер, үйдө калгыла.
Түшпөйлү бекер, акелер,
Түгөнгүс катуу кайгыга...

– Керекпи жалгыз жан сага,
Коруйбуз сени канчага?
Ботодой боздоп бойбойлоп
Болбогун, Мактым, камтама.

Аңдабас кепти кандай кыз?
Аңга биз кантип барбайбыз?
Кайберен атып келгенден
Калбайбыз дедик, калбайбыз!..

Алардын сөзү кыскарды.
Аргасыз Мактым кысталды.
Агалар кетип кайрылбай,
Артынан карап кыз калды...

Жер чийип чачы төгүлгөн,
Жейрендей сонун көрүнгөн,
Ажайып түштөй, жомоктой
Ак Мактым чыкпай көңүлдөн.

Чынарстан кайтып чебине,
Чыдабай кирген бегине.
Беги анын болчу Бегарстан,
Кулагын түрдү кебине.

– Адамсың өзүң асыл баш,
Агамсың өзүң жатындаш.
Ортого салар бир кеп бар,
Оюңду айтып, акылдаш.

Кыргыздан көрдүм бир сулуу,
Тең келбес ага миң сулуу.
Ал сулуу кирип түшүмө
Ар түнү бузду уйкуму.

Мен көрдүм кыздын асылын,
Мен сездим кыздын акылын.
Укмушун айтпа жүзүнүн,
Узунун айтпа чачынын!

Ал кыздын аты Ак Мактым,
Ак Мактым аттуу бак таптым.
Түгөйүм болсо ал сулуу
Түбүнө жетем максаттын.

Мен үчүн кайгы жегенсиң,
Мен үчүн камды жегенсиң.
«Жакында сени үйлөнтөм –
Жакшы кыз тапкын!» дегенсиң.

Мактымды мага алып бер,
Мактымды колго салып бер.
Маашыркап жүрчү лаззат бер,
Маңдайда жанар жарык бер!..

– Көңүлдө сөзүм мен айткан,
Көрөлү кызды сен айткан.
Ак Мактым жакса, өзүңө
Алперем! – деди Бегарстан.

Чынарстан чындап шаңданып,
Чыйрала түштү жанданып.
Баамдап, байкап сулууну
Барышмак болду камданып.

«Абакем алтын киши деп,
Ар дайым жайлуу иши» деп,
Көңүлү жибип карады
Көздөрү бүтүк, шишимек.

Шишимек көздүү агасы
Шилиси жоон карачы.
Көнөктөп арак шимирди
Көөнүнүн окшоп дабасы.

– Супсулуу дейсиң ал айым,
Сулуунун көргөм далайын.
Камдай бер жолго аскерди,
Куш уйку салып алайын!..

**4**

Аскалуу тоону кадуулап
Агалар кетсе аң уулап,
Шашылыш кыздар аттанды
Шайма-шай жүргөн ар убак.

Жасашып кастар буктурма,
Кыздарды барган ышкынга
Кармашып, черге камашып
Калтырмак болгон мыскылга.

Угулду дароо бул кабар,
Укмуштай суук, шум кабар:
Айылдык кыздар душмандан
Абийири кетип булганар...

Жигитче баары кийинген,
Жигери, деми билинген
Сабырсыз кыздар жол тартты
Саадагы жанга илинген.

Тоорулга чыгып шашмалап,
Токойду тинтип акмалап.
Думукса черде кырчындар,
Душмандан кантип жазганат?!

Чаалыкпай чалгын чалышты,
Чардаган жоону табышты.
Ат салып кирип кыйратып
Алмакчы болду намысты.

Дасторкон жайып жайнатып,
Далбастап этти кайнатып,
Кажылдап катуу сүйлөшүп,
Каткырат кастар жайнашып.

Даракка илип жарагын,
Дагы ичип кымыз-арагын,
Жылаңач бойдон кыздарды
Бийлетип жатат, карагын.

Көйнөктү кайра кийбе деп,
Көкүтөт түртүп «Бийле!» деп.
Бекем жаап төшүн кол менен
Бечара кыздар ийменет.

Аңдыган кыздар турабы,
Алкынып аттар чурады!
Чогоол да, күрөз душмандар
Чокмор жеп, жерге сулады.

Урунуп көңгөн кутуруп
Уятсыз душман утулуп,
Туйгундай кыздар тузактуу
Туткундан кетти кутулуп.

Аларды арсыз душмандан
Абийирин сактап куткарган
Азамат эрлер экен деп
Ал кыздар алкап суктанган.

Калдык деп такыр айрылып,
Кан жутуп ичтен кайгырып,
Кыйналган ата-энеге
Кыздары барды кайрылып.

– Эрлерче койбой тайманып,
Эсирген жоону жайладык.
Эс алсак кантет, – дейт Мактым, –
Ээн жер таап жайланып?..

– Макулбуз буга биз, – дешип,
Жайлуу жер тапты издешип.
Суудагы түмөн балыкты
Суктанып турду тиктешип.

Бир тобу сууну бойлошту,
Бирине бири ой кошту.
Бир тобу тогуз коргоолду,
Бир тобу топ таш ойношту.

Кыз куушуп ойнойт кыз менен,
Кантсе да кыз да кыз деген,
Жигитин кыздар эстешсе,
Жигери сыздап тыз деген.

Кээ бири күзгү каранып,
Кээ бири жуунуп-таранып,
Толукшуп турган токойго
Толгонсуйт жыпар таралып.

Өз чачын Мактым өрбөгөн,
Өргөнгө такыр көнбөгөн.
Суйсалган чачын өрүүгө
Сурачу жардам өңгөдөн.

Ашырбай ишин бөлөккө,
Айсалкын келчү көмөккө.
Азыр да кылды кол кабыш
Ак Мактым сындуу өнөккө.

Эжеси ишке жарады,
Эшилген чачын тарады.
Суйкайган сулуу сиңдисин
Суктанып ээрип карады.

Мактымдын чачы өрүлдү,
Маңкайып сулуу көрүндү.
Сонун чач, назик кара чач
Согончок карай төгүлдү.

Ал суусар бөрктүн алдына
Суйсалган чачын салды да,
Эми эле турган аруу кыз
Эр жигит болуп калды да…

Кайрадан кыздар баштагы
Эр киймин кийе баштады.
Мактымдан түшкөн көп чачты
Айсалкын суута таштады…

Эже да, сиңди сырдашып,
Эс алды бир аз жыргашып:
Көк кашка сууну бир бойлоп,
Көйкөлгөн чөптү бир басып.

Айсалкын минтип сыр сурайт,
Апсала кылып чын сурайт:
– Айт, Мактым, качан той болот
Айтпасаң көөнүм тынчыбайт?..

Эженин айткан сөзүнө
эреркеп, карап көзүнө
Кулүңдөп турду Ак Мактым
Гүл тагып анын төшүнө:

– Муну айтып, эже, неткениң?
Эзелки салтты эстегин –
Улуусуң менден. Той кылуу,
Эжеке, сенин кезмегиң...

– Көксөөсү күчөп сагынып,
Көрүнбөй койсоң таарынып,
Көрөсөн сенин Эргешиң
Көп күтүп калды зарыгып.

Күйөөгө чыгар кез жетти,
Күйөөгө мурда сен кетчи.
Өмүрлүк жар бол Эргешке –
Өзүңө бердим кезмекти...

Чочморчон, жаачан, кылыччан
Чогулуп кыздар тынышкан,
Бойтоюп наар татышты
Боорсок жеп, жутуп кымыздан.

Үйүлүп көгөөн, ылаа бат,
Бир топ ат турду ылаалап.
Токулуу бойдон бир топ ат
Тоюнду сууну кылаалап.

Келгенсип бүгүн берилеп,
Келберсип чоң тоо керилет.
Ак булут калкып асманда,
Айлана турду мемиреп.

...Бегарстан тайчы мардайып,
Мамыкта оонап дардайып
Жатканда кирди бир жаачы
Жаачыдай арык арбайып.

Караса тайчы үңүлүп,
Жаачынын бели бүгүлүп,
Жетимдей болуп мусапыр
Жер тиктеп айтты жүгүнүп:

– Улугум, уккун, улугум!
Кырылды черде зубунуң!
Кокустан жалгыз соо калып,
Журттагы иттей улудум...

Тайчынын келип ачуусу,
Кычырап кетти азуусу:
Мыкаачы андай шумдардын
Мына биз канын чачуучу!

Чакчайып көзү чакыйды:
– Чынарстан, кел! – деп чакырды,
Чапчаңдан баарың аттан! – деп,
Чаңырып ачуу бакырды.

Жаамысы дүрбөп жабылып,
Жанына жарак тагынып,
Долулуу үнүн чыгарды
Добулбас катуу кагылып.

Бегарстан жөнөп кол курап,
Белсенип колду чоң курап,
Бет келген жоону кайсайм деп
Бек сүйлөп келет колдурап.

Ирмебей такыр кирпикти,
Ич жагын чердин тинтишти.
Жалаңда атты чапкылап,
Жардуу жер келсе илкишти.

Өрдө да, түздө түйүлүп,
Өрөпкүп аттар күйүгүп,
Табалбай алар душманын
Талыкшып турду түңүлүп.

Аттары терге киринип,
Аз калып кетпей жинигип,
Сук артып шарга жүткүнүп,
Суу жутуп жатты шимирип.

Ушундай шумдук болорбу,
Бегарстан жолу торолду! –
Атынын тушап буттарын
Аккан чач келип оролду...

Ал чачты эңип алышты,
Аңкайып аң-таң калышты:
– Упузун чачты ушунча
Ургаачы кайдан агызды?..

Чынжырдай болуп ушул чач,
Чырмады аттын бутун чач.
Кишиде мындай чач барбы?
Кимдики мынча узун чач?

Чынарстан айтты эргиген:
– Чын ээсин чачтын мен билем!
Мындай чач жалгыз Мактымда –
Мактымды минтип таптым да!..

– Туура! – деп Назар коштоду,
Тултуюп чанач окшоду.
Мыктысып чачты мыкчыды
Мыртыйып семиз кош колу.

Алкынып согуп жүрөгү,
Агасын ини сүрөдү:
– Сулууну азыр көрөбүз –
Суу бойлоп өйдө жүрөлү.

Ээрчитип калың зубунду
Бегарстан алга жулунду.
Кыжылдап жоонун келерин
Кыздардын тобу туюнду.

Кароолчу кыздын кабары
Заматка топко тарады.
Шапа-шуп кыздар аттанып,
Шайма-шай болду жарагы.

Жоо келип, аңдып араактан,
Көп жигит көрдү жаракчан:
– Ушулар бизге кол салып,
Ушулар бизди жадаткан!..

Алкынып чымыр аттары,
Душмандар чабуул баштады.
Көк шибер канга боёлуп,
Көп гүлдү туяк таптады.

Көккө учуп жебе зыргыды,
Көп душман аттан ыргыды.
Көздөрү өчүп, жумулуп,
Көк чөптө каны жылжыды.

Көөдөнгө каскак сайылып,
Көйнөктөр канга малынып,
Чопкуттан пайда тийбеди
Чокуга чочмор чабылып.

Нечен ат жерге сулады,
Нечен кыз жерге кулады.
Толду го чиркин өлүккө
Токойдун коюу тулаңы.

Таймашып кыздар турушту,
Тайманбай сокку урушту,
Оңкодон кетип душманы,
Онтогон үнүн угушту.

Көрүнүп душман көктүгү,
Көрүнүп душман көптүгү,
Ар жактан келсе жабылып,
Аргасыз кыздар өксүдү.

Ажалга Мактым көнөбү?
Атынан сулап өлөбү?
Артынан ээрчип бир топ кыз
Айлына качып жөнөдү...

Бегарстан барат чеңчеңдеп
Береги эрге жетсем деп.
Суусар бөрк кийген жигиттин
Сурданат башын кессем деп.

Жетем да, канын ичем дейт,
Камчылап атын итеңдейт.
Көрөөрүн көрүп Бегарстан,
Көзүнө бирок ишенбейт:

Бутакка бөркү илинип,
Бул «жигит» сыры билинип,
Башынан чачы чубалып
Баратты жерге чийилип...

Суулугун чайнап кемирип,
Суйкайган күлүк элирип,
Колоң чач кызга жетти эми
Койгондо катуу теминип.

Бегарстан күчү ташыган
Бечара кызды чачынан
Бек тартып, булкуп түшүрдү
Беренбоз деген атынан.

Башынан багы жоголуп,
Бактыдан жолу торолуп,
Кыжынган жоонун колуна
Кыз чачы турду оролуп...

Колунан түшүп жарагы,
Кыз жүзүн тайчы карады:
Ак жуумал жаркын жамалы
Ак Мактым тура жанагы...

«Чыдамы кетип Чынарстан
Чын тууган тура чын айткан –
Чыныгы сулуу кыз экен
Чырайы нурдуу чырактан...»

Бегарстан ойлоп ушуну,
Туткунун карайт утуру:
«Колукту кыл деп теңирим
Колума салган кушубу?..»

Чынарстан келди энтигип,
Чыккансып көккө желпинип.
Манчыркап бөйрөк таянып,
Мактымга турду эрсинип:

– Абаке десем, абаке!
Жан аке десем, жан аке!
Коймолжун көздүү, колоң чач
Колуктум менин канаке?!

Бул сөзгө күлүп борсулдап,
Бөйрөгү бүлк-бүлк солкулдап:
– Ашкеби, ары жогол! – деп
Агасы айтты корсулдап.

Бегарстан турду кебелбей,
Иниси ага теңелбей,
Бастырып кетти жеме угуп
Башына камчы жегендей:

«Ойлогом асыл кен таптым,
Оюлбас олжо мен таптым.
Өңгөнүн баары суктанар
Өзгөчө сулуу тең таптым…

Жагыптыр Мактым агама,
Жар керек болчу ага да.
Талашам кантип Мактымды:
«Тапканым бер деп, жан ага!..»

Башкага кантип кыяйын,
Болду эми, ичтен тынайын…
Жанашып Мактым агама
Жакшы жар болсун ылайым…»

Астында аты ойдолоп,
Чынарстан минтип ойлонот.
Ич күптү болуп тымпыйды
Иш болуп азыр ойдо жок…

Салышуу болгон жер мына,
Сайышуу болгон жер мына.
Кылычы колдо карышкан
Кыздардан чыккан эр мына…

Адамга көңүл бурбастан,
Айтылган сөздү туйбастан,
Асманды карап кыймылсыз
Айсалкын эле бул жаткан…

Үйрүлүп Мактым жыгылып,
Үн созуп катуу чыңырып,
Шолоктойт: – Асыл эжеке,
Шорубуз катты кырылып…

Бегарстан айтты корулдап:
– Койгула кызды корумдап!..
Буйгаттан кызга жай тапты
Буйругун анын орундап.

Жаачыга колун сунганда,
Шамшарын анын жулганда,
Камынып кармай калышты
Как төшкө өзүн урарда.

Коймолжуп көзүн жайнатып,
Кол-бутун бекем байлатып,
Бир кызды курчап көп душман
Жөнөштү чепке айдашып.

Ал кезде кошо баратып,
Аяган сымал жаны ачып:
– Мактымжан, алың кандай?.. – деп
Сурады Назар жанашып.

Ак Мактым айтты: – Акылдын
Жогунан жоого сатылдың.
Башымды салып бушманга,
Багынттың мени душманга!

Какшыгың турам түшүнүп,
Пастыгың турам түшүнүп.
Түкүрөт элем бетиңе –
Булганып калат түкүрүк!..

**5**

Акыры чепке жетишти,
Ачты да сакчы эшикти,
Кармалган кызды кийирип,
Капканы кайра бекитти.

Караңгы үйгө камашты,
Камакта бербей тамакты,
Кайгылуу бир топ түн кирип,
Кайгылуу бир топ таң атты.

Эч кимди Мактым тоготпойт,
Эч кимди Мактым жолотпойт.
Шордуу жаш таамп көзүнөн
Шолоктойт дагы, шолоктойт.

Кайгыга бекем чырмалып,
Каңгы баш болду ыргалып.
Каңырсык үйдө камыгат
Какачтуу башын тырманып.

Канаты сынган куш болуп,
Капаска минтип туш болуп,
Көзүнөн учат эркиндик
Көңүлү чөгүп суз болуп.

Тар жолдо мүргүп, тайгылып,
Таш корум көрдү жай кылып
Эртелеп кеткен Айсалкын
Эжесин эстейт кайгырып.

Кан-сөлү качып караптап
Кажайып куурап барат, кап!
Талашып душман Мактымдын
Таалайын кетти карактап.

Жаздыкка жашы куюлуп,
Жатканда Мактым думугуп,
Дарчадан күндө Бегарстан
Дагдайып карайт мулуюп.

Күмүштөн кемер курчанып,
Күлүндөп бетин нур чалып
Албырды бүгүн Бегарстан
Ар убак жүргөн кумсарып.

Бутуна кийди мөкүнү –
Бул анын кооз өтүгү.
Келбер шым кийди саймалуу
Багалек чети баймалуу.

Күрөөкү чепкен жамынып,
Отогот бөрккө тагынып,
Мурутун серпип дүкөрттөп,
Күтүндү тайчы камынып.

Астына талпак салдырып,
Ак шамды арбын жандырып,
Өзөөрүп жаткан Мактымды
Өзүнө келди алдырып.

Таалайы тайкы кургурду
Тамакка чындап тундурду:
Кесеге кымыз куйдурду,
Кенизек кызга сундурду.

Балишти коюп баркыттан,
Арақты куюп каркыттан,
Мактымды карайт Бегарстан
Маңкайып үйдү жаркыткан:

– Ак Мактым, уккун жайланып
Ак кептер сындуу айланып,
Талпынып кондуң колума
Тагдырың мага байланып.

Айтарым: мага жар болгун,
Ар дайым намыс-ар болгун.
Жок болсом өзүм, жок болгун,
Бар болсом өзүм, бар болгун.

Малым да, Мактым, сеники,
Жайым да, Мактым, сеники.
Багым да, Мактым, сеники,
Жаным да, Мактым, сеники…

Ак Мактым турду алдырап,
Айласы кетип абдырап.
Жардамга келер жан издеп,
Жан-жагын карайт жалдырап.

– Өлөм! – дейт Мактым, – Өлөмүн! –
Өлгөндөн айтпайт бөлөгүн, –
«Коңурсук каска жар болуп,
Кордукка кантип көнөмүн?!»

– Антпестен жүрүп жөн, Мактым,
Аман-соо өсүп-өн, Мактым.
Амандык – эмес жамандык,
Айтканга дароо көн, Мактым.

Көнгүн деп айттым, көнөсүң,
Көнбөсөң, бирди көрөсүң!
Туурабы кыздын чанышы
Туткундап келген төрөсүн?..

Түшкөнсүң менин колума,
Түшкөнсүң чыккыс торума.
Шор маңдай, кылсаң кежирдик,
Шор кошо берем шоруңа.

Даңгытка сени талатам,
Далыңды тилип канатам.
Каяша айтсаң, өчүгүп
Каныңды итке жалатам!..

Башыңа шири кийгизем,
Жонуңдан кайыш тилгизем.
Кийиздей тээп сабатып,
Кимдигим сага билгизем!

Камчымдан менин кан тамган,
Канча жан коркуп жалтанган.
Мактабай каның соромун,
Каарыма калсаң, соёмун! –

Канжары колдо жаркылдап,
Кабагын чытып, калчылдап,
Сулууну эстен тандырды,
Сулатты жерге алкымдап.

Жаагын басып карт эшик,
Жабылды боздоп кайч этип.
Шалдайган кызга түн түшүп,
Шам өчүп калды жалп этип...

Эртеси басып алчактап,
Эштенсе тайчы арсактап,
Арбактай араң кыбырап,
Ак Мактым жүрдү жан сактап.

Өлөйүн десе өлө албайт,
Көнөйүн десе көнө албайт.
Өңгөдөн тура жан ширин –
Өз канын өзү төгө албайт...

Алыктан арбын кой келип,
Аларды союп той берип,
Максатка жетип умтулган
Мардайды тайчы бой керип.

Тамылжыйт тайчы таш жүрөк,
Таба албай айла жаш жүрөк
Көңүлү сыздап Мактымдын
Көзүндө шордуу жаш жүрөт.

...«Эрматтын жолу болбоду,
Шерматтын жолу болбоду,
Мерт кылбай койду кийикти
Мээлеген мылтык колдогу.

Көп эле жумшап убакты,
Көп эле милте булатты,
А бирок аркар, кулжа эмес
Ата албай койду улакты.

Караңгы түштү ылдыйга,
Кеч кайтты алар бир кыйла
Шыралга сурап адамдар,
Калбайлы дешип шылдыңга.

Асылбай отко казаны,
Ата-эне ыйлап ызалуу,
Дуулабай, куурап олтурат
Душмандын тийип азабы.

Эрмат да, Шермат өкүнүп,
Экөө тең турду өкүрүп:
– Агалар, аңга чыкпа! – деп
Айтты эле Мактым өтүнүп.

Ошонун тилин алсакчы,
Оолукпай үйдө калсакчы.
Чамасын жоонун кетирип,
Чабуулга бирге барсакчы…

Сурма эне боздойт түнөрүп,
Көп ыйлап жашы түгөнүп,
Алтындай эки кызынан
Айрылган окшоп түбөлүк:

– Кириптир Мактым түшүмө,
Тор тартып алган жүзүнө.
«Айсалкын кызың күтпө дейт,
Азапка бекер түшпө!» дейт.

«Апаке, өзүм ордомун,
Ачыкка чыккыс тордомун.
Кантип мен эми бошоймун
Касымдын бузуп коргонун?

Аргам жок, такыр аргам жок,
Апаке, менде дарман жок.
Армандуу көздөн кан агып,
Акыйып жүрөм жардам жок...»

Түшүмдө үнүн уктум да,
Түнөрүп кайгы жуттум да.
Түкшүмөл кылып турамын –
Түшкөн бейм кызым туткунга?..

Уккула сөздү, балдарым,
Уу жутту Мактым ардагым.
Алгыла жоодон куткарып
Арбыта бербей арманын.

Иликтеп иле тапкыла,
Илени ичке каткыла.
Илени жумшап көнгүлө
Ишенбей жалаң бактыга.

Душмандар түмөн, силер – аз,
Албетте, азда – жигер аз.
Андыктан иле эң керек,
Иленин эбин билер аз.

Кубаттап балдар энесин,
Кунт коюп укту кеңешин.
Эзелтен бала макул да
Энеси эмне дебесин.

Издешип көпкө илени,
Илени тапмак ким эми?
Оңунан чыгып Сурманын
Орундар бекен тилеги?

Карашса чепти акмалап,
Душмандар аны сак карап,
Өткөрбөй чымын капкадан,
Өз ишин тыкан аткарат.

Басарга жолу тар болуп,
Баштары катты маң болуп.
Илмийип аңдып жүрүштү
Илени таппай зар болуп.

Аткармак үчүн максатты
Акыры ашпоз Аптапты
Табышып, жакшы таанышып,
Ал жасар ишти такташты.

Бегарстан өзү жактырар,
Бек турар дагы, сак турар
Кажыбас, талбас, кыраакы
Капкада эки сакчы бар.

Күн сайын Аптап жөн өтчү,
Көтөрүп бүгүн көнөктү,
Акырын гана тымызын
Ал чайкап койду кымызын...

Сакчылар арып, чарчаган
Таңдайы катып чаңкаган
Сурашса, кымыз куйганда
Аптапты алар алкаган:

– Соопко, Аптап, калдыңыз,
Мупмуздак экен бал кымыз!..
...Маскүнөм арбын кошулган
Жарым уу эле ал кымыз...

Узады Аптап тымпыйып.
Сакчылар уктап шылкыйып,
Шарт жетти Эрмат, Шерматтар
Турушкан карап кылтыйып.

Аткарган үчүн максатты
Аябай алкап Аптапты,
Айлыңдан кайра келбе деп
Ардактап алар атказды.

Көмүскө жерди таптырып,
Алпарып экөөн жаткырып,
Алардын кийимин кийишип,
Аткарды милдет сакчылык.

Кайтарып алар капканы
Кастардын чебин сактады.
Баш болгон Эрмат беш жигит
Мактымды кетти тапканы.

Тайчыны набыт кылышмак,
Таптакыр жайлап тынышмак.
Куткарып андан Мактымды
Капкадан алып чыгышмак...

Капкадан кирсе беш жигит,
Капыстан Назар шексинип,
Кадыры сиңген досуна
Кабарды барды жеткирип.

Чынарстан дароо туюнду,
Ал бешөөн карай жулунду.
Көңүлгө Эргеш илбеген
Көрөм деп ушул зулумду.

Тааныды Назар Эргешти,
Эргештен дароо тер кетти...
Чынарстан, Назар экөөлөп
Чыгарды текке эмгекти.

Чандайтып жоон капчыгын,
Билдирип Назар кастыгын,
Эрдемсип айтты чиренип
Эргешке кекээр какшыгын:

– Калдыңбы, Эргеш, кабылып?
Мактымды келсең сагынып,
Тамылжып жаткан учуру
Тайчыны өөп жалынып...

Чынарстан чындап чамынды,
Чынарстан чындап чаңырды.
Камалып Эрмат, Шерматтар,
Капканын оозу жабылды.

Аларды дароо кармашып,
Ар бирин матап, байлатып,
Бардыгын алды камакка,
Бардыгын салды набакка.

Утканы барып утулуп,
Тутканы барып тутулуп,
Кейишке түштү жигиттер
Кеталбай кайра кутулуп.

Мактымдын жашы көлдөдү,
Максатка жетпей мөгдөдү.
Эрмат да, Шермат, Эргешти
Эңсеген менен көрбөдү.

Тажабай, талбай жай-кышы
Тайчынын күчөп аңдышы,
Ансайын ырбап жарасы,
Арбыды шору, кайгысы.

Алсырайт четте тал өсүп,
Асмандан булут жай өтүп,
Күндүзү турду Күн өтүп,
Түн ичи турду Ай өтүп.

6

Жалдырап чепте камалып,
Жаш тургай көздөн кан агып.
Бозоруп жүрдү Ак Мактым
Боюна койбой каранып.

Ал жүрдү иштеп көлүктөй,
Ал сезди өзүн көнүкпөй:
Өлүкмүн десе – тирүүдөй,
Тирүүмүн десе – өлүктөй.

Бозоруп Мактым зарыгат
Бошоого болуп зарурат.
Азыр ал чепте камыкса,
Айлында көөнү ар убак.

Ал эстейт жайлоо гүлдөрүн,
Ажайып булбул үндөрүн,
Тең курбу кыздар чогулуп
Тектирде ойноп жүргөнүн.

Ал эстейт Айдын нурларын,
Айылды көрктөп турганын
Жок жерден көптү бар кылган
Жомогун эстейт Сурманын.

Ал эстейт мурда көргөнүн:
Апасы согуп өрмөгүн,
Акырын ырдап муңайым
Айсалкын чачын өргөнүн.

Ал эстейт эркин күндөрүн,
Ал кездин жыттуу түндөрүн,
Ак чөлмөк ойноп үлгүрбөй
Агарып таңдын сүргөнүн.

Ал эстейт айыл кечтерин,
Ак гүлдөр жыпар сепкенин,
Сезими көккө көкөлөп
Селкинчек тепкен кездерин.

Көйкөлүп турса жаз айы,
Көйнөгүн кийип башайы,
Буластап, күтүп Эргешти
Булакка барчу атайы...

Ал эстейт Эргеш чертмегин
Абазын кошуп черткенин,
Барышып экөө сейилдеп
Балыкты суудан серпкенин.

Эстейт да, муңу өркүндөп,
Эзилип көөнү көлкүлдөп,
Көкүрөк нымдап тунук жаш
Көзүнөн тамат мөлтүлдөп.

Жүрөгү сыздап зырылдайт,
Зырылдап күн-түн тыйылбайт.
Ындыны өчүп ыр ырдайт,
Ырдабай, ыйлап кыңылдайт:

– Эрке кыз элем элимде,
Эркекче өскөн жеримде,
Омоксуз мажес тал болбой,
Окшосом дегем эмилге.

Кыз туруп, эрге теңелдим,
Кызыгын жактап мен элдин,
Эңшерип турсам душманды
Элиме медер дегенмин.

Жабырга, шорго кезигип,
Жабыгып элим эзилип,
Маанайын душман түшүрүп,
Мазактап турса эсирип,
Жаталы кантип магдырап,
Жаталы кантип жалдырап –
Туш-туштан кыздар чогулган
Туйлатып минип аргымак.

Көбү анын жаадан жыгылды,
Көбүнүн деми тыйылды.
Өмүрү асыл кыздардын
Өз эли үчүн кыйылды.

Алардын эстейм нечени
Аздектеп жүргөн өз элин.
Өкүнүп жоктоп кыздарды
Өрттөнүп турат өзөгүм...

Бегарстан тайчы – кулаалы,
Кулагың сенин угабы?!

Өмүрүн кыйган кыздардын
Өзүңө тийсин убалы!..

Шор маңдай Мактым атандым,
Шодоюп чепке маталдым.
Уу жутуп тарткан убайым
Убалы тийсин апамдын!

Капкалың, муздак дубалы
Караңгы нымдуу турагы.
Эрмат да, Шермат, Эргештей
Эрлердин тийсин убалы!

Абжип бол, башың каңгысын,
Ансайын кайгың арбысын.
Өбөктөп күндө өксөгөн
Өзүмдүн тийсин каргышым!

Баардаш эмес, өгөйсүң,
Байкабас аны дөдөйсүң.
Карап тур, төккөн каныңды
Кан менен кайра төлөйсүң!..

Ак Мактым эркек бала эмес,
Кыз туруп жеңил, кагелес
Аргымак чапчу зыргытып,
Азыр да ойдо ал элес.

Чабендес эле машыккан,
Ат чабыш десе ашыккан.
Жүргөнүн эстеп ат минип
Жүрөгү сыздап ачышкан.

Кыз Мактым минтип күтүнгөн
Кыялын жакшы түшүнгөн

Беренбоз деген күлүгүн
Бегарстан колго түшүргөн.

Мингенде Назар лөкүйгөн,
Ак Мактым шашып өкүнгөн.
Күпүлдөп турган тайчыдан
Күлүгүн сурап өтүнгөн:

– Ат – менин асыл күдөрүм,
Ат менен бирге жүрөгүм.
Беренбоз атты бер мага,
Баргектеп багып жүрөйүн...

Сураса атын зарланып,
Сураса атын жалбарып,
Кандайча жооп айтат деп
Карашкан бегин жарданып.

Бегарстан ага: – Мал кенен,
Кеп бекен мага мал деген.
Белегим болсун – эл күбө,
Беренбоз атты ал! – деген.

Алчактап, туйлап жараган
Ал атты Мактым караган.
Курсагын дайым ачырбай,
Куйругун, жалын тараган.

Ал атын жүрдү бат эстеп,
Ал атын жүрөт бапестеп.
Мамырап тамда багылып,
Мактымды жүрдү ат эстеп.

Ал өзү болуп талапкер,
Ал өзү болуп саяпкер,

Ал асти башка бирөөгө
Айтпады: «Атты карап бер!»

Беренбоз суулук кемирип,
Белсенип, туйлап, элирип,
Керемет сулуу тулкусу
Келишип турду керилип.

Күлүккө тайчы суктанып,
Үзөңгү тээп бут салып,
Так ыргып минип, адырда
Тамаша кылды куш салып.

Бегарстан салса карчыга,
Жетпестен кушу баркына,
Чымчыкты дагы алалбай
Чыртыйып кайтты артына.

Талыкшып тайчы мүлгүдү,
Таштуу жол менен жүрдүбү:
Тайчыны катуу чочутуп
Капыстан күлүк мүргүдү.

Сабаса башка камчылап,
Маңдайдан кочкул кан чыгат.
Байсалдуу байкуш күлүктүн
Баратты жашы тамчылап...

Аптадан кийин апта өтүп,
Агылып күндөр жатты өтүп.
Жыбырап жайнап түн ичи
Жылдыздар таңда жатты өчүп.

Байгеге кошуп чапканы
Бегарстан күлүк таптады.

Көбөөрүп турган күлүктүн
Көргөндөр көркүн мактады.

Ак Мактым ойлоп тымызын:
«Атымда – менин ырысым»,
Безилдеп тилейт ичинен
Беренбоз күлүк чыгышын.

«Беренбоз күлүк чапканым –
Көңүлдө төлгө тартканым.
Алдыга чыкса күлүгүм –
Айлыма бара жатканым...

Ат чыкса – чептен чыкканым,
Тайчынын торун тытканым.
Көргөнүм Эрмат, Шермат да,
Эргештер жоону жыкканын.

Беренбоз чыкса оштоном,
Пейилим кеңип, ток болом.
Кучактайм жетип энемди
КууЧуюп, куурап боздогон.

Өткөндүн угуп дастанын,
Көңүлгө бекем сактадым –
Ташпиштүү апам Каныкей
Тайтору күлүк чапканын.

Беренбоз дагы алкынат,
Берендей көккө талпынат.
Каныкей апам тариздүү
Мен дагы турам калтырап...

Табамын кандай арганы?
Так азыр тийип жардамы,

Колдосо экен атымды
Каныкей апам арбагы...»

Күлүктүн баары чабылып,
Күтүрөп келет жабылып.
Ак Мактым карап караанын
Атына турду жалынып.

Кай бири күлүп ырсыят,
Кай бири үнсүз тымпыят.
Чамынып кээси «Чапкын!» деп
Чаңырып ачуу кыйкырат.

Чыгат деп чапкан күлүктү
Бегарстан турду үмүттүү.
Жарданып баары угушту
Жакындап келген дүбүрттү.

Карагын, мейли караба,
Зымырап тигил арада
Бегарстан чапкан аргымак
Жеткени калды марага!..

Маңдайда камчы зардабы
Сыздаган, күчөп арманы
Мактымдын аты Беренбоз
Марага карай чамдады.

Ал көрүп тигил тайчыны,
Ал эстеп тийген камчыны...
Арбыбас күчү арбыды,
Каргыбас жерден каргыды!

Марага жетти сай күлүк!
Мактанат минтип кай күлүк!

Мыкчыйып тайчы негедир
Мыйыктан турду жай күлүп...

Ак Мактым чуркап шаңданган
Аралап элди калдайган
Ал атын өптү, тайчынын
Камчысы тийген маңдайдан...

Ак Мактым айтты: – Жеңдим! – деп,
Атымды алып келдим деп.
Баарынан озду Беренбоз,
Баш байгең болсо бергин! – деп.

– Жок белем сенде баш дагы!
Байге эмес, бербейм таш дагы! –
Кумсарып тайчы, күлүктүн
Кулагын кесип таштады...

Бегарстан турду дулуюп,
Беренбоз турду мулуюп.
Куурады байкуш аргымак
Кулактан каны куюлуп...

Калгансып баары тумчугуп,
Койбоду бир жан унчугуп.
Назары турду култуюп,
Чынарстан турду тултуюп.

Ансайын арбып арманы,
Ак Мактым боздоп зарлады.
Молойгон атын жетелеп,
Тайчыны ичтен каргады.

Кармашмак беле тең келип,
Кайтышты чепке сенделип.

Күн сайын жем жеп Беренбоз
Күчүнө кирди демденип.

Сол жаккы молок кулакка
Карт туруп калган убакта
Ак Мактым асыл күлүгүн
Жетелеп келди булакка.

Коюптур муну ким билип,
Кокустан атка тил кирип,
Илкипат кылган Мактымга
Ич сырын турду билдирип:

– Тайымдан мени тапкансың,
Таберик кылып баккансың.
Кар жааса болуп чыкыроон,
Кастарлап жабуу жапкансың.

Ат болуп сага туйлаган,
Азапты такыр туйбагам.
Бастаттык нечен душманды
Байкатпай чыгып буйдадан.

Мөгдөтүп жоону жеңиштим,
Мөрөйдү утуп бериштим.
Алкынтып сонун ат минген
Ак Мактым сулуу дегиздим.

Туйгансың менин кайгымды,
Туягым жолдон тайгылды.
Тайчыга койгом жеткирип –
Тана албайм ошол айбымды...

Капкага бирге камалдык,
Бир көрдүк кордук, жамандык.

Бактыбыз баштан качса да,
Байсалдуу бойдон кала алдык.

Чыдабайм эми кордукка,
Чыдабайм эми зордукка
Безенген шалча жапсаң да,
Берсең да шалы, жонгурчка.

Көз жашым күндө селдетем,
Көңүлдү күндө дегдетем.
Сепилде бүттүм буюгуп,
Сен кетпейм десең, мен кетем!

Сен келип, бирге мен келип,
Сенделип жүрдүк тең келип.
Сен кетем десең, тең кетем,
Сен кетпейм десең, мен кетем!

Эркин жер – орду жакшы аттын,
Эркиндик эңсеп так каттым.
Мейли сен калсаң өз эркиң,
Мен кетем анда, Ак Мактым!..

Кетүүгө айла таба албай,
Кечилге чыдап кала албай,
Кыйналды экөө, талпынып
Кыялы болуп жагалмай.

Булакка Мактым, ат келип,
Бушайман ою бап келип,
Буркурап турду Ак Мактым,
Буркурап турду ат кейип…

**7**

Камакка болуп кириптер,
Камыгып жатты жигиттер.
Ак Мактым айтты тайчыга:
– Алардын жайын билип бер.

– Эшиткиң келсе кабарын,
Эч нерсе болбойт аларың.
Абайлап көрүп, түшүндүм
Аларга набак жагаарын…

– Таштачы ыксыз какшыкты!
– Аларың кылса кастыкты,
Жаткырмак белем жаздыкка
Жаздантып мамык жаздыкты…

– Көңүлүм болду алагды,
Көрсөтсөң боло аларды.
Ар күнү эстеп сабылып,
Аларды чыктым сагынып.

– Сагындың, билем, кимди сен,
Сагындың чындап бирди сен…
Кезиксең, койсо таанybaй,
Кетпегин болуп жинди сен.

Набакта жатып өлбөгөн,
Назарын сага бөлбөгөн,
Көөнү таш, муздак жигитти
Көргөндөн жакшы көрбөгөн.

Жердешиң сурап такыдың,
Жетти бейм эми акылың…
Өмүрүн алар набакта
Өткөрө берсин акырын…

Казганы арык, ор болуп,
Кабаарып колу чор болуп,
Каңгы баш кайран жигиттер
Камакта жүрдү кор болуп.

Набакта Эргеш үргүлөп,
Нааразы болуп үлдүрөп,
Өзөгүн анын өрт чалып,
Өзүнчө сүйлөйт күңгүрөп:

– Канатым сынып кайрылып,
Камакта жүрөм кайгырып.
Эрешен кырчын чагымда
Эл-журттан калдым айрылып.

Күтсөм да, балким, түк келбес
Күлүгүм жылоо үзгөн кез.
Жыгылып барктуу чынарым,
Жылдызым жерге түшкөн кез.

Жатканча мында кайышып,
Жабыркап сүбөө майышып,
Жаракты сунуп, жоо менен
Жакшы эле өлсөм сайышып.

Аттиң ай, эркин чак болсо,
Жанымда албарс шап болсо,
Алчаңдап жерди чапчыган
Аргымак мага бап болсо...

Алкынып чурап атым да,
Айланса катуу закымга,
Тартмакмын кылып көкбөрү
Тайчыны басып такымга!

Мактымды эстеп зилдеймин,
Маң болуп башым, жиндеймин.
Көрөркөз эле жан бирге,
Көрөмбү кайра, билбеймин?..

Чалынып торго калыппыз,
Чалдыктык дартка айыккыс.
Жамаатташ жерде жакынбыз,
Жап-жакын туруп алыспыз.

Азуусун Айга жаныган
Алымкор тайчы абыдан
Чынжырлап матап Мактымды
Чыгарбайт имиш жанынан.

Гүл эле, өрттөп күл кылып,
Күн эле, койду түн кылып.
Маңкайган кызын кыргыздын
Мазактап бүттү күң кылып.

Каркыттан арак куйдуруп,
Каадасы менен сундуруп,
Көйкөлдү дешет Мактымды
Көзүнө тайчы нур кылып.

Башынан сылап жагынып,
Чачынан жыттап жалынып
Олтурган чыгар тайчы деп
Ойлосом түтөйт каңырык...

Жабыркап, жүдөп, түнөрүп,
Жалдырайм айлам түгөнүп.
Жанымды эзген бул набак
Жайымбы жатар түбөлүк?..

...Аптага күндөр айланды,
Алмашты айлар айларды.
Суу каптап, күүгө толтурду
Сумсайып жаткан сайларды.

Жай түркүн гүлүн жайган кез,
Жаагын булбул жанган кез,
Тайчынын Асан, Үсөнү
Үч жашка чыгып калган кез.

Ак Мактым багып эгизди,
Алпештеп сүтүн эмизди.
Эгиздер андан тайбады,
Эмчегин кырча чайнады...

Эгиздер кылбай пайданы,
Эненин колун байлады.
Ансайын тайчы кызганып,
Артынан аңдып пайлады.

Балалуу болду – кетпейт деп,
Кеткенди кайдан эстейт деп,
Камырап койбой Мактымдын
Качууга күчү жетпейт деп,

Бегарстан пейли бузулуп,
Бейжайлык кылып, туз уруп,
Мандемин таап жок жерден
Мактымды урду кутуруп.

Күчөттү тайчы азапты,
Күчөттү тайчы казапты.
Көңүлү сыздап Мактымдын
Көзүнөн кандуу жаш акты.

Асылбас жерден асылды,
Бакырбас жерден бакырды.
Тыраңдап тайчы Мактымга
Тырмагын катуу батырды.

– Кутурткан сени ким? – деди
Кунарсыз, ойлоп бил! – деди.
Сай-сөөгүн анын сыздатып
Сасык сөз менен тилдеди.

– Кулкунуң жүрөм толтуруп,
Куунадың үйдө олтуруп.
Көрөм деп эңсеп Эргешти
Көөнүңдө кылдың сойкулук...

Катынсың кашкөй, тик көздүү
Кабанаак, ажаан ит көздүү!.. –
Уңшуюп Мактым уңшуду
Укканда мындай ит сөздү.

Кетем деп боздоп ыйлаган,
Кемшиңдеп жашын тыйбаган
Беренбоз кетпей калганы –
Бейтаалай ээсин кыйбаган.

Ачуунун кастын капкасын
Айласын кантип таппасын,
А бирок, жалгыз Мактымды
Азапка кантип таштасын.

Кабагы бүркөө муңайып,
Кагырап өңү кубарып
Буюккан Мактым бурагын
Булактан турду сугарып.

Камбар ат айтты телмирип:
– Кайгыңды турам мен билип.
Мейкинде, аттиң, баратсак
Мен чуркап, мени сен минип…

Капканы эптеп ачалы,
Качалы, Мактым, качалы!
Каары күчөп ансайын
Арыздын өттү азабы.

– Чирик сөз сүйлөп күңкүлдөп,
Чирик сөз сүйлөп бүлкүлдөп,
Жуукурдук кылып шектенип
Жулугум аңдыйт күн-түндөп.

Амалы абдан ашынды,
Жылдырбай алыс башымды,
Бегарстан уктайт төшөктө
Белине ороп чачымды.

Узун чач – укмуш чач дешип,
Узун чач – таалай-бак дешип,
Тең курбу кыздар өкүнчү:
«Чачыбыз кыска, кап! дешип.

Бактым деп чачым сыладым,
Бап келбей бирок кыялым,
Көп көрдүм узун чачымдын
Пайдадан көрө зыянын.

Сарсанаа болуп буулугуп,
Заманам турат куурулуп:
Чыргоолуу тайчы койнунан
Чыгалам кантип суурулуп?..

– Ашынса анын амалы,
Амалга амал табалы.
Камынгын жолго тымызын,
Кантип биз качпай калалы.

Бергим бар сага барымды,
Белсенген кубат-алымды.
Ак Мактым, ишен өзүңдөн
Аягым келбейт жанымды.

Аябайм, анын неси бар,
Куйругум узун – кесип ал,
Чамалап тайчы сезбесин,
Чач сындуу өрүп-эшип ал.

Жатканда чачың алып кой,
Жанына куйрук салып кой.
Куйрукту белге оросун –
Сен өзүң эркин болосуң...

Кечинде Мактым эт салды,
Кенен бир жейли деп салды.
Тайчынын көөнүн көтөрүп
Тамаша кошуп кеп салды.

Каркыттан Мактым аракты
Кайталай куйса жаратты.
Үзүрүн көрүп үлпөттүн
Үргүлөп тайчы баратты.

Беренбоз койбой корунуп,
Мактымды күттү тоорулуп.
Белине куйрук оронуп,
Бегарстан тартты коңурук...

Капкадан күлүк ат чыкты,
Кармалбай секин, бат чыкты.
Көргөндө Мактым эркиндик,
Көзүнөн мөлтүр жаш чыкты.

Баратты күлүк талпынып,
Баратты зуулап алкынып.
Булутка окшоп артынан
Буралып калды чаң чыгып.

**8**

Атынан тери тамчылап,
Ак Мактым барат камчылап.
Кас душман жетип артынан
Кармарын ойлоп жан чыгат...

Томсорот көктө Ай гана,
Токой, чер экен айлана.
Күлүк ат, Мактым туш келди
Күүлөнүп аккан дайрага.

Көпкөлөң дайра күркүрөп,
Көбүгү көккө бүркүлөт.
Тилсиз жоо көрүп Мактымдын
Тулкусу турду дүркүрөп.

Кечүүнүн жиги билинбей,
Көрүнөт баары иримдей.
Түз өтөр мындан кайсыл жан
Түн ичи суугa киринбей.

Шаркырап оргуп кайнаган
Шарларды тиктейт кайрадан:
– Өлгөндөн көрө тайчыдан,
Өлгөнүм жакшы дайрадан!..

Токтотуп Мактым акылын,
Тобокел айтып акырын,
Тийгизип камчы сооруга,
Тизгинин какты атынын.

Асманда секин Ай жылып,
Ат кирди суута айбыгып.
Жылдырды секин буттарын
Жыгылбас үчүн тайгылып.

Суу ашса аттын жалынан,
Жүрөгү чыгып кабынан,
Түнөрдү Мактым түктүйүп
Түңүлө жаздап жанынан.

Бараткат үрөп ат жанын,
Ак Мактым кармап ат жалын
Абайлап сезди калтырап
Аргымак бир топ акканын…

Мал экен кайрат-алы бар,
Мал болсо дагы багы бар –
Далбастап жатып акыры
Дайрадан чыкты жаныбар.

Чыгышты жашыл аралга,
Чымчыктан миңи бар анда.
Чырпылдап алар ойгонуп,
Чыгыштан атты таң анда.

Көп жерге минтип өнбөгөн,
Көп жерден адам көрбөгөн
Көк шибер жатат, карасаң –
Көйкөлгөн жумшак көлдөлөң.

Күн боёп адыр, кырларды,
Күлүңдөп токой нурланды.
Алкынган суугa киринген
Ак Мактым Күнгө курганды.

Шиберге оонап тайраңдап,
Шиберде оттоп сайрандап,
Бейпилдик сезип жыргалдуу
Беренбоз жүрдү жайдаңдап.

Жай кылып жашыл аралды,
Жакшы ойлор дилде жаралды.
Ак шардуу дайра боюнда
Ак Мактым жуунуп-таранды.

Буруксуп гүлдөр жайнады,
Булбулдар таңшып сайрады.
Алаксып турду кыялга
Ак Мактым карап дайраны...

Селт этти Мактым кокустан!..
Караса аны чочуткан
Бегарстан менен Чынарстан –
Из куушуп келген ыраактан.

Мингени букта, тукул ат,
Өтө албай суудан мукурап,
Ага-ини минтип айласыз
Абалга турат учурап.

Кечейин десе кече албай,
Жетейин десе, жете албай,
Кейиди шашып Бегарстан
Кетейин десе, кете албай.

Алардын шартын билген соң,
Алардын дартын билген соң,
Ак Мактым артка качпады,
Алактап коркуп шашпады.

Бирине бири кездешип,
Бирине бири беттешип,
Өйүз да, бүйүз ал экөө
Өткөндү турду эстешип.

Бүйүздө турду эзилген,
Ырысы кемип кесилген.
Өйүздө турду эзгени,
Теңирдей өзүн сезгени.

Өйүздө турду зор болгон,
Бүйүздө турду кор болгон.
Өйүздө орой күч турду,
Бүйүздө сулуу жүз турду.

Кыйкырды тайчы: – Мактымжан!
Өткөнү келдим астыңдан.
Өзүңө тилим тийгени –
Шаштырып шайтан азгырган.

Мойнума алам – эсирдим,
Мойнуңа минип жекирдим.
Алдыңа келдим атайы,
Айбымды, Мактым, кечиргин.

Сергиткен жанды түгөйүм,
Сен качсаң, учту үрөйүм.
Эшек курт түштү мурдумдан –
Эмне айтсаң, жасап жүрөйүн.

Өтүп кел бери дайрадан,
Өмүрлөш жар бол кайрадан.
Каңгырап башым, талмоорсуйм
Караңгы тартып айланам.

Эң зарыл бизге ынтымак,
Эгизиң ыйлар чыркырап.
Кол булгайт сени чакырып,
Койсочу көөнүң зыркырап…

Ак Мактым, артка кайт бачым,
Айтканды керек акташым.
Бардыгын дароо аткарам,
Бар болсо шартың, айт бачым?..

Кыйкырды анда Ак Мактым:
– Кай шартты сага айтмакмын?
Жигиттер чыксын набактан,
Чыкса эле сага кайтмакмын.

– Айтканың, Мактым, аткарам,
Аткарып туруп мактанам, –
Инисин тайчы жиберди
Чыгар деп үчөөн капкадан.

– Турагың болчу ак сарай,
Ак Мактым, сага чак сарай.
Сарайың турат заңгырап,
Өзүңдү жоктоп аңгырап.

Жарабас жорук баштадың,
Жайыңды неге таштадың?
Сарайың кайра санжапта,
Сардалым Мактым аппагым.

Түшпөстөн азап, кейишке
Жүргөнсүң, Мактым, бейиште.
Бейжайдуу жумуш баштадың,
Бейишиң неге таштадың?

Айбан да карайт баласын,
Тайган да карайт баласын –
Бөйтөйгөн эгиз баладан
Бөлүнүп кайда барасың?

Аябай күмүш, зарымды,
Арнасам сага барымды,
Өгөйлөп неге өксүттүң
Өмүрлөш мендей жарыңды?

Таарынтуу жаман турбайбы –
Тарткызбайм эми бир кайгы.
Жалбарып айтам: өтүп кел –
Жадырап кайра жыргайлы!..

Чынарстан чепке жетсе деп,
Жигиттер бошоп кетсе деп,
Убакты созуп атайы
Улады Мактым кепке кеп.

Келалбай тайчы өзү өтүп,
Мактымдан турду көзү өтүп.
Далбаса урду кайпактап
Дайрадан түмөн сөзү өтүп.

Көрүнүп туруп көздөрү,
Бөлүнүп туруп өздөрү,
Шарды аттап өйүз-бүйүзгө
Шарт жетип турду сөздөрү.

Мактымдын сөзү ары өттү,
Сөз эмес, жүрөк зары өттү.
Бери өттү сөзү тайчынын,
Айткансып турду ал чынын...

Сөз учуп улам сөздөн соң,
Бир оокум убак өткөн соң,
Абайлап Мактым болжоду
Аралга жамгыр төккөн соң:

Чыкты эчак чептен алар деп,
Шыр кетчү жолго салар деп,
Айылга, балким, өзүмдөн
Ал үчөө мурда барар деп.

Айтылар сөзү түгөндү,
Атына салды жүгөндү.
Кымылдап турду ичинен
Кылбастан тайчы күмөндү.

Күдөрүн үзбөй узакка,
Күлүңдөйт тайчы бу тапта:
«Ардактап тосуп алайын –
Ак Мактым келет кучакка!..»

Ак Мактым сулуу койкоюп,
Атына минди чойкоюп.
«Бере гөр, теңир, эми...» деп
Бегарстан турду болпоюп.

– Кайгыга салып жанымды,
Кактабай соргон канымды
Кайыр кош, канкор, өзүңө
Камдай бер эми кабырды!

Кайрылып бир күн келебиз,
Катыгың колго беребиз!
Бүктөйбүз кайрып белиңди,
Бүткөн жок али эрегиш!

Короо да, короо мал алып,
Кор болду элим таланып.
Куураттың эзип кыргызды
Курсагың тойбой жаланып.

Кесириң артты кутуруп,
Кетпейсиң кектен кутулуп.
Убайрам болуп улуйсуң –
Узун да элде укурук!..

Ат башын Мыктым бурарда,
Тайчы айтты: – Калба убалга! –
Эгизди эки колуна
Көтөрдү: – Кайткын буларга!..

Кайтпасаң азыр карагын –
Эгизди сууга саламын!
Кем тумшук болсо энесиз,
Кереги эмне баланын?..

– Кайталбайм, канкор, кайталбайм!
Кайтам деп сага айталбайм!
– Эгизди сууга салуудан
Эмесе мен да жалтанбайм!!.

Ак Мактым калды апкаарып...
Айтканын тайчы аткарып,
Жинденип эки перзентти
Жиберди сууга бат салып...

Аргымак кетти алкынып
Ак Мактым койсо камчы уруп.
Тили жок дайра боюнда
Тиңшийип турду тайчы улуп...

**9**

Карабай Мактым артына,
Казаптуу, канкор тайчыга,
Чыбырды, черди аралап
Чыгарды күчүн камчыга.

Жүргөнсүп көп күн зеригип,
Жүгүрдү күлүк элирип.
Оттосо жашыл аралдан
Оожала түшкөн семирип.

Ак Мактым эркин кездеги
Абалын кайра эстеди.
Жабырды тартып туткунда
Жатканын азыр сезбеди.

Азапты тарткан жалдырап
Ак Мактым жүзү албырат.
Алдыга сызып баратат
Арышын керип аргымак.

Камчылап Мактым атын бат,
Канаты бардай закымдап,
Ар түнү кирчү түшүнө
Айлына калды жакындап.

Жатыптыр нике той болуп,
Каадасы тойдун чоң болуп.
Кыйкырса жарчы жар салып,
Ак Мактым калды ойлонуп.

– Э-эй!
Жашыңар менен карыңар,
Жаамыңар кулак салыңар!
Байгеге аттар айдалат
Байтактан бери чабылар.

Ат кошор болсоң, ат кошкун,
Аралжы болбой, бат кошкун!
Марыйсың чыкса күлүгүң,
Марага барып ат тоскун!

Жанына келип үйүнүн,
Жалбарып чаап жүлүнүн,
Бала таап Мактым чабандес,
Байгеге кошту күлүгүн.

Ак Мактым айтты: – Беренбоз!
Экөөбүз болдук терең дос.
Жүгүрүп жетсең биринчи,
Жүрөгүм сууруп берем, дос!

Мактымдын талбас тулпары
Баарынан ыкчам чуркады.
Чамынып зуулап баратса
Чаңыды түздүн турпагы.

Эсинде өткөн кездери:
Марага чуркап жеткени,
Кубанып турган күлүктүн
Кулагын тайчы кескени…

Беренбоз келип намыска,
Белсенип түшүп жарышка,
Алкынып жетти марага
Аттардан озуп алыска!..

Толгон эл турду чуулдап,
Толгон эл турду дуулдап:
– Бул кимдин аты чыкты? – деп,
Буудан ат экен мыкты! – деп.

Көңүлдү бийлеп салтанат,
Күлүккө көбү тамшанат.
Ыраазы болуп үн созуп
Ыр менен жарчы жар салат:

– Эгесин ушул аттын дейт
Иликтеп араң таптым дейт.
Береги атты таптаган
Бейдарек кеткен Мактым! – дейт.

Келин-кыз угуп сүйүнүп,
Келишти чуркап күйүгүп.
Орошон барктуу Мактымды
Ортого алды үйүлүп.

Эрматы жетти бир жактан,
Шерматы жетти бир жактан.
Эргеш да келди элтеңдеп
Эзилип тордо бир жаткан.

Көксөшкөн жаштар көрүштү,
Көздөрдөн жашты төгүштү.
Баш байге алган Мактымдын
Соорунун теңдеп бөлүштү.

Казаптан кайрып күйөрү,
Азаптан болбой күмөнү,
Жадырап турду Ак Мактым
Жарыла жаздап жүрөгү.
Колуна тийип адеби,

Катты эле чепте кадеми.
Абийир тапты Беренбоз
Ат болуп сонун, адеми.

Ооруксуп тили кургаган,
Ордунан мөгдөп турбаган
Сурмага кыздар чуркашып,
Сүйүнчү алды курчашып.

Көрөркөз кызын кучактап,
Көп турду Сурма бышактап.
Көлдөлөң үстүн нымдады
Көзүнүн жашы бурчактап.

Чымчымдан тамак жегенсип,
Чыгыптыр эрди кеберсип.
Ооматы деле барсынат,
Оокаты дале кененсип.

– Каралдым, жүрдүм аргам жок,
Карачы, менде дарман жок...
Көзүңдү көрдүм тирүүмдө,
Көөнүмдө эми арман жок!..

А дүйнө кетти Байсары,
Ажалга жетсин кайсы алы.
Асылып жүрүп акыры
Атаңды сыркоо кайсады...

Эрматын колдон кармады,
Шерматын колдон кармады.
Бажырап Сурма олтурду
Балдардын болуп ардагы.
Жайлоолор оңуп саргайып,
Жан калбай жүргөн мал жайып,

Булуттар көчкөн чак келди
Бужугур тартып калдайып.

Боз үйлөр конуп түздөргө,
Күздөөгө айыл түшкөндө,
Түйшөлүп улам көчпөстөн
Түйшүгү элдин бүткөндө.

Эрмат да алды колукту,
Шермат да алды колукту.
Экөө тең эгиз, окшошкон
Энелеш жарга жолукту.

Эргеш да жакшы ой кылып,
Эт-майды арбын мол кылып,
Малкытып элди тоюнтуп,
Мактымды алды той кылып.

Көрсөңөр жаштык – жаштык да:
Көшөгө тартып капшытка,
Башынан ынак эки жаш
Баш койду жалгыз жаздыкка.

Үч үйдүн булап түтүнү,
Бир өтүп турду бүтүмү.
Ысыса үч үй тең ысып,
Үшүсө бирдей үшүдү.

Үч үйдүн Сурма мейманы –
Адамдын момун, бейгамы.
Ал кайыл ысып, үшүйбү –
Кыдыра берет үч үйдү.

Антсе да душман тындырбай,
Азапты берип жылдырбай,

Талашат элдин насибин
Таранчы алган кыргыйдай.

Алыкты бер деп бир келет,
Салыкты бер деп бир келет.
Кызымтал кезде кыз көрсө,
Кызарып көзү тирмеет…

Айылга бүлүк салышат,
Айылды тоноп, чабышат.
Эсирип кызын уурдашып,
Эненин жашын агызат.

«Душманга күң да, кул болдук,
Жесил да болдук, тул болдук.
Качанга чейин созулат
Калк азап тарткан бул кордук?! –

Муну айтып айыл жаштары
Бейгамдык кезди таштады.
Алыска чейин жол кезип
Арбын кол курай баштады.

Каскактан канча табышты,
Саадакты сансыз тагышты.
Алеңгир салып душманга
Алмакчы болду намысты.

Жигиттен жигит тандалып,
Жигердүү жаштар камданып,
Эрмат да, Шермат, Эргештер
Ээликти жолго шайланып.

Бардыгы минди казанат,
Багынтып, сүрүп, жазалап,

Ала-Тоо жерин душмандан
Арылтуу үчүн тазалап.

Колуна берип эсепти,
Колколоо үчүн кесекти
Калың кол жылды күтүрөп
Жиберип алга жесекти.

Арылган оор дартынан,
Ак жоолук башта жаркыган
Сурма эне чыгып дөбөгө,
Балдарын карайт артынан.

Ак олпок денге кийгени,
Аргымак болуп мингени,
Алдында колдун жол баштап
Ак Мактым барат илгери...

* * *

...Бул дастан мезгил сырлары,
Байкалган мезгил ыргагы.
Бердим мен айтып өткөндү
Беш кылым мындан мурдагы.

*Февраль, 1984. Октябрь, 1985.*
*Арашан–Переделкино.*

## АК САТКЫН

### 1

Көктөмдө Ноокат көрктөндү жайнап,
Көк нооту кийип көйкөлдү аймак.
Шаттанды жыргап дарактын баары
Шагына сансыз барикти байлап.

Канаты назик көпөлөк учту,
Карлыгач эргип көкөлөп учту.
Жумушу кызып, уясын салып,
Жуп болуп куштар экөөлөп учту.

Колоттон, сайдан күү чыккан учур,
Кооз да, жыттуу гүл чыккан учур.
Күңкүгөн жазда түгөйүн издеп
Күкүктөн муңдуу үн чыккан учур.

Чагылган улам жаркылдап көктөн,
Чакмагын чакты чартылдап көктөн.
Кайтадан асман кабагын ачып,
Каз учуп өттү каркылдап көктөн.

Акырын сүзүп ак булут калкыйт,
Адырдан коңур боз шыбак аңкыйт.
Көктөмдө жердин пейили кеңип,
Көктөмдө көптүн көңүлү чалкыйт.

Күлүңдөп балкып таң аткан мезгил,
Күн укмуш нурун тараткан мезгил.
Буластап атлес көйнөгү көлкүп
Бул жазга кыздар жарашкан мезгил.

Көп кыздын бири Ак Саткын аттуу,
Көзү бир нурдуу, сөзү бир таттуу.
Адамдар көрсө алгачкы жолу
Айтары бышык: «Кыз эмес, ак куу!»

Ноокатты жердеп туруучу Саткын,
Ноокаттын укмуш сулуусу Саткын.
Эс-акыл жактан, зиректик жактан
Эчен бир кыздын улуусу Саткын.

Тандырга патир жапчу эле Саткын
Таңшытып комуз какчу эле Саткын.
Алака кылып баарыга бирдей
Айлына бүтүн жакчу эле Саткын.

Кештечи эле, саймачы эле,
Кепкор кыз эле – сайрачу эле.
Улуунун баарын урматтап, сыйлап,
Убада сөздөн тайбачу эле.

Бир үйдүн Саткын жалгызы эле,
Бир үйдүн жыттуу жалбызы эле.
Бир үйдүн Күн-кыз, Ай-кызы эле,
Бир үйдүн күйүт, кайгысы эле.

Өстү деп кызым кубанчу эне,
Кубанбай ата туралчу беле.
Аттиң-ай, кетет күйөөгө дешип,
Ата-эне кайра муңайчу эле.

«Кеткин деп аны айдамак белек,
Кетпе деп аны байламак белек.
Алыска эмес, жакынга чыкса,
Ал дайым бизге айланат, келет...»

Келбеттүү кызын алыска экөө
Кетирбей алып калышка экөө
Келишип ичтен өз ара секин
Кеп кылат кемпир, абышка экөө.

Бешене жайнап бейпилде өскөн
Бейкапар эле кыз мындай сөздөн.
А бирок, кызды негедир быйыл
Айлантып башын мас кылды көктөм.

Көздөрү жайнап бажырап турду,
Көктөмдөй Саткын жадырап нурдуу –
Баралга жетип чытырап толуп,
Балалык чактан ажырап турду.

Саткындын сонун дөңү бар болчу,
Ал дөңдү барктар жөнү бар болчу.
Өткөндө жылып төрт мезгил секин
Өзгөрүп турар өңү бар болчу.

Турчу эле дөңдө шаа терек өсүп,
Башынан өтчү ак булут көчүп.
Түрлүү куш конуп пааналап аны
Түбүндө жатчу көлөкө көшүп.

Ушул дөң таңга умтулат эрте,
Ушул дөң жазга умсунат эрте.
Бул дөңгө дайым Күн чыгат эрте,
Бул дөңгө жазда гүл чыгат эрте.

Башынан Саткын бул дөңгө көнгөн,
Бул дөңдө ойноп өскөн да, өнгөн.
Көктөмдө майин чөп чыккан кезде
Көрүүгө болот аны ушул дөңдөн.

Албырып Саткын өңүнө чыгып,
Айылдан четке бөлүнө чыгып,
Зыяда аттуу жеңеси экөө
Олтурду тааныш дөңүнө чыгып.

Акак таш, мончок такчу эле Ысак,
Алпештеп кызын бакчу эле Ысак
Кереги тийген кездерде дайым
Саткынды дөңдөн тапчу эле Ысак.

Ысактын Чотур агасы эле,
Чотурдун Сапар баласы эле.
Жашынан Сапар мал жандуу өсүп,
Жылкыда болчу санаасы эле.

Зыянын Сапар күйөөсү эле,
Турбаган үйдө бүлөсү эле,
Артынан жүрүп жылкынын дайым
Ар жерде конуп-түнөчү эле.

Зыяда кыздын сырдашы эле,
Эл жокто экөө жыргачу эле.
Ал келин назик абазын созуп
Ашыклык ырын ырдачу эле.

Азыр да дөңдө олтурду экөө,
Көңүлдү сөзгө толтурду экөө.
Көп убак тогуз коргоолду ойноп
Көчүшүп улам кол сунду экөө.

Балалык чагын ойлошту экөө,
Балдарча топташ ойношту экөө.
Балыкка окшош билегин аппак
Абада эркин ойнотту экөө.

Зыяда темир комузун какты,
Зыяда күүсү Саткынга жакты.
Кыз көзү дөңдөн алысты карап,
Кыйыры чексиз кыялга батты.

Комуздун тили дирилдей берди,
Көп ойлор артка кийиндей берди.
Санаага салган түйшүктүү сезим
Саткынга азыр билинбей келди.

Ал сезим бийлеп акылды, ойду,
Арбатып дилин мелтиреп ойлуу
Асманды карап, булутту карап,
Ак Саткын өзүн унутуп койду.

Зыяда укмуш күү кагып бүтүп:
– Ашыклык сенин көөнүңө түшүп
Калганбы деймин, айтсаңчы чынын?.. –
Жадырап турду кыз жообун күтүп.

– Атайы собол бердиңиз неге?
Ашыклык деген ал эмне, жеңе? –
Сагынта берчү таалайбы аның?
Сабылта берчү сарсанаа беле?

Дегдете берчү үмүтпү жеңе?
Денени соргон сүлүкпү, жеңе?
Көңүлгө жарык нур себер күнбү?
Көңүлдү эзер күйүтпү жеңе?

Ашыклык жакшы немеби, жеңе?
Айтсаңыз анын себеби неде?
Ааламда жүргөн адамга ар бир
Ашыклык сөзсүз келеби, жеңе?

Көөнүмдү менин ачсаңчы, жеңе,
Көктөмдө суудай ташсаңчы, жеңе.
Аянбай, катпай башыңдан өткөн
Ашыклык сырын айтсаңчы, жеңе...

– Кыстасаң, сага не дейин, кыз ай,
Кыйылып кайгы жебейин, кыз ай.
Өзөктө буккан купуя сырды
Өзүңө айтып берейин, кыз ай.

Алкынып шары батпаган сайга
Ашыклык – жерди каптаган дайра.
Ашыклык – жалын жалбырттап күйгөн
Жарыгы жеткен асманда Айга.

Ашыклык – дайым адамга канат,
Андан ал асыл бактысын табат.
Ашыклык – кайгы, жүрөгү канап,
Алданса андан акылдан танат.

Өзүмдөн башка байкабас, билбес
Өттү, аттиң, менин башымдан бир кез...
Кут сындуу каткан сырымды ыйык
Кунт коюп эми кулак сал, бийкеч.

Анда мен сендей таалайлуу чагым,
Асмандап оюм, маанайлуу чагым.
Бешенем жарык өзүңө окшоп
Беш көкүл чагым, саамайлуу чагым.

Укмуштай бийик Алайдын тоосу,
Угулат андан улардын доошу.
Өрүн да, төрүн гүл каптап жыттуу,
Өзүнчө жомок жайлоонун коозу.

Жайлоодо жүргөн кезимде, кыз ай,
Жайнаган күнүм эсимде, кыз ай,
Алгачкы жолу туш болгом анда
Ашыклык деген сезимге, кыз ай.

Азамат жигит ак калпак кийген
Атайы менин энчиме тийген.
Өзөгүм менен дилимди бүтүн
Өзүнө бекем имерип, ийген.

Көрсөм деп сүйлөп, күлүшүн, кыз ай,
Көксөчү элем күнү-түн, кыз ай.
Уктасам дайым түшүмө кирип,
Уланда эле үмүтүм, кыз ай.

Турганда түндө кучакка кысып,
Тулку бой балкып кетчү эле ысып.
Жагымдуу коңур добушу менен
Жадырап-жайнап сүйлөчү кызык.

Түн ичи секин кездешкен элек,
Түйүнү татаал кеп чечкен элек.
Ардактап сыйлар болууга түгөй
Антташкан элек, шерттешкен элек.

Капыстан тагдыр бороону согуп,
Капыстан ысык сезимдер тоңуп,
Өкүнүч өңүп көңүлдүн ичин,
Өрттөндү өзөк кайгыга толуп.

Ардактар кызын ата-энем кордоп,
Агаңа берди өзүмдү зордоп.
Ашыгым калды мусапыр болуп
Алы жок мени каларга коргоп.

– Жеңеке, берген шертиңиз кайда?
Жеңеке, сиздин эркиңиз кайда?
Безенип сүйлөп, жалбарып сүйлөп
Бербептир куру серпилиш пайда.

Уланга тиккен көзүңүз кайда?
Убада кылган сөзүңүз кайда?
Кейишке салып уланды таштап,
Кеттиңиз, жеңе, өзүңүз кайда?

– Ата-энем: – Башка айла жок дешти,
Алкына бербе – пайда жок! – дешти.
Себилип кеткен көзүнүн жашы
Сен өңдүү кыздар кайда жок дешти.

Бел куда алар болушкан тура,
Бекитип сөздү коюшкан тура.
Ата-энең берген калыңын жешип,
Ата-энем менин тоюшкан тура.

Ашыклык сезим ашына түшсө,
Ашыклык сенин башыңа түшсө,
Ашыклык эмне – билерсиң сен да,
Абалга башың иерсиң сен да...

– Бул сөздү айтып таңданттың, жеңе,
Бул сөздү айтып арданттың, жеңе.
Ант-шертти берген ашыгым үчүн
Ажалга туура бармакмын, жеңе!..

– Азапка салып башымды, кыз ай,
Аябай төккөм жашымды, кыз ай.
Ашыклык деген жаркырак Айым
Аскадан ары жашынды, кыз ай.

Акырын ыйлайм ал кезди эстеп,
Ата-энемди чарчадым жектеп.
Күлкүсү медер балалуу болуп,
Күн көрүп келем эптеп да, септеп.

– Ашыклык кыйын дейли биз, жеңе,
Абама кандай пейлиңиз, жеңе?
Калп эле көңүл жубатпай айтып,
Кападар кылсаң мейлиңиз, жеңе.

– Абаңа башым ийгеним чындык,
Ашын жеп, кийимин кийгеним чындык.
Антсе да, кыз ай, Сапарга өзүм
Ашык болбой тийгеним чындык.

Урунуп кээде кагыша калып,
Урушуп, кайра табыша калып,
Көргөзбөй ага уурданып сүртөм
Көзүмдүн жашын агыза калып.

Чыр мүнөз Сапар жаңжалдуу неме,
Чыртыйган жапан, мал жандуу неме.
Унутуп үйүн, мал менен жүрөт,
Мал менен жүрсө, ал кенен жүрөт.

Жашадык бир топ, төрүбүз толду,
Жашоого минтип жөнүбүз болду.
Бурулбай артка жыл өтүп жатат,
Бул турмуш бизге көнүмүш болду.

– Ак калпак кийген ашыгың кайда?
Ардактар сенин асылың кайда?
Жараңа, жеңе, койдумбу тийип,
Жалдырай түшүп, жашыдың кайра?..

– Ажарын көрбөс далайга, кыз ай,
Ак калпак жигит Алайда, кыз ай.
Ырасын айтсам күмүшкө жетпей,
Ыраазы болдум калайга, кыз ай.

Мен го мен минтип мен болдум, кыз ай,
Мертиндим, чөктүм, кем болдум, кыз ай.
Аздектүү, барктуу сен болгун, кыз ай,
Азамат эрге тең болгун, кыз ай.

Жайлоодо гүлдөй жайнасаң экен,
Жакшына жарды жандасаң экен.
Ашыклык кезди ардактап ыйык,
Ант-шерттен мендей тайбасаң экен.

Азыр сен жийде бураксың, кыз ай,
Акактай тунук булаксың, кыз ай.
Термелген желге ноода тал сенсиң,
Тең тандаар азыр убактың, кыз ай.

Акылдуу сага тең керек, кыз ай,
Ал теңге асыл сен керек, кыз ай.
Бирине бири жуп келсе пейли
Бирине бири дем берет, кыз ай.

Көңүлгө жакса жубайың, кыз ай,
Көрөсүң анын убайын, кыз ай.
Көк мелтей болсо жубайың, кыз ай,
Көбөйөт сенде убайым, кыз ай.

Айтайын бир ой жакшылык каалап,
Ал ойду байкап өлчөп көр баалап.
Жакса эгер мага ыраазы болгун,
Жакпаса айткын өзүмө наалат.

Бөлөм бар менин Кулмурза аттуу,
Көзү бир оттуу, сөзү бир таттуу.
Колунан көөрү төгүлгөн уста,
Комузчу, ырчы көңүлү шаттуу.

Бөлөм бар менин Кулмурза аттуу,
Көргөндүн дароо көөнүнө жакчу.
Ыраазы кылат кабылган жарды,
Ылайык ага өзүңдөй ак куу.

Көрсөтөм сага бөлөмдү, кыз ай,
Көрбөймүн десең, көнөмбү, кыз ай.
Сезгенсип турам – Кулмурза бөлөм
Сен үчүн гана төрөлдү, кыз ай.

Кулмурза сага мунасип, кыз ай,
Күч-кубат берер күлазык, кыз ай.
Көрөр көз жары сен болсоң эгер
Көңүлүң жайнайт гүл ачып, кыз ай.

Экөөбүз болдук сырдана, кыз ай,
Айта жүр дайым сыр мага, кыз ай.
Экөөңдү кошуп бактылуу кылуу
Эмки оюм менин бир гана, кыз ай.

Кыз Саткын ойго чөмүлүп калды,
Кыялы кыркка бөлүнүп калды,
Жеңеси айткан кеңеши жагып
Муюган түрү көрүнүп калды.

Анжиян жактан аттарчы келди,
Ал берип белги, жыйнады элди.
Ал сатып самын, чач тарак, бетмай
Ал элден алды жүн, тери, эт, май.
Кыз менен жеңе маегин бүтүп,
Калганда экөөн аттарчы күтүп,
Айылдын ичин аралап басты
Ал экөө дөңдөн акырын түшүп.

Бир сөздү Саткын өзүнчө айтты,
Бир эле адам көзүнчө айтты.
Бөйтөйгөн эрди кыбырап айтты,
«Кулмурза!» деди, шыбырап айтты...

**2**

Жай келип, булбул таңшыган убак,
Жаш түлөк көктөн шаңшыган убак.
Ак мөңгү эрип, алкынып суулар,
Аскадан кулап шаркырап турат.

Асманда зуулап жагалмай учуп,
Алыска кетет шамалдай учуп.
Акмалап аңдып күйпөңдөйт күйкө
Адырдан жемин табалай учуп.

Теребел көрктүү, жер бети көпкөк,
Тектирдин, кырдын келбети көпкөк.
Унаага уук, кереге жүктөп
Убакыт жетти жайлоого көчмөк.

Кой маарап, уйлар мөөрөшүп барат,
Өгүздөр өргө жөөлөшүп барат.
Айгырлар барат үйүрүн үйрүп,
Артынып жүгүн төө көчүп барат.

Көч барат жолдо убап да, чубап,
Күн көккө чыгып, түш болгон убак.
Кулмурза келип, бөлөсүн көрүп,
Кубанып турду эсендик сурап.

Астына коюп ак нанын, чайын,
Ага айтты узак Ак Саткын жайын:
– Ал кызды бүгүн өзүң көр, бөлөш,
Ажайып нурдуу көзүн көр, бөлөш.

Алдагы көчкө кетти эле Саткын,
Атыңды чапкын, Саткынды тапкын.
Кыз Саткын, балким, өзүңдүн кайгың,
Кыз Саткын, балким, өзүңдүн бактың.

Көк-Белден ары көчөбүз, бөлөш,
Көп кырдан ары өтөбүз, бөлөш.
Кутмандуу журтка жеткенде кечте
Курабыз маек экөөбүз, бөлөш.

Кулмурза атка камчысын басып,
Кубалап көчтү жөнөдү шашып.
Баратат көздөн Ак Саткын өтүп,
Баратат эңсеп сезими ташып.

Буйлалуу төөнү жетелеп Саткын,
Буйдалып алыс кете элек Саткын.
Көк белге али жете элек Саткын,
Көп суудан али кече элек Саткын.

Баратат Саткын туш жагын карап,
Барчындын көктө учканын карап.
Капталдын жыттуу ышкынын терип,
Канаты кооз куштарын карап.

Күмүшкө түстөш жылтылдап агыш
Күлүңдөйт бийик мөңгүлөр алыс.
Ийинин карай чөндөлөй чуркайт,
Чыйкылдап салса суурлар дабыш.

Аз-аздап көчтөн кечикти Саткын,
Айласыз ишке кезикти Саткын.
Буйладан тартса бурк этип чөккөн
Бууранын үнүн эшитти Саткын.

Бекерден төөнүн чыкпаптыр үнү –
Үстүнөн ооп кетиптир жүгү.
Бууранын жүгүн эми ондоп жөлөп,
Бул жолдо кызга ким бермек көмөк?

Көктүгүн кылып жолго бүк чөгүп,
Көбүртүп бүркүп оозунан көбүк.
Кежир төө кызга тил албай турду,
Төөгө кыз такыр тие албай турду.

Абалын кыздын алгандай билип,
Алкынган күлүк аргымак минип,
Келатты шашып камчысын шилтеп
Кер мурут жигит, келбеттүү жигит.

Түштү да аттан: – Арбаңыз, бийкеч!
Түгөнгөн окшойт аргаңыз, бийкеч.
Күчүмдү жумшап көрөйүн, бийкеч,
Жүк оңдоп берип жөнөйүн, бийкеч.

Кулмурза төөнү кайрадан комдоп,
Жүктү артты ага кайрадан оңдоп.
Азамат жигит келбесе минтип
Айласы кыздын кандайча болмок.

Бурк этип буура ордунан турду,
Кызга эми Мурза көңүлүн бурду.
Адамдан чыккан перизат экен
Ак жуумал тунук ажары нурдуу...

Жигитти кыз да карады чындап,
Кеп-сөзүн ылгап, келбетин сындап.
Баамдап көрсө өңүндө анын
Бар өңдүү белги кандайдыр кымбат.

Бирине-бири жанашып экөө,
Бирине-бири жарашып экөө
Жол тартып барат, сүйлөшүп барат
Жоодурап сүйкүм карашып экөө.

Биринин-бири аттарын билип,
Бирине-бири жакканын билип
Баратты экөө белгисиз бир күч
Бирине-бирин тартканын билип.

Ар түстүү гүлдөр жайнашат жолдо,
Ар түркүн куштар сайрашат жолдо.
Эки жаш сөзүн укпансып муюп
Эки ат да илкип жай басат жолдо.

Сыпалык кылса жигитпи Мурза,
Сыноого кызды киришти Мурза.
Ээринен бир аз кыйшайта тартып,
Эңишип ага тийишти Мурза.

Көңүлү жыргап албырды Саткын,
Көзүнөн учкун жандырды Саткын.
Жибитип дилин, балкытып жанын
Жигитти эстен тандырды Саткын.

Үзөңгү шыңгыр кагыша калып,
Сезимге сезим табыша калып,
Белинен тартып, кызды өптү Мурза
Бетине эрди жабыша калып.

Мурзаны Саткын акырын түртүп,
Ал айтты бетин кол менен сүртүп:
– Адебиң кайда Алайлык жигит?! –
Айлана турду аңкып да, күңкүп.

– Атыңды, Саткын, далайдан угуп,
Атагың ар кыл адамдан угуп,
Атайы келдим алдыңа бүгүн
Асманы бийик Алайдан угуп.

Көксөп бир көрдүм Көк-Белди, Саткын,
Көңүлгө ойлор көп келди, Саткын.
Ажарың жанды эритип турат –
Айтканы элдин төп келди, Саткын.

Аңсаган жанга жолугуп турам,
Алкынып, эргип, оолугуп турам.
«Адебиң кайда?» деген сөз угуп,
Ачыгын айтсам соолугуп турам.

Жалжал көз кызсың жакшына, Саткын,
Жарашпайт ачуу жакшыга, Саткын.
Кечиргин кокус кетирсем шоктук,
Кез келдим, балким, бактыма, Саткын.

Көп издеп таптым, көңүлгө жактың,
Бел байлап туруп бетиңден таттым.
Чын ашык болгон бул сонун күндү
Чыгарбайм асти эсимден, Саткын.

Ушинтип сөзүн Кулмурза бүттү,
Кезегин сөздүн Саткындан күттү.
Сабырдуу сүйлөп наз менен назик
Саткындын жүзү жадырай түштү.

– Бир көргөн кезде бейбаштык кылдың,
Билсең, бул кылык – кыз үчүн шылдың.
Ар кандай иштин эби бар, жигит,
Аны айткан элдин кеби бар, жигит.

Бейтааныш элде көпкөнүң кандай,
Бейкаруу кызды өпкөнүң кандай?
Эшикти ачып кире албай жатып,
Эрдемсип төргө өткөнүң кандай?

Сөз менен байкап сынасаң боло,
Көз менен байкап сынасаң боло.
Ар нерсе бүтөт өз кези менен,
Апсыкпай мынча чыдасаң боло.

Сырым жок сенден жашырар, жигит,
Кыздын да кыял, назы бар, жигит.
Тапсаң сен иштин кыябын, ыгын,
Таарыныч кайра жазылар, жигит...

Таарына түшүп жараштты экөө,
Тамылжып жайнап караштты экөө.
Жанашып минген аттары кайра
Жайлоого кетип баратты экөө.

Жол арбып, маек улана берди,
Жоодурап экөө кубана берди.
Кечинде болсо кыз-оюн кокус,
Келүүгө Саткын убада берди.

Мудаага жетип, толгонсуп өөнү,
Мулуйду Мурза ачылып көөнү.
Ал калып артта откозуп атын,
Ак Саткын кетти жетелеп төөнү.

Караанын кыздын узатып көпкө
Карады Мурза жамбаштап чөпкө.
Артынан анын Зыяда жетип,
Атына минип кошулду көчкө.

Зыяда сурайт: – Жеттиңби, бөлөм?
Кыз менен сырды чечтиңби, бөлөм?
Ага мен жакын жолотпос элем
Өзүңдөн башка эч кимди, бөлөм.

Көөнүңө Саткын толдубу, бөлөм?
Көркүнө көзүң тойдубу, бөлөм?
Тагдырдан болуп мүрүңө сенин
Таалайдын кушу кондубу, бөлөм?

Мурза айтты: – Саткын жагымдуу экен,
Жүрөгү азоо, жалындуу экен.
Айрылбай жатып сагындым аны,
Ал дагы мени сагынды бекен?..

Ак Саткын өзүң айткандай экен,
Ажары аткан ак таңдай экен,
Маң болуп турам, Алайга кайра
Максатым кантип аткарбай кетем?

Кыз-оюн болсо барайын, Зыя,
Кыз жүзүн дагы карайын, Зыя.
Убайым тартып буулугуп турам,
Убада сөзүн алайын, Зыя...

– Кызматым менин жактыбы сага,
Кымбатын кыздын таптымбы сага?
Бурулбай жолдон максатка жеткин –
Буюрсун тагдыр Саткынды сага!..

Керилет, жайлоо, жайкалат жайлоо,
Керемет сындуу байкалат жайлоо.
Көңүлүң көшүп, ыракат сезер
Көз тойгус сыйкыр, салтанат жайлоо.

Булакка балдар киринип жатат,
Боз үйлөр ыкчам тигилип жатат.
Жан-жактан коңур буруксуп жалбыз
Жаңы журт жыты билинип жатат.

Күн батты тоого, салкын жел эсип,
Күүгүмдө кыйч-куйч термелип бешик,
Жаш бөбөк мүлгүп уйкуга кетти
Жайлоонун жыргал абасын сезип.

Боз үйдө оттор жайнаган убак,
Казандар бүлк-бүлк кайнаган убак.
Коломто боюн карылар ээлеп,
Койчулар малын жайлаган убак.

Жадырап тоодон Ай чыккан убак,
Жарытып жерди жай чыккан убак.
Отурбай тынчып, бир-бирин жаштар
«Оюнга кел!» деп айтышкан убак.

Кыздардан чыгып кылыктуу күлкү,
Кызыды улам кыз-оюн түнкү.
Анчалык Мурза батынбай турат
Алайда эркин алчактап жүрчү.

Көз салып издейт Саткынды топтон,
Көңүлү чөктү ал сулуу жоктон.
Басынып, чүнчүп, жүрөгү сыздап,
Башына анын ой келди токсон.

Алайдан келген жигитти кыздар,
Астыртан байкап билишти кыздар.
Акырын көздү тигишти кыздар,
Атайы келип тийишти кыздар.

Саткынга алар окшобой койду,
Саткындай сезим козгобой койду.
Көрсөм деп эңсеп Саткындын жүзүн
Көңүлү тынчып токтобой койду.

Ак Саткын үйдөн суранып чыкты,
Акырын ичтен кубанып чыкты.
Акак таш, бермет, моюнга тагып,
Атлести кийип буралып чыкты.

Саткынды жаштар жарданып карап,
Мурза да эргип жанданып карап,
Түндөсү чыккан Күнбү деп кызды
Түшүнбөй турду таңданып карап.

Жүрдү ойноп Мурза сезими жанып,
Жүрөгү туйлап дүкүлдөп кагып.
Түн оогон ченде тараштьı үйгө
Оюндан жаштар моокуму канып.

Калгандай бир топ көнүгүп экөө,
Калгандай жакын көрүнүп экөө,
Ай тийген түндө аңгеме курду
Айылдан чыгып бөлүнүп экөө.

Даай албай ага, таң калат Мурза,
Ал үчүн ичтен арданат Мурза.
– Сагындым! – деди, үшкүрүп ийди,
Саткындын колун кармалап Мурза.

– Тагдырым сага байланды, Саткын,
Таба көр эми айламды Саткын.
Өмүрдө көрдүм сендейди жалгыз,
Өзүңө теңейм кай жанды, Саткын.

Адамдын анык гүлүсүң, Саткын,
Апакай асыл күмүшүм Саткын.
Өмүрдө жанган жаркырак шамым,
Көңүлдө ыйык үмүтүм Саткын.

Адаттан-салттан кечели, Саткын,
Алайга качып кетели, Саткын!
Таалайга марып, таалайга малкып,
Максатка бирге жетели, Саткын.

Өрттөнүп турат көңүлүм менин,
Өзүңсүз өтпөйт өмүрүм менин.
Тийиштүү сага бүгүндөн нары
Тирүүлүк менен өлүмүм менин...

– Таарынба, шашпа, абайла, Мурза,
Табалбайм азыр сага айла, Мурза,
Капыстан көргөн жигитти ээрчип
Кантип мен кетем Алайга, Мурза.

Акылың мени жеңгенде, Мурза,
Азыр мен жөнөй бергенде, Мурза,
Алпечтеп баккан ата-энем менин
Айылга болот шерменде, Мурза.

Мынчалык шашма, мынчалык көксүң,
Арадан бир жыл убакыт өтсүн.
Жай кайра жерге атырын төксүн,
Жалпы журт кайра жайлоого көчсүн.

Бугунун айы болгондо келгин,
Минтип ай он беш толгондо келгин.
Булактар ырдап, буулугуп сайрап
Булбулдар шакка конгондо келгин.

– Сен ченеп берген бир жылың, Саткын
Мен үчүн болор бир кылым, Саткын.
Убакыт сынайт турарын бекем
Убада сөзгө ким кыйын, Саткын.

– Өзүңдү, Мурза, сагынып күтөм,
Өзөгүм күйүп сабылып күтөм.
Татаал жол басып тапсын деп мени
Тагдырдан тилеп жалынып күтөм…

Балкыды Саткын кучакта турса,
Кучактап жигит узакка турса.
Алкымдан сүйүп татына кызды,
Атына минип жөнөдү Мурза.

**3**

Жашыл жай кетип, кыш келип аппак,
Жан-жакты калың кар калды каптап.
Эшикке бийик күрөңдү толуп,
Эл каттап жүрөт чыйырды таптап.

Жайлоолор мүлгүп уктаган убак,
Жандуунун үнүн укпаган убак.
Бурала басып, мөлтүр көз кыздар
Булактан сууну сузбаган убак.

Кайыгып карга карк этип учат,
Сууктан сынат карс этип бутак.
Керүүгө түшүп кийиктер тоодон,
Кекилик, чилдер жем таппайт жутап.

Көк музду жиреп суу агып жатат,
Келиндер үшүп суу алып жатат.
Суукту сезбей көк муштум балдар
Чүкө ойноп куунап, кубанып жатат.

Саткындын Ысак атасы бүгүн,
Жок окшоп дилде капасы бүгүн,
Кой союп, келген коногун күттү
Конгонсуп алчы сакасы бүгүн.

Айылдаш, тааныш Ашырбай уучу,
Аңкоолук кылган адамдын куусу
Жигердүү мага берсин деп кызын
Жиберген тура Ысакка жуучу.

Бул ишке Ашыр камынган мурда,
Ысакка нечен жагынган мурда.
Канча сый көрүп Ашырдан Ысак,
Карышкыр ичик жамынган мурда.

Ашырдан пайда көп көргөн Ысак,
Айтканын жүйө, эп көргөн Ысак.
Ал аткан аркар, кулжанын этин
Чүйгүндөп жыргап жеп көнгөн Ысак.

Ар кыл куш торго кармаган Ашыр,
Алгырын ага арнаган Ашыр.
Шимиртип бозо, шимиртип кымыз,
Ширин сөз менен арбаган Ашыр.

Майлуу эт желип, ичилип шорпо,
Жуучуга кымбат жабылды торко.
Ата-эне сырттан бүтүмгө келди,
Аларга эч ким болгон жок жолто.

Ата-эне акыл, ойлорун айтты,
Ашырбай жакын болгонун айтты.
Ак Саткын кызын жар кылып барктап
Алууга макул болгонун айтты.

Жакшы сөз угуп жайнады жуучу,
Жаагын жанып сайрады жуучу.
Санаасы тынып, шакылдап кирди
Сагызган окшоп сайдагы жуучу:

– Бардык эл билген азамат Ашыр,
Байгеден чыккан казанат Ашыр.
Ак шумкар салып жасанат азыр,
Ак жоолук алып жашарат азыр.

Ашырга абдан пар болот Саткын,
Ак көрпө жайыл жар болот Саткын.
Тутунса Ашыр туйгундай таптап,
Турмушта кантип кар болот Саткын...

Адамдар окшоп ак тилек алар,
Ашырга, кызга бак тилеп алар,
Кол жайып бата кылышты алар,
Короого бирге чыгышты алар.

Зыяда катуу кайгырып турду,
Шалдырап күчтөн айрылып турду.
Саткынга кабар айта албай азыр
Сай сөөгү сыздап айбыгып турду.

– Кабыргам турат ачылбай, – деди, –
Кабарды айтам жашырбай, – деди, –
Жуучуга болуп ата-энең макул,
Сени алмак болду Ашырбай, – деди.

Мындай иш менин башымдан өткөн,
Көңүлүм чөккөн, көз жашым төккөм.
Шор тартсак дагы издейли арга
Шолоктоп ыйлап көпсө да өпкөң.

Чыгарып Саткын көзүнө күчүн,
Ачуу жаш жууду апакай жүзүн.
Ата-эне жактан айтылган кабар
Алгансып турду жүрөктүн үшүн.

– Түшүнчү менин кайгымды, жеңе,
Түпөйүл болор жанмынбы, жеңе?
Ата-энем бир сөз айтпаптыр мага –
Акылсыз айбан малмынбы, жеңе?!

Басарым татаал жол тура, жеңе,
Тартарым азап, шор тура, жеңе.
Уу жута берген бул кезде улам
Ургаачы байкуш кор тура, жеңе.

Качанга кыздар кем боло берет,
Кайгырып, жашы сел боло берет?
Комутта калып, көңүлү зилдеп,
Колунда барга жем боло берет?

Көңүл бур бир аз, ардагым жеңе,
Көбөйдү ичте арманым, жеңе,
Мен тарткан зарын, зардабын, жеңе,
Заманды келет каргагым, жеңе.

Адамдын Ашыр осолу, жеңе,
Адамдын Ашыр securities кополу, жеңе.
Босого аттап, боору таш жандын
Боломун кантип токолу, жеңе?!

Жеңеси жашып, бышылдап турду,
Жеңеге ыктап кыз ыйлап турду.
Кошулуп сезим, кошулуп кайгы,
Кош жүрөк сыздап, тызылдап турду.

Башына кыйын күн түштү кыздын,
Көөнүнө кара түн түштү кыздын.
Жарк этип кабак ачпады Саткын,
Жайкалып сыртка баспады Саткын.

Чилденин узун түндөрүн айтпа,
Ал түндө иттин үргөнүн айтпа.
Ышкырып шамал, ыш толгон мордун
Боздогон муңдуу үндөрүн айтпа.

Кээ түнү Саткын чакыйып чыгат,
Көз жумбай такыр акыйып чыгат.
Санаадан түндө арылмак турсун,
Санаасын кайра ашырып чыгат.

Жумса эле көзүн түш көрөт Саткын,
Түшүндө тааныш жүз көрөт Саткын.
Жайлоодо Мурза жанаша басып,
Жадырап жаны күчтөнөт Саткын.

Саткынга жетип кубалап Мурза,
Саамайын сылап кубанат Мурза.
Өктөмдүк кылып бетинен өбөт,
Өпкөнгө неге сугалак Мурза?..

Таттуу түш көрүп ойгонот Саткын,
Талмоорсуп узак ойлонот Саткын.
Канаттуу ою далайга учат,
Кар баскан бийик Алайга учат.

«Мурзага оюм жетпеди бекен?
Муңайып мени эстеди бекен?
Кадемим катып, капаска түшкөн
Кайгымды менин сезбеди бекен?

Түйшөлүп мендей уктады бекен?
Түшүндө мени тутпады бекен?
Кор кылып Ашыр башымды байлап
Койгондон кабар укпады бекен?»

Чыйрыгат тоолор кар бороон күчөп
Чыйырчык белин касаба бүтөп.
Асманга чыкса каргалар жерге
Аяздан тоңуп топ этип түшөт.

Ой ойлоп таңды атырат Саткын,
Ой ойлоп күндү батырат Саткын.
Эңсебейт жанды Мурзадан башка,
Келсе дейт жазды батыраак Саткын.

Кетирген башта катасын сезип,
Кызынын дилде капасын сезип,
Кыбачы, кыйды эмеспи Ысак,
Кызына минтип кеңешти Ысак:

– Жакында жакшы той болот, кызым,
Тоюңар шаттуу, чоң болот кызым.
Өзүңдө кандай ой болот, кызым,
Оюңду айтсаң оң болот, кызым?..

– Тоюбуз мейли чоң болсун, ата,
Кудалар муну ойлонсун, ата:
Кычырап турган аязы кычап
Кышында кантип той болсун, ата?..

Жакшы той шибер өскөндө болсун,
Жайлоого айыл көчкөндө болсун.
Коңур үн менен койчулар ырдап,
Комуздан күүнү төккөндө болсун.

Андай той бизге эскерме болсун,
Ай тийип турган кечтерде болсун.
Селкилер менен жигиттер куунап
Селкинчек тепкен кездерде болсун.

Бугу же кулжа айында болсун,
Булбулдар сайрап кайыңга консун.
Буруксуп турган жайында болсун,
Булагы тунук айылда болсун.

Жанымдай көргөн өзүңөн, ата,
Жалбарып муну өтүнөм, ата.
Аткарбай койсоң суроомду ушул
Акырет чейин өкүнөм, ата...

– Кудалар буга ынаса, кызым.
Табылса жакшы муназа, кызым,
Береке толгон жайлоого чыгып,
Беребиз тойду ыраса, кызым...

Апасы көзүн магдырап сүзүп,
Атасы сөзүн ушинтип бүтүп,
Апталар өттү Ак Саткын үшүп,
Ажардуу жаздын келишин күтүп.

Өткөрбөй Саткын күндөрүн текке,
Иришип ишке эртеден кечке,
Кыябын таап жибек жип менен
Кылдаттап сайды манатка кеште.

Сайманын көбүн үйрөндү сайып,
Сан түркүн кооз гүлдөрдү сайып.
Атырдай жытын чачкансыйт үйгө
Ал койсо кызыл гүлдөрдү сайып.

Манатка койсо элесин салып,
Мактанат тоос куйругун жайып.
Кызыгар көңүл буюмдун көбүн
Кыз сайды баптап кынаптап кайып.

Көрөрү менен буларды эне,
Көңүлү тынчып жубанды эне:
«Кызымдын келет колунан ар иш –
Кандай кооз баштык, аяк кап, балиш!

Булардын баарын жаңы үйгө арнап,
Булардын баарын жаңы үйгө камдап,
Бойтойгон эстүү, абийирдүү кызым
Болгонун көрчү Ашырга бармак…»

Саткынды минтип мактаса эне,
Саткындын ою башкача эле.
Муратка жетип баш кошсом деген
Мурзага пейли таптаза эле.

Үйүбүз кооз болсо дейт Саткын,
Үстүнө бакты консо дейт Саткын.
Асемдүү ар кыл сайманы көрүп
Адамдын көөнү тойсо дейт Саткын.

Жигерин жумшап, чарчабайт, талбайт,
Жибектин не бир жибегин тандайт –
Ар күнгө бирден жетсе деп ойлоп
Мурзага сансыз жүз арчы камдайт.

Жасаган иши жагарын билет –
Жасанып Мурза кийсе деп тилеп,
Жайкыга кооз ак калпак камдап,
Кышкыга суусар тебетей тигет.

Өнөрлүү болуп ашынды Саткын,
Өз оюн ишке ашырды Саткын.
Куржунга баарын батырды Саткын,
Кулп салып, жүккө жашырды Саткын.

Сабылып күндө күйүттүү Саткын,
Сагынып күндө үмүттүү Саткын,
Ак калпак кийип Алайдан келер
Ашыгын күтөт сүйүктүү Саткын.

«Аяздын күчү кемисе боло,
Айылда ак кар эрисе боло,
Чыйырчык бели ачылып бачым,
Чыйырдуу жолдор кеңисе боло.

Айткандан Мурза эртерээк келет,
Аптыга сүйлөп энтелеп келет.
Жанымды эзип жадырап тиктеп,
Жалбарып мага эркелеп келет…
Бозоюм чачтан сылаган кезди,
Боюма боюн кынаган кезди,
Азыр да эстейм кучакка кысса,
Арандан жаным чыдаган кезди.

Наз кылып неге тартындым экен,
Наз кылып көөнүн калтырдым бекен?
Колуна мени кондурса куштай,
Корунуп неге талпындым экен?

Мен турам көктө кайкыгым келип,
Мен турам көлдөй чалкыгым келип,
Муратка жетип балкыгым келип,
Мурзадай кымбат алтыным келип…»

**4**

Аппак жер кайра көгөргөн убак,
Асемдүү болуп төрөлгөн убак.
Ак нуга түстөш ак булут калкып,
Ар кимде үмүт көбөйгөн убак.

Сөөлөттү аймак сагынган убак,
Сөйкөсүн талдар тагынган убак.
Төлдөрү ээрчип, жайытта бейкут
Төрт түлүк эркин жайылган убак.

Күрпүлдөп суулар агылган убак,
Күңгөйлөр гүлдү тагынган убак.
Жаш балдар куунап шабиет тепчү
Жайлоого элдер камынган убак.

Алайдан жөнөп, көп жерди басып,
Аңкыган чөптүү көк жерди басып,
Мурдатан эңсеп буулугуп жүргөн
Мурза уул келди Көк-Белди ашып.

Айылда нике той болуп жатты,
Ар кимде сезим ойгонуп жатты.
Кыялды көккө көтөрүп күүсү
Кыл кыяк, чоор ойнолуп жатты.

Бул тойго Мурза саламын айтты,
Жол тарткан мейман абалын айтты.
– Улансын тойго тоюңар, – деди,
Бөлөсүн издеп табарын айтты.

– Алайдан келген Кулмурза! – дешти,
Атыңдын оозун бур, Мурза, – дешти.
Таткын да тойдун даамынан шашпай,
Тамаша-зоокко тун, Мурза, – дешти.

Бал кымыз күчү бат тарап бойго,
Бажырап Мурза олтурду тойдо.
Аркы үйдөн Саткын көрүнүп чала,
Аргасыз салды жигитти ойго.

Окчундан кокус Саткынды көрүп,
Олтурбай Мурза бул шартка көнүп,
Обдула калып, обонго салып,
Оозунан ырды жиберди төгүп:

Э-эй!.. Аптада эмес, айда ырдайм,
Айтылуу мындай жайда ырдайм.
Топтолуп келген кыз-жигит,
Тойдо ырдабай, кайда ырдайм?!
Ырымдын аты «Асылым»,
Ырасын айтсам – ашыгым.
Ыраакта сени сагынып,
Ыйлагым келип жашыдым.
Көзүңдүн үстү сурмалуу
Ыраңдуусуң, Асылым,
Көп кыздардын ичинен
Ымандуусуң, Асылым.
Баарда чыккан бажырап
Гүлүмдөйсүң, Асылым,
Булутту тешип жарк эткен
Күнүмдөйсүң, Асылым.
Бариги калың, саялуу
Багым сенсиң, Асылым.
Шарапаттуу нуру бар
Шамым сенсиң, Асылым.
Жайнаган көңүл жарытар
Жалын сенсиң, Асылым.
Тамылжып аткан таптаза
Таңым сенсиң, Асылым.
Жан таслим болуп кеткиче
Жаным сенсиң, Асылым.
Ай чыгып турган ажайып
Асманымсың, Асылым.
Дамаамат ырдап бүтпөгөн
Дастанымсың, Асылым.

Көргөндө көңүл кызытып
Суйкаясың, Асылым,
Көзүмдү ээрчий каратып
Суйсаласың, Асылым.
Бушайман кылып, көңүлгө
Буй саласың, Асылым.
Албырган назик жүзүңдөн
Сүйгүздүң-а, Асылым,
Антип коюп, бир жылдай
Күйгүздүң-а, Асылым.
Айткан сөзүң мен үчүн
Ийги болсун дедиңби?
Ашыклыктан Мажнундай
Жинди болсун дедиңби?
Чамынбастан дайрадай,
Чалчык болсун дедиңби?
Тажабастан өзүңө
Таңсык болсун дедиңби?
Уктап кетсем, түшүмө
Кирсең дедим, Асылым,
Кайда жүрсөм, күн-түнү
Бир сен дедим, Асылым.
Арманым да Асылым,
Ардагым да Асылым.
Жан жыргатар жадырап
Жайдарым да Асылым.
Азапка мынча салбастан
Айтсаң боло ачыгын.
Алчы түш деп сакамды
Өкчөп турган убагым,
Абазыңды, Асылым,
Көксөп турган убагым.
Ырдаган ырым ый болуп,
Өксөп турган убагым.
Өксөтө берсең, Асылым,

Өксүтө берсең, Асылым,
Өзүңө тиер убалым...

Бардыгы бирдей Мурзаны мактап:
– Бали! – деп айтты далыдан таптап.
– Жигиттин гүлү экенсиң, – дешти,
Тилекке, балким, жетерсиң, – дешти.

Эшиктен кетпей шыкалат кыздар,
Тешиктен тиктейт шыкаалап кыздар.
Ал топто уккан Мурзанын ырын
Ак Саткын өңдүү кыжалат кыз бар.

Ашыгын көрүп дал болду Саткын,
Айланып башы маң болду Саткын.
Атынан атап кыйкыра жаздап,
Аргасыз дудук жан болду Саткын.

Айла-амал такыр табылбай турду,
Акылга дили багынбай турду.
Алкынып кагып жүрөгү туйлап
Аз жерден гана жарылбай турду.

Мурза да жанга жакынын тиктеп,
Муңайды ичтен Асылын тиктеп.
Сездирбей элге селейди үнсүз
Сезимин катып акырын тиктеп.

Эки ашык элдүү үйдө шүк турду,
Кош жүрөк дүк-дүк үндөшүп турду.
Көңүлү жибип телмире карап,
Көздөрү менен сүйлөшүп турду.

Мурзаны Зыя көрөм деп кирди,
– Аманбы, асыл бөлөм! – деп кирди,

Абазың менен ырыңды угуп,
Асманга жетти төбөм, – деп кирди.

– Кана эми үйгө конуп кет, – деди,
Кадырлуу мейман болуп кет, – деди,
Алайда күрүч аз болот, бөлөм,
Аш басам сонун – тоюп кет, – деди.
Ата-эне бир иш чечишкен экен,
Анжиян жакка кетишкен экен.
Саткынга септи базардан издеп
Келалбай үйгө кечиккен экен.

Эки жаш жолу кошулду үйдө,
Эки жаш жанаш отурду үйдө.
Жылмайып экөө, жүздөрү жайнап,
Жыргалдуу маек созулду үйдө.

Зыяда чырак тамызып турду,
Кош жүрөк кайра табышып турду.
Жалгыз шам экөөн жарытып турду,
Жагымдуу ойго марытып турду.

Зыяда сезгич, Зыяда сергек,
Эпилдеп кылды экөөнө эмгек:
Ушатып нанын сейдене сепкен,
Бей алма баскан палоосун демдеп.

Ойлорду жаттап көңүлгө экөө,
Олтурду үйдүн төрүндө экөө,
Бир дасторкон үстүнөн алгач
Даамды татты өмүрдө экөө.

Узанып Мурза талбаган эле,
Күмүштөн күмүш тандаган эле.
Сагынып жүрүп, сабылып жүрүп
Саткынга белек камдаган эле.

Мурзага кыздын ыйманы жакты,
Мунайым айткан сырлары жакты.
Колуна шакек, билерик салып,
Кулакка кооз сырганы такты.

Айткан бир сөздөн тайбаган Ысак,
Ашырга кызын арнаган Ысак,
Ал экөө тойдо олтуруш үчүн
Атайы өргө камдаган Ысак.

Текшерип карап көргөнү Ысак,
Тиктирген ошол өргөнү Ысак.
Өргөсү жагып, Зыяга тагып,
Киргизбе деген өңгөнү Ысак.

Айлана такыр көрүнбөс мүлдө
Жагымдуу түндө, жамгырдуу түндө
Ак Саткын менен Мурзаны Зыя
Кийирген ушул тигилген үйгө.

Шам чырак үйдө жагылуу экен,
Шайыдан төшөк салынуу экен.
Шам чырак өчтү жалп этип төрдө,
Караңгы түнгө капталды өргө.

Эркиндик эми байкала түштү,
Экөөнүн жаны жай таба түштү.
Мойносо Саткын, Мурзанын колу
Мойнуна барып айкала түштү:

– Ашыктай калчап Ак Саткын мени,
Азгырдың көпкө жаш Саткын мени.
Атайы менде өчүң бар өңдүү
Азапка салып какшаттың, – деди.

Кыз аны аңсап күткөнүн айтты,
Кыш бою көргөн түштөрүн айтты.
Ашырбай куда түшкөнүн айтты,
Ата-эне сөзү бүткөнүн айтты.

– Куркуйган даки атандай болгон,
Курагы жактан атамдай болгон
Ашырга кантип барайын, Мурза,
Ашыгым турса бакандай болгон.

Жанынан түтүн булады кыздын,
Жаздыкка жашы кулады кыздын.
Жактырып укту сооротуп турган
Жагымдуу үндү кулагы кыздын.

– Көп эзип, Мурза, көңүлдү, – деди,
Көз жашым арбын төгүлдү, – деди, –
Ушул түн чынбы, төгүнбү? – деди, –
Ушул түн түшпү, өңүмбү? – деди.

Жеткирип кызга сөзүнүн жайын,
Кулмурза айтты өзүнүн жайын:
– Менде жок, Саткын, шаттанар себеп,
Менде жок такыр мактанар себеп –

Башкага атам жалданып жүрөт,
Баарына чыдап мал багып жүрөт.
Тоо-ташты кезип сандалып жүрөт,
Томаяк бойдон жан багып жүрөт.

Кайынга берер калың жок, Саткын,
Калыңга берер малым жок, Саткын.
Топ жыйып сыйлап каадасы менен
Той берсем десем алым жок, Саткын.

Жалгыз ат, жалгыз камчым бар, Саткын,
Жамаатташ журтка баркым бар, Саткын.
Өмүрүм сага арнаймын деген
Өзүңө берген антым бар, Саткын.

Оозумда кызыл тилим бар, Саткын,
Оюмдан тайбас дилим бар, Саткын.
Сеңири бийик Алайга жүргөн,
Сенден бир башка кимим бар, Саткын.

Сени мен куштай багамын, Саткын
Сен үчүн жокту табамын, Саткын.
Куураттың эле, дуулаткын эми,
Куунаткын мени, аягын, Саткын!..

Сөзүнө дагы багынды Саткын,
Өзүнө дагы багынды Саткын.
Мурдатан такыр сезбеген укмуш
Мурзадан сезди жалынды Саткын.

Жете элек ойго жетишти бүгүн,
Чече элек ойду чечишти бүгүн.
Эгерде бакты дүйнөдө болсо,
Экөөнө келип кезикти бүгүн.

Алыста дайра шарылдай берди,
Асманда булут калыңдай берди.
Элебей аны караңгы түндө
Экөөнүн жаны жалындай берди.

Өргөдө таттуу сырдашты экөө,
Өзгөчө балкып жыргашты экөө.
Кыялы менен көккө учуп бийик
Кызыктуу нечен кырды ашты экөө.

Кош жүрөк туйлап ашынып какты,
Азоодой эргип, ашыгып какты.
Дыбырап жамгыр, шыбырап жамгыр,
Экөөнүн үнүн жашырып жатты.

Бул түнгө кай түн теңелет эле,
Мындай түн такыр келе элек эле.
Түгөнбөс сырлуу ашыклык түнү
Түн эмес, сыйкыр, керемет эле.

Өргөгө экөө сыя албай турду,
Өргөнү экөө кыя албай турду.
Ыракат берген ырыска экөө
Ынанып, кайра ынанбай турду.

Аз жерден экөө кетпестен эрип,
Убактын мынча тарына кейип,
Акырын алар өргөдөн чыкты
Акыры акыл сезимди жеңип.

Кадыр түн бүтүп, таң атып келет,
Каалгып нурун таратып келет.
Эки жаш үчүн тагдырын кошкон
Эртеңге үмүт жаратып келет.

Зыяга алкыш айтышмак болду,
Куржунду атка артышмак болду.
Анан соң экөө учкашып алып
Алайга сапар тартышмак болду.

Саткынды Мурза ырдаган жайын,
Көрүшүп алар жыргаган жайын
Ашырга Бокой арданып айткан,
Айтканым чын деп карганып айткан:

– Бир-бирин экөө тиктешип турду,
Бир-бирин сыйлап, «сиз» дешип турду.
Парасат кылсак, жолугуш үчүн
Пайиттүү жерди издешип турду.

Кулмурза ырдап бергенде, аке,
Биз болдук элге шерменде, аке.
Таберик көргөн Саткындын даңкы
Тарамак болду жер-жерге, аке.

Мурзаны түндө пайлагын, аке,
Муунтуп, мууздап жайлагын, аке.
Тындым кыл, аны жазала, аке,
Тымызын көзүн тазала, аке!..

Жапылдап сүйлөп ушакчы Бокой,
Жанын жеп сүйлөп шыкакчы Бокой,
Колтугуна суу бүрктү анын,
Көңүлүнө уу бүркту анын.

Кабагын бүркөп сумсайды Ашыр,
Каары кайнап кумсарды Ашыр.
Шамшары кында тагылуу жүргөн
Шаанилүү курун курчанды Ашыр.

Жамгырдуу түндү жамынып чыкты,
Жаалы келип, жабыгып чыкты.
Мурзаны таап, өч алып, аны
Муздоого чындап камынып чыкты:

«Кадырым төгүп, бастаттың мени,
Канатым кайрып аксаттың мени –
Карытып төрдө, кийирем көргө,
Кара бет сойку Ак Саткын, сени!..

Ашырбай түндө айылды тинтип,
Акырын аңдып ар үйдү шимшип,
Мурзаны таппай туктүйүп жүрдү,
Мудаага жетпей үшкүрүп жүрдү.

Ак Саткын, Мурза аттанар кезде,
Аларды Зыя аткарар кезде,
Кыз айтып калды, жөнөтүп экөөн
Зыяда жайнап шаттанар кезде:

– Шаа терек чыккан дөңүм бар, Мурза,
Ал дөңгө барар көңүл бар, Мурза.
Балалык чагым ал дөңдө өткөн –
Коштошо кетер жөнүм бар, Мурза.

Эки жаш дөңдө кезигип турду,
Эрдемсүү, шаттык сезилип турду.
Текебер Ашыр, терс аяк Ашыр
Терекке секин бекинип турду.

Албырып экөө нурданып турду,
Ашырдын жүзү сурданып турду.
Шаа терек шуулдап, шайланып Ашыр
Шамшарын мыкчып уурданып турду.

– Бул мезгил бугу ай экен, Саткын
Бул дөңүң гүлгө бай экен, Саткын.
Секелек кезден сезимиң сергип
Сен ойноп көнгөн жай экен, Саткын.

Өткөндү салып көңүлгө, Саткын,
Өкүнүп ойго чөмүлбө, Саткын.
Кучакка кысып өбөйүн сени
Кулпурган сенин дөңүндө, Саткын…

Эки жаш жакын ыкташып турду,
Эки жаш эрип, жытташып турду.
Бактыны бирге туюшуп турду,
Башканын баарын унутуп турду.
Бул кезде Ашыр тарбайып келип,
Бутактай колу арбайып келип,
Колтукка шамшар батырып алды,
Кулмурза ачуу бакырып алды...

Жыгылды Мурза, жыгылды Саткын,
Алайып көзү, чыңырды Саткын.
Алсырап жөлөп Мурзанын башын,
Арчыды чыккан Мурзанын жашын.

Мурзадан улам ал кетип жатты,
Мууну бошоп, жан кетип жатты.
Өпкөсү менен жүрөктөн оргуп
Өжөк да, өжөк кан кетип жатты.

Акыркы жолу былк этти Мурза,
Акырын онтоп кыңк этти Мурза.
Ачты да көзүн, санааркап карап,
«Саткын!» деп айтып, шылк этти Мурза.

**5**

Ашырбай канкор кылмышын катып,
Түлкүдөй түндө аярлай басып,
Шаа терек чыккан баягы дөңгө
Мурзаны көмгөн бейитти казып.

Бейиттин үстүн сыймалап койгон,
Белгисиз кылып жылмалап койгон.
Беделдүү уулун таптырбай такыр
Мурзанын журтун кыйнамак болгон.

Сайылып шамшар таң алды өлгөн
Кулмурза сындуу адамды көмгөн
Күн сайын түндө караңгы дөңдөн
Адам бар жалгыз карaанды көргөн.

Ал караан кадим Ак Саткын эле,
Арманы тоодой жаш Саткын эле.
Ашыклык үчүн аябас жанын,
Адатка такыр кас Саткын эле.

Бейитти Саткын кучактап жатчу,
Берметтей жашы буурчактап акчу.
Унутпас жарын жокточу Саткын,
Укккансып Мурза боздочу Саткын:

– Бейпайды тарткан мен болдум, Мурза,
Бейдарек жаткан сен болдуң, Мурза.
Түбөлүк өзүң бейиткe түштүң,
Түнөрүп өзүм кейишке түштүм.

Бир түнү, Мурза, зайыптуу болдуң –
Бүт өмүр бою айыптуу болдуң.
Бир түнү өзүм күйөөлүү болдум –
Бүт өмүр бою күнөөлүү болдум...

Бардыгы тетир болду го, Мурза,
Бактыбыз кесир болду го, Мурза.
Күйөөгө чыгып үлгүрбөй жатып,
Саткының жесир болду го, Мурза...

Ушунун өзү чындыкпы, Мурза?
Ушуга канаат кылдыкпы, Мурза?
Жадырап сүйүп, жалындап күйүп,
Жалп этип өчүп тындыкпы, Мурза?

Ашыклык жерге басылмак беле?
Ашыклык көргө жашынмак беле?
Ашыклык дарга асылмак беле?
Ашыклык пулга сатылмак беле?

Азыркы кезде төрдөгү кыздар
Ашыклык эмне – көрбөдү кыздар.
Жашынан көбү сатылып малга,
Жабырды тартып мөгдөдү кыздар.

Аларга өзүм окшобой койдум,
Ата-энем оюн коштобой койдум.
Ашыклык антын актаган өзүм,
Ал үчүн дайым мактанам өзүм.

Кыздарды минтип кыйнаган заман,
Кыйноосун такыр тыйбаган заман.
Адилет, теңдик көрүнбөй көзгө,
Ашыктар зарлап ыйлаган заман.

Сүйлөдүм, Мурза, болсоң да жансыз,
Өзүңө айтар ойлорум сансыз.
Сүйлөсөм бугум бөксөрөт бир аз,
Баратам болуп негедир алсыз...

Ай чети эчак кетилген эле,
Ак өргө эчак чечилген эле.
Кылмышкер Ашыр кынына кирген,
Кыз алмак болуп эсирген эле.

Ыкыбал күтпөй чиренип Ашыр,
Ысакка киши жиберип Ашыр
Калыңын андан кайтарып алган,
Калкынан катып жалтанып алган.

Ысактын башы шылкыйып калган,
Күлө албай, тиши ырсыйып калган.
Ич күптүсү ичинде болуп,
Ийнинен тынып тымпыйып калган.

Зыянын көзү жумулуп калган,
Зыянын бою сунулуп калган.
Жаш туруп катуу ал ооруп кеткен,
Жарыкты кыйбай жалооруп кеткен.

Зыяга Сапар күйүмүш болуп,
Кабагын бүркөп жүрүмүш болуп,
Кайра эле үйдөн алыска кеткен –
Жылкылар жүрчү жайытка кеткен.

Зыяда укмуш ургаачы эле,
Саткындын зарлаш, муңдашы эле.
Кеңешин айтар жеңеси эле,
Кейишин тартар курдашы эле.

Кайгынын батып тырмагы кайра,
Карттанган жараат ырбады кайра.
Зыяпат кылып сыйлары кайда?
Зыянын айтар сырлары кайда?

Тунжурап улам суз болду Саткын,
Туюкка келип туш болду Саткын.
Жомоктон уккан өгөрөк куштай
Канаты жалгыз куш болду Саткын.

Күз келип, жердин кыярды чөбү,
Кыярды тааныш Саткындын дөңү.
Керимсел жалап кеткендей азып,
Керсары тартты Саткындын өңү.

Ата-эне кызын кенебейт азыр,
Айтканын анча элебейт азыр.
Желкеден көзүн өткөрүп алар
Жекире тиктеп жемелейт азыр.

Көңүлсүз сургулт күн өтө берди,
Көкөйүн кескен түн өтө берди.
Тунжурап зарлуу тумандуу мезгил
Тулкуда күчүн түгөтө берди.

Алайдан илик салгандар келди,
Мурзанын изин чалгандар келди.
Аңтарып көп жер сыдырды алар,
Айылма-айыл кыдырды алар.

Аңды да, дөңдү тиктешти алар,
Ар кимден сурап издешти алар,
Көп жерге барса, чыгарбай шекти
«Көрбөдүк аны биз» дешти алар.

Ысакка келди билеби дешип,
Ысактын оюн билели дешип.
Парасат, баамдуу адам дейт аны,
Пайдасы бизге тиеби дешип.

– Бурулду сизге оюбуз биздин,
Бурулду сизге тобубуз биздин.
Кубаттын уулу Кулмурза эле –
Иликтеп жүргөн жогубуз биздин.

Апакай таза чыныбыз эле,
Арзыган асыл ырыбыз эле.
Ак кылыч салган кыныбыз эле,
Аймактан чыккан тыңыбыз эле.

Журтуна барктуу, кымбаттуу эле,
Жылдыздуу эле, сымбаттуу эле.
Жадырап ырдап, комузун чертип,
Жаштардын баарын жыргатчу эле.

Кеп бар дейт элде өлгөн деп аны,
Шек бар дейт жерге көмгөн деп аны.
Сиз кандай дарек уктуңуз экен?
Кайсыны эске туттуңуз экен?

Жабыгып Ысак үңкүйүп айтты,
Жактыра бербей чүртүйүп айтты:
– Укпадым анын дарегин такыр,
Көрбөдү аны карегим такыр...

Ак Саткын келди аларга жакын:
– Акелер, менин Ак Саткын атым,
Мен көргөм баарын, мен билем, баарын,
Жүргүлө тигил дөбөгө бачым!..

Кулмурза менин ардагым эле,
Кубатым эле, дарманым эле.
Өзгөдөн аны артыкча көрүп,
Өмүрүм ага арнадым эле.

Алайга качып жөнөрдө түндөп,
Алпаргам менин дөңүмө үндөп.
Бул дөңдө өткөн балалык чагым,
Айтканмын, Мурза, сен эстей жүр деп.

Экөөбүз турдук бул дөңдө жайнап,
Аңдыган Ашыр кыжыры кайнап,
Шашыла басып, артынан келип,
Шамшарын сайган Мурзаны жайлап.

Бейити мына мен келип кетчү,
Түн сайын ыйлап, мен кейип кетчү.
Арманым айтып Мурзага зарлап,
Арбактай болуп селдейип кетчү.

Жүргөн кез Мурза көңүлдө жанаш,
Жүргөн кез түштө, өңүмдө жанаш.
Жанымдай көргөн жар менен бирге
Жаткым бар ушул дөңүмдө жанаш.

Силерге келин болгонум чындык,
Жашоодон тажап тойгонум чындык.
Ашыклык үчүн ажалдан тайбайм –
Азыркы айткан ойлорум чындык.

Кебиме айткан көнүүнү сурайм,
Кейиштүү кезим көрүүнү сурайм.
Кулмурза аттуу уулуңар менен
Бул дөңдө жанаш көмүүнү сурайм!..

Кулмурза! Уккун – тагдырлаш жанбыз,
Каерде болсун кадырлаш жарбыз.
Кантип мен тирүү жадырап жүрүп,
Кабырга сени калтырам жалгыз?!

Жашабайт адам абасыз, желсиз,
Жашайын кантип өзүңдөй теңсиз.
Тозуп ал мени – жаныңа барам,
Тирүүмдө мында жыргал жок сенсиз.

Ак болот кездик чөнтөктөн алып,
Ак Саткын өлдү төшүнө сайып...
Дөңдөгү Мурза бейитин сулуу
Кучактап жатты кулачын жайып...

Көрүндү сырга Кулмурза таккан
Сулуудан ушул суналып жаткан.
Билерик, шакек салынуу эле
Колунда анын кубарып жаткан.

Ак Саткын жүзү көшүлүп турду,
Адамдар ыйлап өкүнүп турду.
Алайдан келген туугандар чогуу
Мурзага, кызга өкүрүп турду...

Аброюн, арын сатпаган экөө,
Адамдык атын сактаган экөө,
Ажалдан коркпой, баатырдык кылып,
Ашыклык антын актаган экөө.

Жанашып жатты кош бейит болуп,
Жаамыга маалим боз бейит болуп.
Кош кырчын чынар кыйылып калды,
Кош мукам абаз тыйылып калды.

Бул дөңдө Саткын ойногон эле,
Көп таттуу ойлор ойлогон эле.
Бул дөңдө Саткын торолгон эле,
Күлгүн гүл, чөпкө оронгон эле.

Бул дөңдө Мурза оюна түшкөн,
Бул дөңгө чыгып Мурзаны күткөн.
Эми дөң башка дөң болуп калды,
Эки ашык жарга көр болуп калды...

Күндөн күн өттү, айдан ай өттү,
Күймөлүп жылдар жайма-жай өттү.
Ар түс гүл дөңдө кош бейит жаткан
Ак Саткын сайган саймадай өстү.

Шаа терек барки кыбырап турат,
Шамалга сырын шыбырап турат.
Абийри таза ашыктар үчүн
Абаны мукам ыр улап турат.

Таң менен торгой асманга жетти,
Ак булут сүзгөн жактарга жетти.
Ашыклык күчүн даңаза кылган
Ажайып ырын жаштарга септи.

Күч күрөп нечен таштардан аттап,
Күүлөнүп төмөн күү кайрып таптак,
Булактар ырдап шыңгырап акты
Бул эки жаштын эрдигин мактап.

Көбүрүп шары кайнаган дайра
Күү чалып сырдуу кайрадан кайра,
Эки жаш ысмын жомоктоп айтты
Гүлдөрү күңкүп жайнаган жайга.

Аздектеп кыздар бул эки жашты,
Ар кечте темир комузун какты.
Эштенип койчу чоорун тартты,
Эр жүрөк жардын атагы артты.

Ал экөөн эстеп боздоду кыяк,
Арманын кайра козгоду кыяк.
Ашыклык үчүн жан кыйган экөөн
Арадан издеп жоктоду кыяк.

Колдогу өрүк комузу менен,
Коштогон аны добушу менен
Ал экөөн ырчы жар салып келет –
Аңызы алыс таркалып келет.

Алыскы катаал жылдардан өтүп,
Ар кандай татаал кырдаалдан өтүп,
Ал эки ысым келатат өчпөй
Аяздуу ашуу, кырлардан өтүп.

Ал экөөн бийик бел ырдап келет,
Ал белден соккон жел ырдап келет.
Асманда жанган жылдыздай көрүп
Ак калпак кыргыз эл ырдап келет.

*1985–1986-жж.*

## КАНАТ МЕНЕН ЗАРИНА

*Махабат дастаны*

Тагдыр буйруп мен жаңы кылым көрдүм,
Ал кылымдын үчүнчү жылын көрдүм.
Жаңы жылдын алгачкы кубанычын,
Жакшылыгын, алгачкы сыйын көрдүм.

Караганда ак кардуу чартарапты,
Каада күтүп карт тоолор чалкалашты.
Жандын баары өткөрдү жанданышып
Жаңы жылга арналган салтанатты.

Жаңы жылды жаамы журт кабыл алып,
Жаткансыды сезими жаңыланып.
Жаңы жылдын алгачкы жумасы өттү
Карк болгондой бактыга баары канып.

Бул жумада мен жүрдүм тунжурабай
Көрөм го деп ак таңдан нурду далай.

Бүт ыкласты мен арнап тилек кылдым
Бүт жаңы жыл болсо деп бул жумадай.

Биринчи өттү, экинчи жума келди,
Биринчинин артынан куба келди.
Капысынан жүрөктү титиретип,
Кайгы артынан да кайгы удаа келди.

Кайгыргандай түз дагы, адыр дагы,
Каргылданды түнт түндүн бабырганы.
Каңырыкты түтөтүп каардуу муң
Кайыштырды куушуруп кабырганы.

Ой жок болчу мен кайгы татам деген,
Ооруна кайгынын батам деген.
Опколжуган жүрөктү бекем басып,
Ой жок болчу мен дастан жазам деген.

Кантем, кашаң баштадым бул саптарды,
Кайсыл калем жактырсын муң жазганды.
Жазбай коё албадым, жаз деп айтты
Жабыркаган жүрөгүм бул дастанды.

Айырмасы бул жазган чыгармамдын –
Атайы аны оюмдан чыгарбадым.
Баштан аяк нак чындык, нагыз чындык,
Баары чындык, чындыкка ыр арнадым.

Ыр арнадым сүйүшкөн эки жашка,
Эмес такыр сезими, эси башка.
Төп келишип жандары биригишкен,
Төрөлсө да ал экөө эки башка.

Турган жандар алыс да, жакын жакта,
Ашыктардын билсе дейм атын жатка.

Асмандагы жылдызга «Сүйүү» деген
Туура болмок экөөнүн атын жазса.

Анык ашык жаштарды сыйлап жаздым,
Азап тартып өзүмдү кыйнап жаздым,
Жапжаш, сулуу, келбеттүү экөөн аяп,
Жаным ачып, муңканып ыйлап жаздым.

* * *

Алатоодон кар кеткенде, жаз келип,
Аккуу келип, өрдөк, турна каз келип.
Ал сулуу жаз эритти да, сергитти
Адамдардын көңүлүнө саз келип.

Жай да келип, бакка мөмө жармашып,
Жайды турду күңкүгөн күз алмашып.
Жел салкындап, күздү сүрүп ордунан,
Жердин үстүн кайра турду кар басып.

Баштагыдай турбай тарып, ченелип,
Алатоонун борбор шаары кеңейип,
Бара жатты барган сайын көрктөнүп,
Башка залкар калааларга теңелип.

Бул калаанын бара жатты калкы өсүп,
Балдары өсүп, кыз-жигити жалпы өсүп,
Эс-акылдуу, зээндүү да, билимдүү
Эмгек кылган ар адамдын баркы өсүп.

Жашасак деп мындан да тың, мыктыраак,
Бул калаада ар ким ар кыл иш кылат.
Күндүз шаар күчүн үрөп кыймылдап,
Түн ичинде бейкут жатат ныксырап.

Шаар калкы миллионго барабар,
Шаттуу, муңдуу, шаңдуу, жүдөө жан алар.
Ар үйдөгү ар бириндe алардын
Ар кыл, ар кыл мүдөө, күдөр, санаа бар.

Алар жандар салабаттуу, сабырлуу,
Алар жандар бир-бирине жагымдуу.
Алардын бар махабаттан, турмуштан
Азап чегип, жүрөктөрү жабырлуу.

Бардык жанда бирдей эмес акыбал,
Ар адамдын өзүнө бап касы бар.
Бир адамдын дилде уюган кенчи бар,
Бир адамдын дилди өйүгөн даты бар.

Адамдардын бирдей эмес бардыгы,
Айырмалуу бир-биринен тагдыры.
Баш жагында сексенинчи жылдардын
Баш кошушкан жаштын саны арбыды.

Анын бири Аяркулов Жеңишбек,
Ал тымызын аңсаганда теӊ издеп,
Алды жактан жайнап чыкса Клара,
Аянбастан айткан: «Жүрөм сени издеп!»

Ал болучу атактуу Чүй өрөөндөн,
Асыл кыштак Кашкасууда төрөлгөн.
Жагалданган жаш офицер болучу
Борбор шаарда өсүп-өнүп, көгөргөн.

Алыста эле кыздын ата конушу,
Жүрөгү анын «Мырзаке!» деп согучу.
Кыйла жерде кыйын кызмат аткарган
Кыдыршаев Досмат кызы болучу.

Аны Жеңиш алгач көргөн маалында,
Институтту бүтүп Курск шаарында,
Академияда эмгек кылчу илимий
Адабият, тил изилдөө жагында.

Сөз сүйлөшүп жүрдү экөө кездешип,
Кеп сүйлөшүп, үйлөрүнө кеч кетип.
Таарынышты чалбайсың деп телефон,
Сагынышты бирин-бири эстешип.

Күн түндү кууп, түн күндү кууп такымдап,
Күлүк мезгил уча берди закымдап.
Бийлеп алып эки жашты махабат,
Бир-бирине жагышты алар жакындап.

Көңүлдөрү тынбай болуп алагды,
Көп кеч кирип, көп сулуу таң агарды.
Аны сезип, кармаштырып колдорун,
Акырында кошту тагдыр аларды.

Бир-бирине көнүштү экөө бат эле,
Жеңиш да жаш, Клара да жаш эле.
Бир жыл өтпөй Жеңиш болуп жаш ата,
Клара да болуп калды жаш эне.

Перзент келди дүнүйөгө жылдыздуу,
Болду эки жаш болбураган тун кыздуу.
Эки жубай эртели-кеч ойлонду
Эми кантип атайбыз деп бул кызды.

Укмуштуудай фильм көрсөтүп Индия,
Ал кинонун таасири элге тийди да.
Зарина аттуу баатыр кыздын элеси
Толкундатпай койду көргөн кимди ыя?

Ал кыз эле эл жактоочу, эл багар,
Эзүүчүдөн кордолуп көп кембагал
Жүргөн кезде, ал болушуп, эл кызы
Аталгандан артык, кымбат эмне бар?

Көрсүн дешип жарык дүйнө кызыгын,
Келечегин кең тилешип кызынын,
Ак бешикке салган кезде коюшкан
Ата-энеси «Зарина!» деп ысымын.

«Тарттырбастан өмүрүндө убайым,
Кызыбызга таттыр жашоо убайын, –
Улам-улам ата-энеси айтышкан, –
Узак өмүр бере көр деп Кудайым!»

Таң да атып, түн өмүрүн түгөтүп,
Күн нур чачып, кетип жатты күн өтүп.
Жеңиш менен Кларанын үйүндө
Жайнай берди Зарина аттуу гүл өсүп.

Калкыбыздын ушул борбор шаарында,
Ал шаардын ажайып кооз баарында
Башка эки жаш ашык болду, Жеңишбек,
Клара экөө ашык болгон маалында.

Арунов Дайыр болду сулуу кызга ашык
Көктөм келип, турса жыпар жыт чачып,
Же кышта да экөө узак сүйлөшүп,
Көчө бойлоп көп басышты ыкташып.

Көлдүк болгон анын ата-бабасы,
Өзү болчу борбор шаардын баласы.
Күйүп-бышып, күйпөлөктөп тынчыбай
Күнү-түнү кызда болчу санаасы.

Сүйгөнүнө көп сүйлөчү сүйгөнү,
Сүйлөшчү эле камтып бүткүл дүйнөнү.
Чыр-чыр эткен чыдамы жок телефон
Түк тынчы жок буюм эле үйдөгү.
Телефондон үзүлбөгөн кол учу,
Бала кезден мага тааныш добушу,
Ашык болгон ал жигитке Гүлнара –
Ачык айтсам, менин кызым болучу.

Күлүк сындуу күндөн күндөр жатты озуп,
Күлүңдөштү ашык жарлар баш кошуп.
Алда күткөн өмүрлөргө экөө тең
Алгансышты таалай кошуп, бак кошуп.

Бул экөө тең солкулдаган жаш эле,
Бир жыл зуулап өтүп кетти бат эле.
Дайыр, Гүлнар үйлөнүшүп бир кышта,
Да бир кышта болуп калды ата-эне.

Акын дайым ат сонунун табат деп,
Акын койгон ат баарыга жагат деп
Айткандардын каалаганын аткарып,
Ат койгонмун неберeме Канат деп.

Көрүнсө да башта бакыт ыраактай,
Жараткандын жоомарттыгы ырастай,
Арнап берген белек кылып ал бизге
Өсө берди асыл бала чырактай.

* * *

Зарина кыз тыкан өстү, тың өстү,
Маңдайынан улам жаңы жыл өптү.
Кызды улам кызыктырып өмүргө
Кыйла сонун жыл артынан жыл өттү.

Акыл, баам, эс кирди ага эртерээк,
Ата-энеге көнбөй өстү эркелеп.
Алар аны тамакка көп шыкабай,
Ал тилечү жакшы оюнчук берсе деп.

Аны ата-эне кийинтип да, тоюнтуп,
Арнап берчү ар кыл кызык оюнчук.
Кошо ойнотчу кызы менен адатта
Короодогу теңтуштарын чогултуп.

Көп даамдан жакшы көрчү алманы,
Көбүн танды, алманы түк танбады.
Акырындап бара жатты жетилип
Алма жыттуу ата-эненин ардагы.

Күндө тоодон күлүмсүрөп Күн чыгат,
Күндү тосот Зарина дал гүл сымак.
Жеңиш менен Клара да күндө эрте
Жетине албайт гүлдү жыттап, гүл сылап.

Канат өстү кадим башка балдардай,
Айрыкча деп ага бирөө таңданбай.
Арыш шилтеп короодо ойноп жүргөндө
Акыбалга ал туш болду ар кандай.

Ооба, Канат өстү башка балдардай,
Жыгылганда турду ыйлап, арданбай.
Ага бирөө муш койсо, ал муштады
Ата-энеге арызданбай, зарланбай.

Жашынмакта ал таптырбай бекинди,
Ал топ тээп, көп чуркады, секирди.
Кеч киргенде ал шоктонсо каткырып,
Кейип-кепчип кээ бир кары жекирди.

Ал ойноду бала менен балача,
Ал түшүндү бирөө айтса тамаша.
Акыл-кеңеш угуп көнүп башынан,
Ал айтчу эмес карыларга каяша.

Ызат кылса, ызат кылды бирөөнү
Бирок кээде сол колу ооруп жүдөдү.
Ортосунда кызып калган оюндун
Опколжуду, оор сокту жүрөгү.

Тубаса дарт жүрөгүндө жашынып
Жүрсө керек, кетпесе экен ашынып.
Аты калды кичинекей Канаттын
Атайылап бир тизмеге жазылып.

Заринанын үй, көчөсү башка эле,
Күлүмсүрөп Күн чыгуучу жакта эле.
Ак жакалуу, апакай гүл көтөргөн
Ак ниеттүү ал кыз жети жашта эле.

Ар кыл түстөн Заринага ак жакчу,
Ак кийинсе ата-энеси мактачу.
Адам болот дешчү биздин кызыбыз
Азада да, адал, таза максаттуу.

Асыл максат такмак үчүн башына,
Ак бантикти тагып кара чачына,
Апакеси он үчүнчү мектепке
Алып келди аруу кызын татына.

Дагы бир аз бала өссүн деп жетилип,
Бул маселе директордо чечилип.
Канат кыздан кичүү эле үч айча,
Келди окууга туура бир жыл кечигип.

* * *

Дагы мектеп гүл оронуп аңкыды,
Дагы шаттык көккө чыгып калкыды.
Көргөн кезде гүлгө айланган балдарын,
Көңүлдөрү ата-эненин балкыды.

Гүл көтөрүп Канат эргип, шаңданды,
«Кубатым!» деп таянеси жалбарды.
Ошол күнү он үчүнчү мектепке
Он үчүнчү квартирден ал барды.

Чыгаар замат коңгуроонун добушу
Класстарга балдар толгон болучу.
Бул мектептен эми аларга башталган
Өргө кетер, өйдө кетер жол учу.

Мугалимдер ошол күнү жасанган,
Мугалимдер ошол күнү жашарган.
Күлүмкөздүү балдар сунган кадырлап
Гүлгө оронуп көңүлдөрү тазарган.

Наристелер окуп ошол мектепте
Бирин-бири көргөн чыгар кез-кезде.
Көңүл бурбай өткөн чыгар ашыгып
Көп балдардын арасында кездешсе.

Өткөн чыгар кээде кокус түртүшүп,
Эркек балдар кыздарга бор сүртүшүп.
Опсуз шоктук кылып, чачтан тартышып,
Ойношкондур ооздон суу бүркүшүп.

Эки бала таанybaган бир-бирин,
Билген эмес бир-биринин кимдигин.
Ал күндөрдө ата-энеси алардын
Жасап жүргөн өздөрүнүн тирлигин.

Бала Канат тойбой жүрдү оюнга,
Оюнга тең окуу жүрдү оюнда.
Колу топту эркелетсе күндүзү,
Кечте китеп конок болду колунда.

Ар күн сайын акыл кошкон башына
Ага мектеп болду билим казына,
Жакшынакай жарашыктуу өспүрүм
Жакындады өмүрүнүн жазына.

Билим – булак мөлтүр аккан, таза аккан,
Адам дилин, адам жанын тазарткан.
Канат жутуп ошол таза булактан,
Көзү ачылды дүнүйөгө аз-аздан.

Мектеби аны кайрады да, бүлөдү,
Медер болуп, улам өргө сүрөдү.
Келишимдүү улан сезип койбоду
Кээде мыкчып соксо дагы жүрөгү.

Эс-акылын бүт багыттап мээдеги,
Келечекти мерген сындуу мээледи.
Босогодо топ кыймылсыз бозоруп,
Бүт ыкласын китеп, билим ээледи.

А Зарина китепке өч башынан,
Ал айтуучу: «Китеп – асыл казынам!»
Өз үйүнө, бөлмөсүнө ал дайым
Өңчөй кызык китептерди ташыган.

Айтчу Зая: «Тамак ичип жүрөм көп,
Адат болду акчам эрте түгөнмөк».
А чынында берчү кайырчыларга
Тамак ичер тыйынынан үнөмдөп.

Заринага жаккан, тааныш өтө эле
Борбордогу Москва аттуу көчө эле.
Мектепке үйдөн, үйдөн кайра мектепке
Өтчү жалгыз бул көчөдөн өзү эле.

Бул көчөдө 141 сандагы
Үйдө иштеген китеп дүкөн андагы
Дүкөн эле сонун дагы, бай дагы,
Табылчу эле жок китептер кайдагы.

Баратканда мектепке, же үйүнө
Бул дүкөнгө кыз кайрылчу күнүгө.
Тийүүчү эле зирек кыздын колуна
Китеп аттуу кызык, кымбат дүнүйө.

Дүкөн үстү, дал экинчи кабатта
Керебети карап көчө тарапка
Канат турчу, кыз келгенин дүкөнгө
Баамдабай, байкачу эмес Канат да.

Кыз келгенге кээде убагы жетчү эмес,
Келсе, сөзсүз китеп албай кетчү эмес.
Ар кыл китеп толгон дүкөн үстүндө
Ал Канаттын жашаганын сезчү эмес.

Ага китеп ыйык заттай туюлчу,
Андан ар кыл, укмуш сырлар угулчу.
Кечте калың китеп окуп жатканда
Анын кара кирпиктери жумулчу.

Ар китептен тапчу кымбат табылга,
Түндө китеп жаздыгынын жанында
Жатчу дагы, аны кайра Зарина
«Таарынба!» деп колуна алчу таңында.

Ал окуду китептерин дүйнөнүн,
Мажнун кантип Лайли кызды сүйгөнүн,
Ромео, Жульетта экөөнүн
Жүрөктөрү жалындаган күндөрүн.

Тристандын, Изольданын арманын,
Олжобайдын, Кишимжандын зарларын.
Кыз окуду бул чыныгы ашыктар
Өмүрлөрүн курмандыкка чалганын.

Кез болуучу кызга сүйүү келе элек,
Ал сезимден тагдыр кабар бере элек.
Тагдыр кабар бере электе талашып,
Талап кылып алмак беле «Келе!» деп.

Кыз билелек сүйүү кушу коноорун,
Жүрөгүнө оттуу сезим толоорун,
Касиеттүү, касиреттүү жүрөгү
«Канат! Канат! Канатым!» деп согоорун.

Кыз ойлочу өз сүйгөнүн табарын,
Жакшынакай жигит ага жагарын.
Бирок, али билелек кыз жүрөгү
«Канат! Канат! Канатым!» деп кагарын.

Кыз окуду сүйүүдө арман арбынын,
Чын сүйүүнүн жолу дайым тардыгын.
Али аруу кыз билбей жүрөт дүйнөдө
Канат аттуу бир уландын бардыгын.

Төмөндө эле классы анын оболу,
Улам жазда чыга берди жогору.
Көйгөй тартып көңүлү анын тынчыбай,
Көп берилди өзүнө-өзү соболу.

Кызды собол туш-тушунан тороду
Махабаттын бактылуусу болобу?
Чынбы Лайли, Жульеттанын тагдыры,
Балким чыгар байыркынын жомогу?

Эми аларга кантип баары ынансын?
Экөө өлүүгө кантип өкүм чыгарсын?
Жигит кантип жанын берсин кыз үчүн?
Жигит үчүн кыз кантип жан кыя алсын?

Суроолорду берди өзүнө ыйгарып,
Турду, бирок, жооп таппай кыйналып.
Көзөл кыздын тынчын алып суроолор,
Көңүлүнө уюй берди жыйналып.

Жадырады он алтыга кыз толуп,
Жакшы тилек көңүлүнө жык толуп.
Өңү жайнап, чыга келди чырайы
Өнө бою чымыр болуп, нык болуп.

Ал – ата-эне баккан назик гүлү да,
Айрыкча бир жагымдуу анын үнү да.
Жакшынакай өзү уктаган бөлмөсүн
Жарык берип нурдап турчу түнү да.

Көңүлүндө толуп ойдун түркүмү,
Көрөт жакшы тамашаны, күлкүнү.
Сөздөрүнүн сүйкүмүнө айкашып
Куп жарашчу көздөрүнүн сүйкүмү.

Кыз да тыкан болобу ыя мынчалык,
Тула бою кынтыгы жок кылчалык.
Кийингенин, келишимдүү келбетин
Ким болсо да карап өтчү кылчайып.

Бекем сактап мүнөздөгү ужданын,
Бузбасам деп жүрүм-турум уставын,
Бала пейлин карматпастан көчөдөн
Басып өтчү сулуу шилтеп буттарын.

Зариналы ойлоп, окуп тынбаган
Мугалимдер, классташтар сыйлаган.
Асылдыгы, акыл-эси, зээни
Арбын эле, артык эле кыйладан.

Кумардыктын сыйкыр жыты сезилип,
Курагы анын калгансыды жетилип.
Маңдайыңдан жалжал карап келгенде
Махабаттан ким кала алат бекинип?

Бир класташ уландардын баары ашык
Болду. Алар өз ара ичтен талашып,
Жетине албай дердейишчү кыз менен
Бир сүйлөшсө, бир басышса жанашып.

Көп каттарды чөнтөгүнө кытылган
Көргөзбөстөн уурдап окуп кысынган.
Кызык сөздүү, ысык сөздүү ал каттар
Кыздын назик колу менен тытылган.

Ою алардын кызга кайра жармашып,
Жаңы катты сунчу кымтый кармашып.
Зариналы жүдөтүштү уландар
Сөзү менен көзү менен арбашып.

Күндөр алга канаттуудай арбыды,
Болду эскидей ар жаңы кат тагдыры.
Акыйса да, жүрөгүнө жаккан жооп
Алалбады кат жазгандын бардыгы.

Анын көбү улан эле келишкен
Ата-энесин «Айланайын!» дегизген.
Сүйкүмдүү эле, жагымдуу эле, эстүү эле,
Сүйүү үчүн сүзүп өтөр деңизден.

Кызды көрсө көздөрүнөн нур уччу,
Кыйпычыктап, күлүмсүрөп турушчу.
Жактырса эгер кыз алардын кайсысын,
Жары болмок жандай сүйгөн туруктуу.

Сырды айтайын силер менен кеңеше,
Чынды айтайын мен ынанган эмесе:
Махабатта болбойт тура жол-жобо,
Махабатта болбойт тура эреже.

Оюмду айттым калпыстыктан айтылар,
Ал уландар, ырас, дурус жан чыгар.
Бирок, кыздын кылдат, сезгич, өзгөчө
Жүрөгүнүн таразасы бар чыгар.

Таразага тартылууга жараса,
Таразанын тартканына жараша
Жакмак окшойт Заринага уландар
Так өлчөсө ошол сырдуу тараза.

Кыз кайгысын дале уландар көп чегер,
Сүйүү каты кызга дале көп келер.
Бирок, кыздын жүрөк таразасына
Бардык жактан кайсыл улан төп келер?..

* * *

Жыйын болду мектептин чоң залында,
Мугалимдер ээ болушкан кадырга
Сөз сүйлөштү, көп сүйлөштү ого эле
Олтурушуп чоң залдын төр жагында.

Сөз темасы: тартип, таалим-тарбия,
Азыр мындан зарыл тема барбы ыя?
Бардыгынан ишмер, сөзмөр директор
Милдеттерди коюп өттү алдыга.

Сөз угушуп пайдалуу да, пайдасыз,
Окуучулар олтурушту залда тынч.
Азыркыдай узак чыдоо, кыймылсыз
Алар үчүн абал эле айласыз.

Канат кокус арт жагына карады,
Бир кыз турат жадыраган жамалы.
Канат секин көз жиберсе ал кызга
Табышмактуу бир тиктеди а дагы.

Ал бир назик үлбүрөгөн жан экен,
Азыр аткан ак шоолалуу таң экен.
Китептеги периштеге түспөлдөш
Кийген кийми аруу экен, ак экен.

Улан дилин бейтааныш кыз жандырды,
Улан бети ысыды да, албырды.
Билбейт бул кыз кызбы, же бир сыйкырбы,
Бир көргөндө анын эсин тандырды.

Ишенбеди улан өзү өзүнө,
Ишенбеди кызды көргөн көзүнө.
Укмуш кызга көз жиберди ал кайра
Ушул залда чын турганын сезүүгө.

Экөө турду унчукпастан тиктешип,
Жаттар экөөн жолуктурбай, жиктешип
Жүрдү бекен? А өздөрү бир-бирин
Кыялында эңсешкендир издешип?

Көп сөздөрдөн Канат бир сөз укпады,
Көңүлүнө бир дагы сөз жукпады.
Азыр дароо Канат болуп канаттуу
Араң турду асман карай учканы.

Туйлап сокту жүрөгү анын болкулдап,
Тула бою чымырады толкундап.
Азыр, азыр бүтөт десе, узарган
Азап болду бул жыйында олтурмак.

Аяктоого койгон узак түк көнбөй
Акырында болду жыйын бүткөндөй,
Туура чыкса аңгыраган бош залдан,
Турган экен кыз Канатты күткөндөй.

Көп уланга жакындоого көнбөгөн,
Артыктыгы бар өңдөнгөн өңгөдөн
Канат менен катар басты Зарина
Канча жылдан бери такыр көрбөгөн.

Сезишпестен бирин-бири алыстай,
Маектешип баштан бери тааныштай.
Бир басышты талыса да буттары,
Бир-биринин сөздөрүнө канышпай.

Ал экөөнүн ой, сезими жанданып,
Айтылды көп жаркын сөздөр арналып.
Билишпеди баратканын тымызын
Бир-бирине тилсимделип, арбалып.

Бир мектепте окуп, мурда көрүшпөй,
Бир санааны, бир ойду тең бөлүшпөй,
Таң калышты, арданышты эки жаш
Бир-бирине жүргөнүнө көрүшпөй.

Эндик сүйкөп батар күндүн кызылы
Эки жаштын бети чоктой кызыды.
Коштошкондо катуу кыскан колдордон
Өткөнсүдү жүрөктөрдүн ысыгы.

Айрыла албай, бир өткөрүп кечти алар,
Араң-араң үйлөрүнө кетти алар.
Жаңы гана көрүшкөнү экөөнүн
Жараткандын буйругудур дешти алар.

Мелүүн эле, жыттуу эле май түнү,
Көктө калкып көпкө сүздү Ай түнү.
Көз алдына улам келип Зарина,
Ооналактап чыкты Канат ал түнү.

Кызгылт түстүү көктөмдүн бул айы да,
Кыз жүздөнүп төмөн карайт али да.
Айтты Канат асмандагы ал Айга:
«Ай – Зарина! Ай – Зарина! Зарина!»

Канатка кыз достошкондо жерибей,
Кантип чыдап турду экен ал эрибей.
Өмүрүндө көрбөсө да перини,
Өзүнчө айтты: «Кыз экен деп перидей!»

Кыздын атын жүрөгүнө жазгысы,
Кызды келди жүрөгүнө каткысы.
«Болукшуган, толукшуган Зарина
Болот деди өмүрүмдүн бактысы!»

Терезеден жай телмирип, Ай карап,
Анын нуру Канат жүзүн аймалап,
Зарыл оюн күлүмсүрөп айткансыйт:
«Заринаны унутпагын, ай, Канат!»

«Сүйүү жолу ийри, кууш, тайгалак,
Андай жолдон суу жүрөктөр тайманат, –
Терезеден жел айткансыйт шыбырап, –
Сүйсөң, анык, таза сүйгүн, ай, Канат!»

Кыз кирпиги жумулбады узакка,
Кыз кыялы Канат жакка учат да:
«Эчак уктап калды бекен, болсо ойгоо,
Эмнени ойлоп ал жатты экен бу чакта?«

Чоң залдагы чогулушту эстеди,
Эске түштү бир көз караш сезгени:
Туура тиктеп, үнсүз тиктеп ал көздү,
Турган кезин бурула албай тескери.

«Ал көз караш тартып турган кезде мен,
Же жер тиктеп, же бурулуп кетпегем.
Башта мага көп эле улан көз тикчү,
Бирок, мындай укмуш сезим сезбегем.

Ошол көздүн нуру тепчип көзүмдү,
Мен тунжурап, мен жоготтум өзүмдү.
Көрбөгөнмүн андай көздү мен мурда,
Көз эле ал кандай өткүр, өтүмдүү?

Залдан чыгып, туруп калдым кармалып,
Калган окшойм көз карашка арбалып.
Өзгө уландар эрчишчү эле артымдан,
Аны күтүп, бир аз калдым арданып.

Өзүмө-өзүм түшүнө албай таң калам,
Түшүнөбү бул сыйкырды аңдаган:
Бирөө бардыр тагдыр буйруп атайы
Бирибизди бирибизге камдаган?..»

Бул жолугуу сырын такыр табалбай,
Бир омоктуу таканчыкка таянбай
Кыздын ою кыйла жерди кыдырып,
Кыргыектей учуп жүрдү жай албай.

Күн – асмандын, жердин дагы эркеси
Күлүмсүрөп чыкты ажайып эртеси.
Эми мындай сулуу күндү Жараткан
Эки сулуу жашка дайым берсечи.

Бул эки жаш бир-бирине табылып,
Бул эки жаш чыккан Күнгө табынып,
Кадыресе кадыркечтей беттешти
Калган окшоп бирин-бири сагынып.

Бул эки жаш бактылуу күн кечирди,
Бир күндө экөө бүт өзгөргөн шекилди,
Кечегиден ишеними бекемдеп,
Кечегиден бүгүн ынак сезилди.

Эң эле эрте барып күндө сабакка,
Экөө муну айлантышты адатка.
Карбаластап Канат кызга ашыгат,
Кабылсам деп кыз ашыгат Канатка.

Канат сүйлөйт, кыздын көзү моймолжуп,
Көңүлдөргө сүйүү сыры толгонсуп,
Жанаш турса, куп жарашат, ал экөөн
Жаратканым колдон жасап койгонсуп.

Ынтызарлуу баары олтурса сабакта,
Ыкка көнбөй, ыркка көнбөй, заматта
Заринага учат ою Канаттын,
Кыздын ою зуулап сызат Канатка.

Экөө өткөрдү жаздын жамгыр, өткүнүн,
Экөө өткөрдү жайдын, күздүн көп күнүн.
Алмак-салмак телефондон чубурган
Айтпа экөөнүн сөздөрүнүн көптүгүн.

Мөмө толуп, бактын түсү кубулган,
Жер жамгырга, сер жамгырга жуунган,
Күңкүп турган сентябрдын экиси
Күн болучу Зарина кыз туулган.

Канат кызга берип гүлдөн белегин,
Сүрдөп турду, билбей турду не дээрин.
Анан өптү кымча белден имерип,
Айтып буга туулган күн себебин.

Розадан гүлдестени кыз алды,
Аруу жүзү розадай кызарды.
Көздөрүнөн, сөздөрүнөн, өңүнөн
Көрдү жигит сүйүү деген жышаанды.

Жадырады пакиза кыз, тунук кыз,
Жигит сөзүн жыргап укту муюп кыз.
Көркү менен, сөзү менен, жигиттин
Көңүлүнө из калтырды унуткус.

Жылдызданды кыздын куйган шампаны,
Канат жутуп, канбай, кайра чаңкады.
Даам таттырган пери кыздын колунан
Асмандагы Жаратканды алкады.

Андан кийин өткөрүштү үч айды,
Ал экөөнүн махабаты күч алды.
Ноябрдын жыйырма бири келгенде
Алгач кар жаап, жер башкача түс алды.

Бүгүн Канат келген эле дүйнөгө,
Туулган күнүн ал өткөрдү үйдө эле.
Зарина да гүлүн сунуп, кол кысып,
Зарыл сөздү таппай турду сүйлөөгө.

Ушул абал Заринаны жүдөттү
Сезим туйлап жарып чыгып жүрөктү.
Ушундайда сөздүн барбы кажети,
Унчукпастан кыз Канатты бир өптү.

Тийген кезде бетине кыз эрини,
Боз уландын бой-тулкусу эриди:
«Бул бойпойгон, бул бойтойгон кумаркөз
Болор бекен өмүрүмдүн шериги?..»

Көрчү, экөөнүн тунук шампан тартканын,
Көрчү, экөөнүн бир-бирине жакканын.
Азыр алар сырдуу мүнөздөрүнүн
Ачып жатты улам жаңы жактарын.

Канат сезди анык, накта бактыны,
Кыздын жакты тазалыгы, тактыгы.
Кыздын жакты айкын, адил ойлору,
Кыздын жакты адамдыгы, актыгы.

Жуп келишкен, куп келишкен булардай
Эки жашты көрсүн кимдер кубанбай:
Аста-секин жигит басса келбеттүү,
Аны жандап кыз баратса жубардай.

Антишпеди көргөндөрдүн бардыгы,
Ага себеп ичтеринин тардыгы.
Махабатка алмустактан, байыртан
Берилбептир жолдун кенен, даңгыры.

Өткөн кезде өңдөн көбү азышкан,
Өңчөй ширин сүйүү катын жазышкан:
«Сүйөм, – дешкен, – асман жерге түшкөнчө!»
«Сүйөм, – дешкен, – калганынча кашык кан!»

Арбып улам ашык болгон куштар жан,
Айла таппай аруу кызга суктанган.
Көрөр замат алар кызды, Канатты
Көңүлдөрү кайт болушуп сустайган.

«Болпогой кыз, бойтогой кыз супсулуу
Болгон тура боз уландын туткуну!»
Сурун салып, суу кечпеген сөз сүйлөп,
Сууп калган эми алардын супсуну.

«Эстейличи өткөн күндү кечеги,
Солкулдаган жигиттердин нечени
Кат жазды эле, кала берди тытылып,
Канат кыздын кадырына жетеби?

Ал торолуп келе жатат араңдан,
Айткыла, ал адамбы укмуш жаралган?
Акыл-эси, турпатынан, билимден,
Кай жагынан артык турат алардан?

Канат – улан турмуш ыгын билбеген,
Татаал сырын көңүлүнө илбеген.
Бийлеп, окуп, катар басып жанашып,
Билеби кыз жүргөндүгүн ким менен?

Канатты кыз кантип тапты болду экен?
Канат кызга кантип жакты болду экен?
Кантип анын маңдайына шам жакты?
Кантип анын сакасы алчы конду экен?

Бир класста адеми эле ал жалгыз,
Бир шумпайга алданыптыр кайран кыз.
Ибилиске азгырылып, кайра эми
Ичтен сызып, кылса керек арман кыз?..»

Мындай сөздөр Заринага жетчү эле,
Көңүлүнө көйгөйлүү муң сепчү эле.
Кыз ансайын кыналчу эле Канатка,
Канат кыздын бул абалын сезчү эле.

Кат жазгандар кайра күчөп өчүктү,
Көк ташка эчак коюшса да көчүктү,
Кыртыйышып, шылкыйышып, кыйгачтап,
Мурчуюшуп мурун чүйрүп өтүшчү.

Жүдөмүштөр ичинде бар бушманы
Жүрдү экөөнүн мамилесин бузганы.
Карап көрсөң, болбойт окшойт бир да жан
Бул дүйнөдө таптакыр жок душманы.

Заринанын назик дили дилдиреп,
Ардангандан аргасыздан тил кирет:
«Адамдыгын, адалдыгын Канаттын,
Айткылачы, менден жакшы ким билет?

Көрүп-көрбөй, алар мейли талашсын,
Көп каныккан көзүм кантип адашсын.
Анык, таамай келсе алардын билгиси,
Аны менин көзүм менен карашсын».

Күпүр сөзгө кыз көп маани бербеди,
Андай сөздөр жорткон жолбун жел деди.
«Сезгилери келсе чындап Канатты,
Сезсин аны жүрөк менен мендеги...»

* * *

Өткөн күнгө келген күндөр уланып,
Экөө тосту ал күндөрдү кубанып.
Капысынан сыздап ооруп жүрөгү
Канат жатты төшөгүндө кубарып.

«Тез жардамдын» врачтары карады,
Тапкылары келди дартка дабаны.
Ийне сайып, дары-дармек бергенде
Баштагыдан дурус болду абалы.

Ичилсе да дарылардын канчасы,
Сезилди анын ыйык нерсе аңсашы:
Жагалмайдай учуп келсе болбойбу
Жакшынакай Заринасы – Зайкасы.

Кабар берип ал телефон чалбады,
Капысынан түйшүккө аны салбады.
Эртели-кеч ойлоп, мээсин оорутуп,
Эңсей берди келсе экен деп ардагы.

Ал жиберген мээ сигналы жеттиби,
Телепатия касиетин сездиби –
Эч себепсиз тыз-тыз этти жүрөгү,
Жөн эмес деп ал Канаттан шекшиди.

Көксөп кызын көңүлү түк жай албай
Жаткан кезде Канат айла табалбай,
Заринасы өтө керек учурда
Учуп келди окшоп кадим жагалмай.

Элден мурда жолугушту көздөрү,
Анан – абдан сагынычтуу сөздөрү.
Татынакай Заринанын деминен
Тар бөлмөдө болду дароо өзгөрүү.

Табылбаган дарыларды тапкан кыз,
Табып болуп, эмчи болуп баккан кыз
Зарина кыз күйүп турду Канаттын
Маңдайында Күнү болуп жапжалгыз.

Кыздын өзү шыпаа болду ооруга,
Анык калды ал Канаттын сообуна.
Боорукер кыз, эми сага жарашат:
Мейли күлгүн, мейли жайна, жоодура.

Кыз – Канатка, Канат – кызга жанашты,
Канат – кызга, кыз Канатка жарашты.
Мээрим чачып Күн күлүңдөп турганда
Мектеп карай экөө басып баратты.

* * *

Жай башталып, жадыраган кез жетти,
Зарина кыз бүттү орто мектепти.
Класс толуп салтанатка, мектепке
Он жыл мурда келген кезин эстешти.
Баары сулуу, баары бүгүн жайдары,
Шаңдуу шаттык жүздөрүндө жайнады.
Айтылды көп окуялар күлкүлүү,
Чыкты калкып анекдоттор кайдагы.

Булар бүгүн мектеп аттуу кырды ашып,
Акыркы ирет ачык-айрым сырдашып,
Кыдырышып көчөлөрүн Бишкектин,
Эргип жүрдү бий бийлешип, ырдашып.

Түн сүрүлүп, чыгыштан таң атканда
Табынышып, сыйынышып ак таңга,
Эрке жандар үйлөрүнө тарашты
Эми гана эл ойгонуп жатканда.

Чоң тилекке бүгүн жеткен кол сунуп,
Кыз кучагын кызыл гүлгө толтуруп,
Заринаны Канат жандап, кыналып
Жеткирди үйгө таксиге бир олтуруп.

Айтты Канат кызды сүйүп бетинен:
– Асыл Зайка, чыгарбагын эсиңен,
Эмки жылы мектеп бүткөн кечемде
Мага кезик, мен да сага кезигем.

Анда дагы таңды бирге тособуз,
Андан ары жанды бирге кошобуз.
Тагдыр чындап махабатты буюрган,
Болбойт бизге махабаттан бошонуш!..

* * *

Апта, айлар артка сызып тез кетти,
Ажайыптуу, ажары ачык кез жетти.
Канча жылы билим алып, акыры
Канат бүттү он үчүнчү мектепти.

Өткөн жылы болгон шаңдуу салтанат
Бүгүн кайра келгенсиди кайталап.
Мектеп бүткөн кыз-уландын жүзүнөн
Нур төгүлүп тургандыгы байкалат.

Эске келди жыйын болгон чагында
Таанышканы мектептин чоң залында.
Ошол залда Канат жүрдү толкундап
Жадыраган Заринасы жанында.

Толуп кетти жагымдуу ыр, күүгө зал,
Толуп кетти кыпкызыл, ак гүлгө зал.
Толуп кетти кубанычтуу, жагымдуу
Коңгуроодой кооз, жапжаш үнгө зал.

Заринаны көбү карайт тигилип,
Ак түстү ал жактырганы билинип.
Кечесине дили сүйгөн Канаттын
Келген тура бүт бойдон ак кийинип.

Кээ бейтааныш: – Тигил ак кыз ким? – деди,
Ал аппак кыз Канат менен бийледи.
Канат болсо, Заринасы менен, же
Аккуу менен бийлегенин билбеди.

Заринаны карап аккуу түспөлдүү,
Канат жайнап канааттанды, күчтөндү.
Атайылап кечесине Канаттын
Азыр эле ал асмандан түшкөнбү?

Жан тындырбай көп бийлешип өтө эле
Жабылгансып чоң, залдагы көшөгө,
Салтанатты улаганы түн бою
Чыгышты алар шам жайнаган көчөгө.

Көп басышып көчөлөрдө сайрандап,
Көңүлдөрү көккө сызды майрамдап.
«Ушул түндү, укмуш түндү эч качан
Унутпайлы!» – дешти алар жайдаңдап.

Канат менен бирге шампан ичкендер
Анык досу Адилет да, Искендер:
– Бар бололу бардыгыбыз! – дешти экөө
Келечекте ишкерлер да, ишмерлер.

Бир көчөдөн, да бир көчө алмашып,
Кыдырышты улан-кыздар жай басып.
Акырында олтурушту эс алып
Кең Эркиндик сейилбакка жайгашып.

Кыйбоочудай бирин-бири жандашып,
Кыналышып, колдорун бек кармашып,
Олтурушту Канат менен Зарина
Обочороок орундукту тандашып.

Канат кызга: – Чарчабадым сенче, – деп,
Тизесине башын койду эркелеп.
Айтты сонун үнү менен Зарина:
– Таң атса экен, таң атса экен эртерээк!..

Тизесине башын коомай койгондо
Кабыл болду Канат кызык ойлорго.
Таң жөнүндө бир белгисиз акындын
Ырдады ырын ырдалуучу тойлордо:

...Атар да, атпас таң болсо,
Ардагы жанда бар болсо,
Атпаска таңдын эркиби
Айтышса аркы-беркини.

Сүрөр да, сүрбөс таң болсо,
Сүйгөнү жанда бар болсо,
Сүрбөскө таңдын эркиби
Сүйлөшсө аркы-беркини...

Унчукпады Заринадай ынагы,
Уккан ыры жаккансыды сыягы.
Назданбастан, жумшак чачын Канаттын
Назик, элпек колу менен сылады.

Канат айтты: – Керек ойдун эркини,
Айтышалы биз да аркы-беркини.
Көңүлүмдү жалгыз суроо тынчытпай
Көптөн бери көлөкөмдөй ээрчиди.

Баягыда оор абалда болгонмун,
Ооруп жатып, оор ойду ойлондум.
Ал сыркоодон өзүң мени сакайттың,
Ал оюмду сага айталбай койгонмун.

Кокус анда көзүм такыр жумулуп,
Биротоло бутум калса сунулуп,
Өзүң анда кантээр элең, Зарина,
Өксүйт белең көздөн жашың куюлуп?

Албетте, анда тартат элең убайым,
Андан сени алыс кылсын Кудайым.
Чымырканып бул суроону сурадым,
Чын оюңду өз оозуңдан угайын...

Зарина кыз экен жандын зиреги
Сезилди азыр акылынын тереңи:
– Жанымда сен, Канат, кокус, болбосоң,
Жалгыз мага жашоонун не кереги?!

Уядагы түгөй бактек чымчыктай,
Экөө бир аз тунжурады дым чыкпай,
Анан кайра үн чыгарды Зарина
Коогалуу ой койгон өңдүү тынчытпай.

– Шек санабай, ишен айткан сөзүмө,
Өз суроонду кайра берем өзүңө:
Кантээр элең кокус кетсем дүйнөдөн,
Жооп берчи, карап туруп көзүмө...

– Акылга тут ар кыл кыйын кездерде,
Ант сыяктуу ак сөзүмдөн шектенбе:
Сен жок болсоң, сенсиз кантип жашайын,
Кетем мен да, сен дүйнөдөн кеткенде!..

Ак кийинип, берген аккуу элесин,
Зарина кыз билет аккуу эмесин:
«Бир аккуу өлсө, экинчиси асмандан
Өлөт дешет жерге уруп денесин.

Экөөбүздүн оюбуз төп ой болду,
Мындан ары ар дайым төп ойлойлу.
Капыстан бир башка кырсык түшсө эгер,
Канткенде биз аккуулардай болбойлу!..»

Оор ойдон кутулткандай кайдагы,
Таңдын нуру эки жашты аймады.
Бүгүнкүдөй сыйкыр түндү алкашып,
Бүтүргөндөр таңды тосту жайдары.
Тамылжыган сулуу таңды көрүшүп,
Тамылжыган сулуу таңга көнүшүп,
«Тагдыр, бизге узун өмүр бергин!» деп,
Таң нурунда экөө турду өбүшүп.

* * *

Улан сүйдү аруу, таза жубарды,
Жубар сүйдү татынакай уланды.
Катар басып өтсө эки жаш, көргөндөр
Канааттанып карачу эле буларды.

Аларчанын тунук суусун бойлошуп,
Адал дагы, тунук ойлор ойлошуп,
Капысынан бирин-бири чочутуп,
Каткырышты суу чачышып ойношуп.

Кыналышып экөө турду ыкташып,
Кылыктанды «жетип ал!» деп кыз качып.
Улан жетип, жай алышты жандары
Жаш жалбызды, жаш арчаны жытташып.

Көрүштү экөө көпкө жүрүп чарчабай
Чоң арчаны мезгил турган калчабай.
Өмүрүбүз болсо экен деп тилешти
Көп жашаган тигил түптүү арчадай.

Аларчанын жайнап чыккан дүйүм-көп,
Алар терди назик, жыттуу гүлүн көп.
Керемет Күн батаарында кызарып
Келишти алар үйлөрүнө күлүңдөп.

Оронгондо кереметтей сөөлөткө
Ысыккөлгө барчу кыска мөөнөткө.
Желбиресе чачтары жел кайыкта
Жетишчү экөө жетпей турган дөөлөткө.

Заринаны Канат айтчу: – Зайка! – деп, –
Сен кызыгып, терең сүзбө, байка! – деп,
Көрүнбөгөн таш, темирге урунуп,
Көл үстүнө чыкпай калба кайта, – деп.

Денелерин назик толкун аймалап,
Бир-биринен кабар алат кайра бат.
Алга сүзсө, кыз кыйкырат артынан:
– Алыс барба, абайлагын, ай, Канат!

Айтат экөө: «Биз алыс жан эмеспиз,
Бирибизге бирибиз эң керекпиз.
Көп жашайлы көрүп сүйүү үзүрүн».
Акыйкат сөз, аларга эмне демекпиз.

Кыш чилдеде келүү үчүн эс алып,
Чоңташ жакка барышчу эле бет алып.
Лыжа менен чана тебүү жагынан
Баа коюлса, алар турмак «беш» алып.

Баратканда төмөн карай зыркырап,
Азилдешкен аяз секин чымчылап,
Жүздөрүнөн ал экөөнүн албырган
Сезилчү эле сүйүү менен ынтымак.

Адырларда ак таң жуушап жаткандай
Айланада аба таза ах, кандай!
Аздектешкен эки жаштын көңүлү
Аруу эле, пакиза эле ак кардай.
Бирин-бири улам күчтүү сүйгөнүн.
Билди ал экөө алда кызык күн көбүн.
Да бир сезди карда туруп таптаза
Улуулугун, сулуулугун дүйнөнүн.

Ар нерсеге болуп жүргөн алагды
Он сегиз жаш күтүп алды аларды.
Андан соң да далай сулуу кеч кирип,
Алар үчүн сулуу таңдар агарды.

Бир топ убак тырышып да, иришип,
Машинаны айдоо сырын билишип,
Борбор шаарда капысынан кээ кезде
Жолугушчу «күлүктөрүн» минишип.

* * *

Окуучулук артта калып баштагы,
Кең ачылды экөөнө илим асманы.
Америка университетинде – Зарина,
КРСУда[1] Канат окуй баштады.

Билим алса өз балдары сүйүктүү,
Ата-энелер болду алардан үмүттүү.

[1] КРСУ – Кыргыз-Россия, славян университети.

Билгилери келсе дагы, эмгиче
Бир-бирине тааныш болбой жүрүштү.

«Мейли, эки жаш күлүп, бийлеп, ырдасын,
Бирин-бири сындасын да, ылгасын, –
Дешти ата-эне, – өз эркине коёлу,
Кийлигишсек, бизге акарат кылбасын».

Кайдыгерлик кылбай кызга чиренип,
Канат кайра жакындатчу имерип.
Кучак толо розаны кыпкызыл
Жума сайын кызга турчу жиберип.

Тапса экен деп Зарина кыз канагат,
Болду оюнчук белек кылуу ага адат.
Ал жиберчү жумшак, назик аюуну –
Арт жагынан ээрчиген көп мамалак...

Оюнчуктар Заринага жакчу эле,
Сылап-сыйпап эркелетип катчу эле.
Укмуш аюу оюнчугун Канаттын
Уктаарында койнуна алып жатчу эле.

Зарина да, Канат дагы кездешет,
Алгачкы ирет таанышканын эстешет.
Айтып, айтып түгөталбай сөздөрүн,
Айласыздан айрылууга кез жетет.

Кээде ыгы жок бир-бирине кызганат,
Уктай албай, жокту жоруп кысталат.
Эртеси эле шектенүүдөн из калбай,
Эргип, жыргап, жашоо үчүн шыктанат.

Кээде ыгы жок бир-бирине таарынат,
Майда сөздөн көңүлдөрү тарыгат.

Кайра сурап бир-биринен кечирим,
Кадимкидей жолугушат жадырап.

Ажайыптуу мезгил эле жай келген,
Адам көөнү табиятка шай келген.
Канат күтүп Заринаны зарыкты
Капысынан жолугат деп кай жерден.

Үйүнөн да, окуусунан табылбай
Койду толгон көчөлөрдөн кабылбай.
Чыгар деди арасынан булуттун
Бир жарк эткен жайдын жаркын Айындай.

Канат кантсин жаш жүрөгүн оорутпай,
Канат кантсин кайгырбай да, оолукпай.
Кыздын чөнтөк телефону унчукпай,
Койду такыр кыз эч жерден жолукпай.

Ар кыл ойлоп, кыздан шеги ашынып,
Кыз атайы жүрөбү деп жашынып,
Обочороок жерге коюп «күлүгүн»,
Кыз эшигин көп тиктеди акыйып.

Көздөрүнөн жаш чыкканча карады,
Көрүнбөдү Заринанын карааны.
Уктап кетти бөлмөсүндө тымызын
Убайым жеп тарткан бойдон санааны.

Заринаны өңүндө эмес, түшүндө
Көрсө, жүрөт экөө батып үзүргө.
Альплагердин токоюнда эс алып,
Ал жылмайды шаттык ойноп жүзүндө.

Чер токойдо экөө ойноду жашынмак,
Кыз алыстап Канат барса жакындап,

Кыз жоголду, кыздан кабар болбоду
Чакырса да, чуркаса да акылдап.

Ысыккөлдө чабак урду кыз-улан,
«Алыс сүзбө, ай, Канат!» дейт кыз улам.
Жалгыз түштү бир кайыкка Зарина
Көз уялтып шоола жанган учунан.

Күмүш сууда шилтеп күмүш канатты
Күймөлбөстөн күүлөнүп кыз баратты.
Кылчайбастан кетти сүзүп закымдап,
Кыз жээкке жалгыз таштап Канатты.

Анан Чоңташ. Экөө лыжа тебишет,
Атаандаштын бүт бардыгын жеңишет.
Заринага белек кылып атайы
Укмуш лыжа, учма лыжа беришет.

Учма лыжа кош канатка айланат,
Ак кош канат Заринага байланат.
Аккуу болуп ал кайкыса сөөлөттүү,
Аны турду асмандагы Ай карап.

Зарина эле узак издеп тапкан кыз,
Зарина эле жанына чын жаккан кыз.
Карачы, эми кайып болуп кетти деп,
Канат байкуш ыйлап турду жапжалгыз...

Терге чөмүп Канат турду ойгонуп,
Темтеңдеди кабак чытты, ой жоруп:
Такыр чыгып көргөн түшүм тескери,
Табам балким Заринаны жол болуп...

Башта жүргөн баш көтөрүп тыңсынып,
Бара жатты азыр Канат шылкыйып.

Бирок, азыр билингенсип негедир
Бир аз үмүт турду оюнда кылтыйып.

Жумшак, элпек жылып келип кашына,
Токтой калды кызыл чоктой машина.
Машинага тормоз берген сулуу кыз
Айтты чыйрак: – Амансыңбы, ашына!..

Зарина экен карап көрсө жакшылап!
– Тааный албай калдыңбы? – деп каткырат.
Сүйүнгөндөн Канат эси ооп, дабдырап,
Сүйлөгөнгө сөз табалбай аптыгат.

– Айтчы, Зайка, аман-эсен барсыңбы?!
Мени азапка сала турган жансыңбы?..
– Кел, Канатик, – олтурагой жаныма,
Кенен жерде айткын доомат-арзыңды.

Саябандуу, салкын жайкы кафеге
Кызыл «Хёндай» жетип барды бат эле
Ээн-эркин экөө суусун жутушту,
Эс алгандар мында али аз эле.

Кыз акырын түшүндүрдү ал-жайын,
Кыйла убакыт жоголуунун жагдайын.
– Сенден кантип жашынмакмын, качмакмын,
Көрүшүүнү көксөп жүрсөм ар дайым?

Ортобузда бар кебелбес ишеним,
Ойлобоймун ал жоголуп, житерин.
Кайрат кылып жаттым ооруканада
Капысынан кыйнап сокур ичегим.

Билсе, мага улам-улам барат да,
Күнү – окуудан, түнү – уйкудан калат да –

Мен апамдан билдирбе деп сурагам
Ооруканада жатканымды Канатка.

Операция жакшы бүтүп, оңолгом,
Карап көрчү – кайра ирденип, торолгом.
Себеп ошол – сени издетип, муңайтып,
Себеп ошол – мен дарексиз жоголгон...

– Зайка! Зайка! Кайдасың, – деп какшандым,
Издеп, аңдып, тыңчыдай иш аткардым, –
Канат айтты көздөрүнөн нур жанып, –
Жинди болуп кетүүдөн мен аз калдым!..

– Айыктым да, кыз болдум мен ардактуу,
Апам, папам кымбат белек арнашты:
Тигил турган «Хёндай» деген кыпкызыл
Машинанын мага ачкычын карматты, –

Деп Зарина улап кызык баянын,
Күлүмсүрөп бүттү анын аягын:
– Чыдабастан, чыгат го деп чый-пыйың,
Чынын айтсам, Канат, сени аядым...

Машиначан экөө бир топ сейилдеп,
Көңүлдөрү көтөрүлдү жеңилдеп,
Машина ичин Канат гүлгө толтурду:
– Колдон келген белегим бул менин! – деп,

Ооруба эми, дайым дениң сак болсун!
Башыңа түк кетпей турган бак консун!
Кызыл атың, кымбат атың ылайым
Кызматыңа так жараган ат болсун!

Кыз жолугуп, бар экенин чын кылып,
Канатынын муң көңүлүн тындырып,

Сулуу булгап, назик булгап оң колун,
Кете берди машинасын жылдырып.

* * *

Аламүдүн суу аккан тоо тараптан
Сонун жерде жандын баары жараткан
Чакан, жайлуу дем алыш үй бар азыр
«Жылуу булак» деген аты жарашкан.

Эртең менен бак оронуп бубакка
Кеч күз келип, кыш башталар убакта
Жылуу жүздүү эки жашты кокустан
Тагдыр кошту ушул «Жылуу булакта».

Ачык болбой мунун жалган, ырасы,
Маң болушту, дал болушту кыязы.
Чын чыкканда жолугушуу бул жерде
Жаратканга болушту экөө ыраазы.

Араң эле үрүүл-бүрүүл атканда,
Ашыгышты ал эки жаш ак таңга.
Караштты экөө катар туруп суктанып
Тоо башына Күн алтын нур жапканда.

Жакты экөөнө ушул жердин асманы,
Асман тургай ар кыл сулуу таштары.
Таза абаны тең жутушуп басышса,
Таң желине тең таралды чачтары.

Экөө түштө суу боюнда турушту,
Тунук шардын түркүн күүсүн угушту.
Ойлоп адам өмүрүн да, тагдырын,
Не бир укмуш, сырдуу ойго чумушту.

Тыйын чычкан даракта ойнойт жүгүрүп,
Бутактагы жашоосунан түңүлүп,
Жел эпкини тийип кетсе желп этип,
Жалбырактар жатты жерге күбүлүп.

Калың тартты көктө булут шыкалып,
Эмнегедир өңүндө бар ызалык,
Эңиш тарткан, кейиш тарткан өмүрдөй
Экөө көрдү Күн батканын кызарып.

Кереметтей күндү өткөрүп бир басып,
Кечке чейин эрмектешти сырдашып.
Чарчашканын байкабастан кечкурун
Чай ичишти, жай ичишти жыргашып.

Бүгүн кокус жолукканга таң калып,
Сыртка чыкса, турса жаркып шам жанып,
Жүрдү экөө кол кармашып уктабай
Жүрөктөрдө таттуу сезим жанданып.

Бүгүнкү күн болду сыйкыр кыялдай,
Эндирешти эс-акылын жыя албай.
Кыйналышты бөтөн-бөтөн бөлмөгө
Бөлүнүүгө бирин-бири кыя албай.

...Адам батпай, ат туйлаган ат майдан,
Ак калпакчан көп жигиттер капкайдан
Келип жатат. Арасында алардын
Бир кыз жүрөт күрөң көйнөк, сапсайган.

Зарина кыз ак боз атты миниптир,
Кош этектүү жибек көйнөк кийиптир.
Жылаажындай үнү чыгып, билекке
Жыланбоор элик камчы илиптир.

Катарында Канат дагы салт атчан,
Короздонот кооз күрмө, калпакчан.
Буулугушат, ээлигишет, жадырайт
Бул эки жаш тагдырлары айкашкан.

«Кыз куумайды» ушул экөө баштады,
Кыз Канатты дароо артка таштады.
Калганга артта намыс кылды көрүнөт
Канат дагы, Канат минген ат дагы.

Кыздын аты, Канат аты зуулады,
Кызга Канат жетпей калса туурабы?
Канат жетип, Заринаны бир өптү,
Ат майданда эл кыйкырып, дуулады.

Искендерлер, Адилеттер келишти,
Чын ыкластан куттукташты жеңишти.
Анан алар кумарлары канганча
Алты бакан селкинчекти тебишти.

Заринанын кош этеги желбиреп,
Кара чачы желге эркелеп делбиреп,
Эргип, жыргап улам карайт Канатты
Экөөбүзгө таалай чындап келди деп.

Көккө чыгуу, кайра түшүү төмөнгө
Болду экөөнүн шаттыгына өбөлгө.
Астын тосту күрөң көйнөк кийген кыз
Аттарына экөө минип жөнөрдө.

Ал Канатты алдап, арбап, дубалап
Алып кетти. Арттан баары кубалап,
Жетпей калып Зарина,
Күрөң көйнөк кызды каргап муңаят.

Кармайлы деп учурда алыс кете элек
Канатты издеп шашкан кезде жете элек,
Саксайган кыз, күрөң көйнөк кийген кыз
Боз үйгө аны кирип кетти жетелеп.

Үйгө кирди Заринанын бир өзү,
Канаты жок кайрат берип сүрөөчү.
Сыртка чыкса эмнегедир Канаттын
Туурдукта турат муңдуу сүрөтү.

«Күрөң көйнөк кыз кай жактан келди? – деп,
Күйүт тартып эстен танып эндиреп, –
Канат кайда житип кетти дареksиз:»
Деп Зарина ыйлап ийди эңгиреп.

Кыз ойгонсо төшөгүнөн бат туруп,
Терезеден шыкаалады ак булут.
Каадасынча күзгүсүнөн каранса
Калган экен кирпигине жаш туруп.

Канат экөө бек убада кылышкан
Таң дык салып келатканда чыгыштан,
Биз да алалы таңды тосуп, ар бир таң
Бөлүштүргөн махабаттан, ырыстан.

Кыз чочуду калдымбы деп кечигип,
Абдан шашты, ал Канатка кезигип,
Ыйлап ийди моюнунан кучактап,
Ичте муңу бар экени сезилип.

Көргөн түшүн айтып жатты ал тынбай,
Бардык майда-чүйдөсүн да калтырбай.
Өпкөсү көөп, солуктады баладай
Башкалар да байкайт дештен тартынбай.

Канат айтты: – Биз жолугуп таңында,
Мен эсен-соо турамын го жаныңда.
Зайка! Зайка! Түшүн, түшкө не кирбейт!
Соорон, жаным, түшкө ишенип жаңылба!

Операция болгонуңда баягы
Айыктырып тагдыр сени аяды.
Сен жөнүндө коркунучтуу түштөрдүн
Жакшы болуп чыкпадыбы аягы.

Мен дегенде таптаза экен ыйманың,
Мен үчүн сен неге өзүңдү кыйнадың?
Жаман түштү унуткун да, жашыбай,
Жадырачы жакшынакай ыйлаагым!..

Канаттын бул айткандары төгүнбү?
Заринасы боло түштү көңүлдүү.
Эки жашка эреркеген, эштенген
Эгиз тоодон Күндүн нуру төгүлдү.

Башта эки жаш кыйналчу эле бук болуп,
Чер жазышты ушул жерге туш болуп.
Тамылжышты мүрүсүнө алардын
Таалай аттуу татынакай куш конуп.

Тургансыды көңүл эрип мас болуп,
Тургансыды көп күндөр да аз болуп.
Туюлса да кыштын салкын эпкини,
Тургансыды гүлдөр күңкүп, жаз болуп.

Атып келе жаткан кезде араңдан
Алар тосту укмуш таңды агарган.
Ойлоп таппас таңдагы көрк, сулуулук
Окшоп турду экөө үчүн жаралган.

Таңдай таттуу, канча жаркын кеч өттү,
Сыр төгүлгөн, ыр төгүлгөн кез өттү.
Ал экөөнүн кандыралбай кумарын,
Атаганат, алар неге тез өттү?

Аз болсо да бул жерден таап туракты,
Алышты экөө жүрөккө күч-кубатты.
Унутушса башка жерди унутаар,
Унутушпас, бирок, «Жылуу булакты».

Билсе дагы кыз Канаттын кандайын,
«Келесоом!» – деп эркелетчү ар дайым.
– Кош, келесоом! – деп Зарина сылады
Канатынын жылдыз жанган маңдайын.

Жүралбастан бир-биринен тартынып,
Жүрөктөрү бир-бирине тартылып,
Маашырканды экөө бирдей маанайлуу
Махабаттын вазифасын артынып.

* * *

Ак кары бар, суугу бар кыш келди,
Айланага өзгөчө көрк кыш берди.
Азада кыш бири-бирин аңсатып,
Ашыктардын жүрөгүнө шык берди.

Ийменбестен сулуу кыздай наз кылып,
Жаңы жыл да өктөм келди шаштырып.
А эски жыл, а кески жыл жылт койду
Өз укугун жаңы жылга тапшырып.

Шашып чөнтөк телефондор иштеди,
Жигит – кызды, кыз – жигитти издеди.
Канат айтты: – Ашыгалы, Зарина!
Жолугууга милдеттүүбүз биз! – деди.

Ал тез келди, шайдоот келди аптыгып,
Адатындай Заринаны шат кылып.
Бирин-бири сагынганын билдирип,
Бирин-бири сүйө карап жактырып.

Таанылгыстай тар пейил да кеңелер,
Учур барбы бул учурга теңелер?
Бир-бирине биригишти эриндер
Бириккенде бир-бирине жебелер.

Рюмкалар шам нурунан жылтылдап,
Рюмкалар үн чыгарды шыңкылдап.
Кыз-келиндер жигиттерге ыкташып,
Кылыктанып бийлеп жүрдү кылтылдап.

Канат айтты: – Зарина, ойлоп түшүнчү,
Зор кылымдын жылы келди үчүнчү.
Биз кылымдын башындабыз, жашообуз
Керек биздин жашка чейин жүзүнчү.

Антип ашык айтпайлычы бекер биз,
Жүз дебейли, сексенге биз жетербиз.
Жүзүбүздү бурбай, дайым түз карап,
Жүрсөк болду кол кармашып эсен биз.

Зарина айтты: – Жаштар карып, өзгөрүп,
Сексен жашты эчак артка өткөрүп,
Бир-бирине карашкан да, жарашкан
Жубайларды жүрөбүз го көп көрүп.

Өмүр өтсө дайра сындуу жай агып,
Көргүм келет чачың кардай агарып,
Көк асмандын, ак булуттун астында
Көз айнекчен жүрсөң таяк таянып…

Канат айтты: – Айтканыңа көнөмүн,
Сен жанымда болуп жүрсөң жөлөгүм.
Таяп жүрсөң, аяп жүрсөң аздектеп,
Такыр келбес ал дүйнөгө жөнөгүм.

Эмне айтаарың турармын мен бат билип
Эмне айтаарым турарсың сен бат билип.
Аппак чачың ал кезде да бап келер
Адатыңдай жүрсөң анда ак кийип.

Сен да мага, мен да сага абадай
Эң керекпиз, муну айтамын жадабай.
Жашайлычы бирибизден бирибиз
Жаныбызды, баарыбызды аябай!

Экөө бир топ бийлеп жүрүп айланып,
Кайра орунга отурганда жайланып,
Таттуу шампан даамын дагы таткан соң,
Канат ойго ой улады камданып.

– Сексен жашты сөз кылууну таштайлы,
Ага жетүү жолду эмитен баштайлы.
Макул болсоң болуп ынак тагдырлаш,
Махабаттын ыйык атын актайлы.

Жүрөгүбүз бири-бирин ынаткан
Бир топ жылы өттүк татаал сынактан.
Бир жол болуп, кошулалы дайрадай
Бир нук ээлеп, бир багытта бир аккан.

Ортобузга бир дасторкон жайылсын,
Ага коёр орток наар табылсын.
Сүйүнүчтү, сүйүүбүздү ырастап,
Үйүбүздө орток ыр-күү жаңырсын.

Ата-энелер бир туугандай болушсун,
Алар дайым, урмат-сыйлуу жолуксун.
Ыркка келип дирилдесин дилдери
Кылдарындай күүгө келген комуздун.

Бирге болсун олжобуз да, мүлкүбүз,
Бирге угулсун үйүбүздөн күлкүбүз.
Көзөл Зайка, бир кошолу кан-жанды,
Көңүл жакын, а биз бөлөк жүрчүбүз.

Нике тойдо жыргап-куунап бир жүрсөк,
Мейли ачык, мейли болсун күн бүркөк.
Жарашат дейм чырайыңды чыгарып
Бетиңе сен тарткан назик үлбүрчөк.

Эки алтын шакекти мен тандагам,
Эки алтын шакекти мен камдагам.
Эчак жатат эки шакек жаркырап
Экөөбүздүн тоюбузга арнаган.

Бири сенин сөөмөйүңө бап келет,
Бири менин сөөмөйүмө чак келет.
Анык алтын кош шакекти жаркытып,
Алтын жапкан ак табакта апкелет.

Расмини биз улантып адепки,
Сактап эмки сылык салтты, адепти,
Мен шакекти сөөмөйүңө саламын,
Сен саласың сөөмөйүмө шакекти.

Оюбуздун биргелигин ырастап,
Жолубуздун биргелигин ырастап,
Сүйүүбүздү да ырастап, киребиз
Үйүбүздүн босогосун бир аттап.

Сен өзүңсүң махабатым, багым да,
Сен өзүңсүң жашоом дагы, жаным да.
Нике тойду өткөрүүгө жакшылап
Дагы бир аз жетпей жатат камылга.

Уруксаты болсо улуу Кудайдын
Эч кечикпей, аягында бул айдын
Салт боюнча апам менен папамдан
Сага сөйкө салып кел деп сураймын.

Алар барса, байланышы тереңдеп,
Апаң, папаң макулдугун берер деп
Жараткандан тилеймин да, ишенем
Жакшынакай кудалашып келер деп.

Кечир, Зайка, сүйлөп койдум бүгүн көп,
Да сүйлөөгө алда күнүм, түнүм көп,
Макулсуңбу мен айткандын баарына?
– Макулмун! – деп Зарина айтты күлүндөп.

Кыз сөзүнө өтө ыраазы болду да,
Чөнтөгүнөн чапчаң ала койду да,
Кооз, назик, аппак күмүш чынжырды
Канат салды Заринанын мойнуна.

Татсынчы деп бирге олтурган ардагы,
Канат көпкө алма кармап тандады.
Бөлүп жешти жакшы көргөн Зарина
Укмуш сулуу, укмуш жыттуу алманы.

Башта ийменип, башта сүрдөп көрүшкөн,
Бара-бара өбүшүүгө көнүшкөн.
Эмес болчу башта экөө эмкидей
Минтип ысык, минтип узак өбүшкөн.

Ана, агарып, жаңы жылдын таңы атты,
Ал аткан таң ашыктарга жарашты.
Кош айтышып, кол булгашып, жайнашып,
Кошулуу үчүн бөлүнүшүп баратты.

* * *

Жаңы жылдын өттү алгачкы аптасы,
Жадырашып карылардан башкасы
Көңүлүнө майрам орноп, али да
Көп жигиттин жазыла элек жаш башы.

Жума өтсө да жаңы жылды тосушуп,
Жуткан жактан бир-биринен озушуп,
Кыйынсынып олтурушту курбулар
Кыйкым сүйлөп, короз сындуу «чокушуп».

Бир теманы бүтүп, андан кетишти,
Дагы жаңы темаларга жетишти.
Жаак жанып сүйлөгөндүн ар бири
Өзүн кыйын, өзүн сөзмөр сезишти.

Сөз кылышты Марадона, Пелени,
Рональдо аларга тең келеби?
«Алга» эми жок, футболчу жок, футбол жок,
Өзүбүзгө айтышты алар жемени.

Кайрылбайбы атак бизден жылмышкан?
Кайда жандар футбол үчүн тырмышкан?
Шевченкодой, Оуэн, Йылхам, Сычевдой
Футболчулар качан чыгат кыргыздан?

Мезгил экен сүйлөөк жаштар бук болгон,
Сөздү бурду жадагандай футболдон.
Алар жешти шам-шум этип аз тамак
Араң зорго жумуруна жук болгон.

Андан кийин ырчылардан кеп болду,
Аташканы Сыймык, Гүлнур, Бек болду.
Бекке түстөш кара тору бир жигит:
– Ырыспайга эч ким жетпейт! – деп койду.

Бири – Айчүрөк, Динараны мактады,
Дагы бири – Талип кызы Шахраны.
Үчүнчүсү – Күлсүн аттуу нур жүздүү
Мамаш кызын мактоого сөз таппады.

– Ырдаганда анык булбул – Саламат,
Ыклас койбой, ким кайдыгер калалат?
Ибараттуу Саламаттай ырчыны
Издегендер кана, кайдан таба алат? –

Айтты муну чийкил өңдүү бир жигит,
Атактуу ырчы кыздын баасын билдирип.
Жаңы гана көкбөрүдөн сөз болсо,
Жанданышты көптөрүнө тил кирип.

Тигил кыйын, бул кыйын деп айтышты,
Кыйындарга дилден арнап алкышты.
Көкбөрүчүл балбандарды талашып,
Көпкө чейин сөздөн улак тартышты.

Албетте, эми сөз сүйүүдөн башталды,
Тили оозуна жукпай көбү какшанды.
Жүрөбүз дейт арабыздан көп көрүп
Сүйдүк, күйдүк деп айтышкан жаштарды.

Туткундайбы сүйүү ар бир пендени?
Сүйүү деген ыйык сөзбү элдеги?
Ашыклык деп, махабат деп, сүйүү деп
Айткан менен түшүнүшөт эмнени?

Сүйүү дешет, өзү барбы сүйүүнүн?
Жүрөгү да, көзү барбы сүйүүнүн?
Ант-шерт берип, такыр алдап кеткенден
Ала турган өчү барбы сүйүүнүн?

Сүйүү деген жаркын сөзбү, нур сөзбү?
Сүйүү деген жеңил жел сөз, кур сөзбү?
Сүйүү деген кайгысы көп муң сөзбү?
Сүйүү деген сулуу сөзбү, сур сөзбү?

Элдин көзү ырчыларды тиктеди,
Эстрадалык топтун атын «Биз» деди.
Сөздү угузбай кулак жарып оркестр,
Өтүп жатты көп ырлардын тизмеги.

Аягында Тутуева, Токторов
Эки-үч сөзгө кайра-кайра токтолуп,
Ырдады экөө үнүн бийик көтөрүп,
Көкүрөккө муң чыккансып топтолуп:

Ырдады экөө кайгылуу абдан:
«Кечки туман!
Кечки туман!
Махабаттын баары жалган!»

Ыр да бүттү. Кайра сөзгө кез келди.
Куба жигит ырды укканга эштенди.
Шапалак чаап, ырчыларды жактады.
Сүйүү жогун ошол жалгыз сезгенби?

Махабаттын бардыгы эле жалганбы?
Махабаттан көптүн көөнү калганбы?
Ырын угуп эки ырчынын муңканган,
Тунжурашып, олтургандар таң калды.

Күндүн жаркын нуру тийбей буларга,
Капталышкан неге кечки туманга?
Эмнеликтен ушул ырды кайгылуу
Тартуулашат кырчын кызга, уланга?

Махабатты жактаар бир сөз табалбайт,
Махабатты неге мынча жамандайт?
Экөө ырдашса ыйлагандай үндөрү,
Кабактары карыш түшүп салаңдайт.

Койгусу бар кишендеп же тузактап,
Неге ырдашат махабатты ушактап?
Өмүрүндө булар бирөөн жактырып,
Өпкөн жанбы сезими эрип кучактап?

Азыр барбы мындай ырдын кереги?
Адамдарга бул ыр пайда береби?
Ылайыктуу ашык болгон жаштарга
Ырдын жаркын, жалындуусу, тереңи.

Эки ырчынын ыры өчтү, токтолду,
Кечки туман сыяктанып жок болду.
Армандуу ырды уккан ар кыл жаштардын
Ар кыл ою кайра ордунан козголду.

Сүйүү адамга уу берген да, бал берген,
Махабатка ажал дагы тан берген.
Сүйүү үчүн Кулмурза да, Ак Саткын,
Олжобай да, Кишимжан да жан берген.

Куба жигит жетпей кеткен чыдамы:
– Токто! – деди. Ага берки ынады.
Кыялында кыйлалардан чебердей
Кыш сыяктуу ойду ойго кынады:

– Сен сүйлөдүң жигитсинип азамат,
Сөздү жасап, сөздү боёп, тазалап,
Керемет сөз тапкан өңдүү эрдемсип,
Кекиртегиң керип айттың «Махабат!»

«Махабат!» деп жар салганың асан да,
Кечир, курбум, ушул сөзүң жасалма.
«Махабаты-сахабаты» жок эле
Жашап өттү чоң атам да, атам да.

Өзүм дале ансыз жашап келемин,
Сезе элекмин анын мага керегин.
Бир кыз, бир уул төрөп берген жарымды
Жакшы көрөм, жакшы көрө беремин.

Ук, курдашым, сөз сүйлөйлү жөнү бар,
Махабат жок, жадырашуу, өбүү бар.
Жакшы көрүү, бирин-бири кадырлоо,
Жакындашуу, бир-бирине көнүү бар.

Топко кирди бирөө улак тарткандай,
Көкбөрүнү ээрге шарт арткандай.
Кыл муруттуу жигит айтты: – Бул курдаш
Сөз сүйлөдү көңүлүмө жаккандай.

Тиги жигит сөзүн бекер коротту,
Тырышса да ой айтууга омоктуу,
Кайталады баары билген качантан
Көп айтылып келе жаткан жомокту.

Сүйүү үчүн өлүү – сулуу жомок да,
Өлбөй-нетпей, жөн сүйсө да болот да.
Сүйүү үчүн жанды кыюу зарылбы?
Адам – келген бул дүйнөгө конок да.

– Туура! – деди куба жигит жанданып,
Тургансыды маңдайында шам жанып:
– Эчак пайда болгон ошол жомокко
Элдин көбү келе жатат алданып.

Ал жомоктор бүткөн мезгил эскирип,
Адамдарга акыл кирип, эс кирип
Калбадыбы, окуганда аларды
Азыр эч ким ыйлап ийбес эчкирип.

Көптөн бери укпадым да, көрбөдүм
Сүйүү үчүн ким бирөөнүн өлгөнүн.
Бул далилдейт сезимге эмес, жаштардын
Сабыр, байым, эс-акылга көнгөнүн.

Айталы биз: жигит кызга жакпайбы,
Айланада жигит толуп жатпайбы.
Жигит тандап, ойго албастан өлүмдү,
Жигердүүсүн, азаматын таппайбы.

Айталы биз: жигитти кыз чанбайбы,
Чанса, бирок, неге тартмак ал кайгы.
Өлүп не бар, толгон кыздан бир кызды
Чекесине чертип туруп албайбы.

Чийкил өңдүү жигит көзү жайнаган
Экөөн угуп, сөзгө кирди кайрадан:
– Махабатты түшүнбөстөр азыр да
Арабызда бар экенге таң калам.

Айтсаңар да тилди бүлөп нечен ой,
Анын баары дилге жукпас бекер ой.
Махабатты ыйык, улуу деп айткан
Менин оюм кебелбеген бекем ой.

Сүйүшкөндөр сүйүүнү ыйык көрүшөт.
Сүйүү үчүн жан берип, кан төгүшөт.
Тирүүсүндө биригише албаса,
Өлгөндөн соң биригүү үчүн өлүшөт.

Албетте, алар аргасыздан өлүшөт,
Өлүмгө алар аргасыздан көнүшөт.
Ооба, алардын арбактары көрүшөт,
Ооба, алардын арбактары өбүшөт.

Баатыр болгон жан бар кылыч чапкандан,
Баатыр болгон жан бар мылтык аткандан.
Кемби алардан махабаттын баатыры
Жанын кыйып, ыйык парыз аткарган?

Алар жүрөт ыйык милдет атказып,
Аларды эл баатырлардай баркташып,
Илинбеген токтомго, же указга
Ысымдарын келет дилге сакташып.

Андай эрлер чанда гана чыга алат,
Анык сүйгөн андай эрдик кыла алат.
Адам да бар, махабат бар, эрдик бар,
Ааламга азыр келе элек го кыямат.

Эрдик кылат шертти дилге так түйгөн,
Эрдик кылат жанын арнап нак сүйгөн.
Андай жандар бар экенге ишенем
Адал сүйгөн, аруу сүйгөн, ак сүйгөн.

Бир топ улап алар талаш-тартышты,
Акырында бүтүп кайым айтышты,
Ооздорун эс алдырып, тындырып,
Олтуруштан үйлөрүнө кайтышты.

* * *

Эч ким билбейт ажал качан келерин,
Кайда, кантип өмүрдү өлүм жеңерин.
Ажалга адам арбатып да, алдатып,
Андан кийин ыйлайт билип себебин.

Канат катуу ооруп калды капыстан,
Какты туйлап жүрөгү анын ачышкан.
Жалгыз жатты керебетте, бул кезде
Жан болбоду көмөк берип ашыккан.

Бүгүн үйдө жок болучу апасы,
Күмөн кезде жашабасы, жашашы
Ал эшикке такак салып койгону
Өмүрдөгү болду акыркы катасы.

Телефонду эптеп кармай албады,
Заринага бир сөз арнай албады.
Зарина эмес, ажал аны жандады,
Заринанын тийбей калды жардамы.

Араан ачкан ажалга ал уттуруп,
Кирпигинен жаш кылгырды туптунук.
Жадыраган жаркын көзү жумулуп,
Жатып калды керебетте бут сунуп.

Эртеси ар кыл ойлорду ойлоп бүдөмүк,
Эшик бузуп Дайыр кирсе түнөрүп,
Жарык менен, жашоо менен иши жок
Жалгыз уулу уктап жатты түбөлүк.

Көкүрөктү аяз каптап ыйладык,
Көздөн аккан жашыбызды тыйбадык.
Азап тартып, күндүзүбүз түн болуп,
Алсырадык аза күтүп кыйналып.

Араң эле өмүрүнүн таңы аткан,
Асман карай канат күүлөп бараткан,
Оюбузга кайдан келсин айрылуу
Он тогузга жаңы чыккан Канаттан.

Уктап жатты, бирок, чыккан деми жок,
Арман, арман, аягы жок, чеги жок.
Үн чыгарып тааныш дагы, жагымдуу
Үйгө жайнап кирчү Канат эми жок.

Тамаша айтып, сөз чыгарбай таарынар,
«Ооруп-сыркап, бошошпостон карылар,
Тың болгула, – дечү дайым коштошуп, –
Мен да бармын, бар болсоңор баарыңар!»

Неге өлүмгө өзүң жолду баштадың?
Баштадың да, көзүбүздү жаштадың.
Өзөктү өрттөп, өксөттүң да, өксүттүң,
Өзүң кетип, бизди неге таштадың?

Он гүлүңдүн көбү кетти ачылбай,
Ой-кениңдин чети кетти казылбай.
Айланага кеттиң жаркын нур чачып,
Алатоонун кереметтүү жазындай.

Ата-энеси баласынан айрылды,
Асманга учар канатынан айрылды.
А Канаттын жаш канаты кайрылды,
Аруу, таза ак канаты кайрылды.

Каттар чыкты барктап, сыйлап катылган.
«Канат! Сенин чыккым келбейт кашыңдан!
Күчтүү сүйөм! Абдан сүйөм! Чын сүйөм!
Күтөм! Зайка-Заринаң!» деп жазылган.

Бир кутудан көрүндү алтын кош шакек,
Бир-бирине башта ынак, дос шакек.
Эми жездей дат баскансып көрүндү
Экөөнүн тең эч кереги жок шакек.

Ата-энеси эстеринен танды бат,
Кош шакек да ыйламсырап калды бат.
Ал экөө тең адам сындуу муңайып,
Аза күттү жаркырабай, жалтырап.

Арман! Арман! Мындай арман болобу?
Канат беле өмүрдүн жаш коногу.
Талпынганда канат күүлөп эми эле
Тагдыр неге бак-таалайын тоноду?..

Москва көчө, 141-үйдөн ал,
Кеткен менен дайым келип жүргөн ал.
Бул короодо балдар менен топ ойноп,
Балдай таттуу бала доорун сүргөн ал.
Бул короого эми боз үй тигилип,
Баарыбыздын жүрөгүбүз тилинип,
Биз жаткырдык бир капшытка Канаттын
Сөөгүн секин этияттап кийирип.

Кар себелеп турду Бишкек асманы,
Кайгырышып аза күттү жаш-кары.
Туурдукка илдик муңдуу Канаттын
Портретин кызыл-кара тасмалуу.

* * *

Келбеттүү эле, ал жигиттин гүлү эле,
Кече эле арабызда тирүү эле.
Жансыз Канат жаткан боз үй ичинде
Январдын он биринчи күнү эле.

Чоңарыкта жаңы кабыр оюлмак,
Каада-салтты, расмини орундап,
Кайран Канат бүгүн түнөп боз үйдө,
Анын сөөгү эртең жерге коюлмак.

А Зарина эч нерседен иши жок,
Жүзүндө анын кайгы-муңдун изи жок,
Адатынча алма жеди, чай ичти,
Ага атайы кабар айткан киши жок.

Анын көөнү бейпил болчу, ток болчу,
Университетте бүгүн окуу жок болчу.
Ал жадырап, күлүп-жайнап турганда
Апасына тамаша айтып оштончу.

Эртели-кеч келип жүргөн күнүгө
Дагы келди апасынын үйүнө.
Тамашакөй кызы кызык сөз сүйлөп,
Апакесин мажбур кылды күлүүгө.

Аз болсо да алар курду аңгеме,
Аңгемеде көп айтылды ардеме.
Ачык-айкын сүйлөп, баарын жашырбас
Апа, кыздай жакын сырдаш бар беле?

Кыз жасабай койчу эмес дегенин:
– Кош, апаке! Мен кечинде келемин.
Өгүнкүдөй картөшкө кууруп даамдуу,
Өзүм жеймин, сага, албетте, беремин!..

Өз үйүндө Зарина кыз түштөнүп,
Көзү илинип кетсе кокус түш көрүп,
Канат айтат: – Күтүп жатам мен сени!
Батыраак кел бардык ишиң бүткөрүп!..

Кыз чочуду, көзүн ачып бардады,
Кайда анын Канат аттуу ардагы?
Шыңгырады ачуу үндүү телефон,
Трубканы кыз маң болуп кармады.

Алима экен телефондон сүйлөгөн,
Ал тааныш кыз калп айтууну сүйбөгөн:
– Кайгы! Кайгы! Кайрат кылгын, Зарина
Канат кече өтүп кетти дүйнөдөн!..

Бул окуя болду кызга түшүндөй,
Эндиреди уккан сөзгө түшүнбөй.
Трубканы озондогон, улуган
Кыз колунан араң турду түшүрбөй.

Кирди эсине дароо чөнтөк телефон,
Айтмак эле: «Барсыңбы ыя, «Келесоом!»
Телефону унчукпады дудуктай,
Канатына айтылбады жеме чоң.

Чама-чарпы жетпей арга тапканга
Арсар ою кыздын учту капкайда.
Унчукпаган дудук чөнтөк телефон
Талкаланды чапкан кезде тактайга.

Сыртка чыкты, кыз башкага көнөбү,
Өзү болду кеңешчиси, жөлөгү.
Гаражды ачып, түшүп кызыл «Хёндайга»,
Он биринчи микрорайондон жөнөдү.

Анык эмес шум кабардын калп-чыны:
«Бирөө сынап, тамашалап айттыбы?
Же капыстан жүрөгү анын катуу ооруп,
Алы келбей бул дүйнөдөн кайттыбы?..»

Кызды алдыга бара жатат сүрөп ой,
Башын бекем чырмап алды түмөн ой.
Тобокел деп келди аныгын билгиси,
Мыкчып турса кыз жүрөгүн күмөн ой.

Москва көчө, 141-үйдү экөө
Таанып, кээде жандап өтүп жүрдү экөө.
Короосунда машинада олтуруп,
Корстон болуп кээде жайнап күлдү экөө.

Бул короодо жолугушкан достошуп,
Машинасын эми окчун токтотуп,
Кыз билинбей үнсүз кирсе короого,
Эл жатыптыр Канат менен коштошуп.

Байкашпады жапжаш жаркын чүрөктү,
Кайгы тартып ал канатып жүрөктү,
Калч-калч этип, туурдукка илинген
Карап турду Канат түшкөн сүрөттү.

Кыз турганын койду Канат бир билбей,
Ага койду үн бүтпөй да, тил кирбей.
Буулуп деми, буулукту да Зарина,
Бурулду артка эч кимге сыр билдирбей.

Көчө карай бара жаткан кездеги
Кантип кадам шилтегенин сезбеди.
Ал тунжурап, ал теңселип, селт этип,
Коюп кеткен машинасын эстеди.

Машинага жол четинде токтогон,
Машинага кызыл чокко окшогон
Түштү кайра кашаң басып Зарина
Ойдун бороон-чапкындары коштогон.

«Тагдыр неге бактыбызды сындырды?»
Деп Зарина, көздөн жашы кылгырды.
Абайлабай асман-жердин арасын,
Аста-секин машинасын жылдырды.

Башы айланып, табалбады айла кыз,
Машинасын зымыратып кайра кыз,
Апа менен папасына барабы?
Андан башка бармак эле кайда кыз?..

Канат анын как жүрөгүн канатты,
Апасынын үйүн көздөй баратты.
Машинасы шарт бурулуп капыстан,
Зымырады кайра батыш тарапты.

Апасынын ырайымын сезүүгө
Бир мүнөттүк жол калды эле жетүүгө.
Эми мына үй көрүнгөн учурда
Эмне себеп андан оолак, кетүүгө?

Анык болду ардагынын өлгөнү,
Ойлободу ал Канаттан өңгөнү.
Аккан жашы көзүн каптап көлдөдү,
Адамдарды көрдү дагы, көрбөдү.

Канат экөө машиначан адатта
Сейил кылчу барчу жолдо «Манаска».
Ошол даңгыр жолго түштү Зарина
Жолукчудай күтүп турган Канатка.

«Жалгыз мага жашоонун жок кереги!»
Деп айтканмын. Жалгыз калдым мен эми.
Билинчү кез: сөздүн жалган, чындыгы,
Сүйүүбүздүн тайызы, же тереңи.

Анттын-шерттин акырына жетем деп,
Канат айткан убадасын бекемдеп:
«Сен жок болсоң, сенсиз кантип жашаймын,
Сен дүйнөдөн кетсең, мен да кетем!» деп.

Түгөй аккуу жашай албайт бөлөк деп,
Жалгыздыкка бирөө кантип көнөт деп,
Биз айтканбыз өлсө бири аккуунун,
Экинчиси тирүү калбай өлөт деп.

Оозубузга бирөө сала койгонбу,
Ошондо биз айткан элек болжолду:
«Капыстан бир башка кырсык иш түшсө,
Канткенде биз аккуулардай болбойлу!»

Жалгыз жол бар ошол шертти аткарар,
Жалгыз жол бар мен Канатка бат барар.
Кош, апаке! Кош, атаке! Тилазар
Кызыңарды эсиңерде сактаңар!

Бул дүйнөгө силер мени таптыңар,
Чаң жугузбай, эркелетип бактыңар.
Адал бол деп, адам бол деп чыныгы
Ак жол каалап, мага милдет тактыңар.

Антты-шертти бекеринен айтпадым,
Айтсам андан такыр артка кайтпадым.
Кейибеңер, ыраазымын силерге,
Келди адамдык парызымды актагым!

Мен Канатты адал сүйдүм, ак сүйдүм,
Мен Канатты нагыз сүйдүм, нак сүйдүм.
Ыйык көрүп, бийик көрүп сүйүүнү,
Мен сүйүүнүн жалынына бат күйдүм.

Канат! Күтсөң, мен барчумун ар дайым,
«Күтөм!» дедиң, күтсөң, кантип барбайын.
Азыр барам! Күлүмсүрөп керемет,
Адатыңдай тосуп алчы, ардагым!

Бара жатты зуулап «Манас» тарапка,
Бир топ дарак катар турду нараакта.
Машинасын тез бурду да, жиберди
Түз багыттап четте турган даракка.

Дарак солк деп, жүрөк болк деп токтоду,
Дарак үнүн бүт айлана коштоду.
Ак күрмөчөн, колун жайган кайран кыз
Асман карай уччу аккуга окшоду.
Араң гана он тогуздан өттү эле,
Ага бул жаш аз беле, же көп беле?
Маңдайынан маанайы анын жадырап,
Махабаттын нагыз нурун төктү эле.

Кыз жалгыздык, эркиндикке көнгөн жок,
Өлүм менен өзүнө кам көргөн жок.
Махабаттын атын бийик көтөрдү,
Атак үчүн, даңк үчүн ал өлгөн жок.

Алпурушуп шум ажалды жеңди ким?
Ашыклыкка минтип жанын берди ким?
Даңазалайт кылым кыргыз кызынын
Махабатка жасап кеткен эрдигин.

* * *

Кларага шумдук кабар жетти эми,
Коркунучту эне дароо сезди эми:
Зарина угуп өлгөндүгүн Канаттын,
Машинасын айдап жөнөп кеткени.

Кайда барат? Алибетте, Канатка!
Анын үйү болду экен каякта?
Ал жөнөдү карбаластап, аптыгып,
Ошол жерден Заринасын табат да...

Үй дарегин так билбеди, болжоду,
Чоң көчөдөн табуу оңой болбоду.
Эки жашка баштан тааныш ал үйдү
Өттү айланып бир жолу эмес, он жолу.

Бууракандап кайнап ою ичтеги,
Эне кызын жанталашып издеди.
Акырында муңдуу Дайыр жолугуп:
– Заринаны көргөн жокпуз биз, – деди.

Кларанын заманасы тарылып,
Турган кезде кызы ажалга кабылып,
Арман-муңга салды дароо бардыгын
Аэропортко барчу жолдон табылып...

Караңгы түн келатканы сезилип,
Клара эне Заринага кезигип,
Жандай кызын калкалоодон ажалдан
Калган тура он үч мүнөт кечигип...

Окшоп жалгыз кетирген чоң катасы:
«Он үч мүнөт кечиктим», – дейт апасы,
Мен жолугуп, сактап калсам ажалдан,
Мүмкүн эле кызым узак жашашы...»

Заринасы сыяктанган таң гүлү
Ооба, сөзсүз сактайт эле ал күнү.
Эртесичи, же эки айдан кийинчи?
Эч ким билбейт жан кыярын кай күнү?

Ой жүгүртүп божомолдоп айталык,
Жүрүү кыйын кызды күн-түн кайтарып.
Күчтүү болсо жалгыз калбоо тилеги,
Ал тилекти ким мокотот майтарып?

Аны баары бөпөлөсө, колдосо,
Аны өлүмгө жакындатпай торгосо,
Баары бир кыз табат эле бир арга
Сүйгөнү жок жашоо кызык болбосо.

Элде айтылат тагдыр жолу тар делип,
Көптөр жүрөт ушул ойго тан берип.
Ак сүйгөндөр калмак беле жалтанып
Көз жумуудан бир-бири үчүн жан берип.

Кыз ажалды чакырган жок келчи деп,
Жалын жүрөк жан болгон соң эрки бек,
Жашай албай бул дүйнөдө Канатсыз
Ал ажалга өзү барды мелтиреп.

Ачык болду тагдыр пейли тардыгы,
Ата-энеге салды кара кайгыны:
Үнү сулуу, өңү сулуу, сымбаттуу,
Татынакай Заринасыз калдыбы?

Кимди айыптап, кимге айтат жемени?
Эстеди эне: «Кош, апаке, сен эми!
Кечте келип, өгүнкүдөй даамдуу
Мен картөшкө кууруп берем!» дегени.

Кларанын көздөн жашы жылжыды,
Жылжыбады, тоголонду, ыргыды:
Бар экенин укту кыздын алаканында
Канат берген аппак күмүш чынжыры.

Ким ойлоптур, ким күтүптүр мындайды,
Кыйын болду, оор болду бул кайгы.
Адам деген тонналаган кайгыны
Башка түшсө көтөрө алат турбайбы.

Зарина кыз келбес жакка кетти эми,
Кыз шоораты бүт шаарды беттеди.
Канат жаткан капшытында табытта
Боз үйгө да шумдук кабар жетти эми.

Канатынын табытынын жанында
Кайгы тарткан Гүлнара да, Дайыр да
Курман болгон Заринага кайгырып,
Буркураштык капшырылып кабырга.

Бул кайгыга дагы кайгы уланды,
Куба жүздөр ого бетер кубарды.
Көкүрөккө көйгөй толуп көлкүлдөп,
Көздөрүнөн мөлтүрөк жаш куланды.

Бул кош өлүм өкүнүчтү күчөттү,
Кана ким бар өткөн ишти түзөтчү?
Түйшүк тартып, оор ойлуу ата-эне
Түнөрүшүп түндө сөөк күзөттү.

Кыдырата көчөлөрдү кезгендир,
Кыз кабары Канатка да жеткендир.
Жанын берип, арын берип Зарина
Жалгыз таштап койбогонун сезгендир…

Москва көчө. Он экинчи январда,
Сыртта бир топ суук барда, кар барда
Карбаластап камынышты Канатты
Чоңарыкка мүрзөгө алып барганга.

Көп адамдар жаназа окуп оболу,
Көтөрүштү табытты анан жогору.
Эңгиреген ый угулуп зар-муңдуу,
Эл жөнөдү ээн таштап короону.

Балдар менен топ тебишип чоңойгон,
Багалчагың улам катып торолгон,
Акыркы ирет чыктыңбы, айтчы, Канатым,
Акыл кирип, адам болгон короондон?..

Келгендиктен сөөк коюу убагы,
Көп машина көчө бербей чубады.
Сырттан бирөө: – Ким эле, – деп сурады,
– Жигит эле он тогузда курагы.

– Абдан эрте таштаптыр бул дүйнөнү.
– Алибетте, бар чыгар чын сүйгөнү?
– Карасаңар машинанын көптүгүн,
– Көп турбайбы анын чындап күйгөнү.

А Канаттын машинасы бош калды,
Жетимсиреп, айдаар ээси жок калды.
Аны ойлосо, армандуу бул акыбал
Ата-эненин жүрөгүнө чок салды.

Көпкө маалым Чоңарыкта көрүстөн,
Мында нечен маркумдарды көмүшкөн.
Тосту чапчаң Канат жаткан табытты
Мүрзөчүлөр өлүк көөмп көнүшкөн.

Мүрзөчүлөр өз жумушун ак кылды,
Маркумду тез жер астына тапшырды.
Каада менен кайран асыл Канатты
Каптал жакка казанакка жаткырды.

Жаш Канатты кучагына алды жер,
Канааттанып, кампайгансып калды жер.
Жаш, карыбы – ага баары бир тура,
Бардыгына карайт тура кайдыгер.

Көп адамдар карбаластап, топурап,
Көргө салдык биз бир ууччан топурак.
Куран окуп, бата кылдык Канатка
Калгандарга калтырбаган осуят.
Болалбады ажалга эч ким аралжы,
Жерге берип жанга жакын адамды,
Айла канча, алыстадык мүрзөдөн
Оор шилтеп, кашаң шилтеп кадамды.

* * *

Кийинки күн – он үчүнчү январда,
Он биринчи микрорайондо кар барда,
Тунжурашып турду Жеңиш, Клара
Тулкулары бүт чулганып арманга.

Мында дагы муңдуу боз үй тигилип,
Мында дагы муңдуу сүрөт илинип,
Оң капшытта жатты үнсүз Зарина
Ого бетер сулуулугу билинип.

Көрчү кызды келишимдүү, чырайлуу,
Көрчү кызды кереметтей ырайлуу.
Жамалынан нур төгүлгөн Зарина
Жансыз эле, жансыз эле бир айбы.

Жаткансыды түпсүз ойго берилип,
Жаткансыды ал тургандан эринип.
Акыркы ирет жарык, көркөм дүйнөнү
Көрөйүн деп жаткансыды керилип.

Жаткан кызга бул абалга кабылып,
Жаркын кызга боору ачышып камыгып,
Жүзүн карап, кош айтышып кыз менен
Жүздөгөн эл өтүп жатты агылып.

Мен да өттүм бутумду араң жылдырып,
Бул көргөндү жазармын деп ыр кылып,
Заринанын секин өттүм жанынан
Жаным сыздап, көздөн жашым кылгырып.

Зарина кыз жаткан муңдуу табытты
Муң түсү бар машинага салышты.
Көчө бербей көп машина чубалып,
Алды баары Чоңарыкка багытты.

Кайгы тарткан адамдардын нечени
Канат жаткан жерге келди кечеги.
Кечээ Канат ушул жерден жай тапса,
Бүгүн келди Заринанын кезеги.

Шайма-шай да, шайдоот экен көрчүлөр,
Шайман жумшап маркумдарды көмчүлөр:
Жер үстүнөн – жер астына жиберип,
Бул дүйнөдөн – ал дүйнөгө бөлчүлөр.

Бул көрчүлөр сезбес тозок, бейишти,
Бул көрчүлөр сезбес шаттык, кейишти
Өлчөп, тактап, өткөн күнкү бейитке
Өтө жакын казышыптыр бейитти.

Махабаттуу чоң өмүр чорт үзүлдү,
Чоңарыкта аны баары түшүндү.
Бул көрчүлөр кайран кыздын денесин
Кантип түтүп кара жерге түшүрдү?

Жакшы адамдар көрүшкөнбү камылга,
Жай алышып экөө эки кабырда,
Жараткандын буйругубу, ким билет,
Жатып калды бир-биринин жанында.

Кетти адамдар куран окуп, гүл коюп,
Эки жаштын көргөнү эми түн болуп
Калган менен, шоорат экөө жөнүндө
Заматта элге тарап кетти дүң болуп.

Бул кош бейит бир-бирине ыкташып,
Бул экөөнөн кыш оолактап, кыш качып,
Үстүн жапкан күлгүн гүлдөр күңкүгөн
Бир-бирине тургансышты жыт чачып.

Канат жазган: «Бир орундан көчөбүз,
Нечен кыйын тоскоолдордон өтөбүз.
Тирүү кезде сагынышып көрүшүп,
Өлгөн соң да бир болобуз экөөбүз!»

Сезди бекен Зарина жан бергенин?
Сезди бекен жанына анын келгенин?
Айыптуудай кызга койду көрсөтүп
Ажал ага мурда салып чеңгелин.

Бир-биринин жакындыгын туябы?
Бир-биринин тааныш үнүн угабы?
Тирүү кездей «Келесоом!» деп, «Зайка!» деп,
Эркелешип, чакырышып турабы?

Жанашабы бирге басып, бир күлүп,
Жайнашабы бирин-бири күлдүрүп?
Буларга да күү угулуп укмуштай,
Буларга да турар бекен күн күлүп?

Айтышабы экөө жүрөк сырларын?
Ырдашабы махабаттын ырларын?
Жер үстүндө үлгүрбөгөн татууга
Татышабы махабаттын жыргалын?

Экөөн тагдыр неге мында келтирди?
Экөө эми бардыгынан эркинби?
Ажайыптай махабаттын нурлары
Аңсап жүргөн ал экөөнө тең тийди.

Түн түнөрүп, таң аталек дык салып,
Бүт айлана турганда кар жыттанып,
Төрт ата-эне Чоңарыкка келишти
Жүрөктөрү кайгы-муңга ышталып.

Таң атаарда алар чогуу боздоду,
Татынакай уул, кызын жоктоду.
Шолоктошуп Клара да, Гүлнара,
Жеңиш, Дайыр бирин-бири коштоду.

Ыйлашты алар түндө мүрзө башында,
Бапестеген балдарынын кашында.
Бул төртөөнүн угулдубу ый-муңу,
Туюлдубу жаткан эки асылга?

Эки жаштын эңсөөлөрүн сезишпей,
Ээленгенин, ээликкенин эшитпей
Жүрүшкөнбү, эгер сезсе, кечикпей
Калат беле ушул жерде кезикпей?..

Тагдыр сырын кайсыл сыйкыр билалмак,
Табкирин таап, багындырмак ким алдап?
Табышмактуу ташпиши көп дүйнөдө
Тагдыр, жазмыш, ажал кимге тил алмак?..

Бул Чоңарык муңдуу жер да ыйга бай,
Ыйлашты алар, кантип турсун ыйлабай.
Кош мүрзөнү калың кайгы, ый каптап,
Көктө көлкүп, калкып турду ый далай.

* * *

От чагылган көктөн түшө калгандай
Шум кабарга эч жан койду таң калбай.
Ошентсе да, билбей анык, жалганын
Ар ким, ар ким сүйлөп жүрдү ар кандай.

Кыйла кызып сөз талашкан өгүнү
Үч тааныштын бүт бурулуп көңүлү,
Азыр болду кыз, жигиттин өлүмү,
Анын себеп, чыны менен төгүнү.

Көпкө чейин куба жигит тымпыйып,
Көңүлү суз, башы турду шылкыйып.
Момурады, анан чыкты оозунан
Мойнуна алган ойдун чети кылтыйып:

– Бири умтулуп жаткан кезде бийликке,
Бири умтулуп ынтымакка, бирдикке.
Жаткан кезде көбү жүдөп, мүңкүрөп,
Башын ийип көр оокатка, тирликке.

Азыр дагы анык сүйүү бар тура,
Анын пири намыс тура, ар тура.
Ашыклыкты асмандаткан Зарина
Адал тура, асыл, таза жан тура.

Бул сөздү укту чийкилдин сак кулагы,
Сүйлөбөстөн, үндөбөстөн турабы:
– Заринага адилеттүү баа бердиң,
Канатка да баа берчи, – деп сурады.

– Заринага берген бааны жараттың,
Ага баа бер – кажети жок талаштын.
Заринадай кыз жан берсе, көрүндү
Кандай жигит экендиги Канаттын.

Мында өзүнүн бар экенин туйдуруп,
Эми сөзгө аралашты кыл мурут:
– Ашыгы үчүн курман болду Зарина
Машинасын бир даракка урдуруп.

Ажал мурда кызга колун салса эгер,
Кыз мерт болуп, Канат тирүү калса эгер,
Кайгы тарткан жалгыз Канат не болмок,
Кана, курбум, калыс оюң айта бер.

Чийкил айтты: – Өлсө мурда андан кыз,
Анык билем: жүрбөйт эле ал жалгыз.
Ак сүйүүнү кем көрбөптүр Кудайдан
Адал ойлуу кайран жигит, кайран кыз.

Зарлап жүрбөй, жашап жүрбөй жан кыйнап,
Зарина үчүн Канат сөзсүз жан кыймак.
Сенин берген табышмактуу суроoңо
Менин ушул берген жообум – жандырмак.

Өлсө бири, бири тирүү калбаган
Кош аккуунун сүйүүсүнө таң калам.
Бул экөө экен адамдардын аккуусу
Ак сүйүүгө жашоосун бүт арнаган.

Жетпей калган кызга жасап далалат,
Жигит эми айтат имиш табалап:
«Көрктүү «Хёндай» айдап жүрсө саламат,
Көзү түшүп көп жигиттер карамак.

Түсүн көрүп, жүзүн көрүп жаркыган,
Түшмөк алар сулуу кыздын артынан.
Тирүү болсо, баркы башка кыздардын
Ашмак эмес Заринанын баркынан.

«Сүйүү» деген сөз бар тура эсинде,
Неге алданат ошондой кур сезимге?
Жайрады экен жигит үчүн кыз кантип,
Жашасачы жашай турган кезинде».

Чыйт түкүрүп, чылым чегип кайкалап,
Чычаят дейт ушул оюн кайталап.
Талдап, ойлоп көргүлөчү, мындайды
Тайыз ойлуу тантык гана айта алат.

Кыл муруттуу жигит: – Мезгил сотуна
Карабаган жан экенбиз, кокуй-а.
Мурда ойлогон пикиримди дилдеги
Бүт өзгөрттү болуп өткөн окуя.

Турган өңдүү анда мастык тарабай,
Мен сүйлөпмүн ойду-дөңдү карабай.
Аргасыздан азыр турам уялып
Ал ойлорум калганына жарабай.

Толук баасын азыр бере албайбыз,
Жанын кыйып, экендигин кандай кыз
Адамдарга далилдеди Зарина,
Көп кылымда бир жаралат андай кыз.

Сүйүү үчүн өзүнө азап тарттырган,
Сүйүү үчүн жаш өмүрүн сарп кылган.
Эмнеси кем Заринанын – Лайлиден,
Кызжибектен, Кишимжандан, Саткындан?!

Чийкил айтты: – Өгүнкү ойдон кайттыңар,
Өзгөргөндөй адилет ой айттыңар.
Эбелектеп, эрегишпей, таймашпай,
Бүгүн силер көңүлүмө жактыңар.

Өткөндө эле болсо оюбуз бирге эмес,
Эми мына болгон кези биргелеш.
Ашыклыкка биз турганда түз карап,
Айткым келди мен силерге бир кеңеш:

– Курбалы өлсө, кусаланып турбады,
Курбалынан калбай өлдү курбалы.
Ак сүйүшкөн, аздектешкен эки жаш
Анык болду ашыклыктын курманы.

Эки жашка элдин баары таң калды,
Булар сындуу шертке бекем жан барбы?
Чыгаан чыгып, үлгү болуп чыныгы
Чындыгында ыйыктарга айланды.

Ой жагынан үчөөбүз тең окшодук,
Обочо элек, калгансыдык дос болуп.
Айта берип, айгинелеп баа берип,
Ашыктардын арбактарын козгодук.

Кокус силер койбосоңор кыйылып,
Колдон келип турган кезде чыгынып,
Корстон болсун эки жаштын арбагы,
Кош мүрзөгө келеличи сыйынып.

Бири-бирин алгансыган бүт билип,
Бойлоруна калгансыган күч кирип
Чоңарыкка чогуу бойдон жөнөдү
Кыл мурут да, куба, чийкил үч жигит.

Чоңарыкта тосту аларды кош бейит,
Тагдыры окшош, бардыгы окшош дос бейит.
Турган тура гүл үзүлбөй үстүнөн
Тууган келип, курбу келип, дос келип.

* * *

Көр оокаттын күндө кайнап казаны,
Көйгөйлүү эл, үмүттүү эл жашады.
Кырчындай жаш өтсө эки ашык артынан
Кырк күн, кырк түн өтүп кетти азалуу.

Өткөндөрдүн кырк күндүгүн белгилеп,
Куран, бата окуганды эл билет.
Эне-аталар Чоңарыкка чогулду
Эркелерин эскерчү кез келди деп.

Бүгүн майрам, бир белгиси гүл экен,
Те байыртан майрам ээси сүйүү экен.
Валентиндин күнү деген аты бар
Бүт дүйнөлүк сүйүшкөндөр күнү экен.

Бүгүн жаркып жаздагыдай чыкты Күн,
Кыштан четтеп, жаз жагына ыкты күн.
Эндиребей эркинирээк өткөрдүк
Эрки күчтүү эки ашыктын кырк күнүн.

Өздөрү да сүрөттөрдө жадырап,
Көздөрү да күлүңдөдү бажырап.
Сүкүт салып, үмүттөндүк ал экөө
Сүйлөсө деп эч болбосо азыраак.

Сүрөттөрү кызыл гүлгө оролуп,
Гүл төшөлүп, бейитке жол торолуп,
Жан киргенсип жалдырады эки жаш
Жалмаңдаган ажал, өлүм жоголуп.

Жүрөктөрдөн муңду бир аз айдадык,
Ага үмүт, ишеничти жалгадык.
Өзүбүздү биз өзүбүз сooротуп,
Өзүбүздү биз өзүбүз алдадык.

Кечинде уктап, керемeттей түш көрдүм,
Ыйманы ысык, жагымдуу эки жүз көрдүм.
Бантик таккан, жагоо таккан алардын
Бала чактан берки өмүрүн бүт көрдүм.

Бак ийилип көтөралбай жемишти,
Балкып, аңкып турган кезде жер үстү,
Айдың көлдүн жээгине кош аккуу
Ак булуттуу көктөн түшүп келишти.

Кош аккуудай Канат, Зая көл жаккан,
Койкоюшуп бизге келди көл жактан.
Кымбаттуу эле пир тутушкан сүйүүнү,
Сымбаттуу эле келбет жактан, өң жактан.

Кийинүүнүн эрежесин бат билип,
Кийинүүнүн эрежесин так билип,
Абдан сергек, баамдуу кыз, кылдат кыз
Адатынча келген тура ак кийип.

Аппак нурлуу, күмүш нурлуу таң атса,
Ар кыл түстүү кийим кийген адатта
Түстөштүрүп Заринанын киймине
Баштан ылдый ак кийиптир Канат да.

«Эгиз жанбы бир эмчекти эмишкен,
Эмне булар мынча окшош?» дегизген.
Турганын көр шыңга бойлуу эки жаш,
Турпатын көр бир-бирине келишкен.

– Аткаруу үчүн махабаттын шертин биз
Жер үстүндө жүрө албадык элкин биз.
Бирбиз эми, бир басып да, сырдашып, –
Деди Канат, – биз биерде эркинбиз.

Айтты Канат тамылжып да, кубарып,
Айтты Канат кубанып да, муңайып:
– Бийлеп бер деп сурансам да, Зарина
Бийлей элек ийменип да, уялып.

Көрүшсүн деп, көз алдында мен элдин
Заринаны бийлетейин дегенмин.
Бийкечтердин ал чыгааны бий жактан,
Бийдин ашкан чебери да чебердин.

Дил эргиди – Штраустун вальсыбы?
Кереметтүү музыка эле ал чыны.
Жибек шибер, майин шибер үстүндө
Заня, Канат каалгыды, калкыды.

Заринанын назик бели буралды,
Сүйөп, сүрөп, күүлөнттү жаш уланды.
Калк жарданып экөөн карап турганга
Канат жайнап жетиналбай кубанды.

Заринанын ак көйнөгү үлбүрөп,
Канат экөө чарк айланып жүрдү көп.
Бий бүткөндө бутка ыргытып гүлдү көп,
Кол чабылып, калды айлана дүңгүрөп.

Укмуш бийге болуп баары ыраазы,
Салтанатка толду көлдүн кылаасы.
Эки жашты төбөсүнө көтөрмөк
Эгер азыр эл тапканда ылаажы.

Экөөнүн тең дени төмөн бүгүлдү,
Таазим кылып татынакай жүгүндү.
Көктөн жарк деп, көктөн чарт деп чагылган,
Көл толкундап, бактан жемиш күбүлдү.

Айланага чагылган от чачканда,
Алатоого ак кар жаап жатканда,
Ак кийинген Канат менен Зарина
Аккуу болуп учуп чыкты асманга.

Эч нерседен койбой экөө тайманып,
Ээн-эркин көктө жүрдү айланып.
Жарашыктуу учкан түгөй аккууну
Жандын баары карап турду жарданып.

Кош аккууну дайра көрдү, көл көрдү,
Кокту көрдү, талаа көрдү, төр көрдү.
Ал экөөнүн бул учушу дүйнөнүн
Кайталангыс керемети өңдөндү.

Карады экөөн жердин чөбү, дарагы,
Кайберендүү калкагар тоо карады.
Кап, аттиң ай, түпсүз көккө экөөнүн
Кайып болуп житип кетти караанды...

Көктөн жаар мөндүр, жамгыр, кар далай
Көкүрөктө көксөө, көйгөй бар далай.
Канат кагып махабаттуу кош аккуу
Кайда кетти?
Арман, арман, арман ай?!.

## ЫРЫСПАЙ

*Музыка адам жанынан*
*от жандырууга тийиш.*

**Л. Бетховен**

Көп эмес эли сан жактан,
Көшүлүп жайым жай жаткан
Кызыл-Булак тынч кыштак
Койнуна тоонун жайгашкан.

Маңдайга калган чийилип
Тагдырдын жолу биригип,
Абдыкадыр, Зуура экөө
Өткөргөн мында тирилик.

Эки жар мында жайланып,
Эчен жыл жүрдү мал багып.
Көгүнөн Кызыл-Булактын
Көп өттү Ай, Күн айланып.

Бар эле малы саналуу,
Оокаты болчу чамалуу.
Аңгырап үйү бош турбай,
Болду алар эки балалуу.

Жайдары болчу Күмүшү,
Жадырап Бокен күлүүчү.
Ата-эне түйшүк аз тартып,
Уктоочу бейкут түн ичи.

Жабырды тартып ар пенде,
Жааганда калың кар жерге,

Үчүнчү бала төрөлүп,
Чыңырып түштү ал жерге.
Үзүрсүз суук кыш эле,
Үй ичи салкын, сыз эле.
Эринбей бешик терметкен
Эжеси Күмүш кыз эле.

Ата-эне чыгып эшикке,
Азыраак эле кечиксе,
Барылдап тынбай бакырып,
Бала ыйлай берчү бешикте.

Ата-эне малга көз салат,
Ачыкты дешип чөп салат.
Айран-сүт берген уюна
Аябай чөптү көп салат,

Иш менен алар иришчү,
Ийкемдүү жасап бир ишти,
Эртелеп чөп, сүт жыттанып,
Эшиктен үйгө киришчү.

Бешикти Күмүш терметет,
Бетинен жылжып тер кетет.
Баласын Зуура сооротот:
– Бала ыйлап жүрүп эр жетет.

Бардыгын бирдей кыйнаган
Баласын көрүп ыйлаган,
Ортого салды атасы
Ойлогон оюн кыйладан:

Уулумдун үнү ырааттуу,
Уулумдун үнү кыраттуу,
Ыйласа мага туюлат

Ыр ырдап жаткан сыяктуу.
Бул уулум арбын атагы,
Бул уулум арбын азабы
Абазы ширин жан болор
Алыска кеткен атагы.

Сөз менен эне чымчыды:
– Ме, алгын «булбул ырчыңы!»
Баласын ата алганда
Бат эле уктап тынчыды.

Жай келип, согуш башталды, –
Аскерге алды жаштарды.
Көйгөйлүү нечен келиндин
Көзүнөн ачуу жаш тамды.

Майданга кулак түрүшүп,
Мал багып, иштеп жүрүшүп,
Кууралды көрүп кыз-келин
Кубарды чүнчүп, бүрүшүп.

Тең бөлүп шаттык, кейишти,
Тоолуктар тосту Жеңишти.
Аттанган болчу көп жигит,
Айылга азы келишти.

Ырыспай ыйлаак кечеги
Балдардын болду бечели.
Кындыйып бели, жөтөлүп,
Кыйнады өпкө кесели.

Кээде ток, кээде ач калып,
Кендирин кескен ачкалык,
Баарда муздак суу кечип,
Балдарга жүргөн мактанып.

Жараткан жан да, тил берип,
Дүйнөгө калган бир келип
Баласын ойлойт ата-эне
Жүрсө деп болбой бир бейит.

Ырыспай узак ооруду,
Ырастап оору тооруду.
Ар күнү антпе, минтпе деп,
Ата-эне тили жооруду,

Мектепке барып илмийип,
Мээнетти тартып тирмийип,
Тажабай китеп окуса,
Тамгалар сүйлөйт тил кирип.

Далайлар сиңди зээнине,
Таянып колун ээгине,
Билинбей сүздү Ырыспай
Билимдин жаңы жээгине.

Кар калың жаап, жут болуп,
Ырыспай үйдө бук болуп
Жүргөндө келип бир мейман,
Калды үйгө капыс кут конуп,

Алкынып бороон күчөнүп,
Кар шилеп, чыйыр түзөлүп,
Алайга ашчу бийик бел
Ал күнү калган бүтөлүп.

Коңгуроо үндүү добушу
Колтукта жүргөн комузу,
Алайдан чыккан чоң чебер
Алиев Жали болучу.
Апасы жайнап, жайдаңдап,

Атайлап тамак, чай камдап,
Эс алсын мейман эркин деп,
Эртелеп бүттү жай камдап.

– Дос элек көптөн берки биз,
Дос, эми комуз чертиңиз! –
Кадырын салды үй ээси, –
Канча күү – сиздин эркиңиз!

Козголбой Жали койсунбу –
Комузга секин кол сунду.
Сый конок дароо үй ичин
Сыйкырдуу күүгө толтурду.

Сезими жанып, жанданып,
Сергек дил күүгө арналып,
Ыргагы сырдуу күүлөргө
Ырыспай турду арбалып.

Көңүлү жыргап балкыды,
Көккө эргип куштай кайкыды.
Делебе, кыял козголуп,
Деңизде сүзүп калкыды.

Аз калды көөнү эзилбей,
Кез жоктур ошол кезиндей.
Бул үйгө жайнап жай келди
Сырттагы бороон сезилбей.

Ойнотуп кылга тырмакты,
Оштонтуп чебер ыргакты,
Кыскартып түндү комузчу
Кыялды, дилди жыргатты.
Убакыт жетти эми деп,
Укташты баары мемиреп.

Көз жумбай жалгыз Ырыспай,
Көңүлү эргий, элирет.

Сезилип көрктүү саймадан,
Сезилип гүлдөй жайнаган,
Жалинин черткен күүлөрү
Жаңырып турду кайрадан.

Жали эмес, сыйкыр жолукту,
Бала алып таасир олуттуу,
Түйшөлүп түндө шыктанып,
Түшүндө чертти комузду.

Түн гана эмес, өңүндө
Ал түштү сактап көңүлгө,
Козголду ою ээлентип
Комузчу болуу жөнүндө.

Комуздун күүсү жатталып,
Комузду жатты жазданып.
Алагды кылып баарынан,
Алды оюн комуз башкарып.

Колдору ойноп машыкты,
Комузга укмуш дасыкты.
Ак куудай учуп кыялы
Алыска карай ашыкты.

Ажике жайлоо толгон кез,
Ак үйлөр жайнап конгон кез.
Малчылар марып кымызга,
Мал марып чөпкө тойгон кез.

Күр жайлоо килем оронгон,
Гүлдөрү бутка оролгон.

Ырыска шерик жер ушул
Ырыспай өсүп, торолгон.

Кыйла адам мында топтолуп,
Кыз-келин күлүп оштонуп,
«Артисттер келди! Артисттер!»
Кыйкырды балдар шоктонуп.

Ал кабар ылдам таралып,
Адамдар төштү таянып,
Обон, күү, курч сөз укканы
Олтурду тынчып жай алып.

Угушту укмуш комузду,
Угушту учкул добушту.
Калайык кол чаап кастарлап,
Каптады шаттык конушту.

Ажайып концерт кызыды,
Айтылды Атай ысымы.
Ардактап аны сан жеткис
Алакан оту ысыды.

Керемет Атай таңшыды,
Кенчи экен үндүн алкымы.
Оголе таттуу обону
Обого чыгып калкыды.

Ырыспай: «Атай! Атай!» деп,
«Атайдай болом качан?» деп
Айтты да кайра шылкыйды:
«Авазым али начар...» деп.

Ырдайт деп Муса ырчыны
Айтканда баары-тынчыды.

Ыкласын койду, ырчынын
Ырыспай сымак кырчыны.

«Ар ыры буудан атка тең,
Авазы мунун башка экен, –
Айтты ичтен ойлуу Ырыспай,
Атайдай элге жакса экен...»

Ырчынын экен улугу,
Ырчынын экен тунугу.
Кубаттуу коңур үнүнүн
Кулакка жакты угуму.

Алыска үнү агылды,
Ажике жайлоо жаңырды.
Ардактап ырчы Мусаны
Алакан катуу чабылды.

Бирине-бири тең келген,
Бирине-бири дем берген
Ырчылар тура бак тапкан
Ышкысы менен эл берген.

Ырыспай: «Калкым асырап,
Мен болсом ырчы батыраак,
Мага да көп кол ушинтип
Чабылар бекен шатырап?..»

Авазга каныл туйтунуп,
Ажике турду кулпунуп
Оолукту чындап Ырыспай
Обондуу ырга умтулуп.

Көңүлүн бекем ыр чырмап,
Көксөттү аны ыр чындап.

Өткөрдү баштан көп мезгил
Обонду созуп, кыл тырмап.

Жайнаган жаздан ыр алып,
Жаз жыттуу обон чыгарып
Бергенде келди белеги
Ышкызар жашка ылайык.

Болгонсуп учкул канатчан,
Үнүнө укмуш жарашкан
Үйрөндү аккордеонду
Омордун уулу Маматтан.

Күүлөнүп анын жаштыгы,
Күч алды сүйүү ташкыны.
Ашыклык менен аваздан
Ал издей берди бактыны.

Ашыклык күчүн үрөдү,
Авазды алга сүрөдү.
Ал экөөн жанаш батырып,
Алкынып сокту жүрөгү.

Арзууга аваз айкалып,
Ал экөө таттуу байкалып,
«Айнашым» деген обонун
Аймакка чыкты жар салып.

Ашыклык аны тынчытпай,
Ашынып сайрайт чымчыктай.
Кайдыгер болсо ал үнгө
Калары бышык ыр чыкпай.

Ал болуп жүрүп ырга ашык,
Арзуудан тапты кыйла шык.

Айлынан узап атагы
Алыска кетти кырды ашып.

Жагымдуу мукам обону
Жаңырып чыкты жогору.
Жаркыган талант жылдызы
Жакындап Айга тогоду.

Ырчыны колдоп, сүрөштү,
Ырчы обон үчүн күрөштү.
Эң таттуу обон «Түгөйүм»
Ээледи сансыз жүрөктү.

Койгондо концерт Ырыспай,
Адамдар залга сыйышпай:
«Ырысың сенин – ырыңда,
Ырдай бер дешчү тыныкпай!»

Ал айткан сөзгө багынып,
Авазы чыкса жаңырып,
Аз калып жооруп кеткенге
Алакан турчу чабылып.

Кыдырса кең Чүй, Таласты,
Көл, Нарын: «Кел!» деп талашчу.
Ырыспай тынбай кээ түнү
Ыр ырдай берип таң атчу.

«Чаңкадык ырга, Ырыспай!»
Чакырып улам тынышпай.
Ыраакы Мургаб, Жерге-Тал
Ырчыны көрчү ыйыктай.

Чакырса бийик белди ашчу,
Чаалыкпай узак жер басчу.

Казактар, кара калпактар.
Ырдатып аны чер жазчу.

Көксөгөн аны көп эле,
Теңешип ыйык төрөгө,
Кыргыздар Кызыл-Суудагы
Көтөрүп тоскон төбөгө.

Канча көп жаштан кат алган,
Канчадан алкыш, бата алган.
Угушуп ширин ырларын,
Улгайган жандар жашарган.

Жигиттер ага көп келчү,
Жигердүү ойду көп берчү.
Алардын сезип, дилине
Ашыклык ыры төп келчү.

Ырдаса Ырчы ак таңдай,
Жигиттер жыргал тапкандай,
Өргө эргип уччу кыялы
Өздөрү ырдап жаткандай.

Жаш кыздар жаңы жетилген,
Ыр угуп, көөнү эзилген.
Ырчынын сыйкыр обону
Дубадан ыйык сезилген.

Күч кошуп каруу-күчүнө,
Нур сүртүп аруу жүзүнө,
Ыйманы ысык кыздардын
Ырыспай кирчү түшүнө.

Кыя өтпөй кыздар жанашчу,
Кызыгып сүйкүм карашчу.

Ар түркүм көздүн Ырыспай
Асылын билбей адашчу.

Нур алып сулуу көздөрдөн,
Ыр алып жылуу сөздөрдөн,
Ышкысы жанып тутанып,
Ырыспай өсүп, өзгөргөн.

Жүрөгү болуп тараза,
Жүрөккө, дилге жараша
Ыракат кенчи – сүйүүнү
Ыр менен кылды даңаза.

Сүйүүнү ырдап такшалды,
Сүйүүнү ырдап какшанды.
Ырыспай анык «Ашыклык
Ырчысы» деген ат калды.

Алгач ал ыйлап төрөлдү,
Анан ал ырдап көгөрдү.
Оболу өзү баштады
«Обончу» деген өнөрдү.

Унутуп жолго кетпегин,
Урматтап баарың эстегин:
Оболу түзгөн Ырыспай
Обончулардын мектебин,

Таалимди андан алышып,
Таңшышып обон салышып,
Ышкылуу нечен обончу
Ыраакка чыккан жарышып.

Жаңы ырлар улам арбыды,
Жакшы ырлар көккө каргыды.

Урматтап обончуларды
Угушту жыргап бардыгы.

Ырчыдан алып булар шык,
Ыкмасын анын улантып,
Ырларды берди учкундуу
Ышкыбоз элди кубантып.

Ырыспай айтты: «Ырдайлы!
Ырларды, бирок, ылгайлы:
Күрмөктү кошсок күрүчкө,
Күткөн эл наалат кылбайбы.

Аз болсун ырлар, саз болсун,
Таранчы болбой, каз болсун!
Ыр уккан ар бир адамдын
Дилине жайнап жаз консун!»

Аны мен нечен ырдаткам.
Ал ырдап, мени жыргаткан.
Ой берип мага Ырыспай,
Обонго ыктуу ыр жазгам.

Көп коюп сөзгө талапты,
Көөнөрбөс обон жаратты.
Ыргактуу нечен ырыма
Ырыспай таккан канатты.

Ага ачып анык сырымды,
Ага айтып анык чынымды,
«Ырда, Ырыспай!» деп күүлөп,
Арнагам дилден ырымды:

Ырда, Ырыспай!
Сенин ырың – тоо суусунун

Комуз күүлүү шарындай.
Сенин ырың – тоо койнунда
Түндө күйгөн жалындай.
Сенин ырың – жазгы күндүн
Жан жыргатар табындай.
Анан ошол ырларыңды
Ким тура алат сагынбай.

Ырда, Ырыспай!
Ырларыңа талаалар да, калаалар да
Ыклас койсун мелтиреп.
Ырың менен адамдарга
Апкелесиң сен тилек.
Сүйүүсү жок жүрөктөргө
Ырың сүйүү келтирет.
Сен ырдасаң – тилек туусу,
Сүйүү туусу желпинет.

Ырда, Ырыспай!
Ыр сурашса замандаштар
Ынтызарлуу карашып.
Жадыраган жылуу жүздөр
Жаратышат сага шык.
Берсин ырың эл пейлине,
Жер көркүнө жарашык.
Алыс кетсин аземдүү үнүң
Ала-Тоодон ары ашып.

Ырда, Ырыспай!
Обон созуп, ободогу
Жылдыз менен ымдашчы.
Бууралардын чуудасындай
Булут менен сырдашчы.
Көңүлүңө төрдөн алып,
Көлдөн алып ыргакты,

Өзүң ырдап, өзгөлөрдүн
Жүрөктөрүн ырдатчы.
Өзүң жыргап өз ырыңдан,
Өзгөлөрдү жыргатчы!

Ыракаттуу ыргак менен
Ырда, тынба, Ырыспай!
Чач обонду ойго-тоого
Чачыладай – ырыстай.
Суусагандын мооку кансын –
Сун ырыңды ак пейлиңден
Ак чыныда кымыздай!

Чачты, ооба, ырды – ырысты,
Сунду, ооба, ырды – кымызды.
Ышкызар нечен жүрөктү
Ырлары менен жылытты.

Ызаттап турса кыргызы,
Ырдаган келбей тынгысы
Ырыспай болду жаркыган
Ырчынын Чолпон жылдызы.

Бул баага кээси көнө албай,
Бул бааны ыраа көрө албай,
Атагы бийик ырчынын
Атагын жүрдү төгө албай.

Койдон жоош кээ бир кас чыгып
Койнуна котур таш тыгып,
Көп берип уулуу шарапты:
«Көрсөттүм деди жакшылык...»

Ишинен ал таап канагат,
Изинен калбай сагалап,

Илинтип торго ырчыны,
Ичинен жүрдү табалап.

Айтылуу Ырчы артынан
Ар түркүн ушак самсыган.
Ырыспай ага кол шилтеп,
Ышкысы күчөп шаңшыган.

Илгертен ушак мол болгон,
Ушакты көбү колдонгон.
Чоң болсо талант канчалык,
Ушагы дагы чоң болгон.

Сөөмөйүн көзгө сайгандай
Сөз айтса чоңго тайманбай,
Ырчыны төбөл мүргүттү
Көрүнбөс торун жайгандай.

Кайсар чоң көөп алкынган
Канатын кайрып талпынган,
Баарынан озгон Ырчыны
Байгеден куру калтырган.

Сүйрөлүп аңдып тыңчысы,
Сүйбөгөн чоңдун кыртышы
Кыйноону тартты кысылып
Кыргыздын булбул ырчысы.

Жаныма жаны жакын деп,
Жандуудан чыккан асыл деп
Ырыспай айтчу Бишкекте
Досу бар эле Асылбек.

Ар дайым жүргөн эсинде,
Таңда да, түштө, кечинде

Ырчысын тосчу Асылбек
Бишкекке барган кезинде.

Үйүнөн даам таттырчу,
Үлпөттөп, сыйлап жаткырчу.
Сүйлөшкөн кезде Ырчынын
Сүйкүмдүү үнүн жактырчу.

Бул экөө узак достошуп,
Көрүшүп, кайра коштошуп
Айрылса, эңсеп бир-бирин
Сагынаар эле жоктошуп.

Көрүшсө кайра, жыргашчу,
Көчөнү бойлоп бир басчу.
Турмуш да, тагдыр жөнүндө
Туугандан бетер сырдашчу.

Асылбек досу – жакшы адам,
Ага айтып оюн какшаган:
«Кыйбасым досум Ырыспай,
Кымбатсың мага башкадан.

Өзүң да билет чыгарсың,
Өзгөсүң бизден, чыгаансың.
Биз – балгын, а сен чынарсың,
Биз – күйкө, а сен тынарсың.

Бийиксиң, бизден артыксың,
Биз – бөзбүз, а сен – баркытсың,
Эл дилин жалгыз балкыттың,
Эл жүзүн жалгыз жаркыттың.

Биз – шыбак, а сен жалбызсың,
Биз көппүз, а сен жалгызсың.

Табыла берет биздейлер,
Кезинде күз, жаз, жай, кыштын.

Сендей жан оңой табылбайт,
Дүйнөгө оңой кабылбайт.
Сен – отсуң, оттон тутанып
Сезими элдин жалындайт.

Ырчы көп, алар иргелет,
Сендейди Кудай бир берет.
Көөнөрбөс, өчпөс чоң талант
Көп жылда элге бир келет.

Өзүңдөй тунук асмандын,
Өзүңдөй жарык ак таңдын
Өмүрүң кымбат өзгөчө,
Өз бааңды билип, сактангын!

Акылың менен кеңешкин:
Алмаша албайт сени эч ким...
Бир өзүң эмес өзүңө,
Бүткүл эл үчүн керексиң!»

Бул ойду дыкат уктубу?
Бул ойду дилге туттубу?
Бурулбай түптүз жүрдүбү
Бул ойдун болуп туткуну?

Ал өзүн жакшы баалаган,
Иш кылчу өзү каалаган.
Айтууга ага насаат кеп
Адамдын баары даабаган.

Бийик үй Ошто, коңшу көп.
Жаңы обон дилге толчу көп.

Кол тийсе пианиного
Коңшулар капа болчу көп.

Жупжука үйдүн дубалы,
Өтө сак коңшу, кулагы.
Ышкысы кыйнап, кыстаса,
Ырчынын кимде убалы?

Чоң Оштон чоң үй табылбай,
Чоң үйгө Ырчы кабылбай,
Көп ырлар мөлтүр булактай
Көңүлдөн калды агылбай.

Калганда мага кезигип,
Капасы турчу сезилип.
Ал чытып ойлуу кабагын,
Айтчу эле сырын чечилип:

«Толо элек ырдан кырманым,
Толо элек гүлдөп ыр багым.
Жазыла элек али да
Жазылчу жакшы ырларым...»

Ардактуу, бийик наамын да
Алмакчы эчак баамында.
Акыйтты узак сабылтып,
Ал тийбей тиер маалында.

Алгансып ал наам бекинип,
Ак үйдө бүтпөй чечилип,
Керектүү ошол маселе
Кечигип жатты, кечигип...

Кечиксе, ажал ашыкты,
Наам эмес, камдап жазыкты,

Ымыртта келди уурданып
Ырчыга болуп азыткы…

Акырын арбап Ырчыны,
Ажалдын тийип кырсыгы,
Ажарлуу жүзү кубарып,
Атактуу Ырчы тынчыды…

Көшүлүп уктап жаткандай
Көз жумду Ырчы ак таңдай.
Алдырып койду ажалга
Алды-артын карап сактанбай.

«Дегендир өлбөс жан өзүн…»
Деп ажал сокту дал өзүн.
Атпай журт аяп жүрсө да,
Аябай койду ал өзүн.

Көрөсөн тоодой обончу
Көп ооруп, кайра оңолчу.
Улам ал таап жаңы обон,
Урматка-сыйга орончу.

Ойлошкон кирет кубат деп,
Оңолуп кайра турат деп.
Ишенген эмес эч бир жан
Ырыспай көзүн жумат деп.

Карады кыйбай Давлетти,
Карады, денден ал кетти.
«Ырыспай!» десе, унчукпай,
Ырчыдан чындап жан кетти…

Кайгыдан Давлет уукту,
Кайгы анын демин суутту,

Ал экөө чейрек кылымдай
Бир көргөн ысык-суукту.

Бардыгын экөө тең көргөн,
Барга да, жокко тең көнгөн.
Жарашкан алар жар эле
Жанашкан кош гүл өңдөнгөн.

Ар иштин ылгап жүйөөсүн,
Аткарып ар кыл мүдөөсүн,
Баркына жетип жубайы
Бапестеп турчу күйөөсүн.

Каргады ажал – ооруну,
Кайгыдан дили ооруду.
Бактысыз кылып басынтты
Башында кара жоолугу.

Катуусун тартып кайгынын,
Тагдырдын айтып тардыгын,
Ырчынын кызы Сюита
Ыйлатты элдин бардыгын.

Томсоруп кургак кудуктай,
Тосулган жолсуз туюктай
Музыка толгон үйү анын
Мусапыр болду дудуктай.

Аттиң-ай өлүм кабары
Аткан ок сымал тарады.
Жүрөктөр аза тутушуп,
Жүрөктөр кийди караны.

Өкүрдү тоолор дүңгүрөп,
Өкүндү суулар күңгүрөп.

Айылда, шаарда үлдүрөп,
Адамдар ыйлап жүрдү көп.

Кайгысын кантип баса алат,
Кайгысын кантипката алат:
Өстүргөн обончулары
Өкүрүп турду «Аталап!»

Ар жактан келип топтолуп,
Адамга кетти Ош толуп.
Жарданып, баары сурданат
Жаткансып ажал соттолуп.

Сулайман-Тоонун жанында
Казылып бүттү кабыр да.
Кайгылуу сөздөн дил түтөп,
Кайышып турду кабырга.

Астына жердин жылдырып,
Аны ажал койсо тындырып,
Көпчүлүк күйүп күрсүндү
Көзүнүн жашы кылгырып.

Жоготкон Ырчы ардагын
Калкынын катуу арманын
Көтөрүп турду балбан жер
Кайгынын тоодой салмагын.

Жер дагы айла таба албай,
Кайдыгер бойдон кала албай,
Ооруган өңдүү жүрөгү
Онтодну кадим адамдай.

Адамдар сезди нече миң
Бөлөгөн ырга мекенин

Керемет Ырчы Ырыспай
Генийи ырдын экенин.

Экенде элүү үчүндө,
Экенде каруу-күчүндө
Ала-Тоо уулу Ырыспай
А дүйнө кетти күзүндө.

Шаарына Оштун көрүнөө,
Баарына элдин көрүнөө
Суналды көшүп түбөлүк
Сулайман-Тоонун түбүнө.

Калайык катуу түйшөлдү,
Кабагы түндөй бүркөлдү.
Үшкүрткөн элди Ырыспай
Үстүнө көп гүл чүмкөндү.

Ал жатса тынчып жайланып,
Ала-Тоо үстүн айланып,
Ар ыры аруу канатын
Ак куудай учту жай кагып.

Ырчыдан калган ыр – атак
Ылдамдап нечен кыр ашат.
Алыскы биздин урпакка
Алпарат таттуу ыракат.

Ырына жүрөк жылынат,
Ышкызар жаштар сыйынат.
Ыраак жол басат эл менен
«Ырыспай» деген ыйык ат!

*1994-жыл. Ноябрь. Арашан.*

## МАЗМУНУ

**ЖУСУЕВ СООРОНБАЙ** ....................................................3

ТООЛОР ....................................................6
УУЛУМУН УЛУУ ТООНУН ....................................................6
КӨК ТОКОЙ ....................................................7
АЛА-ТООНУ САКТАЙ КӨРГҮН, ЖАРАТКАН! ....................................................8
БУЛАК БАГАТ, СУУ БАГАТ, ДАЙРА БАГАТ ....................................................9
СОҢ-КӨЛДӨ ....................................................10
ТҮНКҮ ТООЛОР ....................................................13
АЛА-ТОО БАРДА МЕН БАРМЫН ....................................................14
КЫЯЛЫМ, ОЮМ ТОО ЖАКТА ....................................................15
АЙ НУРЛАРЫН СЕПКЕН КҮН ....................................................16
МЕН ТАПТЫМ ТООДОН БАКТЫМЫ ....................................................17
КЫШКЫ АЛА-ТОО ....................................................18
ЖАЛГЫЗ АРЧА ....................................................19
МЕКЕНИБИЗ АЛА-ТОО ....................................................20
ЖАЙЛООНУН ТӨРҮНДӨ ....................................................21
КӨКТӨМДӨГҮ «АРАШАН» ....................................................22
ТҮН ЭЛЕ ....................................................23
КЫЗГАЛДАК ....................................................25
ТОО ТҮНҮНДӨ КАРАҢГЫ ....................................................25
КЕЧКИ ТООЛОР ....................................................26
ЖАЙЛООДОГУ ТОКОЙДО ....................................................27
ЖАЙЛООДОГУ ӨТКҮН ....................................................28
ЖАЙЛОО КЕЧИ ....................................................29
ДАЙРАГА ....................................................29
ТООДОГУ КӨЛДӨР ....................................................30
КОҢУР КҮЗ ....................................................31
КЫШКЫ КӨРҮНҮШ ....................................................32
АЙ ....................................................32
КУТМАН МЕКЕН ....................................................33
ТОО ....................................................34

МЕКЕН ТАҢЫ ........................................ 34
КЫШКЫ ТҮН ДА, КЫШКЫ КҮН ........................ 35
КОШ КАНАТТУУ АЛА-ТОО ............................ 36
БУЛУТТАР ЖӨНҮНДӨ ОЙ .............................. 36
ТОО КОЙНУНДА КЫШТАКТА .......................... 37
КОШ КӨЛ .............................................. 39
МӨЛМӨЛ КӨЛ ........................................ 40
ЖАШЫЛ ДҮЙНӨ ...................................... 40
КЫРГЫЗ ЖЕРИ ....................................... 42
УКМУШТАЙ КӨРКТҮҮ ЖЕР БИЗДЕ ................. 43
СУУ БОЮНДА ......................................... 44
ЖАЙЛОО ТҮНҮ ....................................... 45
АЙЫЛ КӨРКҮН САГЫНДЫМ ......................... 46
ТАБИЯТ ................................................ 47
ЖИЙДЕ ЖЫТЫ ........................................ 48
АДАМ МЕНЕН ТАБИЯТ ............................. 49
КЫШТАКТАГЫ КЫШ ЖАКШЫ ....................... 57
АРЧА ЖАНА ЫР ...................................... 59
БАР БОЛГУЛА, БААТЫРЛАР! ........................ 59
БИЗДИН МАЙРАМ ................................... 60
СУР БУЛУТКА ЖАЛБАРУУ ........................... 62
ЖЕҢИШ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ............................. 62
КЕЛГЕНДЕ ЖЕҢИШ КИМ ЭЛЕМ? .................. 64
ЖООКЕРДИН ЫРЫ ................................... 64
КӨРГӨНДӨ ЖАЗДАЙ ЖАРКЫНДЫ .................. 65
КЫЗДЫН КЫЯЛЫ .................................... 66
ТАТЫНАСЫҢ! ......................................... 67
АШЫКТАН – АШЫККА ............................... 67
САГА КЕЛЕМ ......................................... 68
АШЫК ЖИГИТТИН ЫРЫ ............................. 69
ЖАЙДАРЫМ ........................................... 69
ӨМҮРҮМДҮН ТАБЕРИГИ ............................ 70
О, АНДА КӨКТӨМ ЭЛЕ .............................. 71
КЫЯЛДЫ КАНТИП ТЫЯМЫН? ...................... 71
ЭСИҢДЕБИ? ........................................... 72
МЕН ГАНА БИЛЕМ БАРКЫҢДЫ ................... 73

ӨМҮРДҮН МУКАМ ЫРЫСЫҢ ........................................ 73
КЫМБАТЫМ ........................................ 74
ЖАКШЫ АДАМГА ЖОЛУККУМ ........................................ 75
КЕЛЕТ МЕНИН ........................................ 75
КАЙДАН АЛАМ ЫРЛАРДЫ? ........................................ 76
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН
ПОРТРЕТИНЕ КОШУМЧАЛАР ........................................ 77
АЙТМАТОВДУН АТАГЫ ........................................ 81
ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВГО ........................................ 81
ЖУНАЙ МАВЛЯНОВГО ........................................ 82
АДАМ ЖОЛУ ........................................ 83
СУКТАНАМЫН ........................................ 84
КАНААТТАНБАЙТ ........................................ 86
КЫРГЫЗ МЕНЕН КОМУЗ ........................................ 86
СӨӨЛӨТ МЕНЕН ДӨӨЛӨТ ........................................ 87
АДАМДА БАРДЫГЫ БАР ........................................ 88
АТАСЫНЫН БАЛАСЫНА НАСААТЫ ........................................ 89
ЖОРГО, ЖОРГО ЖАРЫШЫ ........................................ 89
КОМУЗ КОШТОП АЛПАРАТ ........................................ 90
КАРКЫРАЛАР ........................................ 91
БИШКЕК ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ЫР ........................................ 92
КАРЫЯ КОМУЗЧУ ........................................ 94
АДИЛЕТТИК ........................................ 97
ЭРТЕҢГИБИЗ БЕЛГИСИЗ ........................................ 97
АРАЛАШ ОЙЛОР ........................................ 98
КАЙРАН ТУРНА ........................................ 99
АЯЛДАРГА ДАҢАЗА ........................................ 100
КҮЛГҮН КУРАК ........................................ 101
ӨМҮР КЫЗЫК ........................................ 102
КАРЫЯНЫН АЙТКАНЫ ........................................ 103
БУЛ ЧЫНДЫК ........................................ 104
ЧОҢ АТАНЫН НЕБЕРЕГЕ БАТАСЫ ........................................ 106
КӨНБӨЙ КЕЛЕМ ........................................ 107
БАРАТАБЫЗ ........................................ 108
БҮГҮНКҮ ТАҢ ........................................ 108
ТАҢ ........................................ 109

ЫР КҮТҮҮ ....................................................109
БИЗГЕ КЕРЕК АР-НАМЫС ....................................110
БОЗ ҮЙ ....................................................111
ЭРЕЖЕ ЖӨНҮНДӨ ............................................112
«СЫНГАН БУГУ» ............................................112
ЧАКЫРЫК ....................................................113
УЛУТТУК АР-НАМЫС ........................................114
АТА ЖУРТТУН БИРИМДИГИН ЧЫҢДАЙЛЫ ...............115
ДҮЙНӨДӨН БАРПЫ ӨТКӨНДӨ ...............................116
БӨКСӨРБӨСҮН КӨРӨҢГӨҢ .................................122
ЫНТЫМАК ....................................................123
КЫЗЫК КЫЯЛ ................................................124
БАЛАЛЫК ....................................................125
ЖҮР, СҮЙҮНБАЙ, ..........................................126
ЖАРООКЕР «АРАШАНГА»! ...................................126
ТАБЕРИК ....................................................127
БУТТАРЫМ ....................................................128
ТҮШҮМДӨ ....................................................129
ТАТААЛ ТАГДЫР ..............................................131
УШУНДАЙ КЫЗЫК ПЕНДЕБИЗ .................................132
КАРДУУ ДА, КААРДУУ ДА МОСКВАДА ......................133
ЫР БАШТААРДА ..............................................142
ӨМҮР ЖОЛУ – ЫР ЖОЛУ ...................................143
ЖАШ АКЫНГА КААЛОО ......................................144
СЫНАК ....................................................144
АР КҮНҮ ....................................................145
АДАМ, ОТ, СУУ ЖӨНҮНДӨ .................................146
ЖҮРӨК БИРӨӨ, СЫРЫ МИҢ .................................147
ТОЛГОНУУ ....................................................148
ЖАКШЫНЫН ШАРАПАТЫ ......................................149
КЫЯЛ ....................................................150
ЭНЕ. БАЛА. ӨЛҮМ. ..........................................150
ӨТТҮ КҮНДӨР, ӨТТҮ НЕЧЕН АПТАЛАР ...................151
АЛАР ....................................................152
КҮЛҮМСҮРӨП КҮЛҮП ТУРУП АЛДАЙСЫҢ .................153
НЕ КӨРБӨЙТ? ................................................153

ТАГДЫР ТУУРАЛУУ ....................................154
АР КЫЛ ОЙЛОР ....................................155
КАРЫЯЛАРГА КАЙРЫЛУУ ....................................156
ДАГЫ ЫЙМАН ЖӨНҮНДӨ ....................................158
ЫЙМАН МЕКТЕБИ ....................................159
БАРАКЕЛДЕ ....................................160
КАРЫЛЫК ПАРЫЗЫ ....................................161
КҮРӨШ ....................................162
АЙ МЕНЕН ЧОЛПОН ....................................162
АСАН, ЭСЕН ЖАНА АТ ....................................163
ЖАШТЫГЫМДЫ ЭСТЕЙМИН ....................................165
МЫКТЫЛАРДЫН ЭСИНЕ ....................................166
КӨШӨГӨ ....................................167
САЯПКЕРДИН АТЫ ЖАНА БАЛАСЫ ....................................169
ЖАШТАРГА ....................................169
АР КЫЛ ТИЛЕК ....................................170
ТАГДЫР ЖӨНҮНДӨ МАЕК ....................................171
АК КУУ МЕНЕН КАРА КУУ ....................................174
ЫЙМАНДАЙ СЫРЫМ ....................................175
АК КАГАЗ ....................................176
БҮЛӨӨЛҮҮ ....................................177
ӨМҮР ЖӨНҮНДӨ ОЙ ТОЛГОО ....................................179
ОЙЛОР ....................................180
КЫЯЛДАНГАН КЕЗИМДЕ ....................................180
КАЛКЫМ ....................................181
КӨКТӨМДӨГҮ ТИЛЕК ....................................182
ӨТКҮН ....................................183
МЕЗГИЛ ....................................183
ТОКТОГУЛ ЖАНА АК КУУЛАР ....................................184
ТОКТОГУЛ ГЭСИ ....................................185
АКЫН ЖООМАРТ ....................................186
ТААЛАЙ ....................................187
ЭЭРЧИП КЕЛЕМ ....................................188
БҮРКҮТҮМ ....................................189
САЙРАЧЫ, БУЛБУЛ, САДАГА! ....................................190
КЕКИЛИК ....................................190

МАКСАТ ТУУРАЛУУ ....................................................191
АДАМДАР ....................................................192
АДАМДЫН ПЕЙЛИ ТАБЫШМАК ....................................................193
ХАН МАНАС ТУКУМДАРЫ, ....................................................194
КАЙДАСЫҢАР? ....................................................194
ТАГДЫРЫ БИР ЭКИ КАЛК ....................................................195
ЫЙМАН ....................................................196
ЖАКШЫ АДАМ ....................................................197
АЯЛЗАТТЫН АСЫЛЫ ....................................................197
КЕРЕМЕТ ....................................................198
ОЙЛОР ....................................................199
ГҮЛ – БООРУКЕР ДОСУБУЗ ....................................................200
ЭЛГЕ, ЖЕРГЕ БОЛГОН КУСАЛЫК ....................................................201
ЖАДЫМДА КАЛГАН ....................................................202
ТАҢДАГЫ ОЙЛОР ....................................................206
КУБАНЫЧ ....................................................214
МАМИЛЕ ....................................................223
ҮМҮТ ....................................................231
САГЫНЫЧ ....................................................273
ТИРҮҮЛӨРГӨ ....................................................291
ЧАГЫЛГАН ....................................................317
КЫЗЫЛ ДЕПТЕР ....................................................340
АК МАКТЫМ ....................................................378
АК САТКЫН ....................................................453
КАНАТ МЕНЕН ЗАРИНА ....................................................504
ЫРЫСПАЙ ....................................................585

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

33-том

# СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөн: *Качкынбай к. А.*
Тех. редактор: *Өмүров Б.*
Корректору: *Качкынбай к. А.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$.
Көлөмү 38,375 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____.

**«Турар» басмасында басылды.**